74.261.4(Кир)
Т 13

Тагаева З.

КЫРГЫЗ ТИЛ САБАКТАРЫНДА

# БАЙЛАНЫШТУУ КЕПТИ ОКУТУУ

ББК 81.2 Ки
Т – 23

Окуу куралы Ош мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага сунушталды. (№ 4, 6-декабрь 2006-ж.)

Башкы редактору – Осмонкулов А. п.и.д., КМУУнун профессору.

Рецензенттер – Өмүралиев Б. п.и.д., профессор, Жусупакматов Л. ф.и.д., ОшМУнун профессору.

Т – 23 **Тагаева З.**
**Кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуу.**
**(Окуу куралы жогорку окуу жайларынын студенттерине жана кыргыз тил мугалимдерине арналат)**

Окуу куралында кыргыз тили предмети боюнча окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн методикалык жана психологиялык закон ченемдери, окутуунун илимий методикалык жана практикалык маселелери сунушталган.

М 4602000000 – 03
ISBN 9967 – 03 – 182 – 4

ББК 81.2 Ки
© ОшМУ, 2008

# Киришүү

Мектеп курсунда кыргыз тилин окутуу менен бир гана эне тилинин лингвистикасынын минималдык өлчөмүн жана практикалык колдонулушун үйрөнүү гана эмес, башка предметтерди өздөштүрүүнүн да негизин түзүп, зарыл болгон бүтүндөй тил каражатынын закон ченемин үйрөтөт. Ошондуктан эне тилин окутуу менен башка предметтерди үйрөтүү үчүн таасирдүү ролду ээлеп, окуучулардын тил аркылуу айлана чөйрөгө болгон көз карашы, дүйнө таанымы, рухий маданияты калыптанат.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде билим берүүнүн жаңылоо коцепцияларына жана стандарттык жоболоруна, [43] Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндөгү (2004.4.04) жаңы редакциясынын мыйзамынын милдеттерине ылайык гуманитардык багыттардагы предметтердин, сабактардын мазмунун тереңдетүү, өркүндөтүү милдеттери күчөдү. Бул нормативдик документтердин негизинде, өзгөчө кыргыз тил предмети боюнча билим берүү сапатын арттыруу үчүн адис мугалимдердин жоопкерчиликтүү, ишкердүү маданияттарынын компетенттүүлүгү талап кылынат. Мындай предметтик билим берүү иш-аракетинде окутуунун методикалык жетишкенжиктери, анын жаңы технологиялары аркылуу кыргыз тили предметинин приоритетин көтөрүүгө салым кошулат. Анткени окуучулардын алган теориялык билимдерин жана билгичтиктерин, машыгууларын практика жүзүндө логикалык жактан туура пайдаланып, интеллектуалдуу калыптануусу жана татыктуу даярдалышы мугалимдин педагогикалык адистигинин натыйжасын көрсөтөт.

Кыргыз тил сабагында окуучулардын коммуникативдик сабаттуулугун жогорулатуу жана тилдик маданиятын өстүрүү иш-аракеттери байланыштуу кебинин мазмунун түзүп, актуалдуу маселелерден болуп саналат. Окутуу процессинде окуучулардын жалпы эле, кептик потенциалдарынын калыптанышы алардын аң-сезимдүү, ойлоо мүмкүнчүлүктөрү менен тыгыз байланышкан өзгөчө лингвистикалык, психологиялык жана педагогикалык закон-ченемдүүлүккө таянуу менен практикаланат.

Адам баласынын маданий деңгээлинин, ой жүгүртүүсүнүн жана бири-бирине адамгерчиликтүү мамиле жасоосунун эң маанилүү каражаты анын кеби болуп саналат. Демек, кеп – бул процесс гана эмес, чыгармачыл ишкердүүлүктүн натыйжалары. Азыркы коомдогу калыптанган тил маданиятынын сабаттуу колдонулушу адам баласынын интеллектуалдык дараметинин көрсөткүчү катары бааланат. Ошондой эле, анын социалдык активдүүлүгүнүн стимулу

катары кызмат кылат. Ал эми мектеп окуучуларынын тилдик билгичтиктери, көндүмдөрү коммуникативдик терең билим алуусуна шарт түзүп, прогрессивдүү шык берет.

Кыргыз тилин окутуу иш-аракетинде окуучулардын активдүү кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү мугалимдин адистик ишинин негизги компонентин түзөт. Бирок, ушул убакка чейин байланыштуу кепти өстүрүүгө арналган бир топ методикалык эмгектер, колдонмолор жана макалалар жарык көрсө да, аны окутуунун теориясын да, практикалык аспектилерин да камтыган атайын окуу куралы иштеле элек.

Буга байланыштуу окуучулардын кебин өстүрүү, анын теориялык жана методикалык, психологиялык закон-ченемдерин тактоо менен студенттер үчүн зарыл болгон окуу куралын иштеп чыгуу эмгектин актуалдуулугун түзөт.

Окуу куралынын мазмунун теориялык, методикалык жана психологиялык адабияттарга таянуу менен кыргыз тили боюнча өтүлүүчү байланыштуу кепти өстүрүү сабактарынын методикалык жол-жоболору, дидактикалык принциптери, окутуу каражаттары, методдору, ошондой эле, кеп өстүрүүнүн теориялык методикалык фактылары, окутуу маселелери түзөт. Теориялык компоненттик материал катары, кеп, анын түрлөрү, стилдик өзгөчөлүктөрү, кеп ишмердүүлүгүнүн процесстери жана текст, анын типтери, түрлөрү берилген.

Бул маселенин чечилишинде олуттуу жана жоопкерчиликтүү милдеттерди аткарып, эне тилинин коммуникативдүүлүгүн окутуунун методикалык концепциясын сунуштоого аракет жасалды.

Байланыштуу кепти окутуунун методикалык маселелери жана алардын дидактикалык материалдарынын колдонулушу мектеп программасы менен байланыштырылып каралды.

Окуу куралы КМУУнун профессору, п. и. д. А.Осмонкулов менен автордун биргеликте түзгөн *«Байланыштуу кепти өстүрүү программасынын»* (Ош, 2003) негизинде иштелди.

# I Глава. Байланыштуу кепти өстүрүүнүн жалпы маселелери

Бүгүнкү өлкөдөгү коомдук, маданий өзгөрүүлөр, илимий-техникалык жетишкендиктер жалпы билим берүүчү орто мектептердин алдына олуттуу маселелерди коюп, окутуунун жоопкерчилигин ар тараптан кеңейтүүдө. Мектеп курсунда окутулуп жаткан предметтер боюнча билим берүү концепциясын турмушка интенсивдүү ашыруу негизги милдеттерди жана максаттарды түзөт.

Өзгөчө, окутуунун эффективдүүлүгүн жаратуу жана мамлекеттик деңгээлде бирдей талапты күчөтүү үчүн мектептердеги билим берүүнүн стандарттарынын жобосу иштелип чыгып, предметтерди окутуу ишинин сапатын ар тараптан жогорулатууга басым жасалды. Жободо: «– окуучулардын интеллектуалдык, руханий, жалпы маданий өнүгүүсүн, социалдык жана функционалдык сабаттуулугун, билим берүүнүн кийинки баскычтарында алар улантылып, мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү менен калыптандыруу зарыл»[1], – деп көрсөтүлгөн. Жободогу коюлган мындай милдеттер тикеден-тике кыргыз тил предметине да тиешелүү.

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын эне тилинин лингвистикалык закон-ченемдеринин негизинде коммуникативдик маданиятын өстүрүүгө жана мазмундуу калыптандырууга өзгөчө орун берилип, анын негизги концептуалдык багыттары аткарылат. Эне тили аркылуу улуттун рухий маданиятын, эстетикалык асыл нарктарын, дүйнө таанымын жана интеллектуалдык жетишкендиктерине, ошондой эле, инсандык багыттарда жетилтип өстүрүүгө тарбиялайт. Бул маанилүү, олуттуу маселелерди камтыган анын практикуму катары байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында турмушка ашыруу зарылдыгы буга чейинки методикалык эмгектерде, программаларда системалуу белгиленип келген. [10.24, 42, 43, 67, 82]

Башка предметтерге караганда, кыргыз тил предметинин мамлекеттик тил катары анын закон-ченемдерин практикалоо боюнча коомдук иш-чаралар менен түздөн-түз саясий, маданий жактан байланышып тургандыктан, анын артыкчылыктары эске алынып, приоритетин көтөрүү милдеттери да жүктөлүп турат. Ошондуктан мектеп курсунда эмгектенип жаткан кыргыз тил жана адабият мугалиминин тажрыйбалык ишмердүүлүгү азыркы методикалык табылгалар менен толукталып турусу зарыл. Окутуунун жаңы технологиялары аркылуу кесиптик билимдерин арттыруу жана

---

[1] Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мектептик билим берүүнүн стандарттары. 2004, 23-июль. №554-токтом.

адистик компетенттүүлүгүн өркүндөтүү менен билим берүүнүн жоокерчилигин күчөтүү талаптары жүктөлүүдө.

Албетте адис мугалимдин окутуунун коммуникативдик прогрессивдүү методдорун, сабактын жаңы моделдерин педагогикалык чыгармачылык менен колдоно билүүсүнүн натыйжасында билим берүүнүн сапаты өзгөрөт. Мында окутуунун жаңы технологияларынын эффективдүү колдонулушу практикалык иш-аракеттердин мүнөзүн жана формасын өзгөртүү менен аны окутуунун методикалык конструктивдүү, стратегиялык багыттары, адекваттуулугу аныкталат. Профессор И.Б. Бекбоев белгилегендей: «…окуу предметтерин жогорку илимий-методикалык деңгээлде окутуунун негизинде окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн сапатын кескин түрдө жогорулатып, алардын окууга болгон милдеттүүлүгүн күчөтүү, жоопкерчиликтүүлүгүн сездирүү, окуп-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү эң башкы милдет болуп эсептелет». [12.3]

Ошондуктан кыргыз тил сабактарында окуучулардын тилдик түшүнүктөрүн, көз караштарын, коммуникативдик мүнөздөгү билгичтиктерин, жалпы интеллектуалдуулугун, көндүмдөрүн арттыруу аркылуу предметтин олуттуу милдеттери турмушка ашырылып, башка предметтерди мыкты өздөштүрүүгө негиз түзүлөт.

Кыргыз тил сабактарында эне тилинин закон-ченемин жана алардын практикалык колдонулушун үйрөтүү менен бирге окуучулардын руханий маданиятын, жалпы эле, таанып-билүүчүлүгүн өстүрүүгө да өзгөчө басым жасалат. Тил аркылуу өз элинин маданиятын, тарыхын, социалдык-этникалык абалын, менталитетин, каада салтын үйрөтүү коштолуп турат. Демек, окуучулардын кептик ишмердүүлүгү эң мыкты элдик үлгүлөрдүн, көркөм адабияттын тажрыйбаларында өркүндөтүлүп, алардын тууралыгы адабий тилдик нормативге негизделет. Ошондуктан окуучулардын эне тил боюнча билимдери төмөнкүдөй функцияларды аткаруусу керек.

1. *Окуучунун тилден пайдалануу үчүн компетенттүүлүгүн камсыз кылуу.*
2. *Тилдик, кептик шыктарын жана билгичтиктерин калыптандыруучу база катары кызмат кылуусу.*
3. *Окуучунун маданияты, интеллектуалдуу потенциалдары ар тараптуу өркүндөтүлүшү ж.б.*

Кыргыз тили боюнча алган лингвистикалык билимдерин жана практикалык машыгууларын рационалдуу айкалыштырып окутуу негизги принциптерден. Булар теориялык, методикалык,

психологиялык негиздерде туура уюштурулуп башкарылганда гана, окуучулардын тилдик көз караштары, адабий тилдик билимдери жана коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрү мазмундуу калыптандырылып, предметтин түпкү максаты аткарылмак.

Окуучунун кептик потенциалдары алардын *ой жүгүртүүсү, аң-сезими, кабыл алуусу, интуициясы жана нерв системалары* менен тыгыз байланышта жаралгандыктан, кыргыз тил сабактарында окуучунун ой жүгүртүүсүн өстүрүү жана ага тарбиялоо, сезим-туюмуна таасир этүү, инсандык таанып-билүүсүнө багыт берүү жагдайлары аны окутуунун психологиялык жана социалдык олуттуу маселелерин түзөт. Мындай башка илимдердин закон-ченемдерин айкалыштырып, уюштуруу менен өткөрүлө турган кыргыз тили боюнча байланыштуу кепти өстүрүү сабактары мугалимдин комплекстүү чыгармачылыкты, чеберчиликти талап кылат.

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарынын методикалык концепциясына ылайык төмөндөгүдөй милдеттерди жүзөгө ашыруу кажет.

- окуучулардын кептик чыгармачыл шыгын өркүндөтүүнү камсыз кылуу үчүн инсандыгына багытталган билим берүү жана тарбиялоо;
- кыргыз элинин маданий-эстетикалык, табигый, кадимки рухий дөөлөттөрүнө жана коммуникативдик мурастарына негизделген маданиятты жана компетенттүүлүгүн калыптандыруу;
- окуучулардын ойлоо ишмердүүлүгүн активдештирүү менен өз алдынчалыгын, демилгелүүлүгүн жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү жана ага тарбиялоо;
- предмет аралык коммуникативдик принциптерге таянуу менен интеграциялоону жүзөгө ашыруу;
- сөз байлыгын кептик ишмердүүлүгүн өстүрүүнү активдештирүү;
- эне тили боюнча таанып-билүүчүлүгүн өстүрүү менен тилдик, кептик маданиятын, интеллектуалдуулугун жана билгичтиктерин ар тараптан калыптандыруу.
- окутуунун жаңы технологияларын илимий-методикалык негиздерде колдоно билүү ж.б.

Ошондуктан мектептин билим берүү иш-аракеттеринин, тарбиялык иштеринин бүткүл процесстеринде кептин бардык функционалдык түрлөрү калыптанат. Бул мезгилде кеп – түшүнүүнүн, эсте сактоонун жана маалымат берүүнүн каражаты катары өзгөчө мааниге ээ. Ошондой эле, коллективдүү иш-чараларды уюштуруунун

жана жолдошторуна, улууларга өз мүдөөсүн, (таанып-билүүсүн, таасир этүүнү билдирүүнүн) активдүү куралы катары эсептелинип *«жумушчу кебинин стили»* өркүндөтүлөт. Мектептин коомдук иштерине активдүү катышуусу менен окуучулардын сүйлөө, жазуу ишмердүүлүктөрүндө публицистикалык стилдин жана китептин илимий стилинин колдонулушу жандандырылып, жаңы лексикалык бирдиктер, номенклатуралар, фактылар кабыл алынып, активдүү кептик базанын жаралышына стимул түзүлөт.

Ошондуктан кыргыз тили предмети окуу программасындагы минималдык теориялык система жана практикалык машыгуу боюнча билим берүү максатында гана эмес, коммуникативдик ишмердүүлүгүн, адамзаттык руханий маданиятын өстүрүү, ар тараптан тарбиялоо максаттарында окутулат. Ал эми кыргыз тил предметинин мамлекеттик стандарттык жобосунда төмөнкүдөй окутуу концепциясы аныкталган. «Кыргыз тили окуу предмети катары өзүнүн көп жактуулугу, көп тармактуулугу менен айырмаланып, өз ичине, негизинен төмөнкүдөй аспектилерди камтыйт:

1. Кеп ишмердиги – сүйлөө жана түшүнүү процесси;
2. Тилдик материал – ошол тилде түзүлгөн тексттердин жыйындысы;
3. Тилдин системасы – фонетика, сөздүк состав, грамматика.

Кеп ишмердиги – тилдин реалдуу жашап турушунун көрүнүшү». [43.178]

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү иш-аракеттери анын негизги компоненти катары эсептелинип, тилдик бирдиктин функционалдык кызматын түзөт. Ар бир кыргыз тил сабагы окуучулардын кебин өстүрүүдө ар тараптан калыптануусуна өз салымын кошууга тийиш. Бул – лингвистикалык-дидактикалык аксиомалык көрүнүш.

## Байланыштуу кепти окутуунун изилдениши

Мектептерде кыргыз тилин окутуунун илимий-методикасын иликтеген эмгектер, колдонмолор, окуу куралдары иштелип, ар тараптан анын актуалдуу маселелери чечилип, өзүнчө илим катары өсүп-өнүгүүсүнө негиз түзүлгөн. Ал эми кыргыз тилинин бардык бөлүмдөрүн окутуу методикасынын проблемалары жана байланыштуу кепти окутуу теориясы жана тажрыйбасы боюнча иштелген эмгектер жарык көргөн.

Кийинки мезгилдерде окутуунун методикалык аргументтери катары эсептелинген «жаңы технологиялардын» колдонулушу боюнча эксперименталдык эмгектердин иштелиши да прогрессивдүүлүктү билдирет.

Кыргыз тилин окутуу методикасы боюнча буга чейин илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, тилдин бөлүмдөрүн окутууга жана анын жалпы эле, илим катары өсүп-өнүгүшүнө, калыптанышына салымын кошкон көрүнүктүү методист окумуштуулар байланыштуу кепти окутууга да теориялык-методикалык эмгектеринде кайрылышкан.

Советтик мезгилде орус тилинде байланыштуу кепти окутуу методикасынын маселелери боюнча иштелген көрүнүктүү окумуштуулардын илимий-теориялык жана методикалык, психологиялык иликтөө иштери жеткиликтүү жүргүзүлгөн. Мындай фундаменталдуу адабияттардын катарын төмөндөгүдөй авторлордун мазмундуу эмгектери, методикалык колдонмолору түзөт. Алсак, А.В. Ладыженская, М.Р. Львов, А.А. Леонтьев, Л.П. Федоренко, Л.П. Величко, В.И. Капинос, И.Р. Гальперин, Н.А. Пленкин, Е.М. Никитина, Е.Н. Зарецская, Л.М. Зельманова, Л.С. Выготский, С.А. Рубинштейн, А.И. Жинкин, Н.И. Формановская, Л.П. Демидендин ж.б. Бул окумуштуулардын илимий-методикалык эмгектеринде байланыштуу кепти окутуунун эң актуалдуу маселелери чечилип, аны бардык жагынан коммуникативдик статусун далилдеген илимий-методикалык иликтөөлөрү сунушталган. Ал эми окуу куралдарында дидактикалык каражаттардын, репродуктивдүү материалдардын, мектеп риторикасынын, сөздүктөрүнүн, тематикалык, иллюстрациялык көнүгүүлөрдүн методикалык закон-ченемдери иштелип, психологиялык жана лингво-дидактикалык багыттардагы окутуу ишинин каражаттары ар тараптан мүнөздөлгөн.

Кыргыз тилин мектептерде окутуу методикасы боюнча энциклопедист, залкар тилчи, профессор К.К. Сартбаевдин, [82] профессорлор А. Осмонкуловдун, [66,67,68] Б. Өмүралиевдин, [69] С. Үсөналиевдин [86, 88] фундаменталдык методикалык эмгектеринде байланыштуу кепти окутууга арнаган бөлүмдөрү аркылуу окуучулардын кебин өстүрүү методикасынын илимий жактан түптөлүшүнө карата теориялык негиздери, окутуу проблемалары боюнча анын калыптанышына өз мезгилинде салым кошушкан.

Профессор К.К. Сартбаев методикалык эмгегинин [82] «Сөз өстүрүүнүн методикасы» [222-260] деген бөлүмүндө кыргыз тил сабактарында окуучулардын сөз байлыгын жана оозеки, жазуу кебин өстүрүүнүн логикалык, методикалык аспектилерин белгилөө менен жалпы тилдик маданиятын, сабаттуулугун калыптандыруу жоопкерчиликтери конкреттештирилген. Кептин түрлөрү боюнча

окуучулардын билгичтиктерин арттыруудагы сөздүктөрдүн ролуна жана стилдик сабаттуулугун өстүрүүдө лексикалык, синтаксистик синонимдердин колдонулушуна, сырттан келген сөздөрдүн өздөштүрүлүшүнө өзгөчө көңүл буруп, алардын окутуу принциптерин, ыкмаларын аныктаган. Окумуштуу «Окуучулардын речи мазмундуу жана логикалык жагынан байланыштуу болуп, өзүнүн айтайын деген оюн иреттүү, далилдүү сүйлөп жана жаза алышы керек» [82.222] деген оюн билдирүү менен окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү иш-аракетин стилистика предмети менен тыгыз байланышта караган. Ошондой эле, тилдин бардык бөлүмдөрүн окутууда кеп өстүрүү иш-аракеттери эриш-аркак жүргүзүлө тургандыгын жана коммуникативдик таанып-билүүчүлүгү адабий тилдин нормативинде аткарыла тургандыгын негизги милдет катары белгилеген.

Ал эми методист окумуштуу А. Осмонкулов «Кыргыз тилинин тыбыштык системасын окутуу» деген эмгегинин «Орфоэпияны окутуу», [66. 257-278] «Сөздүктөр менен иштөө» [66. 290-296] бөлүмдөрүнүн мазмуну бүтүндөй окуучулардын оозеки кебин өстүрүүнүн методикалык негиздерине арналып, кептин оозеки формасын окутуу проблемаларын иликтөө менен, аны өстүрүү, калыптандыруу ыкмаларын сунуш кылган. Окуучулардын эне тили боюнча фонологиялык түшүнүктөрүн, билгичтиктерин арттыруу, оозеки кепте адабий тилдин нормасын колдоно билүү иш-аракеттеринин методикалык негиздерин далилдөө менен алар боюнча адис мугалимдин педагогикалык милдеттеринин критерийи катары бир нече пункт менен берген. Оозеки кептин аткарылышындагы илимий закон-ченемдүүлүктөрүнүн (физиологиялык, акустикалык жана лингвистикалык) ар тараптуу мүнөздөлө тургандыгы, анын жазуу сабаттуулугу менен тыгыз байланышта калыптануу маселелери илимий негизде мүнөздөлгөн. «Орфоэпия адабий тилдин нормаларынын бири болгондуктан, орфографияны билүү кандай зарыл болсо, орфоэпияны да үйрөнүү дал ошондой билүү зарыл», [66.261] деп белгилеген. Ошондой эле, оозеки кепти өстүрүүдө колдонулуучу окутуунун техникалык каражаттарынын ролуна жана сөздүктөр менен иштөөнүн оптималдуу ыкмаларына токтолуп методикалык көрсөтмөлөрүн сунуштаган.

Адис окумуштуу Б. Өмүралиевдин «Кыргыз тилинин синтаксисин окутуу методикасындагы» «Проблемалык окутуунун мааниси жана аны уюштуруу», «Проблемалык кырдаал» [69.16-42] бөлүмдөрүнүн мазмунунда окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүнүн психологиялык жана методикалык негиздерине таянуу менен кептик кырдаалды жаратуу багыттары иштелген.

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн өстүрүү жана ага тарбиялоо иш-аракеттери бүтүндөй кептик мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу менен байланыштуу жүргүзүлөт. Анын үстүнө, бүгүнкү күндө окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү менен окутуу ишин уюштуруу проблемаларына басым жасалып жаткан учурда, бул метод кайрадан эң актуалдуулукту түзүп калды. Демек, окуучунун кебин өстүрүү үчүн анын ойлоо ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн психологиялык негиздерине өзгөчө көңүл бөлүнүп, окумуштуу Б. Өмүралиевдин «Окутуунун проблемалык кырдаалы» байланыштуу кепти өстүрүү жумуштарында кайрадан күч алып, маани берилүүдө.

Байланыштуу кептин материалдарын, мазмунун жана окутуу методикасын тактоо, билим берүү концепциясын иштеп чыгуу, иликтөө жумуштарына кийинки мезгилде өзгөчө көңүл бөлүнүп, 90-жылдарда бир топ жандандырылгандыгын белгилөөгө болот. Бул мезгилде методикалык маселелерине атайын арналып иштелген авторлордун окуу куралдары, колдонмолору жарык көрүп, алар мектеп мугалимдеринин, болочок студенттердин квалификациялык адистик билимдерин арттырууга көмөк көрсөтүп, методикалык тил маданиятын жогорулатууга негиз берген.

Мектеп курсунда байланыштуу кепти окутууга арналган окумуштуу С. Давлетовдун [21,22] К. Жаманкулова менен В.И. Мусаеванын, [24] В.И. Мусаеванын, [62] К. Жаманкулованын [24], А. Эшиевдин, [92] Ж. Чымановдун, [91] ж.б. эмгектери бар. Бул эмгектерге таянуу менен мектептерде окуучулардын байланшытуу кебин окутуу методикасынын, психологиялык аспектилеринин, лингвистикалык маселелеринин актуалдуу проблемалары бир топ чечилгендиги жана мектеп мугалимдерине окутуу ыкмалары сунушталгандыгы белгилүү. Анын практикумун аныктоого басым жасалып, методикалык жардам көрсөтүүгө багытталган.

Жогорудагы сөз болгон эмгектердин иштелиши анын кырыгз тил сабактарындагы байланыштуу кептин материалдарынын окуу программасына киргизилгенден тартып эле, окутуунун олуттуу маселеси катары эсептелинип, анын методикалык, теориялык маселелеринин иликтөөнүн актуалдуу обьектиси экендигин билдирет.

Окумуштуу тилчи С. Давлетов мектеп курсундагы байланыштуу кептин материалдары окуу программасында өркүндөтүлүп берилгенден кийин, анын теориялык закон-ченемдерин тактоо, мектеп мугалимдерине методикалык жактан көмөктөшүү максатында «Мугалимдер газетасынын» (1987) бир нече санына макалаларын жарыялаган. Кийинчерээк бул макалалардын жыйындысы «Байланыштуу речь» (1999) деген ат менен методикалык колдонмо

катары басмадан чыккан. Колдонмо байланыштуу кепти өстүрүү ишинде негизги дидактикалык материал катары эсептелинген тексттин курулушу жана табияты, анын лингвистикалык, методикалык негиздерине тиешелүү болгон маселелерди чечүү менен иштеген. Ошондой эле, лингвистикалык аспектиде тексттин стилдери боюнча өзүнүн көз караштарын далилдөө менен, анын окуу китептеринде берилишине карата сунуштарын берген. Окумуштуу С. Давлетов байланыштуу кептин теориялык компоненттерин да, методикалык маселелерин да тактоого өзгөчө баалуу салым кошкондугун белгилөө зарыл.

Методист окумуштуулар К. Жаманкулова менен В. Мусаеванын «V-VI класстарда кыргыз тилин окутуунун айрым маселелери» (1990) эмгегинде кептин түрлөрү жана тексттин типтери боюнча теориялык мүнөздөмө жасалып, алардын практикалык фактыларын байланышта кароо менен, тексттин үстүндө иштөө жолдорун сунуш кылышкан. Бул эмгек – байланыштуу кепти окутууга арналган алгачкы жана кептин түрлөрүнө кеңири мүнөздөмө берген окуу куралы катары эсептелинет.

С. Давлетовдун «Официалдуу иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу» (1990) деген эмгеги байланыштуу кептин бир блогун түзгөн иш-кагаздарын окутуу боюнча методикалык колдонмосу бүгүнкү күндө да эң негизги эмгек катары колдонууда.

Көрүнүктүү методист С. Үсөналиев менен А. Сыдыкованын «Орто мектептерде изложение жаздыруунун методикасы» (1997) деген методикалык колдонмосу жарык көргөн. Колдонмодо жазуу иштеринин негизги түрүн түзгөн изложениенин (баяндаманын) түрлөрүн жана жаздыруу ыкмаларын методикалык жактан иликтөө менен окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн өстүрүү жана калыптандыруу боюнча окутуу жолдору сунушталган. Изложение үчүн текст тандоо критерийлери, анын көлөмү жана баалоо ыкмалары берилген.

Ал эми А. Эшиевдин «Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн айрым жолдору» (VI-VII кл., 1995) деген методикалык колдонмосу тексттин түзүлүшү жана анын мүнөздүү белгилерин кеп өстүрүү иштеринде практикалык материалдар аркылуу ачуу, тексттин үстүндө иштөө ыкмалары бир топ алгылыктуу берилип, иштелип чыккан. Тексттин стилдик каражаттары боюнча да түшүнүктөр сунушталып, кептик маданиятты өстүрүүгө багытталып иликтенген.

Ошондой эле, В.И. Мусаеванын «Баяндама үчүн тексттер жыйнагы жана анын методикасы» V-VII кл. (1996) методикалык колдонмосунда жазуу ишинин бир түрүн түзгөн баяндама үчүн тексттерди тандоо, тексттин типтери аркылуу баяндаманын түрлөрүн

аткаруу ыкмалары, талдоо иштери жана суроо-тапшырмалардын коюлушу, тексттин дидактикалык материал катары колдонулушу иштелген.

Окумуштуу методист Ж. Чымановдун «Байланыштуу кепти окутуунун негиздери» (1997) аттуу методикалык колдонмосунда кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуунун теориялык жана методикалык негиздерине, тажрыйбаларына токтолуу менен кеп менен тилдин, тексттин методикалык маселелерин кеңири иликтеген. Андан ары тексттин стилдик каражаттарын окутуу ыкмалары, практикалык жактан оозеки жана жазуу кепте колдонулушу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү берүү менен, байланыштуу кепти өстүрүү сабагынын план иштелмесин үлгү катары сунуш кылган.

Мындан башка байланыштуу кепти окутуу проблемаларын камтыган көптөгөн методикалык макалалар республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндама катары окулуп, жыйнактарда жарык көргөн. Ошондой эле, 1960-жылдардан бери мектеп программасында окутулуп, практикалык жактан бай тажрыйбага ээ болуп калды.

Жалпы алганда, кыргыз тил сабактарында окуучулардын эне тили боюнча окуучулардын кебин өстүрүүнүн методикалык, практикалык проблемаларына жана бул предметти окутуу методикасын түптөгөн көрүнүктүү окумуштуулардан тартып, кийинки муундагы окумуштууларга чейин атайын көңүл бургандарын байкоого болот. Аталган эмгектер тиешелүү окуу-нормативдик каражаттар катары окуу куралдары жана илимий-методикалык адабияттар менен камсыз кылуу аракетин түшүндүрөт. Бирок байланыштуу кепти мектеп курсунда окутуу методикасы жана анын проблемалары боюнча жогоркудай иликтөө иштери жүргүзүлүп, кандидаттык диссертациялар[2] жазылса да, анын актуалдуу маселелери арбын. Демек, азыркы методикалык, психологиялык, логикалык жетишкендиктер, аргументтер жана тил илиминдеги табылгалар байланыштуу кепти окутуунун методикасына бир топ жаңы милдеттерди коюуда.

Жогоруда көрсөтүлгөн методикалык адабияттарга жана мектеп тажрыйбасына таянуу менен окуу программасында берилген байланыштуу кептин материалдарын окутууга карата методикалык көрсөтмө берүү, адис мугалимдердин, болочок филолог

---

[2] Эшиев А. Кептин функционалдык-маанилик түрлөрүн үйрөнүү процессинде окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн методикасы. Автореферат. Бишкек, 1996.

Чыманов А. Кыргыз мектептеринин 5-классында байланыштуу кепти окутуунун методикасы. Автореферат. Бишкек,1996.

студенттердин квалификациялык билимдерин арттыруу максаттарында бул эмгек даярдалмакчы.

## Байланыштуу кептин окуу программасында берилиши жана анын мазмуну, обьектиси

Ар кандай окутуу предметинин материалдарынын белгилүү программалык системага салынышы, такталышы менен мазмун түзүлүп, анын методикасын иликтөө иши башталат. Окутууга сунуш кылынган материалдар предмет үчүн да, анын спецификасы үчүн да канчалык туура тандалышы зарыл проблемалардан.

Предметтин структуралык мазмунун түзүүчү элементтери жана эң башкылары ажыратылып, теориялык, функционалдык байланыштары такталууга тийиш. «Баарынан мурда, ар бир окуу предметиндеги окутуунун бүткүл курсу боюнча орун ала турган эң негизгилерин көрө билүү керек». [12.70] Демек, кыргыз тил предметинин бөлүмдөрү боюнча милдеттүү түрдө өздөштүрүлө турган билимдердин, практикалык машыгуулардын функционалдык байланыштары, мазмуну программаларда, окуу китептеринде белгиленип көрсөтүлгөн.

Окуу программасы нормативдүү документ катары предметтин дидактикалык принциптеринин негизинде түзүлүп, анын лингвистикалык жетишкендиктерин жана өзгөрүүлөрүн, өсүп-өнүккөн жактарын чагылдыруу менен толукталып туруусу мүмкүн. Байланыштуу кепти өстүрүүнү окутуу тарыхы боюнча төмөнкүдөй фактыларга токтолууга туура келет. Буга ылайык, башка предметтер сыяктуу кыргыз тилинин 1960-жылы да жаңы окуу программасында теория менен практиканы байланыштырууну жакшыртуу максатында алгачкы жолу «Окуучулардын оозеки жана жазуу иштерин өздөштүрүүнүн болжолдуу түрлөрү» [68.318] деген бөлүм ар бир класстын материалдарында долбоор катары кабыл алынган. Бул факты эмгектерде төмөнкүдөй белгиленген.

«…Байланыштуу речти окутууга ар бир класста отузга жакын саат берилип, анда кичинекей аңгемени баяндоо иретинде жазууга, мектептин тажрыйба участкасынын күзгү жана жазгы иштери, жыл мезгилдери жөнүндө, экскурсияга барып байкагандары, окуучулардын сабакка катышып жетишүүлөрү, жолдошторуна, ата-энелерине жасаган мамилелери, коомдук пайдалуу иштери, иш кагаздары боюнча оозеки жана жазуу түрүндөгү машыгуулары кирген». [68.318]

Ушул долбоордун негизинде түзүлгөн жаңы программадагы «Байланыштуу речти өстүрүү» сааттары ар бир класстын материалдарынын аягында берилип, аны окуу китептерине киргизүү сунушталган. «Мында окуучулардын жазуу речтерин өстүрүүгө арналган сааттар программада жыл боюнча жалпы көрсөтүлгөн, ошондуктан мугалим ал сааттарды ар бир темага өзүнчө бөлүштүрүп алуусу сунушталган». [82.44] Бул сааттар кийинчерээк бир топ өзгөргөн. Мисалы, 1975-76-окуу жылынын программасында IV класста-28, V класста-24, VI класста-14, VII класста-19, VIII класста-18 саат байланыштуу кепке берилген, бардыгы - 103 сааат болгон. Ушул мезгилдерде кыргыз тилинин окуу программасында байланыштуу кепти өстүрүүнүн материалдары улам толукталуу менен окутула баштайт. Ал эми «Кыргыз тили» (V-XI-кл.) окуу китептеринде болсо, бул материалдардын берилбей келгендиги окутуу ишинде тоскоолдукту келтире тургандыгы төмөндөгүдөй белгиленген. «Окуу китептеринде байланыштуу кепти өстүрүүгө арналган теориялык, практикалык материалдардын сунуш кылынбагандыгына байланыштуу, бир топ чаржайыттык орун алган» [67.77] деген фактылардан билүүгө болот.

Кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн окуу программасында (1984-85) байланыштуу кептин сааттары көбөйүп, анын негизинде иштелип, жарык көргөн окуу китептеринде анын теориялык жана практикалык маалыматтары жана жогоркудай материалдары да бир топ тактала баштаган. Мындай өзгөрүүлөр бул окуу программасында төмөндөгүдөй белгиленген. «1987-1988-жылдардагы өркүндөтүлгөн программаларда байланыштуу кепке өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Ал мурунку үлгүлөрүнө салыштырганда, структуралык-тематикалык жактан жаңыланган, кеңейтилген, окутуу багыттары кыйла толукталган»[3]. Алсак, 1984-85-жылдардагы окуу программасында берилген 592 сааттын 106 сааты байланыштуу кепке бөлүштүрүлгөн. Андан кийинки 1992-жылдагы окуу программасындагы жалпы бөлүнгөн сааты 729 болуп, анын ичинен байланыштуу кепке 129 саат берилген. Ал эми 1994-жылы түзүлгөн жаңы окуу программасындагы 729 сааттын 153 сааты байланыштуу кепке бөлүнүп, окуучулардын кептик потенциалдарынын зарылдыгына өзгөчө маани берилип, кескин көбөйтүлөт.

Ал эми академик Б.Ө. Орузбаева жетектеген топ менен түзүлгөн 2000-жылдагы кыргыз тилинин окуу программасындагы сааттын жалпы саны 726 болот да, байланыштуу кептин сааты бир топ кыскарууга дуушар болуп, 92 саат сунуш кылынат. Мындан бул

[3] Кыргыз тилинин программасы 1994, 3-б.

программада теориялык материалдарга көбүрөөк орун бергендиги көрүнөт. Бирок бул программада байланыштуу кепке арналган сааттын көлөмү бир топ аз болгону менен, ар бир чоң темадан кийин окуучулардын практикалык багыттагы машыктыруу, көнүгүү жумуштары сунушталып, арбын берилген.

Ошондой эле, республикадагы тажрыйбалуу тилчи, Эл мугалими Бектур Исаков тарабынан 1993-жылы түзүлгөн альтернативдүү Кыргыз тилинин программасында жалпы 770 саат берип, анын ичинен «Кеп куржуну», «Дилнаама» деген темалар аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүгө 207 саат сунушталган. Мындай сааттын көлөмүн сунуш кылуу менен автордун программада кыргыз тилинин сөз байлыгына жана эстетикалык мурастарына, аны колдоно билүү чеберчилигине өзгөчө көңүл буруп, улуттун табигый нарк касиеттерин, артыкчылыгын тилдик билим, кептик ишмердүүлүк аркылуу үйрөтүүгө жана тарбиялоого басым жасалып жаткандыгы байкалат.

Буга чейинки чыккан программаларды түзгөн авторлордун өкүлдөрүнөн турган коллектив тарабынан акыркы иштелип чыккан. «Жалпы билим берүүчү орто мектептердин V-XI класстары үчүн түзүлгөн программасындагы» (2004, 2006) 748 сааттын 132 сааты байланыштуу кепти окутууга берилет. Албетте, 1994-жылы түзүлгөн программадагы байланыштуу кепке берилген 153 сааттан 21 саат аз берилген.

Окуу программаларындагы байланыштуу кепти өстүрүүгө арналган сааттардын көлөмү ар түрдүү болуп, көбөйүп же азайганы менен, ар бир класста окуучулардын коммуникативдик билимин, тилдик, кептик маданиятын арттырып, жалпы сабаттуулугун, интеллектуалдуулугун өстүрүп калыптандыруу үчүн окутуунун милдеттерине, предметтик концепциясына күчөтүлгөн талаптары коюлуп келет. Кыргыз тилин мектептерде окутуунун милдети, максаттары мамлекеттик стандартта төмөнкүдөй белгиленген. «Эне тилин окутуунун эң башкы педагогикалык функциясы социалдык турмушта өз ара карым-катышты камсыз кылуунун негизги куралы болгон кеп ишмердигин окуучуларга үйрөтүү болуп саналат. Демек окуучуда кеп ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүн камсыз кылуу менен аны интеллектуалдык жана адеп-ахлактык жагынан коомдун чыгармачыл, активдүү атуулу катары тарбиялоо маселеси ишке ашырылат». [43.175] Ошондуктан окуу программасындагы жана «Кыргыз тили» окуу китептериндеги (V-XI кл.) теориялык, коммуникативдик, практикалык, иллюстрациялык фактыларды, маалыматтарды байланыштуу кептин материалдары менен ар бир класста, анын чейректеринде эриш-аркак байланыштырып, улантылган жана

этаптык өркүндөтүлгөн мүнөздө окутулуусу приоритеттик максаттуу багыттарын көрсөтөт.

Коммуникативдик программалык материалдар, тексттер, кептин түрлөрү жана стилдик өзгөчөлүктөрү боюнча теориялык түшүнүк-маалыматтар, практикалык машыгуулар бири-бири менен ич ара тыгыз, карым-катышта окутулганда гана, рационалдуу жана ишкердүү максатта болот. Ал эми ар бир класстагы кептик көнүгүүлөр, тексттер коммуникативдик, практикалык айкалышта уюштурулуп, өтүлгөндө гана натыйжалуу жыйынтык бере алат.

Мектеп курсунда сунуш кылынган окуу программасындагы байланыштуу кептин материалдарын окутууда анын дидактикалык, тематикалык-структуралык жана логикалык жактан мүнөздөлүшүнө карай мазмунун төмөндөгүдөй блоктор менен кароого болот.

- *Байланыштуу кептин теориялык, методикалык, психологиялык негиздери, закон-ченемдери. Кеп жана анын түрлөрү, текст жана анын типтери, түрлөрү, стилдери, кеп ишмердүүлүгү (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу), алардын теориялык маселелери;*

- *Байланыштуу кепти фонетикалык, лексикалык жана морфологиялык, синтаксистик бөлүмдөрдүн негизинде окутуу. Алардын теориялык фактыларына, лингвистикалык негиздерине таянуу менен кептик ишмердүүлүгүн калыптандыруу;*

- *Иш кагаздарынын түрлөрү, алардын тил каражаттарын жана грамматикасын окутуу.*

Булар окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү, өркүндөтүү иш-аракеттеринин мазмунун түзүп тургандыктан, сабак процессинде, сабактан кийин жана класстан тышкаркы учурларда, өз алдынча иштөөсү менен да аткарылышы мүмкүн. Ошондой эле, ар кандай коммуникативдик иш-аракеттер терендетип билим берүү максатттарында да уюштурулуп өткөрүлөт.

Байланыштуу кептин жогорку программалык материалдарынын мазмунунан көрүнүп тургандай, мектеп окуучуларынын кеп ишмердүүлүгү боюнча билимдерин, маданиятын ар тараптан өстүрүү жана калыптандыруу үчүн бир гана кыргыз тил, адабият мугалиминин иш-аракети жетишсиздик кылат.

*Мектеп окуучуларынын бардык предметтер боюнча алган жалпы билимдеринин деңгээли сапаттуу жана талаптагыдай болушу үчүн алардын коммуникативдик жөндөмдүүлүгүн өстүрүү жоопкерчилигин, милдеттерин жалаң эле кыргыз тил, адабият*

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 953438

*мугалимине жүктөө менен чечилбейт. «Окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүү иши мектептердин алдына коюлган эң бир орчундуу милдеттерден болуп эсептелинет».* [82.222]

Ошондуктан мектептердеги педагогикалык коллективдин коммуникативдик ишмердүүлүгүн төмөндөгүдөй багыттарда иш жүзүнө ашырып, практикалоо сунуш кылынат.

1. Мектеп администрациясы тарабынан бирдиктүү кептик коммуникативдик нормалардын сакталышын талап кылуу;
2. Мектептеги ар бир предмет боюнча өтүлүүчү сабактарда окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн өсүшүнө көңүл бөлүп, предметтин тил каражаттары аркылуу адабий тилдик нормалар калыптанышын жүзөгө ашыруу ж.б.

Бул иш-аракеттердин аткарылышы менен мектептеги мугалимдердин жана окуучулардын кеп ишмердүүлүгү калыптануусуга багыт алып, оң натыйжасын бермек. Эгерде бардык предметтер боюнча окуучулардын кептик коммуникативдик түшүнүгү, билгичтиги артып, предметтик интеграциялык элементтерге багыт берилип, логикалык жактан мобилизацияланганда гана, мазмундуу, сабаттуу кебинин жаралышына эффективдүү мүмкүнчүлүк түзүлүшү мүмкүн.

Жогорку окуу жайларында педагогикалык адистикти даярдоодо кеп коммуникациясынын теориясы жана азыркы риториканын дисциплиналары, анын оптималдуу өндүрүштүк практикасы боюнча атайын даярдыктан өткөрүү зарыл. Бул даярдык келечектеги адистин педагогикалык кептик ишмердүүлүгү боюнча зарыл болгон компетенттүүлүгүн толуктайт. Мындай даярдоо курстарынын өнүккөн өлкөлөрдө тажрыйбаланып келгендигин жана мугалимдик кесиптин өзгөчө адистик катары бааланагандыгын билүүгө болот.

«АКШнын, Англиялык ж.б. өнүккөн өлкөлөрдүн педагогикалык унверситеттеринде, пединституттарында жана колледждеринде даярдалып жаткан мугалимдер кесиптик-кептик ишмердүүлүк боюнча атайын курстан өтүшөт». [9.214] Биздин өлкөдө педагог-студенттер кеп маданияты жана практикалык стилистика боюнча окуу процесстеринде гана теориялык, практикалык билимдерди алышат.

Демек, башка предметтер боюнча адис мугалимдердин да коммуникативдик маданияты, түшүнүгү, билими өсүп, окуучулардын байланыштуу кебинин калыптанышына өз предмети аркылуу салым кошуусуна негиз берилет. Бул маанилүү иш-аракет методикалык адабияттарда төмөндөгүдөй көрсөтүлгөн. «Коммуникативдик ишкердүүлүктүн ийгиликтүү калыптанышы үчүн мектептеги бардык

педагогдордун максатка багытталган жана макулдашылган зарылдыктын ошондой эле предмет аралык деңгээлдеги окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү программасынын иштелип чыгышы талап кылынат». [58.281]

Ошондо кеп өстүрүү иши бир гана кыргыз тил, адабияты мугалиминин предметтик жеке менчик иши болбостон, ал бардык предметтерден сабак берген педагогдордун милдеттүү иштеринен болмок. Мисалы, тарых сабагында байланыштуу кепти өстүрүү, физика сабагында байланыштуу кепти өстүрүү, же биология сабагында байланыштуу кепти өстүрүү сыяктуу сабактар календардык планда берилип, аны методикалык, дидактикалык негиздерде уюштуруп, өткөрүү сунуш кылынат.

Башка предметтерди окутууда да окуучулардын кеп ишмердүүлүгү боюнча сабаттуулугу өсүп, билгичтик менен кабыл алып, түшүнүүгө жардам берет. Мындай коммуникативдик иш-аракеттерди жүргүзүүдө ар бир предмет боюнча окуучулар өз алдынча ой жүгүртүүгө жетишишип, темага, же тапшырмага тиешелүү болгон тил каражаттарын, терминдерин, түшүнүктөрүн, формулаларын жана номеклатураларын ажырата билүү менен өздөштүрүлүп, колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Башка предметтер боюнча кептин түрлөрүн адабий тилдин нормасында машыктырууга жана аткарууга көңүл бөлүнөт. «Окуучулардагы билимдин декларацияланган сапаттары (ийкемдүүлүгү, кеңейтилиши, толуктугу, оперативдүүлүгү д. у. с.) даяр билимге начар шайкеш келгени менен, иш-аракеттик мааниде (контексттик) анын атрибуттары болуп калат». [84.47] Натыйжада мугалимдин да, окуучулардын да кептик ишмердүүлүгү жанданышы ыктымал. Бүгүнкү күндө мектеп курсунда окутулуп жаткан предметтер боюнча окуучулардын билгичтиктерин, шыктарын интеграциялоо милдеттерин аткаруу үчүн бардык предметтердин мугалимдери өз иштерин пландаштырууда жана аткарууда милдеттүү түрдө окуучулардын аналитикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү, алардын коммуникативдик жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн негиз берилет.

Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү иш-аракеттери төмөнкүдөй багыттардын негизинде конструктивдүү түрдө иш жүзүнө ашырылат.

1. ***Адабий тилдин нормаларын өздөштүрүү.***
2. ***Окуучулардын кебинин лингвистикалык закон-ченемдүүлүктүн негизинде түптөлүшү.***
3. ***Сөз байлыгын өстүрүү.***

4. ***Ойду байланыштырып берүүнүн, машыктыруунун жана коммуникативдик маданияттын калыптануусу.*** [24, 9-10-б.], [75.178]

1. ***Адабий тилдик нормаларды өздөштүрүүдө*** кыргыз тилинин жалпыга бирдей таандык болгон бирдиктүү каражаттары боюнча билимдерге ээ болуп, калыптанган мамлекеттик тилдин деңгээлинде машыктыруу жумуштары жүргүзүлөт.

Окуучуларга «тилдик каражаттардын үлгүлүү пайдаланылышын чектеген, аныктаган нормаларын» системалуу үйрөтүү аркылуу тилдик маданияты арттырылат. Бул учурда тилдин орфоэпиялык, орфографиялык принциптеринин сакталышы жана лексикалык, сөз жасоо, морфологиялык, синтаксистик нормаларынын туура жана билгичтик менен пайдаланылышы, стилдик өзгөчөлүктөрүнүн орундуу тандалышы талап кылынат.

Калыптанган адабий тилдин нормасы тилдин бардык баскычтарын өзүнө камтыгандыктан, салыштырмалуу стабилдүүлүгү, бир түргө келтирилгендиги, функционалдык-стилдик жагынан жиктелиши менен мүнөздөлөт. Тилдик норманы өздөштүрүү – бул жалпыга тиешелүү болгон тил каражаттарынын тарыхый жактан калыптанган жыйындысын, эне тилинин адабий тилдик каражаттарын үйрөтүү. Ошондой эле, адабий тилдин нормаларына дал келбеген диалектизмдердин, вулгардык сөздөрдүн, субьективдүү мамилелердин колдонулушуна чек коюу менен тилдик сабаттуулукка жана маданиятка багыт берилет.

2. ***Окуучулардын кебинин лингвистикалык закон-ченемдүүлүктүн негизинде түптөлүшү.*** Мында кыргыз тилинин мектеп курсундагы типтүү программасынын материалдарынын закон-ченемдерине таянуу менен теориялык билимдерге ээ болуп, лингвистикалык көз караштарынын, түшүнүктөрүнүн калыптанышына басым жасалат да, теориялык базанын жаралышын көздөйт.

Кыргыз тилинин бөлүмдөрүнүн материалдары улам тереңдетүү менен этаптык мүнөздө, ички байланышта үйрөтүлөт да, окуучулардын предметтин мазмуну боюнча туруктуу билимдерге ээ болушу окутуунун максаттуу багытын түзөт. Фонетикалык, лексикалык жана морфологиялык, синтаксистик, теориялык эрежелер, аныктамалар боюнча тилдик теориялык билимдери арттырылып, лингвистикалык интеллектуалдуулугу калыптанат.

Тилдик категориялардын кептеги стилдик функционалдык кызматын илимий негиздерде далилдеп, өздөштүрүүгө көңүл бурулат.

Окучуулардын эне тилинин грамматикалык, лексикалык-семантикалык маанилерин ажырата түшүнүп, колдоно билүүсүнө жана сөздүк корунду байытууга, лексикалык бирдиктерге этият мамиле жасоого жана сөз байлыгын улам толуктап, өркүндөтүүгө тарбиялоо менен үйрөтүлөт.

**3.** ***Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү*** – бул таанып-билүүнү калыптандыруу процесстеринин жыйынтыгы. Мунун эң негизги түрлөрү болуп окуучулардын ар кандай жанрдагы көркөм чыгармаларды, китептерди көп окуусу, сөздүктөрдөн пайдалануу жана аталыштарды өздөштүрүү менен тыгыз байланыштуу. Сөздөрдүн маанисин өздөштүрүүдө негизинен азыркы кыргыз тилиндеги колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл бурулат. Окуучулардын активдүү сөздүк казынасы канчалык бай болсо, анын оозеки жана жазуу кеби ошончолук мазмундуу жана жеткиликтүү болушуна коммуникативдик база түзүлөт.

Мектептерде эне тилинин бардык бөлүмдөрү боюнча сөздүк казынаны үйрөтүү менен класстык бардык этаптарда методикалык, психологиялык рекомендациялар системалуу көрсөтмө берет.

Окуучулардын *сөз казынасын байытуу* – байланыштуу кепти окутуу методикасынын концепциялык эң негизги милдети. Бул милдетти чечүүдө төмөнкү методикалык –лингвистикалык маселелер аткарылууга тийиш.

1. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып, алардын активдүү сөздүгүн максималдуу көбөйтүү жана ар сабакта орун берүү;
2. Сөздөрдү тандай билүү жана орду менен пайдалана билүүгө жана анын эң негизги маанисин ошол кырдаалга төп келе турган башка маанилерин да табууга үйрөтүү;
3. Сөздөрдүн эффективдүү, сарамжалдуу колдонулушуна жана сөздөрдүн баалуулуктарына көңүл бөлүнүшү зарыл.
4. Табигый сөз кыраакылыгына тарбиялоо;
5. Адабий тилдин нормасында сөз өстүрүү;
6. Окуучулардын сөз байлыгын сапаттуу өстүрүү үчүн аны түрдүү жаңы окутуу технологияларын оптималдуу колдонуу ж.б.
7. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди, накыл, учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды өз маанисинде, алардын образдуулугун, эмоционалдык экспрессивдүү касиеттерин түшүнүү менен өздөштүрүү колдонуусун активдештирүү;

Бул иш-аракеттердин негизинде окуучулардын лексикалык казынасын байытууга методикалык төмөнкүдөй багыттары аныкталат: парадигматикалык жана синтагматикалык. Демек, сөздүн семантикалык мааниси жана анын колдонулуш сфералары менен

иштөөнүн зарыл милдеттери аныкталууга тийиш. Кыргыз тилинин лексикалык баюу булактарын пайдаланып, сөз байлыгын өстүрүү үчүн элдик руханий байлыктар жана лексикалык мурастар кеңири колдонулат. Мындай булактардын баалуулугу жөнүндө төмөндөгүдөй жүйөлүү пикирди колдоого болот. «Кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармаларында биринчи баскычта турган «Манас» сыяктуу зор эпостук чыгармалар бар. Дагы бир баскычта азыркы күндө да кеңири белгилүү, көөнөрбөс асыл нарктуу, угуту күчтүү элдик накыл сөз маржандары – макал-лакап, учкул сөздөр, уламыштар, жомоктор, мифтер турат. Сыртынан караганда, алар элдин ой жүгүртүүсүн чагылдырган жөнөкөй нерселердей көрүнөт. Чындыгында алардын маани маңызы түпсүз да, баа жеткис да». [79.10]

Тилдин эстетикалык маанилери адабий тилдин лексикасына көбүрөөк тиешелүү. Сөз каражаттарынын байлыгы, сөздүн колдонулушу жана көркөмдүүлүгү, сөз бирдиктеринин экспрессивдүүлүгү, ошондой эле, тил каражаттарынын ар түрдүү кеп стилдеринде орундуу пайдаланылышы ж.б. интенсивдүү өздөштүрүлүүгө тийиш.

Окуучулардын көңүлүн сөздүн кудуретине жана фразеологизмдердин образдуулугуна буруу үчүн ойду таамай, элестүү бере алгандыгын так чечмелөө менен салыштыруу ыкмасын сунуштоо натыйжасын берет. Мисалы, адамдын оң сапаттарын: *акылмандуулук, кеменгерлик, ак ниеттүүлүк, калыстык, кайрымдуулук, токтоолук ж.б.* ал эми терс сапаттарын: *өзүмчүлдүк, ичи тардык, жалкоолук, кенебестик, адепсиздик, акыйкатсыздык ж.б.* туюндуруучу фразеологизмдерди синомдик катарлары менен салыштырып, өзүлөрү кептеги айырмачылыктарын аныктоосу керек. Айрым мааниси терең кут, даанышман, улукман, олуя, касиеттүү нускалуу, аруулук, дөөлөт, машаяк, мударис ж.б. ушул сыяктуу сөздөрдүн семантикалык маанилерин түшүндүрүүдө «Кластер», «Концептуалдык карта» сыяктуу стратегиялык моделдерге таянуу менен үйрөтүү сөз казынасын өстүрүүгө эффективдүү негиз берет.

Тилдик эстетикалык сезими лексикалык тил каражаттарынын байлыгынан алынып, анын жагымдуу, кооздугу бүтүндөй сөз бирдигине тиешелүү. Мындан башка, лексикалык конкурс, викторина, таймаш, дебат, дискуссиялык мүнөздөгү мелдештерди класстар боюнча уюштуруп өткөрүү жана анын жыйынтыгын чыгаруу бир топ ишти жандандырат.

**4. *Ойду байланыштырып берүүнүн, машыктыруунун жана коммуникативдик маданияттын калыптануусу.*** Кыргыз тилинин

теориялык жана практикалык материалдарынын негизинде окуучулардын коммуникативдик жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү жана активдештирүү менен өз оюн эркин жана логикалуу билдире алууга, таанып-билүүчүлүгүн өстүрүүгө, тексттердин түрлөрү, типтери менен иштей алууга багытталган иш-аракеттер жүргүзүлөт. Мындай сабактарда мугалимдин да, окуучунун да кеп ишмердүүлүктөрү бирдей активдүү аракетте болуп, чыгармачыл мамиледе болушу зарыл. Бул процесстерде окуучу өзүнүн оюнунун тууралыгынан шектенбей, ойду тартынбай билдире алуу шыгын арттыруу менен кызыгуусун жана чечкиндүүлүгүн өстүрүүгө басым жасалат. Ошондуктан окуучулардын кебин өстүрүүдө, алардын алган билимдеринин деңгээли да, өздөштүрүү кудурети да, кептик потенциалдары менен аныкталып, ишенимдүү болуп, жалпы кептик жөндөмдүүлүктөрү да жанданат. Ошондой эле, үйрөнгөн тилдик материалдар боюнча өз алдынча анализдөөгө, синтездөөгө аракет жасалып, корутунду чыгарууга тарбияланат.

Бул багыттардагы билгичтиктери, машыгуулары өз деңгээлинде уюштурулуп жүргүзүлгөндө гана, натыйжасын берип, окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүгө конструктивдүү мүмкүнчүлүк түзүлөт.

# II Глава. **Байланыштуу кепти окутуу закон-ченемдери**

## Байланыштуу кепти окутуу принциптери

Окутуу иш-аракетинин мыйзам-ченеминде анын принциптери негизги теориялык жобону түзөт. Окутуу принциптерин аныктоо менен окуу процессине дал келген максат, милдеттери белгилүү болот. «Окутуу принциби – бул окуу процессинин максатына жана мыйзам ченемдерине ылайык келген анын мазмунун, уюштуруу формасын, методун аныктоочу негизги жобо». [14.73] Окутуу принциптери жалпы дидактикалык көрсөтмөлөрдү, жоболорду, нормаларды бардык процессте үзгүлтүксүз жөнгө салып туруучу мүнөздө болот. Ошондой эле, окутуунун жогорку эффективдүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылышы мүмкүн.

Предмет боюнча билим берүүдө окутуу принциптери анын мазмунун, формаларын, методдорун, колдонулуучу каражаттарын жана педагогикалык өз ара аракеттенүү мүнөзүн аныктоо менен методикалык жобосун, аны уюштуруп өткөрүүнүн жетектөө идеясын жана нормативдик талаптарын тактайт.

Кыргыз тилин окутуу методикасынын негизги бөлүгүн түзгөн байланыштуу кепти окутуу принциптерин жана алардын методикалык, дидактикалык закон-ченемдерин тактоо актуалдуу маселелерден. Ошондуктан окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү методикасы да өзүнүн таанып-билүү обьектисине, предметине, түшүнүктөрүнө, принциптерине жана окутуу методдоруна ээ болууга тийиш. Окутуу методикасынын базалык аспектисине, концепциясына карай дидактикалык, лингвистикалык, психологиялык жана методикалык принциптерине таянат. «…аныкталган принциптин илимий жактан негизделген деңгээли окутуунун башкы маселелеринин туура чечилишине түздөн-түз таасирин тийгизет». [42.15]

Кыргыз тилин окутуу методикасы боюнча теориялык жактан негиздеп, изилдөө иштерин жүргүзгөн проф. К.К. Сартбаевдин окуу куралында [82] гана предметти окутуу принциптери сунуш кылынган. Окумуштуунун бул эмгегинде предметти окутуунун негизги принциптери берилип, ал өлкөдөгү эне тилин окутуунун теориялык жана практикалык жумуштарында негизги таянуучу бирден бир эмгек катары эсептелинет. Окуу куралынын иштелгенине бир топ убакыт өткөндүгүнө карабай, ушул убакка чейин иликтөө жумуштарында

теориялык негиздери боюнча квалификация-лык, методикалык базалык жана фундаменталдык эмгек катары активдүү колдонулууда.

Байланыштуу кеп боюнча билим берүүнүн мазмундук мүнөзүнө ылайык жана кеп өстүрүү иш-аракеттеринин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аны окутуу принциптери такталууга тийиш. Бул учурда коммуникативдик констатациялоонун негизинде окутуу жоболорун жана концептуалдык багыттарын аныктоо менен предметтин өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүнө басым жасалат да, башка предметтерден болгон артыкчылыктары, ролу байланыштырылат. Методист окумуштуу Л.П. Федоренко орус тили боюнча кеп өстүрүүнүн окутуу принциптерин тактоо үчүн методикалык сунуштарды белгилеген. [89] Принциптерге таянуу менен окуучулардын эне тилинин артыкчылыгына, тилдик маанилерди түшүнүүсүнө, көркөм айтуусуна, тилдик сезим-туюмун өстүрүүгө, оозеки жана жазуу кептерин ***координациялоого***, ошондой эле, тарбиялоо иштерине дидактикалык негиз берилет. Ошондуктан окуучуларда коммуникативдик, кептик билгичтик сапаттары калыптанып, өсүп-өнүгүшү үчүн окутуу теориясынын методикалык принциптери так болууга тийиш.

Предметтик мазмунга шайкеш келгендей, окутуу идеяларын, принциптерин жана методдорун толуктоо аркылуу тактап, окуучулардын билгичтиктерин, шыктарын камсыз кылуу менен турмушка даярдоо башкы методикалык актуалдуу милдеттерден.

Кыргыз тили сабактарында байланыштуу кепти өстүрүүнү окутууга тиешелүү болгон методикалык эмгектерге таянуу менен анын төмөндөгүдөй принциптери сунуштоого болот.

- аң-сезимдүүлүк жана өз алдынчалыкты активдештирүү принциби;
- түшүнүктүүлүк жана жеткиликтүүлүк;
- коммуникативдүүлүккө тарбиялоо;
- ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн өстүрүү;
- өлкө таануу;
- практикалык багыттуулугу, кырдаалдык абал;
- оптималдаштыруу;
- этномаданий, этнопсихологиялык;
- экстралингвистикалык;
- тексттер аркылуу теориялык жана практикалык фактыларды айкалыштыра билүү принциптери.

Бул принциптерди практикалоодо эффективдүү, рационалдуу пайдаланылып, натыйжаны жаратуу талап кылынат.

1. ***Аң-сезимдүүлүктү жана өз алдынчалыкты активдештирүү принциби.*** Предметти акыл-эстүүлүк менен кабыл алып, чыгармачылыкты көрсөтүүгө тийиш. Бул принцип материалдарды үстүртөн, механикалык түрдө же жаттап алып өздөштүрүүгө каршы турат. Кептик машыгуулардын, билгичтиктердин натыйжасында өз алдынча ой жүгүртүп мамиле жасай алууга жетишүүсүн жана кептик практика боюнча адистик ишмердүүлүктү талап кылат.

2. ***Түшүнүктүүлүк жана жеткиликтүүлүк принциби.***

Окуучунун кептик материалдарды түшүнүп кабыл алуусуна алардын коммуникативдик, интеллектуалдык, нравалык жана эстетикалык мүмкүнчүлүк-төрүнө жана жаш өзгөчөлүктөрүнө, класстык этаптарына дал келгендей болууга тийиш. Үйрөтүлүп жаткан программалык материалдын концептуалдык негизин өздөштүрүү жана ага карата практикалык жактан кызыгуусун активдештирүү менен мамиле жасай алуусуна, окуучунун так түшүнүүсүнө ылайык тилдик каражаттар пайдаланылып, жөнөкөй, жеткиликтүү деңгээлде кептик мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу зарыл.

3. ***Коммуникативдүүлүккө тарбиялоо принциби.***

Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) аткаруу процесстеринде психологиялык жагымдуу шартты жана билгичтигине таасир этүүчү максималдык абалды жаратуу менен реалдуу турмуштан алынган дидактикалык материалдардын негизинде кептик үлгүлөрдү, моделдерди, элдик афоризмди, коммуникативдик нарктуулукту, ораторлукту өздөштүрүүсү абзел. Кептик логикага, адептүүлүккө жана тактыкка үйрөтүү менен тарбиялык иштер тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Эне тилинин адептүүлүк, эстетикалык, этикалык тарбиялоочу ролу толук ачылып, сабак процесстеринде жана класстан тышкаркы иш-чараларда пландаштырылууга тийиш.

4. ***Ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн өстүрүү принциби.***

Бул принцип окуучулардын ойлоно билүү мүмкүнчүлүгүн тарбиялоо менен, эркин башкара билүүгө көндүрүү жана ынтаа коюу менен кызыгуусун арттырууга, чечилип жаткан маселени кунт коюп, инсандык жактан жетилүүсүнө көңүл бурулат жана кебинин мазмундуу, логикалуу болушун көздөйт. Психологиялык закон-ченемдин принциптеринде ойлоно билүүсүнө түрткү берген материалдар аркылуу көз карашын билдире алуусуна жетишүүсүн жана ойлоо ишмердүүлүгүн калыптандыруу, чыгармачыл шыгын

өстүрүү ыкмаларын колдонуу талап кылынат. Интенсивдүү, аң-сезимдүү, же практикалык ишмердүүлүк менен байланышта өздөштүрүлөт.

Байланыштуу кепке арналган сабактарда окуучулардын ой жүгүртүү маданиятын өсүтүрүү, ага үйрөтүү, эркин буруп алуу – кыргыз тил мугалиминин адистик чеберчилигине көз каранды. Ойлоно билүү мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүү менен окуучулардын акыл-эс, кабыл алуу жана эсте тутуу сапаттары да, мазмундуу калыптанып, коомдук турмушка, айлана чөйрөгө коммуникативдик ишмердүүлүк маданияты менен мамиле жасап, таанып-билүүсү жөнгө салынат.

5. ***Өлкө таануу принциби.***

Окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү процесстеринде коомдук тармактар, искусство, тарых, маданият, география, экономика, каада-салт ж.б. боюнча тематикалык тексттер аркылуу таанып-билүүсүн, дүйнө тааным жана руханий маданиятын өстүрүү менен ар тараптан калыптанып, турмушка даярдалуусун камсыз кылуу зарыл. Бул үчүн тематикалык тексттер атайын тандалып, пайдаланылат.

6. ***Практикалык багыттуулугу, кырдаалдык принциби.***

Үйрөтүлүп жаткан лексикалык жана грамматикалык фактылар коммуникативдик процесстерде практикалык максатты көздөйт. Тандалган тил каражаттарынын активдүү колдонулушуна, зарылдыгына, мотивдештирилгендигине, кандай кызмат аткара тургандыгына көңүл бөлүнөт. Дидактикалык материалдардын, каражаттардын ролу белгиленет. Кептик кырдаалдар, же ага жараша маектешүүлөр окуу ишине байланыштуу түзүлгөн проблемалуу жагдайларды чечүүгө ылайык түзүлөт. Күндөлүк турмушта сүйлөшүүнү уюштуруучу механизм – бул кептик кырдаал. Окуучулардын кептик ой жүгүртүү иш-аракетин турмушта колдонуу зарылдыгынын жана кептик милдетти аткаруу каражатынын жүзөгө ашырылышын шарттайт.

7. ***Оптималдуулук принциби.***

Мугалимдин да, окуучунун да кеп ишмердүүлүктөрүнүн зарыл болгон шарттарынын минималдык убакытта аз күч жумшоо менен билгичтиктерин өркүндөтүү боюнча максималдык натыйжаны камсыз кылган вариантын тандап алууну талап кылат.

8. ***Этномаданий, этнопсихологиялык принциптери.***

Кыргыз элинин өзүнө гана тиешелүү болгон маданиятындагы, үрп-адатындагы, каада-салтындагы, тарыхындагы, элдин рухундагы, психологиясындагы өзгөчөлүктөр, тилдик каражаттар аркылуу тааныштырылат. Кеп ишмердүүлүгүн үйрөтүүдө элдик этикет, коштошуу, ыраазы болуу, саламдашуу, алдына түшүү, көңүл айтуу жана макулдук берүү сыяктуу коммуникативдик элементтерге басым жасалат.

Кыргыз элине гана таандык болгон лексикалык бирдиктерди (калпак, куржун, элечек, шөкүлө, белдемчи, тебетей, ичик ж.б.), эквиваленсиз синтаксистик бирдиктерди, фразеологизмдерди (үрөйү учту, далысын салуу, чери жазылуу, камчы салдырбоо ж.б.) колдонууга интенсивдүү көңүл бөлүнөт.

Мындай сөздөрдү жеке сөз каражаты катары эмес, алардын чыныгы маанисин ачуучу оригиналдуу текст аркылуу түшүндүрүү талап кылынат. Бир гана кыргыз тилине мүнөздүү болуп, анын элдик маданиятына гана туура келген көрүнүштөрдүн аталыштары үйрөтүлүп, эквиваленсиз синтаксистик бирдиктер кыргыз тилинде гана колдонулгандыгы эске алынып, улуттук маданият түшүнүгү камтылган синтаксистик түрмөктөр аркылуу логикалык ой жүгүртүү менталитети өздөштүрүлүүгө тийиш.

9. ***Экстралингвистикалык принциби.***

Мында окуучуларды адегенде керектүү буюмдарды, предметтерди, кубулуштарды, көрүнүштөрдү же диапозитивдерди, фильмдерден үзүндүлөрдү көрсөтүү, тааныштыруу менен алардын негизинде сүйлөө жана жазуу зарылдыгына ээ кылуу максаттарында уюштурулат. Кептик экскурсияларды уюштуруу жана анын жыйынтыгын чыгаруу жүргүзүлөт. Колдонулуучу сөздөрдү актуалдаштырып, изденүүгө жана тааныштырылган дидактикалык каражаттардын негизинде теориялык фактылар байланыштырылып кызыктырууга багыт берилет да, жыйынтыгында тил каражаттарынын теориялык кептик мүнөздөмөсү чыгарылат.

10. ***Тексттер аркылуу теориялык жана практикалык фактыларды айкалыштыра билүү принциби.***

Кеп өстүрүү процесстеринде текст негизги дидактикалык каражат катары пайдаланылат. Тексттер аркылуу кептин байланыштуу аткарылышы жана анын түрлөрү, типтери үйрөтүлүп, алардын фнукционалдык маанилерин, стилдик каражаттарын теориялык түшүнүктөр жана практикалык фактылардын негизинде калыптандырылып, үйрөтүү иш-аракеттери жүргүзүлөт. Окутуу

процесстеринде тексттер мугалим менен окуучунун ортосунда кеп ишмердүүлүгү боюнча данакерликти түзүп, дидактикалык каражат катары кызматты аткарат. Коммуникативдик, тематикалык тексттердин тил каражаттарын таанып-билүү менен алардын маанилерине карай колдонулуш мотивдерин ажырата алууга үйрөтүлөт. Мындан башка, тексттин үстүндө иштөө ыкмаларынын негизинде коррекциялоого, коммуникативдүүлүккө машыктырылат.

## Байланыштуу кепти окутууда методдорду тандоо принциптери

Мектеп курсунда предметтер боюнча билим берүүдө окутуу методдорунун туура тандалышы жана алардын орду менен колдонулушу методикалык закон-ченемдердин негизги милдеттерин түзөт. Окутуу процессинде ар кандай милдетке карай тигил, же бул методдун дидактикалык кызматы жана артыкчылыктары бирдей эмес. Окутулуучу материалдын мүнөзүнө, максатына, даражасына жана үйрөтүү этабына, ошондой эле, окуучулардын кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө карай методдор тандалып пайдаланылат.

«…окутуунун методу – окуучуларды билим, ык, машыгууларга ээ кылып, алардын акыл күчтөрүн өстүрүү, дүйнөгө болгон илимий көз караштарын калыптандыруу максатында мугалим менен окуучулардын биргелешип иштөө жолдору». [4.207] Ошондуктан окутуу методдору мугалимдин да, окуучунун да комплекстүү ишмердүүлүгү менен реализацияланат. Окутуу методдорунун теориялык негиздерине, классификациясына арналган бир топ эмгектер жарык көргөн. [4,38,52,82] Бул эмгектерде методдордун дидактикалык жалпы концепциясын, предметтик жеке принциптерин аныктоо менен, анын теориялык жана психологиялык аспектилерине карай практикалык чыгармачыл ыкмалары колдонулат. «Байланыштуу кепти өстүрүү боюнча иштин мазмуну ачык-айкын түшүнүктүү болушунун мааниси чоң. Анын методдорун жана окутуу каражаттарын тандоодо кептин уланмалуулук, оптималдуулук милдеттерине дал келүүсү зарыл». [58.276] Ал эми немец окумуштуусу В. Гюнтердин методго берген аныктамасы приоритеттик дидактикалык потенциалдарын камтып, кызматын даана көрсөткөн. «Метод – окутуунун стратегиясы менен тактикасы, анын оперативдүү каражаты, жалпы багыты жана куралы».

Кыргыз тил предметинин тигил, же бул бөлүмүн өтүүдө методдорду максималдык түрдө эффективдүү натыйжа бере

тугандыгына, теманын башка билимдер менен көп жактуу ассоциациясына жана окуучулардын күндөлүк турмуш тажрыйбасына карай шартталып, алардын тилдик, коммуника-тивдик билим деңгээли менен педагогикалык, психологиялык аспектилерде байланыштырылып тандоо талап кылынат. Бул учурда окуучунун жалпы ой жүгүртүү, алган билимдери жана аларды колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү менен уюштурулуп, окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө басым жасалат. Мугалимдин коммуникатив-дик компетенттүүлүгү менен анын методдору тандала тургандыгы боюнча айтылган төмөнкү пикирди толук кубаттоого болот. «Кепти окутуу – бул ой жүгүртүү жана мамиле түзүү үчүн тилди пайдалануу билгичтиктерин өстүрүү». [89.9] Ал эми окумуштуу С. Давлетов: «*Коммуникативдик метод – бул сөз жүрүп жаткан шартты, максатты, адресатты, речтин типтерин, стилин, жанрдык өзгөчөлүгүн, кайра байланышуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен текст түзүүдө колдонулуучу метод*». [21.32]

Демек, окутуу процесстеринде окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн теориялык-методикалык закон-ченемдүүлүктө өстүрүүнү предметтин айрым мазмундук структураларын окутуу принциптерин, методдорун тактоо жана алардын стилдик-фнукционалдык өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен байланыштуулукта окутуу зарыл. Алсак,

- сөз байлыгы, сөздүктөр менен иштөө ыкмалары;
- сөз айкаштары, сүйлөмдүн түрлөрүн окутуу ыкмалары;
- баяндама, дилбаян жаздыруу;
- окуучулардын кеп маданиятын өркүндөтүү методикасынын концепциялык багыттарын аныктоо менен коммуникативдик билим берүү багыттары ж.б.

Окуучулардын кептик потенциалдарына тикеден-тике өзгөчө тиешелүү болгон жогорку лингвистикалык-дидактикалык иш-аракеттердин негизинде анын методдору, ыкмалары тандалууга тийиш. «Кеп өстүрүү методикасы кеп ишмердүүлүгүнүн теориясына, кептин психологиясына, тексттин теориясына, адабиятка, стилистика менен логикага таянат. Адабияттын методикасы менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт».[52.107] Ошондуктан бул коммуникативдик параметрлердин деңгээлинде гана өзүнүн окутуу методдорун жана оптималдуу ыкмаларын колдонууга мүмкүнчүлүк алып, тактай алат.

Методист окумуштуулардын жана дидакттардын эмгектериндеги сунуштарына жана практикалык тажрыйбага таянуу менен байланыштуу кепти өстүрүү,аны калыптандыруу үчүн төмөнкүдөй методдорду сунуштоого мүмкүнчүлүк түзүлүп, алардын

так колдонулушу менен окуучулардын кебин өстүрүү милдеттери жүзөгө ашырылат.

1. Мугалимдин баяндамасы;
2. Аңгеме;
3. Түшүндүрүп-демонстрациялоо;
4. Репродуктивдүү;
5. Продуктивдүү;
6. Окуучулардын өз алдынча иштөөсү;
7. Проблемалык окутуу ж.б.

1. ***Мугалимдин баяндамасы.*** Маалымат алуунун булагы жана билим берүүнүн негизги каражаты болуп ***мугалимдин сөзү*** эсептелинет. Бул метод сүйлөө искусствосуна таянат. Мугалимдин баяндамасы эң негизги талаптарга жооп берип, ал бир гана окуучуларга адабий тилдин оозеки формасынын үлгүсү катары эсептелинбестен, бүткүл педагогикалык жамаатка таасирлүү жана көрсөтмө бергидей болушу зыл. Далилдүү фактылар колдонулат. Адистик ишмердүүлүк демонстрацияланып, оозеки кептин баяндоо каражаты гана эмес, ал окуучулардын акыл-эсине, кабыл алуусуна, ой жүгүртүү логикасына күчтүү таасир этип, интонациялык, дикциялык өзгөчөлүгү, образдуулугу, сөз байлыгы боюнча артыкчылыкты көрсөтүшү талап кылынат. Окутуу каражаттарын пайдаланууда мугалимдин сөзүнүн коштоп туруусу менен предметке кызыктыруучу, билим, тарбия берүүчү ролго ээ.

2. ***Аңгеме методу.*** Окутуунун диалогдук методу. Суроо-жооп алкагында мугалим менен окуучунун ортосунда болуп, дайыма өсүп-өнүгүү, прогрессивдүү багытында жүргүзүлөт. Бул метод байланыштуу кепти өстүрүүнүн бардык этабында активдүү колдонулат. Ал жекече аңгемелешүү, группалык аңгемелешүү жана фронталдык аңгемелешүү болуп колдонулат.

Суроолордун системасы окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн деңгээлин, окуу материалын өздөштүргөнүн байкоо үчүн, жаңы темага киришүүдө (эвристкалык же проблемалык) жана бышыктоо, текшерүү, коррекциялоо, кайталоо үчүн даярдалат. Аңгеме методунун процесстеринде пикир алышуу, талкуу, дискуссия, диспут, оозеки кебинин түрлөрү, диалогдук тексттердин түзүлүшү жана алардын суроо-жооп формалары колдонулат. Коммуникативдик билгичтиктерин, көндүмдөрүн байкоодо жүйөлүү жана концептуалдык суроолордун болушу ылайыктуу. Мындай учурларда окуучулардын жоопторундагы далилдүүлүк, өз алдынчалык,

сынчылдык, өз оюн коргоочулук аракеттери жана өндүү чыгармачыл мүнөзүндөгү сапаттары активдүү өнүгө баштайт.

Бул методдо окуучулардын кептик ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө, жаңы нерсени ойлонуута түрткү берүүгө, ой корутундулоону билдирүүгө, окшоштук, айырмачылыктарды көрө билүүгө жана тез тапкычтыкка үйрөтүүчү суроолор ылайыктуу.

3. ***Түшүндүрүп-демонстрациялоо методу.*** Окуучулар-дын репродуктивдүү ишмердүүлүгүн пайда кылуучу метод. Бул методдун колдонулушунда мугалим теориялык, кептик материалдарды айтып берет, негиздейт, алардын маанисин түшүндүрөт, көрсөтмөлөрдү, дидактикалык материалдарын иллюстрациялайт, алардын практикалык жактан колдонулуш үлгүлөрүн, моделдерин көрсөтөт.

Маалыматтарды окутуунун техникалык каражаттары аркылуу да пайдаланылат. Бул метод мугалим тарабынан төмөнкүдөй формаларда ишке ашырылышы мүмкүн: айтып түшүндүрүү, лекция, иллюстрация, ар түрдүү көркөм сүрөт, үн каражаттарын, (сүрөттөрдү, схемаларды, кинофильмдерди, грамзапистерди) колдонуу. Окуучулардын иш аракети мугалимдин иштеринен кийин эле, ишке ашырылат (угуу, көрүү, окуу китебин окуу, байкоо ж.б.) же өткөрүлүшү мүмкүн.

Түшүндүрүп-иллюстрациялоо методу негизинен окуучуларды реалдуу турмуш менен байланыштырып продуктивдүү иш-аракетин уюштурууга багытталса да, бул методдо окуучулардын активдүү өз алдынча иш-аракеттерин уюштуруунун да, чоң практикалык мүмкүнчүлүгү бар. Мисалы, окуучулардын ойлоо, түшүнүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө ылайык факты келтирүү ж.б.

4. ***Репродуктивдүү метод.*** Кыргыз тил сабактарында өздөштүрүлгөн материалдарды калыбына келтирүү ыкмасында окуучулар репродуктивдүү метод менен ишке ашырышат. Бул метод ойлонуп аракеттенүү, же кептик практикалык тексттердин, көнүгүүлөрдүн системасын аткарууда колдонулат. Мында мурун айтылгандар (көрсөтүлгөндөр, колдонулгандар) эске түшүрүлүп, толук кайталанып, калыбана келтирип аткарылгандыгына байланыштуу репродукцияланат. Ошондуктан калыбына келтирүү менен жасалган кептик ишмердүүлүк репродуктивдүү деп аталат. Бул методду колдонууда 2 милдет аткарылат:

1. Мугалимдин кыскача кайталоосу жана аны окуучу кайталап айтып берүүсү, аңгеме түрүндө калыбына келтирүү, эсте сактап калуусу;

2. Материалды калыбына келтирүүдө окуучулардын сөзсүз ошол материал менен интенсивдүү ойлонуп эмгектенүүсүнө жетишүү;

Натыйжада теманы же материалды ошол эле замат окуучулардын ар түрдүү көз караште ойлонуп, кайталашы өтө маанилүү.

5. ***Өз алдынча иштөө методу.*** Окуучулардын коммуникативдик билгичтиктерин, машыгууларын калыптандырууда эрктүүлүк сапатын өнүктүрүп, өз бетинче иштей алууга ишенимин арттырат. Дилбаян, баяндама жаздырууга жана кептин түрлөрүн аткара билүүгө даярдоо үчүн тапшырмалардын, суроолордун сериялары иштелип, өз алдынча чыгармачыл аракет жаралат. Бул метод билимди бекемдөө, билимди тереңдетүү үчүн сабак процесстеринде жана үй тапшырмаларын, жазуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн аткарууда колдонулуп, төмөнкүдөй шарттардын болушун талап кылат.

- Тилдик материалды жеткиликтүү түшүнүүсүнүн камсыз болушу;
- Коммуникативдик тапшырманын өз алдынча иштөөгө даяр болушу;
- Окуучунун издене билүүсү үчүн зарыл дидактикалык материалдардын так болушу ж.б.

6. ***Продуктивдүү метод.*** Окуучулардын чыгармачыл иш-аракетин методикалык негизде уюштуруунун жана туура башкаруунун натыйжасында сөзсүз кандайдыр жаңы факты алынат. Бул чыгармачыл ишмердүүлүктүн уюштурулушун продуктивдүү метод деп атайт. «Продуктивдүү методду окуучуларга текст түзүү жолдорун үйрөтүүдө, оозеки жана жазуу жүзүндө иш алып барууда (баяндама, дилбаян) жазууда чыгармачыл тапшырмаларды аткарууда ж.б. колдонууга болот». [24.13] Бул методду туура колдонуп, анын натыйжасын жаратуу үчүн мугалим окуучулардын ой жүгүртүүсүн активдештире турган мазмундуу, кызыктуу, коммуникативдик, тематикалык тексттерди пайдаланып, кептик кырдаалды жаратуучу суроолорду даярдоосу талап кылынат.

7. ***Проблемалуу айтып берүү методу.*** Бул метод аркылуу үйрөтүлүүчү материал боюнча мугалим окуучулардын алдына проблема коет. Окуучулардын активдүү ойлонуусуна, өз алдынча эмгектенүүсүнө, таанып-билүү иш-аракетине эффективдүү таасир этүүсү жана психологиялык закон-ченемдери эске алынат. Мында мугалим кептик проблемалык кырдаалды тандап алып, аны чечүү жолдорун сунуш кылат.

Байланыштуу кепти өстүрүү иш аракетинде окуучулардын ой жүгүртүүсүн активдештирүү негизги проблеманы түзгөндүктөн, бул методдун дидактикалык милдеттери менен байланыштырылат. Кептик кырдаалдын проблемаларын иштеп чыгуунун негизинде өткөрүлгөн сабактардагы ой жүгүртүү тексттери менен иштөө бир топ ыңгайлуу. Муну белгилүү психолог С.А. Рубинштейндин төмөнкү сөзү менен далилдөөгө болот. «Ойлоо процессинин башаты проблемалык кырдаал болуп, кандайдыр белгисиз нерсени түшүнүү үчүн ойлонууга аргасыз болот». [73.85]

Проблемалуу айтып берүү методу 3 этап менен аткарылат.

1. Окуучуларга проблема коюлуп, аны чечүү жолдору көрсөтүлөт.
2. Изденүүгө түрткү берүү ыкмалары, ой жүгүртүү багыттары аныкталат.
3. Окуучулар проблеманы өз алдынча чечүүгө мүмкүнчүлүк алат.

Бул методикалык жана психологиялык жоболор окуучунун кептик мүмкүнчүлүгүн өстүрүүдөгү окутуу ишинин конструктивдүү негизги маселелери катары эске алынат. Проблемалык кырдаалдын рефлекциясынын бардык процессинде туруктуу жана жетектөөчү фактор болуп, ишенбөөчүлүктү жоюу эсептелинет. Коюлган проблема ой жүгүртүүнүн максатын аныктайт, ал эми максат болсо, ой жүгүртүү процессин көзөмөлдөйт. Бул учурда акылга салуу ыктарына үйрөтүү, мектеп окуучусунун фактыларды, чечимдерди өз алдынча издеп табуу үчүн кырдаал-жагдайларды түзүү иш-аракеттери ойлоо ишмердүүлүгүн өстүрүүгө багыт берет. Натыйжада, «Проблемалык суроолор, тапшырмалар, окуучулардын эмоциялык абалына таасир этип, аларды окуу материалын өздөштүрүүгө кызыктырып, иш-аракеттерин активдештирүүгө тийиш». [68.36]

## Байланыштуу кепти өстүрүүнүн психологиялык негиздери

Окуучулар өздөштүргөн билимдери, билгичтиктери, көндүмдөрү психологиялык закон-ченемдердин: акыл-эс, түшүнүү, кабыл алуу, туюп-сезүү, ойлом жана аларды эсте бекем сактап калуусу, таанып-билүү, интуициясы, колдоно алуу процесстери менен мүнөздөлөт.

Бул процесстерде окутуу мотивдерине көңүл бөлүнүп, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрү, билим алуунун практика-лык жөндөмдүүлүктөрүн, ишмердүүлүктөрүн уюштуруу ыкмалары, колдоно билүүнүн зарыл шарттары аныкталат. Демек, окуучулардын психикалык (ички) жана материалдык (тышкы) сапаттык касиеттери

алардын ишмердүүлүктөрү менен ажырагыс биримдикти түзөт жана бири-бирине өз ара таасир этет. Окуучулардын ички кебинин калыптанышына жана тарбияланышына өзгөчө көңүл бөлүнөт. Окутуунун рационалдуу методдорунун иштелип чыгышы жана аларды колдонуу принциптеринин жыйынтыктары окутуу психологиясында чоң мааниге ээ.

Кептин аткарылыш механизмдери, сүйлөмдүк актыны жаратуу процесстери боюнча көрүнүктүү психологдордун Л.С. Выготскийдин, Н.И. Жинкиндин, С.А. Рубинштейндин, А.А. Леонтьевдин, А.Р. Луриянын ж.б. эмгектери арналган. Алардын эмгектеринде кептик ишкердүүлүктүн психологиялык, логикалык закон-ченемдери кептин түрлөрүнүн акт катары аткарылыш процесстери аныкталып, кепти окутуу методикасынын психологиялык теориялык негиздери сунушталган.

*Окуучулардын кептик чыгармачылыгын өстүрүп, ага үйрөтүүдө төмөндөгүдөй психологиялык процесстер иш жүзүнө ашырылат.*

1. Түз кабыл алуу, байкоо (маалымат алуу);
2. Кептик материалды түшүнүү (ой жүгүртүү, терең ойлой алуу, иштеп чыгуу);
3. Эстөө жана эске тутуу (иштеп көнгөн маалыматты сактай билүү);
4. Тилдик каражаттарды практика жүзүндө колдоно билүү.

Психологиялык адабияттарда: «Ойлоо – чындыкты чагылдыруунун психикалык процесси, адамдын чыгармачыл активдүүлүгүнүн эң жогорку формасы» [41.134] деп белгиленген


Демек, кыргыз тили боюнча материалдарды өздөштүрүүнүн жалпы психологиялык закон-ченемдүүлүгүнө таянуу менен окуучулардын аң-сезимдүү калыптанышын жөнгө салуу натыйжалары окуучулардын кептик ишмердүүлүктөрүн эффективдүү өстүрүүгө негиз берет.

Бул учурда кыргыз тил сабактарында окуучулардын кызыгуусун, ынтызардуулугун жаратып, ойлоо сезимдерин өстүрө билүүнүн, тарбиялоонун теориялык жана практикалык мааниси чоң. Демек кептик материалдарды жана алардын закон-ченемдерин өздөштүрүүнүн эффективдүүлүгү окуучунун билим алуу шыктуулугуна жана аны окутуу мотивациясына жараша болот. Ошондуктан билим алуу мотивациясынын проблемасы окутуу психологиясынын эң негизги компонентин түзөт. Аны үйрөнүү менен кептик материалдарды өздөштүрүү шарттарын, механизмдерин, мүмкүнчүлүктөрүн жана карама-карышлыктарын ачып берет.

Окуучулардын кептик потенциалдарын калыптандыруу үчүн, адегенде алардын ойлоо сезимин, бүткүл дитин кое билүүсүн өстүрүү,

аңдап билүү мүмкүнчүлүктөрүн тарбиялоо зарыл. «...Эң башкысы ойлоо маданиятына үйрөтүү керек, ал эми билим ой жүгүртүүнүн өнүгүшү аркылуу өзүнөн-өзү жаралат». (*А.Дистервег*) Ой жүгүртүүнү өстүрүп, тарбиялоодо окуучулардын зээндүүлөрүнө өзүнчө татаал тапшырмалар сунушталып, активдештирилсе, ал эми айрымдарына ой жүгүртүүнүн элементардык формаларын талап кылган ишмердүүлүгүнө карай мамиле жасалыш мүмкүн. Бул боюнча адис окумуштуу М.Т. Барановдун төмөнкүдөй далилдүү оюн келтирүүгө болот. «Окуучулардын ой жүгүртүү логикасынын өсүшү - бул үйрөнүп жаткан материалды анализдөөнү, жалпылоону, классификациялоону жүргүзө алуусунун калыптанышы». [10.32]

Окуучулардын ой жүгүртүү маданиятын өстүрүп, ага тарбиялоо иш-аракеттеринде мугалимдин бүгүнкү турмуштук мобилдүүлүгү, адистик компетенттүүлүгү жана логикалык коммуникативдүүлүгү менен куралдангандыгы эң зарыл, күчтүү окутуу каражаттарын билдирет. Окуучулар коммуникативдик машыгууларын, таланттарын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн деңгээлине жараша колдонуусу мүмкүн. Демек, төмөндөгүдөй кластери аркылуу анын зарыл болгон бардык параметрлери боюнча сезип-туюу, түшүнүү, ой жүгүртүү, аткаруу, жөндөмдүүлүк аракеттери байкалат.




Демек, кеп – ойдун өсүп-өнүгүү каналы, анын калыптаны-шы жана талапка ылайык түзүлүшү. Ошондуктан окуучулардын байланыштуу кебинин өсүшү логикалык ойлоонун маанилүү өркүндөө ыкмасы катары каралат. Кептик тандалган материал окуучунун бүткүл эркин бийлеп алган деңгээлде болуп, чыныгы кызыгуусун жаратуусуна жетишүү зарыл.

Байланыштуу кепти өстүрүүнүн практикалык сабактарын-дагы эффективдүү стимул – бул окуучунун өтүлгөн темага же жалпы эле предметке кызыгуусунун болушу. Бул учурда ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүнө жараша, жеке кызыгуусуна ылайык кептик

тапшырма, суроолорду тандап, тапшырмаларды даярдоо мугалимдин түйшүктүү эмгегин талап кылат. Коммуникативдик маданият окуучунун ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрүнө көз каранды. Демек, өздөштүрүү процессинде – индукция-дедукция, анализ-синтез, ой жүгүртүү формаларынын негизинде билим берүү иштери мазмундуу натыйжа берет. Ошондуктан, эгерде кептик тапшырманы билүү, түшүнүү жана колдонуу менен өздөштүрсө, анда ортосаар кептик билгичтиктерин гана күтүүгө болот. Ал эми анализдөө, синтездөө жана баалоо менен өздөштүрүүгө жетишсе, анда сапаттуу кептик билгичтиктерин камсыз кылууга болот.

Окутуу предметинин негиздерин өздөштүрүү үчүн кабыл алуу менен ой жүгүртүү маданиятын өстүрүүнүн белгилүү деңгээли талап кылынат. Демек, окуучулардын ойлоо мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү милдеттерин бардык предметтерди окутуу процесстеринде чечүү зарыл. Албетте, бул учурда окуучулардын ойлонуу жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда кыргыз тил мугалимине өзгөчө жоопкерчилик жүктөлөт. Муну улуу педагог К.Д. Ушинский төмөндөгүдөй аныктаган. «Окуучулардын тилге болгон жөндөмдүүлүгүн өстүрүү үчүн, баарыдан мурда, алардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү керек»[4].

Ой жүгүртүү психологияда процесс, же ишмердүүлүк катары түшүндүрүлөт. Психолог С.А. Рубинштейн бул процесстин дефинициясын төмөндөгүдөй берет. «Ой жүгүртүү процесси – бул баарынан мурда өздөштүрө турган нерсени анализдөө жана синтездөө. Анализ жана синтез – бул бирдиктүү ой жүгүртүү процессинин эки жагы, же эки аспектиси. Бул өз ара байланышкан жана өз ара бири-бирине шартталган процесс». [73.28]

Жалпы алганда, кепте биз көрүп-туйган нерселердин жыйындысын гана кептик каражаттар аркылуу чагылдыруу эмес, – анын адам баласынын оюнун элегинен анализдөө жана синтездөө, баалоо жана нарктоо сыяктуу акыл-туюму менен байланыштырып таасир этүү жоопкерчилиги, маданияттуулугу менен аткарылышы уланат.

## Предмет аралык байланышты түзүү

Ар кандай предметтин ички, тышкы байланыштан тура тургандыгы – обьективдүү закон ченемдүүлүк. Предметтердин тышкы байланышын мектепте илимдин негиздери катары окутулуп

---

[4] Ушинский. Сборник сочинений. Том 5, М.Л. (94.9 19-б.)

жаткан предметтердин (тарых, адабият, физика, химия, математика ж.б.) өз ара максаттуу байланышта өздөштүрүлүшү жана аларды эриш-аркак окутуу механизмдери түзөт.

Мектеп практикасындагы предмет аралык байланышта өтүлүүчү сабактар мугалимдин өзгөчө ишкердүүлүгүн жана методикалык жоопкерчиликтүү маданиятын талап кылат. Бул учурда предметтердин мазмундук байланышуусу окуучуларды таасирленте алган жана дүйнө таанымын тереңдетип интеграцияланган сабактын деңгээлинде болушу зарыл.

Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүдө башка предметтер менен болгон байланыштарга басым жасоо прин-цибине таянууга туура келет. Мындан башка предметтерден алынган тематикалык тексттин үстүндө иштөө менен колдонулган терминдерди, сөздөрдү, түшүнүктөрдү жана номенклатураны лексикалык закон-ченемдүүлүктө үйрөтүп, алардын терминологиялык сөздүктөрү менен тааныштыруу зарыл. Ошондой эле, предметтердин эриш-аркак өздөштүрүлүшүнүн закон-ченемине жана байланыштуулугуна окуучулардын ишеними пайда болот. Бул үчүн байланыштыруучу предметтин программалык материалы менен мугалим күн мурунтан тааныш болууга тийиш. Бул ыкма «өзгөчө» ой жүгүртүү тексттерин үйрөтүүдө бир топ ыңгайлуу.

Ал эми кыргыз тилинин башка предметтер менен байланышын түзүү иши окуу процессинде мектеп программасындагы жалпы материалдын мазумуну бири-бири менен шартталгандыгы боюнча маданиятын калыптандыруу жана предметтик билимдерин интеграциялоо аркылуу түшүндүрүлөт. Мугалимдин байланыштыруу ишмердүүлүгү менен атайын иштелип чыккан, мазмундуу процессти түзөт.

«Предмет аралык байланыш – бул окуу предметтеринин арасындагы обьективдүү максатка ылайыкташкан мазмундук дал келүүчүлүк». [12.79] Демек предметтер органикалык байланышта окутулуп, жалпы маданиятты түптөө үчүн үйрөтүлүшү закон-ченемдүү.

Кыргыз тил сабагында предмет аралык байланышты түзүү аркылуу окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө таасир этүү менен илимий түшүнүктөрдү кабыл алуу жөндөмдүүлүгү арттырылат. Бул учурда тапшырманын максатын түшүнүү, байкоо жүргүзүү аналогия жасоо, абстракциялоо жана жалпылоо сыяктуу логикалык операциялар ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрүнө дал келип, так болушу керек. Ошондой эле, башка предметтер арасында кыргыз тилинин ролу, ээлеген орду, артыкчылыгы жана алар үчүн аткара турган коммуникативдик кызматы жөнүндө окуучулардын көз карашы пайда

болуп, калган предметтерге тилдик, кептик маданиятына таянуу менен мамиле жасай билүүгө багыт берилет. Демек, бардык предметтердин тилиндеги аныктамаларды, түшүнүктөрдү, аталыштарды жана терминдерди тилдик закон ченемдердин негизинде туура түшүнүп, так колдоно билүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүлүп, кептик маданияты артат.

Предмет аралык байланышты түзүү процессинде, биринчиден, башка предметтер боюнча түшүнүгү артса, экинчиден, предметтердин илимий, же терминологиялык системасын өздөштүрө алат. Мындан сырткары, предметтер боюнча сөз байлыгы, байланыштуу кеби, кеп маданияты калыптанат жана таанып билүүчүлүгү, кругозору кеңейет.

Кыргыз тили мугалими предмет аралык байланышты төмөнкү учурларда так аткара алат: тилдик обьективдүү байланыш, мазмундуу байланыш жана убактылуу байланыш түзүү учурларында иш жүзүнө ашырылат. Бул тиешелүү методикалык шарттуулукту ишке ашыруу үчүн мугалимдин байланыштыруучу предметтин программалык материалын жакшы билүүсү, же болбосо ал предмет боюнча минималдык өлчөмдө болсо да тиешелүү билимдерге ээ болуусу талап кылынат. Ошондой эле, алардын практикалык фактыларын, закон ченемдүүлүктөрүн жетиштүү өздөштүрүп, сабаттуу мамиле жасай алган учурда гана, талапка ылайык аткарылышы мүмкүн. *Бул учурда предмет аралык коммуникативдик принциптин жобосуна таянууга туура келет.*

Эгерде, предмет аралык байланыш так уюштурулса, материалдын аналитикалык мазмунуна окуучулардын кызыгуусу пайда болуп, алардын таанып-билүүчүлүк жана интеллектуалдык активдүүлүгү өсөт. Бул үчүн мындай оң мотивациялоонун идеялуу каражаттары катары программалык материалдарга тиешелүү болгон илюсстрациялык, дидактикалык каражаттар, сөздүктөр, сүрөттөр, моделдер, схемалар рационалдуу пайдаланылышы керек. Мындай каражаттар, албетте, окуучунун ой жүгүртүүсүнө, аракеттенүүсүнө, кызыгуусуна, таасир эткендей болушу күтүлөт.

Алсак, окуу процессинде математика предмети менен байланыштырууда мугалим предметтин өзгөчөлүгүнө токтолуп, анын символдордон турган тилдик бирдиктери, дүйнөнү таанып-билүүнүн ачкычы, илимий-техникалык прогресстин жана экономиканын базасы катары үйрөтүлө тургандыгы боюнча маалымат берет. Математикалык билим, маданият адам баласынын тактыгын, ар тараптуу реалдуу идеяларын өстүрүүчү касиеттерге ээ экендиги түшүндүрүлөт. Жаштардын жалпы маданиятынын, көз караштарынын туура калыптанышы үчүн алгоритмдик ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгүн жана сынчылдыгын камсыз кылып, акыл-эс

тутумунун жогорку деңгээлин көрсөтөт. Бул боюнча төмөнкүдөй накыл сөздөрдү пайдалануу менен алардын маанисин, окуучулар менен бирдикте чечмелөө аркылуу атайын көңүлүн буруунун негизинде түшүнүктөрүн арттырууга багыт берилет.

«Математика – илимдердин, ал эми арифметика матема-тиканын канышасы».

(К.Гаусс)

«Эгер чоң турмушка катышууну каалasaңар, мүмкүнчүлүктүн барында башыңарды математика менен толтургула. Кийин ал силердин бардык ишиңерде зор жардам көрсөтөт».

(М. Калинин)

«Математиканын турмуштагы күчү – анын бөлүктөрүнүн ажырагыс биримдигинде».

(Д. Гильберт)

Табият математиканын тили менен сүйлөйт: бул тилдин тамгалары-тегеректер, үч бурчтуктар ж.б. математикалык фигуралар.

(Г. Галилей)

«Жаратылышты үйрөнүүдө математиканын зор салымы бар, анткени ааламды түзгөн идеялардын иреттелген байланышын ачып көрсөтөт».

(Прокл)

«Математика – акыл эстин гимнастикасы», Цивилизация-нын маанилүү милдети – адам баласын ой жүгүртүүгө үйрөтүү.

(Т.Эдисон)

Математика – бул бардык илимдер сүйлөөчү тил.

(Н. Лобачовский)

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында кыргыз тили менен математика предметин байланыштыруу үчүн ***«Боз үй – көчмөн рухтун формуласы»*** деген темада текст жазуу үчүн күн мурунтан даярданууга тапшырма берилет. (№5 таблица)

Ой жүгүртүү текстинин үстүндө иштөө менен окуучунун мүмкүнчүлүгүнө жараша илимий жактан издене билүүгө түрткү берүүчү суроолор даярдалат. Алсак, математикалык синоним, антоним же омонимдерге мисал келтирүү. Мындан башка, таяныч лексика катары *айлана, симметрия, диагонал, радиус, бийиктик, аянт* ж.б. терминдердин илимий түшүндүрмөсү такталууга тийиш.

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында боз үй жөнүндөгү архитектуралык, философиялык түшүнүктөргө жана математикалык элдик элементтерге окуучулардын көңүлүн буруу менен төмөндөгүдөй текстти пайдаланууга болот.

## *Боз үй – көчмөн рухтун формуласы*

*Боз үй – кыргыз элинин ааламдын жаралышын чагылдырган макет сыяктуу жасалган дүйнө таанымдын натыйжасы. Кереге жыгачтарынын бири-бирине эриштире тыгыз көктөлүшү, кереге башына ууктардын катуу байланышы, ууктардын түндүктү бекем тиреп турушу, ааламдын түзүлүшүнүн бүтүндүгүн, бекемдигин, мекенди коргоонун ишенимдүүлүгүн, туруктуулугун символдоштурат.*

*Кыргыз эли үчүн төрт тарап ачык («Төрт тарабың кыбыла» деген сөз бар) бекеринен жаш Кыргыз Республикабыздын кызыл туусунда боз үй чамгарагы символдоштулулбаган чыгаар. Түндүк айланасынын төрт бөлүктөн турушу – ааламдын, төгөрөктүн төрт бурчун элестетет. Дүйнөнү төрт бөлүк деп түшүнүүнү символдоштуруу көптөгөн мамлекеттердин тууларында чагылдырылган.*

Тексттин аягында төмөнкүдөй макалдар чечмеленүүгө тийиш. «Уугум сага айтам, уулум сен ук», «Керегем сага айтам, келиним сен ук», «Босогом сага айтам, боорум сен ук», «Түндүгүм сага айтам, түгөлүм сен ук». ж.б.

Мындан башка, боз үйдүн өзгөчөлүгү, керемети жөнүндө жазылган ырлар, табышмактарды тааныштыруунун ыңгайлуу учуру пайдаланылат.

Боз үйдүн бурчу да жок, дубалы жок,<br>
Босого… мындан башка чубагы жок,<br>
Туурдугу борон-чапкын тосуп турат,<br>
Түндүгү Көк Теңирге кошуп турат.

*Кытай акыны Бо Цзюй-и, (которгон Кемел Белек)*

«Кыркырак акем өлөм дейт, кырк уулу кырк жагынан жөлөйм дейт» ж.б.

Мындай боз үйдүн эмеректерине байланышкан далай макал-лакаптар, ырлар, табышмактар, жаңылмачтар балдарга эмоциялык таасир берип адеп-ыймандуулукка тарбиялоого жана фантазиялык кыялдануусунун, таанып-билүүсүнүн өнүгүүсүнө үйрөтүп келген.

*«Боз үйдүн математикасы» деген текстин иштеп чыгуу үчүн болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй суроолор коюлат.*

1. *Боз үй архитектурасы эмнени түшүндүрөт?*
2. *Ууктарынын симметриялуулугу.*
3. *Боз үйдүн математикалык негиздерин эмнелер түзөт?*
4. *Боз үйдүн түркүгүнүн орнотулушу жана анын философиялык мааниси.*

Жогорку суроолорго окуучу математикалык алган билимдерине, түшүнүктөрүнө таянуу менен жана боз үйдүн лексикалык каражаттарын туура атоо менен жооп бериши талап кылынат. Натыйжада ой жүгүртүү тибинде, илимий стилдеги текст түзүлүшү мүмкүн. Бул учурда окуучу математикалык түшүнүктөрү жана маданияты боюнча да жоопкерчиликте болуп, коммуникативдик ишмердүүлүгүн көрсөтүүгө тийиш. Ошондой эле, боз үйдүн элдик математикасы жөнүндө пикир алышууга да орун берилиши мүмкүн. Андан ары ушул теманы улантып, төмөндөгүдөй тапшырмалар менен тереңдетүүгө болот. Алсак, *«Боз үйдүн георафиясы», «Боз үйдүн тарыхы», «Боз үйдүн физикасы»* ж.б.

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын кеп өстүрүү иш-аракеттеринде көп убакытты адабият, музыка, сүрөт предмет-тери менен байланыштырып өтүү бир топ натыйжалуу.

Музыкалык чыгармаларды, классикалык комуз күүлөрүн жана обондуу дастандарды үйрөнүү менен алардагы тилдик каражаттардын колдонулушуна жана айтылышына көңүлүн буруп, руханий маданиятын байытууга жана эмоциялык сезимдерин өстүрүүгө, жекече чыгармачылыгына түртки берет.

Жалпы алганда, окуучулардын искусствонун түрлөрү менен руханий азык алып, көркөмдүктү, кооздукту сезүү дүйнөсү, эстетикалык маданияты өсүп, жекече чыгармачылы-гына стимул берип, сөз байлыгы кеңейет. Мектеп окуучуларынын ар тараптуу өсүп-өнүгүүсүн калыптандырууда музыкалык билим жана тарбия берүүнүн мүмкүнчүлүгү абдан зор. Жаш өспүрүмдөрдүн музыкалык-эстетикалык деңгээли өспөй туруп, ар тараптуу өнүккөн руханий дүйнөсү байып жетилбеши ыктымал. Ошондуктан музыкалык билгичтиктерге ээ болуу менен үрп-адат, каада-салтты чагылдырган кыргыздын музыка өнөрүн жаратуучулар менен тааныштыруу, чыгарманы угуу, эсте туту, ырдоо аркылуу окуучуда музыкалык маданиятын өстүрүү жана эстетикалык табитин калыптандыруу зарыл. Муну менен музыканын эстетикалык байлыгы аркылуу окуучунун руханий жан дүйнөсүн ойготууга чоң мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Предмет аралык байланыштын материалдары аркылуу окуучулардын таанып-билүүчүлүгү өсүп, предметтин закон-ченемдүүлүктөрүн органикалык байланышта карап, кабыл алууга жана сөз байлыгын, түшүнүгүн калыптандырууга маанилүү жана табигый түртку берет. Предмет аралык байланышты түзүү аркылуу окуучулардын тилдик мүмкүнчүлүктөрүн ар тараптан өстүрүүгө жана

мектеп курсундагы бардык предметтердин тил каражаттарын интеграциялап окутууга методикалык негизде багыт берилет.

## Окутуунун жаңы технологияларын пайдалануу

Мезгил өткөн сайын методикалык-териялык илимдердин мазмуну, өзгөрүп, илимий таанып-билүүнүн методдору өркүн-дөдү. Инсанга багыттап окутуу концепциясынын негизинде билим берүү системаларында вариативдүүлүк принциби күч алып, педагогикалык закон-ченемдерди модернизациялоого жана автордук окуу пландарын, программаларын түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Натыйжада педагогикалык технологиялардын жаңы идеяларын, табылгаларын жана жетишкендиктерин, инновациялык окутууну ж.б. окуу-тарбия процесстеринде тажрыйбалоо мүмкүнчүлүктөрү турмушка ашырылды. Мындай өзгөрүүлөр билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуунун өндүрүштүк эффективдүүлүгүн көрсөтүү менен окумуштуулардын изилдөө обьектисин түзүүдө.

Окутуунун жаңы технологиясы катары: программалык тестирлөө, модуль системасы, интерактивдүү окутуу, сынчыл ойломду өстүрүү программасынын стратегиясы ж.б. практикаланууда.

Жогоруда белгиленген бардык эле окутуунун жаңы технологиялары окуучулардын чыгармачыл жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу аларды өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, билгичтиктерин, жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максаттарын көздөп, окутуу технологиясынын мазмунун жана багыттарын бир топ оптималдаштырып жаңыртты. Булардын ичинен сынчыл ойломду өстүрүү программасынын стратегиялык методдору активдүү колдонулуп, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүнүн, мамилелеринин стилин өзгөрүүгө дуушар кылды. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасы менен иштөөдө адис мугалимдин жетиштүү методикалык компетенттүүлүгү жана ээ болуучу натыйжаны, артыкчылыкты алдын ала көрө билүүсү зарылдыкты түзөт. «Демек, сынчыл ойломго окутуунун татаалдыгы кайсы бир деңгээлде окуучуларга бизди курчап турган чексиз, көп түрдүү проблемаларды көрө билүүгө жардамдашууда турат». [82.92]

Ошондуктан, окутуунун технологиялык стратегиялары-нын ар бири тийиштүү даражадагы айкын максаттарга жетишүүнүн куралы болуп саналат. Бул стратегиялар мугалим тарабынан, мисалы, адистик

өнүктүрүү үчүн төмөндөгүдөй тажрыйбаларды пайдаланышы мүмкүн.

- Окутуудагы жана турмуштагы маанилүү маселелерди чече билүү, пайдалана алуу ишкердүүлүгүү;
- Тексттеги негизги маани-маңыздык тилдик бирдиктерди баалоо үчүн чыгармачыл ыкмалары;
- Методикалык табылгаларды, жетишкендиктерди өздөштүрүүсү ж.б..

Ал эми окуучуларда төмөндөгүдөй сапаттардын калыптанышы үчүн колдонулат.

- Топ ичинде биргелешкен үзүрлүү иш-аракеттик жөндөмдүүлүгү;
- Маалымат булактары менен иштөөдөгү тактык, тыкандык;
- Тема боюнча изденүүчүлүк жана активдүүлүк;
- Өз көз карашы менен тигил, же бул фактыны түшүндүрө албаган, же акыл-эске, логикага, илимий далилдерге карама-каршы келген учурда андан баш тартууга жарамдуулук.

Мындай дидактикалык, психологиялык закон-ченемдер окуучунун коммуникативдик ишмердүүлүгүн өстүрүүгө абдан ылайык келген окутуу стратегиясын түзөт.

Өзгөчө, кыргыз тил сабактарында тилдик жана коммуникативдик билгичтиктеринин зарылдыгын окуучулар *изденүү, ой жүгүртүү, түшүнүү* менен колдоно билүүсүн камсыз кылуу жана кептик машыгууларга ээ болуу ж.б. анын негизги талаптары катары интенсивдүү кабыл алынат. Бул учурда окуучулардын коммуникативдик ишмердүүлүгү дискуссиялык жана диспуттук мүнөздө болуп, сөз байлыгын арттырууга стратегиялык стимул түзөт. Муну окутуунун жаңы технологиясы боюнча иштелген методикалык эмгектерде мындайча белгилейт. «Билим пайдалуу болуп, концептуалдуу түрүндө өздөштүрүлгөндө гана баалуу болот». [84.13] Демек, стратегиялык методдордун моделдик потенциалдарын демонстрациялоо менен ***угуу, окуу, сүйлөө, жазуу*** ишмердүүлүк-төрүнүн үлгүлөрү активдүү өздөштүрүлөт. Бул методдордун, моделдердин колдонулушу менен салт болуп калган «калыбына келтирүү аркылуу билим алуудан» же башкалардын идеясын өздөштүрүүдөн арылып, изденүү, эмгектенүү жана дискуссиялык мүнөздөгү сын көз караш менен ой жүгүртүп, өз алдынча түшүнүүгө жетишет. Ал эми мындай моделдик сабактын дидактикалык структуралары *«чакыруу»*, *«түшүнүү»* жана *«ой жүгүртүү»* фазалары менен этаптарга ажыратылат да, ар бир фазада аткарылган

коммуникативдик иш-аракеттин натыйжасы чыгарылып анын интерактивдүүлүгү артыкчылыгын көрсөтөт.

***Чакыруу*** – берилген тема боюнча түшүнүктөрдү окуучулар мурдагы алган билимдеринин негизинде эске салат. Бул биринчиден, окуучунун мурдагы билиминин деңгээлин текшерсе, экинчиден, жаңы тема боюнча ойлонуу ишкердүүлүгүн активдештирет.

***Түшүнүү*** – жаңы маалымат менен окуучулардын таанышуусу, башкача айтканда текстти окуу, же фильмди көрүү, мугалимдин түшүндүрмөсү аркылуу жаңы теманын материалы тааныштырылат. Окуучуну баштапкы өзүнүн түшүнүгү менен текстти байланыштырат. Ошол эле учурда мурда билгенин, жаңы өздөштүргөнүн жана эмне билүү керек экендигин байкашат.

***Ойлонуу*** – бул баскычта окуучулардын алган билимдери бышыкталып, материалды өздөштүрүүгө жана керектүү билимдерге ээ болот. Натыйжада түшүнүү, ойлонуу баскычтарынан өтүп, тема боюнча түшүндүргөндөрүн жолдошторунун алдында презентациялайт, логикалык мазмунду ачык айкын айтып берет.

Стратегиялык методдордун моделдеринин дидактикалык байланыштарын төмөндөгүдөй кароого болот.

| ***Чакыруу*** | ***Түшүнүү*** | ***Ой жүгүртүү*** |
|---|---|---|
| Инсерт | Т-схемасы | Кластер |
| Венн диаграммасы | Тыным менен окуу | Т-схемасы |
| Кластер | Венн диаграммасы | Синквейн |
| Муз жаргыч | Инсерт, синквейн | Венн диаграммасы |
| Мээ чабуулу | Эки жана үч бөлүктүү күндөлүк | Концептуалдык суроо, таблица, карта |
| Фактологиялык суроолор | Илгерилетилген лекция, «Бурчтар» стратегиясы. | Кубиктер, үч баскычтуу интервью |
| Концепция картасы | Зигзаг, окугандарды түгөйлөшүп тактоо. | Кайчылаш дискуссия, интервью, эссе жазуу |
| Биргелешип издөө | Дискуссиянын алтын эрежелери. Акыркы сөзду мага бергиле. | Окуу устаканасы. Педагогикалык рефлексия. Он мүнөттүк эссе. |
| Ротация менен пикир алышуу. | РАФТ, тактоо суроолору. | Аргументтештирилген эссе, Беш мүнөттүк эссе. Даймонд. |
| Академиялык чынчылдык | Тууралап окуу | Критерийлер. Кайтарым байла-ныш. Өзүн-өзү баалоо. |

Окутууда стратегиялык методдорун колдонуу менен окуучулардын төмөндөгүдөй коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсү мүмкүн.

- Чакан топто сүйлөй алуусу;
- Лингвистикалык баяндамалар менен чыгып көз карашын билдирүүсү;
- Тексттер менен иштөөдө өз оюн так, аргументтүү айтуу жөндөмдүүлүгү;
- Шарттуу көнүгүүлөрдү, талдоону далилдөө сабаттуулугу;
- Кептик графиктерди, диаграммаларды, схемаларды, таблицаларды колдоно билүүсү ж.б.

Албетте, окуучуларда ой жүгүртүүнүн рационалдык компоненттеринин калыптанышы ыктымал. Мисалы, алар аткарган тест тапшырмаларынын натыйжалары боюнча өз алдынча жыйынтык чыгара алуусу, текст боюнча концептуалдык суроолорду кое билүүгө жетишүүсү ж.б. Бирок «сынчыл ойлом» түшүнүгүнө алардан тышкары төмөндөгүдөй маанилүү коммуникативдик, интеллектуалдык компоненттер да кирет:

- Башка көз карашты кабыл ала билүү;
- Маселени ар тараптуу кароого жетишүүсү;
- Өзүнүн окуудагы максаттарын ачык-айкын кое билүү жана аларга жараша өзүнүн билим алуу багытын аныктай алуусу ж.б.

Окуу жана жазуунун жардамы менен сынчыл ойломду өнүктүрүүнүн технологиясынын бардык баскычтарын бир эле кеп өстүрүү сабагында сактоо же жүзөгө ашыруу милдеттүү эмес, мында байланыштуу кепти өстүрүү сабактарынын бүтүндөй бир сериясы пайдаланышы мүмкүн. Баарынан маанилүүсү: «***Чакырык маселеси – мазмунду аңдап түшүнүү, ой толгоо***» цикли аягына чыгып, кийинки чакырыкка алып өткөндөй болушу керек. Чакырык ой жүгүртүүнүн логикасынын өзүндө камтылып турат.

Сабакты уюштуруу жана стратегиялык башкаруу ыкмалары ийкемдүү, ачык, түшүнүктүү болууга тийиш.

Сынчыл ойлом – бул өз алдынча ой жүгүртүү. Качан сабак сынчыл ойломдун прициптеринде жүргүзүлгөндө гана, ар бир окуучу өзүнүн идеяларын, баасын жана ынанымдарын башкалардыкына көз карандысыз түрдө билдире алат. Демек, ой жүгүртүү жекече мүнөздө болгондо гана, ал сынчыл ой жүгүртүү боло алат. Окуучулар өз эркиндиги менен ойлонуп өтө татаал маселелерди да, өз алдынча чечиши үчүн жетишерлик түрдө эркиндикке ээ болууга тийиш. Окутуу процесстеринде жекече изденүүчүлүккө, өз оюн түшүнүктүү далилдей билүүгө, берилген маалыматты тез кабыл алып, айтылган ойлорду салыштырууга жана туура жооп бере алууга жана ага тарбиялануууга үйрөтүлөт.

Мугалимдер жана окуучулар динамикалык окутуу чөйрөсүндө башка булактардан алынган социалдык карым-катыш аркылуу жыйналган билимдердин активдүү жаратуучулары катары каралат.

Мында окуп-үйрөнүүнүн кульминациясы катары окуучулар сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгүн алмашууну пландаштырышат. Окуучулар маселени кое билип, аларга жоопту өз алдынча изденүү менен даярданууга да үйрөнүшөт. Класстагы бардык окуучулардын чыгармачылык жоопкерчилиги көтөрүлөт. Ошондой болуп туруп, ар бир окуучунун эркине, өзгөчө мүнөзүнө жана сүйлөө, жазуу жөндөмдүүлүгүнө орчундуу маани берилет. Ал эми мугалим өзү контакта болуу мамилесин, өз ара түшүнүү сезимин калыптандыруу менен уюштуруучулук мидетин аткарат. Сабак процессиндеги кептик татаал кырдаалга жооп табууда мугалим туура багытты көрсөтүүгө жардамдашат. «Сынчыл ойлом – бул бизге XXI кылымда ийгиликке жетүүгө мүмкүндүк берүүчү кандайдыр бир жакшы билгичтик болуп саналат». [84.91] Демек өз алдынчалык сынчыл ойломдун эң биринчи, балким, эң маанилүү мүнөздөмөсүн түзөт.

Бирок, кээ бир учурда мугалим менен окуучунун активдүү аракеттерин көрсөтүүчү сабактын формаларына көбүрөөк басым жасалып, анын мазмундуулугу көңүлдүн борборунан четте калгандай сезилет. Ошондуктан мындай көрүнүшкө мугалимдин өтө этият болуусу жана билим берүүчү тарбиялоочу коммуникативдик каражаттарын туура тандоо менен эң жөнөкөй, окуучунун изденүү сезимин козгогон методикалык ыкмаларды, стратегиялык моделдерди колдоно билүүсү зарыл маселелерден.

«Сынчыл ойломду» өстүрө турган окуу жана жазуунун программасынын моделдери кеп өстүрүү сабактарынын дидактикалык принциптерине дал келгендигине карай төмөнкүлөрдү сунуштайбыз.

***Кластер.*** Идеяларды чагылдыруудагы графикалык уюштуруучу. Сызыктуу эмес ойломдук ишти чагылдыруу ыкмасы. Кандайдыр бир темадагы идеяларды эркин жана бат чогултууга жардам берген педагогикалык стратегия. Ал бат унутулуп кала турган идеяларды графикалык сүрөттөө менен кагаз үстүнө белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Кластердин мүмкүнчүлүктөрү жана түрлөрү ар кандай: «кластер суроолор менен» (идеялардын ордуна суроолор жазылат), «кластер-табышмак» (кластердеги теманын же өзүнчө түшүнүктөрдүн ордулары толтурулбай бош калтырылат да, ошол тегеректерди толтуруу менен окуучулар теманы же зарыл түшүнүктөрдү аныкташы керек). Кадамдар:

1. Теманы тандап алуу жана аны тактага же дептерге жазуу.

2. Бардык сөздөрдү, түшүнүктөрдү, ассоциацияларды анализдебей жана сындабай туруп жазуу. Идеялар тегерегиндеги тегерекчелерге жазылып турат.
3. Жазууну жүргүзүү процессинде түшүнүктөрдүн ортосунда байланыштар түзүлөт.
4. Жазуу ишине берилген убакыт, же идеялар аягына чейин жүргүзүлөт.
5. Окуучулар жекече жасаган кластер, түгөйү менен талкууланат жана андан кийин бүт топко айтылат.
6. Кластерди келерки иште кантип колдонуу жөнүндө ойлонууга багыт берилет. Тексттин тил каражаттарынын стилин тактоо негизделет.

***Эки бөлүктүү күндөлүк.*** Текст менен иштөөнүн интерактивдүү ыкмасы. Мындай күндөлүктү толтуруу үчүн атайын убакыт талап кылынып, окуучунун жазуу ишмердүүлүгүн да өстүрөт. Белгилүү бир формада окуучулардын ой жүгүртүүлөрү жана баа берүүлөрү, көз караштары боюнча түшүндүрмөлөрүн жазууга көрсөтмө берет.

Окулган текстке карата окуучунун тикеден-тике реакциясын ачып көрсөтүү үчүн жана сөзсүз түрдө класста өтүлгөн жана белгилүү системада кийинки талкуу үчүн негиз катары пайдаланылат.

1. Мугалим окуучуларга тексттин башынан, ортосунан жана аягынан бир нече цитатаны тандоо боюнча суроо берет. Цитата кыска болуп, бир сүйлөм, фраза же сөз түрүндө болот.
2. Цитата күндөлүктүн графигинин сол жагына жазылат.
3. Түшүндүрмөлөрү болсо, оң жактагы графигине жазылат.
4. Мугалим окуучуларга биринчи цитатаны окуп, ага карата түшүндүрмө берүүнү сунуштайт.
5. Ушундай цитатаны дагы башка окуучулардын жазганын тактайт.
6. Эгерде ушундай цитатаны дагы башкалар жазган болсо, анын түшүндүрмөсүн сурап, бир эле цитатага окуучулар тарабынан ар кандай түшүндүрмө бергендиги байкалат.
7. Ушул тартипте кийинки цитатага өтүү жана көрсөтүлгөн үлгү боюнча андан ары улантууну сунуш кылынат.

***Эки бөлүктүү күндөлүктүн графиги***

| № | Цитаталар, фразалар, сөздөр. | Ой жүгүртүүлөр, талкуу жана ассоциациялар, баа берүү боюнча түшүндүрмөлөр. |
|---|---|---|
| 1. | | |

***Беш мүнөттүк эссе.*** Окуучулар окуп үйрөнгөн материал боюнча жыйынтык чыгаруу максатында ой жүгүртүү этабында беш мүнөттүк убакыттын ичинде жазган чакан көлөмдөгү жазуу иши.

Өзүнчө кайтарым байланыш түзүлөт. Окуучулар тема боюнча өздөштүргөн түшүнүктөрүн жазышат жана сабакта жообун албай калышкан бир суроону түзүшөт.

***Венн диаграммасы.*** Фактыларды, кубулуштарды, идеяларды салыштыруу үчүн пайдаланылган эки бири-бирине байланыштырылган тегерек түрүндөгү схемалар диаграмманы түзөт. Ар бир тегеректеги бош оруңдар айырмачылыктарды жазуу үчүн пайдаланылат; тегеректер кошулушкандагы түзүлгөн жалпы бөлүгү – эки салыштырылган кубулуштардагы (фактылардагы, түшүнүктөрдөгү ж.б.) жалпылыкты белгилөө үчүн, англиялык логик Веннанын атында аталган. Жекече жана топтук иште пайдалануу менен жалпылыктарды ажыратууга жардам берет.

***Даймонд.*** Окулган материалды резюмелөө менен кабыл алуу. Жалпылоонун чыгармачыл формасы синквейн сыяктуу эле түзүлүп жаткан текстке керектүү маанини берүү үчүн так сөздөрдү тандоо боюнча түйшүктүү ишти талап кылат.

Тил каражаттарын кылдаттык менен тандоо боюнча машыгууга көмөк берет. Сөз түркүмдөрүн так билүү талап кылат. Жети саптан турган төмөнкүдөй схемасы менен жүргүзүлөт.

1-сап – тема, бир зат атооч,

2-сап – теманы сүрөттөө,бул зат атоочту сүрөттөгөн эки сын атооч,

3-сап – бул зат атоочко тиешелүү үч этиш.

4-сап – төрт зат атооч: алардын ичинен экөө биринчи зат атоочко (биринчи сапта), калган экөө – акыркы (жетинчи) саптагы зат атоочко тиешелүү болот. Бул сап курамында төрт зат атоочтун ордуна дагы темага карата белгилүү катышты билдирген фразаны же сүйлөмдү камтышы мүмкүн.

5-сап – акыркы (жетинчи) саптагы зат атоочко тиешелүү үч этиш.

6-сап – жетинчи саптагы зат атоочко тиешелүү эки сын атооч.

7-сап – бир зат атооч – биринчи саптагы зат атоочко карта антоним. Сөз түркүмдөрүнүн негизинде белгилүү тема боюнча текст түзүлөт.

***Дискуссия*** – керектүү ыкмаларды гана колдонгон, чынтыкты табууга багытталган талаш-тартыш. Бул форма темадан туулган – талашып тартышуу. Дискуссия (латын тилинен «discussio» – изилдөө, кароо, талдоо) – ар кандай көз караштарды эске алуу менен, чындык ойду издөөнү, табууну максат кылып койгон эффективдүү ыкмасы катары эсептелинет. Себеби анын катышуучулары адаттагыдай талаш-тартыштын аягында өздөрү бир бүтүмгө келишет.

***Кубик.*** Текстти түзүү стратегиясы. Окуучулардын предметти, кубулушту, теманы таанып-билүүнүн алты деңгээлин өтүү процедурасы менен чектелет. Бул окутуу модели дидактикалык-коммуникативдик кубикти түшүндүрөт. Стартегиянын кадамдары:

1. Теманы тандоо;
2. Кубик менен таанышуу. Мугалим сабакка ар бир бетине тапшырма жазылган бир нече кубикти даярдап келет.
3. Окуучуларга кубиктин жактарында жайланышкан суроолорго жооп берүү менен эссе жазуу сунушталат.
4. Жазылгандары боюнча тексттин стили тандалат.

***Кубиктин жактарындагы тапшырмалар***:

1. Предметти, кубулушту сүрөттөө. (***Кандай формада, түстө, өлчөмдө?)***
2. Салыштыруу. (*Эмнеге окшош же окшошпойт?*)
3. Ассоциация берүү. (*Бул кантип жасалды? Эмнени эске салат?*)
4. Талдоо жүргүзүү. (*Бул кантип жасалды, эмнеден турат?*)
5. Колдонулушу. (*Муну менен эмне жасаса болот? Аны кантип пайдаланса болот?*)
6. «*Ооба*» жана «*каршы*» аргументтерин түзүү.

Бул модель аркылуу предметти, көрүнүштү түшүнүү тепкичтери жүргүзүлөт.

***Синквейн.*** Окуп үйрөнүлгөн түшүнүктөн резюме жасоонун кыска, сыйымдуу формасы аткарылат. Ар биринин өзүнчө мазмуну жана структурасы бар беш саптан турат.

Синквейндин схемасы:

1-сап – тема. Бир зат атоочтун жардамы менен жазылат.

2-сап – теманы сүрөттөө. Теманын аталышындагы зат атооч менен байланышкан эки сын атооч жазылат.

3-сап – теманын аракети. Теманын аталышында зат атооч менен байланышкан үч этиш жазылат.

4-сап – темага карата мамиле жасалат. Төрт сөздөн турган сүйлөм.

5-сап – бир сөз – теманын синоними. Кадамдары.

1. Мугалим же окуучулар тарабынанн теманы аныктоо.
2. Синквейнди жазуу схемасын көрсөтүү.
3. Окуучунун текстти түзүү боюнча жекече иши.
4. Кызматташтык. Жуп-жубу менен иштөө. Бири-бирине синквейндердин фактыларын окуп, пикир алышуу.
5. Түзөтүүлөрдү киргизүү же эки синквейнден бирөөнү түзүү.
6. Даярдалган тексттерди тааныштыруу үчүн окуу.

***Т-схемасы.*** Аргументтерди жана контраргументтерди сунуштоо үчүн графикалык схема уюштурулат. Маалыматты классификациялоого, баалоого, бир иретке келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Схема эки ачаланган же карама-каршы жооп бериле турган жана карама-каршы мамилелерди көрсөткөн эки бөлүктөн турат: «ооба» – «жок», «артыкчылыгы» – «кемчилиги», «макулмун» - «каршымын», «кошуу» - «алуу», «кара» - «ак» ж.б. Схема окуучулардын дискуссияга даярдануусуна жардам берет. Т-схемасынын кадамдары:

1. Эки ачаланган (бинардык) суроону түзүү жана жазуу.
2. Суроолордун алдында дептердин бетине экиге (эки бөлүккө) бөлүү. Бир жагына «ооба», экинчи жагына – «жок» деп жазууга («макулмун» - «каршымын» ж.б.)
3. Эч кандай позицияны кабыл албай туруп, ар бир бөлүккө бирдей өлчөмдөгү аргументтерди (далилдерди) жазуу.
4. Жазууларды түгөйлөрдө талкуулоо.

Маселен: Каныбекти баатыр деп санаса болобу?

| ***Ооба*** | ***Жок*** |
|---|---|
| 1. …<br>2. …<br>3. … | 1. …<br>2. …<br>3. … |

***Үч бөлүктүү күндөлүк.*** Текст менен иштөө ыкмасы жана окуучунун мугалим менен сүйлөшүү ыкмасы шартталат. Мунун негизинде да эки бөлүктүү күндөлүктү түзүүдөгү принцип жатат. Үчүнчү бөлүгүндө окуучунун комментарийине болгон мугалимдин сын-пикири жазылат. Үч бөлүктүү күндөлүктүн формасы:

| Цитаталар, аталыштар | Окуучунун комментарийлери, ассо-циациялары, ой жүгүртүүлөрү, талкуулары | Мугалимдин комментарийлери, ой жүгүртүүлөрү, эскертүүлөрү. |
|---|---|---|
| | | |

## III Глава. **Байланыштуу кепти өстүрүүнүн теориялык компоненттери**

### Тил жана кеп, алардын логикалык байланыштары

Мектеп курсундагы тил жана кеп жөнүндөгү өздөштүргөн билимдери кыргыз тили боюнча таанып-билүүчүлүккө багытталган иш-аракетинин реализацияланышын тейлейт, анын теориялык мазмунун эне тилинин лингвистикасы түзөт. Анын мазмунуна кыргыз адабий тилинин материалдык бирдиктери, маанилери жана структуралары, алардын кептеги функцияланышы жөнүндөгү илимий негиздери киргизилген.

Азыркы мезгилдеги кыргыз тил предметинин мазмунуна жана анын аткарылышына карай анын милдеттери да мамлекеттик стандартта өзгөрүлүп, компетенттик багыттардагы типтери аныкталды. Анын өзөктүк багыттары төмөнкүдөй белгиленген:

1. «Тилдик компетенттүүлүк – түшүнүктөр түрүндө калыптанган тилдин системасы, же тил жөнүндөгү билимдердин системасы;
2. Коммуникативдик компетенттүлүк – кеп ишкердүүлүгү;
3. Орфография жана пунктуация – жазуу түрүндөгү кеп ишкердүүлүгүнүн бир багыттуулугу». [43.176]

Окуучулардын кыргыз адабий тили боюнча жогоруда көрсөтүлгөндөй теориялык, коммуникативдик жана сабаттуулук билгичтиктерин, шыгын калыптандырууда тилдин коомдогу саясий, социалдык кызматы, артыкчылыктары түшүндүрүлүп, предметтик өзгөчөлүктөр түшүндүрүлүп туруусу зарыл.

Тил – бул турмуштук чындыкты, реалдуу көрүнүштү биздин түшүнүгүбүзгө чагылдырууда, өз ара пикир алышуу мезгилинде атайын каражат катары гана колдонулбастан, биздин коомдогу ордубуздун, ойлоо мүмкүнчүлүгүбүздүн, турмуштагы обьективдүү чындыкка карата болгон карым-катышты далилдөөчү жана ар кандай даражада ишке ашыруучу коммуникативдик каражат. Ошондуктан адамзат таанып-билген реалдуу турмуш, кубулуштар анын аң-сезимине таасир этүү менен анын кабыл алынуусуна жана жалпы көз карашына жараша реализацияланат. Тышкы таасирдин натыйжасында чексиз маалыматтар чогулуп, алар адамдын баамдоо мүмкүнчүлүгүнүн байланышына жараша болот.

Демек ойлоо, кабыл алуу процессинде адамзатка таасир этүүчү закон ченемдүүлүктү логика аркылуу байланыштырып кароо менен анын коммуникациялык формалары аныкталат.

Тил – адам баласынын, байланыш, катнаш, пикир алышуунун гана негизги куралы эмес, акыл-ойдун формасы, түшүнүктү, жалпы көз карашты билдирүүнүн куралы.


Ошондуктан тилдин негизги функциясы коммуникативдүүлүктү аткаруусу жана ой-пикирди калыптандыруу, өсүп-өнүгүү функцияларын көрсөткөндүгү менен бааланат. [15,62,71,76] Тилдин социалдык функциясы менен анын коммуникативдик байланыштыргыч милдети бири-бири менен эриш-аркак жүргөндүгү бардык аспектилеринде эске алынат. Ошондой эле, тилди жеке кишинин ой пикири эмес, жалпы адамзат тарабынан иштелип чыккан бардык идеяларды, билимдерди, коомчулуктун жетишкендигин билдирүүчү каражаты катары кароо менен жалпылаштырууга болот. Бул боюнча профессор К.К.Сартбаев: «Тил – адамдардын тажрыйбаларын, билимде-рин сактоонун жана укумдан-тукумга жеткирүүнүн куралы» [83.44] – деп анын улуттук мурастык кызматын баалоо менен байланыштырган. Ошондуктан тилдин бүгүнкү абалы, деңгээли, элдин тарыхый өнүгүүсүнүн жыйынтыгы катары эсептелинет. Анын тажрыйбасында тил ээсинин тарыхы, менталитети, маданияты, акыл-эси, психологиясы жөнүндөгү маалыматтарды камтып келет. Ал эми ишкердүүлүктүн ар кандай аспектилеринде жана коомдук тармактарда тилдин тейлөө кызматындагы артыкчылыгын белгилөө менен төмөнкүдөй мүнөздөмө берилет. «Тил – айрым адамды гана эмес, бардык коомду түшүнүүчүлүк менен башкаруучу идеалдуу инструмент». [74.14] Демек тил ар кандай сфераларда элдин ишмердүүлүгүнүн жөнгө салынышында кубаттуу күч катары колдонулат. Ошондуктан тил универсалдуу байланыштын куралы катары милдет аткарып, адамдардын ой пикирин, ички дүйнөсүн чагылдырат.

Ал эми методист окумуштуу И.В. Текучев: «Тил менен – ойлоо өз ара тыгыз байланышта болуп, алардын өсүп-өнүгүүсү ич ара шартталып турат. Башка бир да предмет мазмуну боюнча адам баласынын психологиялык ишмердүүлүгү катары анын ой жүгүртүүсү менен мынчалык деңгээлде тыгыз байланышта боло албайт. Тил өзгөчө касиеттерге ээ болуу менен адам баласынын өнүгүүсүндө абстракциялоочу жана жалпылоочу эң маанилүү каражаттардан болуп саналат» [80.8] деп белгилеген.

Окуучулардын ишмердүүлүгүн өстүрүү жана калыптандыруу маселелери боюнча сөз кылууда, ойлоонун психологиялык жана логикалык закон ченемдери менен тикеден-тике байланышта каралып негизделет. Тилдик маанилерди түшүнүүгө үйрөтүү – бул окуучулардын интеллектин такшалтуу, логикалык өнүгүүсүн активдештирүү.

Тил адам баласынын ой жүгүртүү жана чындыкты билдирүү формаларынан туруу менен бирге аң-сезимдүүлүк формага ээ болуусунда эң маанилүү роль ойнойт. Тил менен ойлоо өз ара тыгыз байланыштуу, бирок ал экөө бирдей эмес. Ойлоо процесстеринен айырмаланган тилдин өзүнө таандык закон-ченемдери бар. Тил аң сезимде, акыл эсте жашап, ал өзүнүн түрүн ойдун жыйынтыгы, туюнтмасы катары билдирип, өзгөрүүлөргө дуушар болуп турат. Бул маселе боюнча немец философу Гегель: «Чыныгы мааниде алганда, тил дегенибиз, акыл-эстин кызматы, анткени тил акыл-эстин тышкы көрүнүшү болуп саналат», - деп аныктама берген. Тилдин натыйжаларын ойлоо мүмкүнчүлүктөрүнүн жана акыл эстин жалпы маңызы катары баалоо менен адамдагы ***логика, тил*** жана ***кеп*** каражаттары дайыма байланышта болуп, аткарыла тургандыгы түшүндүрүлөт. Коомдук көрүнүштөрдү адамдын ички дүйнөсү менен байланыштыруучу каражаты – анын тили. Тил предметинин жогоркудай адам баласынын интеллектуалдык жана эң негизги маданий сапаттары менен тыгыз байланышта үйрөтүлө тургандыгына адис мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгү жана коммуникативдик компетенттүүлүгү менен өзгөчө көңүл бөлүнүүгө тийиш. Логика туура ой жүгүртүүнүн закон ченемдерин жана формаларын далилдөө менен мүнөздөп, ойломдун туура түзүлүшү үчүн рекомендация берип, анын уланмалуулугун, негиздүүлүгүн, ойго каршы келбестигин талап кылып, кептин сапаттуулугун көздөйт.

Бул үч түшүнүк: ***логика, тил*** жана ***кеп*** аткарылыш механизмдери боюнча бири-бири менен шартталып, байланыштуулукта турат.




Тилге жана кепке тиешелүү материалдар менен иштөөдө тилди анализдөө, ал эми кеп кабыл алуу жана түшүнүү менен өздөштүрүлө тургандыгына байланыштуу, логикалык ой-туюмун жана түшүнүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү процесстеринде окуучулардын кептик базалык билгичтиктери негизги орунду ээлейт.


Кеп тилдин кабыл алынышын көрсөтүп, коммуникативдик максаттарда тилдик системанын колдонулушу жүзөгө ашырылып, кептик акт жаралат да, тилдин функцияланышы кеп катары аныкталат.

Кептин коммуникативдик деңгээли ойлонуу жөндөмдүүлүгүнүн негизинде түзүлүп, кептин логикалуулугун аныктайт.

Логикалык ой-туюм – бул социалдык жактан шартталып, кептин изденүү процесстери менен тыгыз байланышып турган чындыктын абстракцияланып жалпыланган абалынын чагылдырылышы. *Логикалык ой-туюму боюнча ишмердүүлүгүн активдештирүү жумуштары окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн эң негизги маанилүү милдеттеринен болуп саналат.* Логикалык ой туюмунун өсүшү окуучулардын билим алуу, активдүү таанып-билүү ишмердүүлүгү менен, ошондой эле, өз алдынча тапшырма аткаруу жөндөмдүүлүктөрүн машыктыруу менен калыптанат.

Ой-туюм процесстери ой жүгүртүү жана корутундулоо аркылуу өткөндүктөн, логикалык жыйынтыкты берет. Демек, окуучунун ойлоно алуу билгичтиги, анын калыптанышында жана аңдап билүүсүндө маанилүү роль ойнойт жана анын мүмкүнчүлүктөрү чексиз болушу мүмкүн. Ошондуктан: «Кеп – интеллекттин өсүшүнүн эң маанилүү каналы, б.а. логикалык ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн өсүшү» [52.100] деп мүнөздөлөт. Оозеки, жазуу кебинин, билимдердин, байкоолордун жыйынтыгын, тапшырмаларды аткаруунун ж.б. процесстериндеги тилдик закон-ченемдер менен иштөөдө ойлоонун жана кептин туура аткарылып, жөнгө салынышы зарыл. Бул учурда практика – окуучунун ойлоно билүү аракетинин натыйжасын колдонуу тармагы жана анын тууралыгынын өлчөмү. Ошондуктан кеп логикасы – билим алуу ишмердүүлүгүнүн эң маанилүү элементи, же адабий тилдин нормативдик материалдарынын үстүндө иштөөдө предметтик мазмундук фактылардын системасы.

Кептин логикалуугу эки түр менен айырмаланат: предметтик жана түшүнүктүүлүк логикасы. Кыргыз тилинин закон-ченемдери жана предметтик кептик билгичтиктери боюнча так жана ачык, туура ойлоно билүүсү кеп ишмердүүлүгүнүн калыптангандыгы катарында аныкталат. Кептин тактыгы көбүнчө керектүү сөздү туура колдоно алуусу менен байланышта болуп, айтым маданиятынын деңгээлин да көрсөтөт. Муну төмөндөгүдөй схема аркылуу өз ара байланыштарын белгилөөгө болот.




Ал эми белгилүү тема боюнча түшүнүктөрдүн пайда болушу менен ойлоо мүмкүнчүлүктөрү артып, түшүнүк сөз менен бирге болуп, алар сөз аркылуу гана бериле тургандыктан, кептик акттын натыйжасын жаратуу механизми аткарылат.

Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү - бул алардын ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн аракеттеринин системасын калыптандыруу жана ага тарбиялоо. Кептин туура аткарылган деңгээли а) логикалуулугу (тактыгы, ачыктыгы, түшүнүктүү-лүгү, байланыштуулугу, тууралыгы); б) образдуулугу; в) эмоционалдуулугу ж.б. элемент менен аныкталат.

Кептин логикалуулугунда билимдердин далилдүү, ой жүгүртүү менен берилиши, образдуулугунда элестетүү факты-ларынын эсте калгандары, ал эми эмоционалдуулугунда таасир этүү менен билдирүү ж.б. кептик акттын жаралышына негиз берет. Логикалык ой-туюмду өстүрүүдө түшүнүктүн маанилүү багыттары менен өзгөчөлүктөрүн, касиетттерин түшүндүрүү боюнча алардын аныктамаларын өз алдынча иштеп чыгуу да чоң роль ойнойт.

Байланыштуу кепти өстүрүү иш-аракеттеринде логикалык көнүгүү, логикалык дидактикалык материалдар, логикалык таблицалар, схемалар пайдаланылып, төмөндөгүдөй маселелер чечилиши мүмкүн.

- Кепти өстүрүү ишинде логикалык көнүгүүнүн функциясын реализациялоо менен окуучулардын талкуулоосун үйрөтүү;
- Сөздүк казынасын байытуу (сөздүн семантизациялоо ыкмаларын аныктоо);
- Түшүнүктөрдүн үстүндө накта логикалык планда иштөө зарыл.

Психологдор белгилегендей, кепте жалаң эле мазмун эмес, окуучулардын кабыл алуусундагы ойдун структурасы да эске алынышы керек.

«*Кеп*» термини – бул лингвисттерден башка (социолингвисттер, нейролингвисттер), психологдор, методисттер, педагогдор, логиктер, физиологдор, логопеддер, жана информатиктер, невропотологдор, акустика боюнча адистер тарабынан иликтөөгө алынган татаал обьект. Ошондой эле, «кепке» философтор жана адабиятчылар, социологдор кайрылышкан. Ар бир аталган илимде «кепке» ар тараптан мүнөздөмө берип, анын функционалдык дефинициясын аныктоо менен алар обьектилик өз предмети катары карап, анын кызматын тактоого көңүл бөлүшкөн. Функционалдык маанилерин аныктоо үчүн каражат жана факты болуп, социалдык ишмердүүлүк, же символдук белги экендигин констатациялашкан.

Жогорку «*кеп*» боюнча өз обьектисин байланыштырган илимдердин ичинен адам баласынын кеп ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон илимдердеги мүнөздөмөлөр бир топ өзгөчөлүктү түзөт. Жеке адамга карата алганда, *кеп* – бул адамдын акыл-эсин, кадыр баркын, коомдогу алган ордун тастыктап туруучу негизги көрсөткүчү. Ал эми жалпы адамзатка карата алганда, *кеп* – тарыхый жактан калыптанган, материалдык жактан түзүлүү процесстеринде адамзаттын мамиле түзүүсүнүн, кызматташуусунун ишкердүү формасы.

Кепке төмөнкүдөй аныктамалар берилген. Кептин табияты жана анын закон-ченемдери боюнча бир топ илимий иликтөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуу С. Давлетов: «Речь дегенибиз – карым-катнаш жасоо үчүн тил каражаттарынын колдонулушу» деп аныктама берген. [21.13]

1. Кеп деген терминге лингвисттер: «Кеп – пикир алышуу максатында тилдик системанын каражаттарын тажрыйбада пайдалануу, турмушка ашыруу» [65.258] деп аныктама беришкен.

2. Ал эми психология илиминде «Кеп – бул адам баласынын ой жүгүртүүсүнүн же ойлоо процессинин туюнтмасы». [40.305] Кеп ой жүгүртүүнүн закон-ченемдүүлүгү менен тыгыз байланышта аткарылгандыгына карай, психология илиминин предмети катары эсептелинет.

3. Ошондой эле, педагог окумуштуулар да «кеп» деген түшүнүктү өз предмети катары мамиле жасашып, кепти өстүрүү жана ага тарбиялоо аспектиси менен тыгыз байланышта карап, көңүл бөлүшкөн.

Педагогдор окуучунун айлана-чөйрөсүнүн, билим жана тарбия берүүчүнүн, жаратылыштын таасирлүү болушуна маани беришкен.

Ошондой эле, окуучулардын кеп байлыгынын өсүшүнө түрткү болгон материалдык жана руханий байлыктарды, реалдуу турмушка байланышкан фактыларын эсептешип, таасирленүүсүнө өзгөчө көңүл бурушкан. Ошентип кеп, көп жактуу жана татаал кубулуш катары бир нече илимдин обьектилерин байланыштырып колдонулгандыктан, алардын интерпретациясына ар кандай аспектиден көңүл бурулат. «Тил качан гана функционаланган процессте кыймыл-аракетке келтирилгенде, башкача айтканда, кепте гана өмүргө ээ боло алат. Кепте гана ал практикалык мааниге ээ болуп, тилдин потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн реализациялайт» [92.75] деп белгиленген. Демек, *кеп – бул иш-аракетти, түшүнүктөрдү тилдик каражаттар аркылуу ойду билдирүүнүн, мамиле түзүүнүн чыгармачылык актысы.*

Кептик акттын жаралыш механизмдерин өздөштүрүүдө анын башка илимдер менен байланыштары жана продуктивдүү касиеттери, функционалдык кызматтары мүнөздөлүп үйрөтүлөт.

## Кептин түрлөрү

Кеп аткарылышына карай эки чоң топко бөлүнөт.

- ***Ички кеп***
- ***Тышкы кеп***

1. ***Ички кеп.*** Мында тигил же бул маселе боюнча адамдын өзү менен өзүнүн кеңешүү, сүйлөшүү процесси жүргүзүлүп, сыртка чыгарылбайт. Ички кептин стадиясында белгилүү тема же, проблема боюнча окуучунун түшүнүп кабыл алгандары жана мурун үйрөнгөндөрү, алардын предметтик жалпы билгичтиктери тажрыйбалык көрсөтмө берип, кептик мотивациялык чечимди натыйжалап турат. Психологиялык адабияттарда белгиленгендей, мында өзгөчө баамдалбаган, «автоматтык түрдө таасир этүүчү кептин формасы» [39.20] катары окуучунун жалпы деңгээли, зиректиги, элестетүүсү, көңүл буруучулугу жана тез багыт алуучулугу «чыгармачыл потенциалдары» [85.37] менен коштолот да, ишке киришет.

Окуучунун ички кеби психологиялык закон-ченемдер менен мүнөздөлгөндүктөн, анын каражаттарын: пикирди ***кабыл алуу, угуу, түшүнүү, ойлонуу, интуиция, сезип туюу*** процесстери түзөт. Окуучунун ички кеби өнүкпөй, же даярдалбай туруп, тышкы кепти өстүрүү мүмкүн эмес. Ички кепте жекече тиешелүү каражаттары менен катар көмөкчү атайын каражаттар да колдонулат. «Ойлонуу

процессинде тапшырманы акыл-эс менен чечүү, өз алдынча план түзүү жана окуган китепти, пикир алышууну эске салуу, үнсүз китеп окуу, жазуу менен аткарылат». [17.22] Ички кептин жаралышына тарбиялап үйрөтүүнүн натыйжасында өз алдынча ой жүгүртүп даярдануу менен маалымдоонун сапаты мыкты деңгээлде болуп, сыртка билдирүүчү кеп чаржайыт, же кайталанбай, системалуу, мазмундуу болушуна көрөңгө түзүлөт.

Кептин бул стадиясы аркылуу окуучу өз оюн жетилтип, ар тараптуу билгичтик менен дараметин колдонууга багыт берилип, ойлонуп сүйлөөгө жана токтоолукка тарбияланат. Ички кептин туура багыт алышы жана анын жардамы менен окуучунун сезип туйгандары логикалык жактан кайрадан иштелип чыгат да, белгилүү системадагы закон-ченемдер, ой-пикирлер боюнча баамдагандары, түшүнгөндөрү вербалдык түрдө жүргүзүлөт.

Ички кептин элементтерин: бардыгын түшүнүп билүү, таасирленүү, тынчсыздануу түзгөндүктөн, сезип-туйган фактылардын интерпрентациясы кептик акт түрүндө ачыкка чыгат. «Мунун бардыгын адам баласынын акыл ишмердүүлүгүнүн жана түшүнүүсүнүн универсалдык механизми, бүтүндөй дарамети менен анын ички кеби иштеп чыгат». [75.27] Ички кептин процесстери төмөнкүдөй психологиялык шарттуу типтерди камтыйт.

1. Өзү үчүн тышкы кептин структурасын сактоо менен татаал шарттарда ой жүгүртүү милдеттеринин чечилиши жана жекече интуициясы аркылуу жүргүзүлөт.

2. Ички кеп ой жүгүртүүнүн каражаты катары колдонулганда, атайын бирдиктер (коддук схемалар, образдар, предметтик коддор) пайдаланылып, өзгөчө структура менен даярдалат. Ички кеп предикативдик компоненттери менен мүнөздөлөт.

3. Ички кептин имплициттүүлүгү жана компоненттеринин семантикалык өзгөчөлүктөрү, механизмдери жана кырдаалдык контекстуалдыктары менен шарталгандыктын деңгээлинде жүргүзүлөт ж.б.

Ички кеп сырткы факторлордун таасири менен түзүлүп, анын психологиялык трансформациясы катары эсептелинет. Демек жалпылоодон, кырдаалдуулуктан жана жыйналып туруучу оозеки фрагменталдуулуктан түзүлөт. Натыйжада тышкы кептин структуралык түзүлүшүнүн пайда болушуна багыт берилип, синтаксистик каражаттардын конструкцияларынын негизинде

курулат. Тышкы факторлор менен ички кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү байланыштырылып, алар тилинде чагылдырууга негиз берилет. Ал эми окутуу ишинде, өзгөчө жазуунун түрлөрүн жана тексттин типтерин аткарууда алдын ала окуучулардын ички кебине эффективдүү таасир этүүнүн методикалык мааниси чоң.

Адис мугалимдин ички кептин аткарылыш процессинде окуучу үчүн шарт түзүп, конкреттүү, коммуникативдик багыт берип, психологиялык закон-ченемдердин негизинде уюштура алуусу жана өзгөчө көңүл буруусу зарыл. Бул учурда окуучунун ички кебин максаттуу уюштуруп, белгилүү тапшырма сунушталып, эске алынуучу фактылар белгиленет. Туура багыт берүү менен кептин продуктивдүү жана натыйжалуу аткарылышына үйрөтүү, тарбиялоо стадиялык мүнөздө талап кылынат.

2. ***Тышкы кеп.*** Белгилүү тема, же тапшырма боюнча ойду билдирүү, же жооп берүү менен тышкы кеп аткарылып, башкалардын, угуучулардын түшүнүүсү, кабыл алуусу үчүн маалымат жасалат. Бул – ички кептин ишке ашуу процесси.

Тышкы кеп аткарылыш формасына карай оозеки жана жазуу түрүндө болот. Кептин бул түрлөрүн өстүрүү жана калыптандыруу иш-аракеттери бири-бири менен тыгыз карым-катышта жүргүзүлөт. (№1 таблица)

***Оозеки кеп.***

Оозеки кепти өстүрбөй туруп, жазуу кебинин сабаттуулугуна, ишкердүүлүгүнө ээ болуу мүмкүн эмес. Мындан тышкары, оозеки кепке пикир алышуучулардын окуяга аралашуусун туюндуруучу тышкы кептик, кешпирлик (эксплициттик) тилдик пикирлешүүнүн кошумча каражаттары катары кызмат кылат. Мындай кошумча каражаттарды түзүүчү мимика, кол булгоо, кол шилтөө, баш ийкөө, баш чайкоо ж.б. (паралингвистикалык) кыймылдык белгилер түздөн-түз түшүнүү каражаттары болот.

Кээде чечилүүчү маселелер оозеки кепте көз ымдоо, кол шилтөө, мимикалык кыймыл аракеттер аркылуу ошол мезгилде гана аткарылышына мүмкүндүк берип, окуянын жүрүп жаткан убагына да байланыштуу колдонулат. Пикирлешүү маанайы чеберчиликке жараша сөз, белги аркылуу ишке ашат.

Оозеки кеп сүйлөшүү, пикир алышуу аркылуу аткарылып, карым-катыштын негизги жана активдүү формасын билдирет. Кептин оозеки формасы жандуу кепти түзүп, сүйлөө мотивине, интонациясына, логикалык басымдын сакталышына жана адабий

тилдин орфоэпиялык нормативдеринин туура пайдаланылышына жараша болот. Оозеки кептин аткарылыш механизмдерин төмөнкүдөй структуралык шарттар менен байланыштырып кароого болот.

1. *Мотив – адамды сүйлөөгө, пикир алышууга тартуу, ага себеп болуу;*
2. *Интенция – адамды ошол мотивге жараша сүйлөөгө ынтаа коюусу;*
3. *Ички кеп – адамдын ички планы, айта турган кебинин багыты.*
4. *Тышкы кеп – ойдун практикада ар кандай түрдө, формада ишке ашырылышы.*

Оозеки кеп төмөнкүдөй түрлөр менен жүзөгө ашырылат. (№2 таблица)

- ***Диалогдук кеп***
- ***Монологдук кеп***
- ***Полилогдук кеп***

1. ***Диалогдук кеп***. (*гр.* dialogos – *аңгемелешүү*) Эки, же андан көп тараптардын пикир алышуусу менен ишке ашып, окутуунун прогрессивдүү мүнөзүн алып жүрөт. Диалогдук кеп мугалим менен окуучунун , окуучулардын арасында бири-бири менен өтүлгөн материалдар, тексттер же атайын коммуникативдик тапшырмалар боюнча пикир алышуусу, суроо-жооп, талдоо, аңгемелешүү, талашып-тартышуусу аркылуу жүргүзүлүп, окутуу ишин активдештирет. Диалогдук кеп эки функцияны аткарат:
   a) Окуу процессин уюштурганга жардам берип, б.а. кептик таасир этүүнү аткарат.
   b) Мамиле түзүү порцессин жаратып, б.а. кептик ишмердүүлүктү аткарат.

Бул учурда жаңсоо, мимика, ж.б. каражаттар активдүү колдонулат. Ар кандай кептик кырдаалдар пайдаланылат.

Кептик кырдаал актуалдуу болуп, методикалык жактан туура уюштурулса, проблемалык кырдаал ишенимдүү жаралат да, окуучулардын кызыгуусун туудурат. Мында суроо берүүнүн, жооп кайтаруунун оптималдуу үлгүлөрү ишмердүүлүк менен жүргүзүлүп, диалогдук моделдер пайдаланылышы керек.

2. ***Монологдук кеп.*** Оозеки кеп бир тараптуу аткарылып, суроо-жооп, талашып-тартышуу болбойт. Окуучуларга күн мурунтан атайын даярдалган тапшырма берилип, текстти кайра айтып берүү,

жыйналышта өз оюн билдирүү, баяндама жасоо, чыгармалардан үзүндү келтирүү ж.б. менен машыктырылат. Монологдук кеп окуучулардын класстык этабына, кызыгуусуна, көз караштарына жана зарылдыгына жараша уюштурулуп, аны аткаруучулук мүмкүнчүлүктөрү, табыгый таланты эске алынат. Текстти айтып берүүдө ойдун байланыштуулугу, системалуулугу жана таасирдүүлүгү боюнча көрсөтмө жасалып, интонация, үн, дикция жана мимика сыяктуу каражаттар үйрөтүлөт. Тиешелүү фразаларды, цитаталарды жана үндү туура пайдалануу менен далилдүү фактылардын колдонулушу боюнча билгичтиктери арттырылат.

3. ***Полилогдук кеп.*** Бир нече тараптардын актуалдуу тема боюнча пикир алышууга бирдей укукта жана активдүүлүктө катышып, көз караштарын билдирүүсү менен ишке ашат. Тараптардын арасынан эки, үч киши кепке катышышы мүмкүн, калгандары угуп туруу, же тиешелүү тарапты колдоо менен уюштурулат.

Көпчүлүк учурда, окуучулардын диспуттук, дискуссиялык жана дебаттык мүнөздөгү иш-чаралардын уюштурулушунун мазмуну түзүп калат.

***Жазуу кеби***

Белгилүү тема боюнча орфографиялык сабаттуулуктун негизинде аткаруу менен ишке ашат. Ойду түшүнүктүү кат жүзүндө даярдап, тексттин мазмуну, байланыштуулугу жана системалуулугу сакталат. Кептин башка түрлөрүнө караганда, татаалдыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү менен кескин айырмаланат. Анткени кыргыз тилинин жазуу принциптерин, орфографиялык сабаттуулукту так сактоо менен жазуу ишинин түрлөрүн туура аткаруу иш-аракеттери бир топ кыйынчылыкты жаратат. Жазуу иштеринин түрлөрүн аткарууда тексттердин түзүлүшү, типтери жана алардын стилдик курулуштары боюнча зарыл билимдерге ээ болушу мыйзам ченемдүү.

Жазуу кебинин абалы окуучулардын жалпы билиминин жана сабаттуулугунун деңгээлин аныктайт. Ошондуктан жазуу ишинин калыптанышы мугалимдин да, окуучунун бирдей ишкердүүлүктөгү жоопкерчилигин талап кылат. Анын фундаменталдуу калыптанышы үчүн методикалык, психологиялык негиздерде туура уюштурулуп өзгөчө окуучулардын машыгуусун жана көндүмдөрүн арттыруу зарыл.

Төмөнкүдөй методикалык иш-аракеттери үзгүлтүксүз аткарылууга тийиш.

1. Көнүгүүлөр системсын так, туура аткаруу.
2. Комментарияланган жазуу иштери.
3. Орфографиялык талдоо.
4. Орфографиялык сөздүктөр менен иштөө.
5. Каталарды жоюу ыкмалары
6. Орфографиялык минимумду өздөштүрүү ж.б.

Жогоруда белгиленген кептин түрлөрүнүн бири-биринен болгон функционалдык айырмачылыгын, аткарылышын жана аларды этаптык мүнөздө байланыштуулукта үйрөтүлүшүн так ажырата билүү жумуштары адис мугалимдин педагогикалык устаттыгы жана методикалык билими менен башкарылышы зарыл. (Ал эми «Жазуу ишмердүүлүктөрү» жөнүндө кийинки бөлүмдөрдө сөз болот)

## Текст жана анын каражаттары

Мектеп шартында кыргыз тил предмети боюнча лингвистикалык билим берүү менен бирге коммуникативдик жана практикалык максаттарда окутуунун натыйжасында окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү милдеттери иш жүзүнө ашырылат. Окуучулардын коммуникативдик билгичтигин, машыгууларын жана өз алдынчалыгын арттыруу жумуштарында *тексттер менен иштөө* негизги жана маанилүү методикалык компонентти түзөт. Тексттин түрлөрүн жана типтерин, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү аркылуу алардын кептик потенциалдары, таанып-билүүчүлүгү, дүйнө таанымы боюнча билимдери этаптык мүнөздө калыптануусу шартталат. Ошондой эле, тексттердин актуалдуулугу, дидактикалык функциялары жана алардын эстетикалык, логикалык, этикалык жана этномаданияттык тарбия берүү мүмкүнчүлүктөрү менен коммуникативдик билим берилет.

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында пайдалануучу тексттер программалык теориялык материал менен тыгыз байланышта болуп, анын закон-ченемине таянуу менен кептин тууралыгын жана логикалуулугун тактоого, ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн өстүрүүгө түрткү бере тургандыгына басым жасалат.

Кийинки мезгилдерде текст менен иштөө проблемалары окуу куралдарында, методикалык адабияттарда да, практика-лык иш-аракеттерде да абдан актуалдуулукту түзүп, кеңири иликтенип изилдөө обьектисин түзүп калды. Кеп өстүрүү жумуштарында тексттер «дидактикалык материал» [62.282, 57.25] катары бааланып, аны менен иштөөнүн оптималдуу ыкмаларына активдүү көңүл бөлүнүп, методикалык, тажрыйбалык ыкмалар сунуш кылынууда.

Ошондой эле, теориялык жактан да, актуалдуу проблема катары тексттер лингвистикалык, социалдык, стилистикалык, когнитивдүү ж.б. илимий изилдөөлөрдүн активдүү обьектисине айланды. (Өмүралиева С., Мусаев С.Ж., Маразыков Т.С. ж.б.)

Мурунку жылдарга салыштырмалуу мектеп программасында [44] болсун, же ЖОЖдордун улуттук тайпаларында кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутууда болсун, тексттин түзүлүшү, мазмуну, тексттин тил каражаттары жана текстти кайра иштеп чыгуу, тексттин стилдик өзгөчөлүктөрү жана жабдылышы сыяктуу маселелер актуалдуу болуп, аларга 90-жылдардан тартып өзгөчө көңүл бурулууда. Тексттин түрлөрү, жана анын закон-ченемдери боюнча адис мугалимдин теориялык, методикалык жеткиликтүү билимдерге ээ болуусу зарыл милдеттерден экендиги белгиленүүдө.

Илимий адабияттарда жана терминологиялык сөздүктөрдө текстке түрдүү аспектиден мүнөздөмө берилип, лексикалык түшүндүрмөлөрү такталган. Ал эмгектерде тексттин теориясына жана анын методикасына, дидактикалык функцияларына, категорияларына гуманитардык дисциплина-лардын комплекстүү аныктамалары берилген.

Текст – (*латын сөзү* «textus») *токуу, өрүү, бириктирүү* дегенди билдирет. Төмөндө айрым окумуштуулардын теориялык жана коммуникативдик аныктамаларына токтолобуз.

«Текст – маанилик жана грамматикалык жактан өз ара байланышкан жана бир бүтүндүктү түзгөн бөлүктөрү бар речтик чыгарма». [21.20]

«Текст – информатикалык мааниге ээ, тематикалык максаты менен байланышы бар, структуралык-семантикалык жактан аякталган, стилдин табиятына ылайык адабий тилде иштелип чыккан, жазууга түшүрүлгөн, сүйлөп ой-жүгүртүү процессиндеги бирдик». [56.82]

«Текст – максатка багытталган кептик чыгармачылыктын жыйынтыгы, кептик чыгарманын бүтүндүгү, автордук идеянын коммуникативдүүлүктө шартталган кептик реализация». [85.352]

«Текст – бир нече сүйлөмдүн тизмегинен турган речтик ишкердүүлүктүн жыйынтыгы. Текст тематикалык, маанилик жана грамматикалык жактан байланышат, стилистикалык жана структуралык жактан тутумдаш болот». [24.23]

Ал эми окуу китептеринде текстке аныктама төмөндөгүдөй берилген. «Мааниси жана грамматикалык жагынан байланышып турган эки же андан көп сүйлөмдөр текст болот». (Кыргыз тили. 5-кл., 2003, 5-б.)

«Текст – кеп чыгармачылыгынын натыйжасы» (Кыргыз тили. 7-кл. 7-б.) ж.б.

Тексттин мазмундук байланыштары уланмалуулукта бириктирген каражаттарынын бирдигинин негизги өзгөчөлүктөрү катары анын байланыштуулугу жана бүтүндүгү эсептелинет.

Текстке берилген бул аныктамалар окумуштуулардын, методисттердин текстке карата болгон позициясына жана илимий изилдөө багытына жараша мүнөздөлгөн. Тексттин коммуникативдик тил каражаттары грамматикалык, функционалдык стилистикасы, социалдык лингвистикасы, көркөм чыгарманын тексттеринин теориясы ж.б. сыяктуу тармактардагы өсүп-өнүгүүлөрү тексттик түшүнүктү ар тараптуу кароо менен мүнөздөмө берүүгө шарт түзүүдө. Текстке ар кандай аспектиден берилген аныктамаларды эске алуу менен коммуникативдик төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга туура келет. ***Текст – белгилүү темадагы мазмундун бир беткей тил каражаттары менен түзүлгөн логикалык жактан байланышкан, кептик чыгармачылыктын жыйынтыгы.*** Коммуникативдик тексттер тилдик, психологиялык жана социалдык багыттарда мүнөздөлүп, бул үч аспекти алардын бир бүтүндүк менен пикир алышуусунун жана бүтүндөй кеп ишкердүүлүгүнүн каражаты катары кызмат кылат. [21, 24, 54,75]

Демек, коммуникативдик багыттагы тексттер тилдик, кептик каражат катары функционалдык маанигe ээ болуу менен лингвистиканын ар түрдүү деңгээлинде каралат. Тексттин түзүлүшү коммуникативдик багытка, максатка, стилге жараша болот. Кептин бардык түрлөрү текст аркылуу гана түзүлүп, кептик чыгармачылыктын актын билдирет.

«Текст – бул мазмундун жана форманын ажыралгыс бүтүндүгү» [15.228] болуп, анын негизги максаты – белгилүү информацияны камтыгандыгы. Тексттин мазмуну түшүнүктүү болушу үчүн ал байланыштуу, логикалуу жана удаалаштыкта түзүлөт. Текст – кеп ишмердүүлүгүнүн продуктусу катары чыгармачылыктын натыйжасы. Ал эми, методикада текст «айтуу» сөзүнүн синоними катары колдонулуп, ар кандай «кеп ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы» маанисин билдирсе, көпчүлүк учурда жазуу менен айтуу ишинде байланыштырылып колдонулат.

Тексттин табиятын толук мүнөздөө үчүн адам баласынын мамиле түзүү зарылчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн окутуу процесстеринде ар тараптан таанып-билүү зарыл. Анткени текст мамиле түзүүнүн бирдиги болгондуктан, анын бүтүндөй табияты, түзүлүш жана реализацияланыш механизмдери, технологиясы ойду

билдирүүнүн закон-ченемине, ал абалына ылайык үйрөнүү аспектиси ишке ашат.

Тексттер адам баласынын өз ара сүйлөшүүсүн, мамиле түзүүсүн канааттандыруучу коммуникативдик каражат катары тилдик бирдиктерден тургандыгы менен айырмаланат. Ошондуктан текстте логикалык, тематикалык, жанрдык, стилдик, семантикалык, структуралык, нормативдик, мазмундук байланыштар сакталат. Текст ушундай байланыштардын негизинде гана кандайдыр бир маалыматты окуучуларга туюндуруу мүмкүнчүлүгүн аткара алат.

Текст белгилүү чектелгендикте түзүлө тургандыгына байланыштуу, анын башталышы жана аякталышы болуп, курулушу боюнча тиешелүү максаттарга жооп бериши керек. Анын мазмуну адам баласынын дүйнөдөгү реалдуу предметтер, кубулуштар, окуялар, фактылар, мамилелер жөнүндөгү ой пикирлерин, сунуштарын, көз караштарын камтып турган бүтүндүгү менен айырмаланат.

«Тексттин түзүлүшү үчүн ар бир сүйлөмдүн салымы болуп, анын негизин түзөт. Сүйлөмдөрдүн өзүнө таандык орду, ролу, белгилүү бир функциясы, семантикалык структуралык жана коммуникативдик көп кырдүү байланыштары болот. …сүйлөмдүн синтаксисинен тексттин синтаксисине өтүү, ар башка сүйлөмдөрдүн өз ара карым-катышына, тутумдаштыруучу каражаттарына көңүл буруу зарыл». [21.14] Айрым илимий адабияттарда: «Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышы – баарынан мурда ойлонуунун байланыштары» (Л. Щерба) деп белгилеген. Ошондуктан тексттин карамагындагы сүйлөмдөр өзүнөн мурунку жана кийинки бир нече сүйлөмдөргө семантикалык-структуралык жактан байланышып, эриш-аркак бир бүтүн процесстин бөлүгүн түзүп тургандай, коммуникативдик функциясы менен катышышат. Алар тутумдаш, удаалаш жана паралелль байланыштуулукта колдонулат. Бул фактыларды кийинки чыккан «Кыргыз тили» окуу китептеринде (6-кл. Үсөналиев С.; 7-кл. Абдесов Н., Сапарбаев А.) кеңири берилген. Сүйлөмдүн тутумундагы фонетикалык, лексикалык, морфемалык, грамматикалык жана стилистикалык каражаттар тематикалык, логикалык байланыштуулукта колдонулуп, белгилүү максатты аткаруу кызматында болушат. Демек, тексттин тилдик закон-ченеми теорияга караганда, логиканын, психологиянын, прагматиканын, стилистиканын жана коммуникациянын закон-ченемине таянат. Ошондуктан текстте негизги жагдай катары синтаксистик параметрлер эмес, «коммуникативдик параметрлер, б.а. тема, рема, модели боюнча информацияны берүү жолу, ыкмалары чечүүчү мааниге ээ». [56.86]

Ошондуктан тексттеги мазмунга карай автордун, же маалымат берүүчүнүн чыгармачыл жана ишкердүү аракети да камтылып, тексттин табиятындагы өзгөчөлүк катары түшүндүрүлүүгө тийиш.

***Текст таануу процесстеринде жогоруда белгилен-гендей, андагы сүйлөмдөрдүн коммуникативдик байланыштуулугуна, тексттин мазмундук бүтүндүгүнө жана удаалаштыгына, чыгармачыл ыкмалар менен окуучулардын көңүлүн буруу жана дидактикалык материал катары өздөштүрүү аспектилерине басым жасалат.***

Ар кандай текст кеп өстүрүү иштеринде дидактикалык материал [38.25] катары колдонулуп, окутуунун таяныч өзөгүн түзөт. Себеби ***ар бир кептик текст билим берүүчүлүк жана тарбиялоочулук касиетине ээ болуп, мугалим менен окуучунун ортосундагы данакерликти, башкача айтканда, дидактикалык функцияны жүзөгө ашырат.***

Тексттер көлөмдүк, өлчөмдүк мүнөзү боюнча максималдуу жана минималдуу болушуна карай анын мазмундук материалы берилет. Алар микро текст жана макро текст болуп колдонулат. Микротексттер бир же 2 сүйлөмдөн туруп ***аныктама, билдирме, телеграмма, арыз*** ж.б. тексттерин түзүп, семантикалык мааниге ээ болгон чакан көлөмдөгү номинативдик сүйлөмдөр да функционалдык өзгөчөлүк менен колдонулат. Бул учурда, тексттин өзөгү маалымат билдирүүчү каражат катары кабыл алынат. Окуучулардын көңүлүн темалык аталышка буруп, анын өзгөчөлүгү өздөштүрүлөт. Айрым учурда микро тексттер абзацтын, диалогдун жана монологдун чегинде ишке ашып, мазмундуу ойду берип, бүтүндөй тексттин бир бөлүгүн туюндурат. «Бул сыяктуу микротексттердин өз ара байланышы, тизмектелиши жалпы макро тексттин органикалык бөлүгү катары келет. [70.16] Ошондой эле, тексттер романдын, повесттин көлөмүн билдиргендиктен, макро тексттик өлчөмдө болот да, «ал принципиалдуу мүнөздөмөгө ээ эмес». [15.240] Тексттердин мындай көлөмү жөнүндөгү түшүнүктөрдү ар бир класста сөз кылууга туура келет.

Ал эми ишкердүүлүктүн түрүнө жараша, ***түшүндүрүү тексти, далилдөө тексти, негиздөө тексти, ишендирүү тексти, текст аркылуу текшерүү ж.б.түзүлөт.***

Коммуникативдик тексттердин мазмундук структурасы боюнча төмөндөгүдөй композициялык форма сакталып, айтылуучу маалыматтарды берүү ыкмасын талап кылат.

- ***Ойдун камтылышы.*** Тексттеги берилүүчү маалымат боюнча киришүү этабы жана негизги ойду билдирүүчү сүйлөмдөрдүн колдонулушу.

- ***Ойдун өнүгүшү*** – теманын мазмунун андан ары тереңдетип, өркүндөтүү максаттарында колдонулган сүйлөмдөр же абзацтар.
- ***Ойдун аякталышы*** – темага карата берилген мазмундун белгилүү окуялар жөнүндөгү жыйынтыктоочу сүйлөмдөр же абзац.

Мазмуну боюнча программага дал келген тексттердин структуралык бөлүктөрүн төмөндөгүдөй кароого болот.

## *Текст*

I. *Мүрөктөй таза суу – бүтүндөй жаратылыштын, адамдын жашоосунун кепили. Мөлтүрөгөн муздак булак суусуна бетиңди чайысаң эле кандай рахат берип, көңүлүңдү ачат.*

II. *Суусуз жашоону элестетүү мүмкүн эмес, суу – ар бир кадамыбыздагы, күнүмдүк жашообуздагы зарыл нерсе. Ошондуктан суунун тазалыгын сактап, ага сарамжалдуу, этият мамиле жасоо ар бирибиздин милдетибиз.*

III. *Сууга элдин байлыгы катары мамиле жасоону «Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор» деген улуу акын Барпынын накыл сөзү менен түшүнүү жетиштүү.*

Тексттеги I абзацтагы сүйлөмдөр ойдун башталышын, ал эми II абзацтагы сүйлөмдөр ойдун өнүгүшүн, көңүл бура турган маанилүүлүгүн, III абзацтагы сүйлөмдөр ойдун жыйынтыкталышын жана аякталышын билдирет.

Тексттердин негизги өзгөчө белгилерин төмөнкүлөр түзөт: ***Тема, рема, абзац, мазмуну, стили, микротемасы, жабдылышы***. Булар тексттин курулушунда өз ара байланышта турган негизги каражаттарын түзүү менен алардын колдонулушун текстке коюлган талап катары да белгиленет. Өзгөчө жазуу иштерин үйрөтүүдө жогорку тексттин белгилери боюнча окуучулардын жетиштүү билгичтикке ээ болушу негизги текст таануу принциптеринен болуп эсептелинет.

Тексттердин ***темасын*** коюу үчүн окуучунун теориялык жана практикалык түшүнүктөрүн арттыруунун мааниси чоң. Анткени текст аркылуу анын кебин өстүрүү иш-аракеттеринде кептик маданиятынын деңгээлин көрсөтө алат. Теманын теориялык, методикалык мүнөздөмөлөрү боюнча аныктамалар илимий, методикалык адабияттарда жана окуу китептеринде көп кырдуу

берилген. Тексттин ***темасы*** анын аталышын билдирип, жалпы оюн көрсөтөт. «Тема – тексттин маани-маңызын жалпылап көрсөтүп, негизги проблемаларын топтоштуруп (концентрациялап) берген аталышы». [21.17] Тексттин аталышы – анын ачылбаган мазмуну, маанилүү өзөгү. Тексттин аты темага жана жалпы берилүүчү негизги ойго байланыштуу коюлуп, структуралык мазмунду жалпылап чагылдыргандыктан, тексттин маанилик, тематикалык жана грамматикалык жактан бир бүтүндүккө биригишин билдирет, экинчи жагынан тема ремалык катнаштын негизинде түзүлгөн коммуникативдик байланышты да камтыйт. Мазмундагы «негизги ой – темада коюлган суроого жооптун берилиши». [21.17]

Тексттин темасы бир нече микротемалардан турат. ***Микротема – тексттин бир деталы.*** Ал жалпы мазмундун кичинекей бөлүгүн билгизип, бир нече сүйлөм аркылуу туюндурулат. Андай сүйлөмдөр бүтүндүн бөлүгү катары ойду чагылдырат. Ар бир микротема тексттеги бир сүйлөм аркылуу башталып, составына бир нече сүйлөмдөрдү камтыйт, алар бири-бири менен маанилик, темалык жактан байланышып турат. Ошондуктан тексттеги ***микротема*** менен ***абзац*** эриш-аркак байланышта болушу ыктымал.

Тексттин ***ремасы*** – темадагы сүйлөмдөрдүн маалымдоо жаңылыгын көрсөтүү менен билдирүүнүн маалыматтык борборун да түзөт. Кийинки сүйлөмдөр үчүн тема катары колдонулат. Мисалы, Кинотеатр ремонт үчүн жабылган. Бул сүйлөмдөгү кинотеатр (тема), ал эми ремонт (рема) болуп рема маалымдоо борборун билдирип калды.

***Тексттин абзацы*** – тексттин маанилик жана структуралык бөлүгүн түзүп, бир нече сүйлөмдөрдү мазмуну боюнча бириктирген фрагмент. Тексттерде бир нече абзац болуп, алар бир ойдун башка өңүтүнүн башталышы жана аякталышы менен түзүлөт. Абзац жаңы жолдон беш тамганын ордун калтыруу менен жазылып, жазуу иштеринин композициялык, стилистикалык кызматын аткарат. Абзац тексттин сабаттуу жабдылыш техникасын көрсөтүү менен анын структурасында керектүү ойдун бөлүнүп берилишин камсыз кылат. Абзацтын туура коюлушу менен мазмунду структуралык бөлүмдөргө ажыратып берүүдө жана аны кабыл алууда өзгөчө мааниге ээ.

***Тексттин мазмуну*** – темага байланыштуу берилип, структуралык багытына жана композициялык формаларына карай фнукционалдык маанилери белгилүү болгон стилдик өзгөчөлүк менен түзүлөт.

Коммуникативдик тексттер күндөлүк турмушта активдүү колдонулган тармактарды тейлөө менен жашоо шарт үчүн зарыл болгон кырдаалдык байланышты камтып турган кептик мазмунду

билдирет. Мисалы, «Мектепте», «Базарда», «Китепканада», «Конокто» ж.б. Тексттин бул түрүнө «Ыраазы болуу», «Кечирим суроо», «Куттуктоо», «Кабарлоо», «Алдына түшүү», «Көңүл айтуу» сыяктуу мазмундагы кептик коммуникативдик тексттер кирет.

Ал эми тематикалык тексттер өлкөнүн коомдук тармактары боюнча түзүлүп, окуучулардын таанып-билүүчүлүгүн өстүрүү, дүйнө таанымын арттыруу үчүн өлкө таануу принцибине ылайык даярдалган мазмундагы кептин түрүн билдирет. Мисалы, «Кыргыз тоолору», «Бишкек шаары», «Курманжан датка», «Манас» эпосу, «Сулайман-Тоосу», «Ысык-Көл – кыргыз бермети», «Ч. Айтматов – кыргыз даанышманы», «Кыргыз киносу», «Кыргызстан аба жолдору», ж.б. мындай тексттердин мазмунун интерпретациялоо менен, алардын тилдик каражаттары, лексикалык минимумдары аркылуу окуучулардын байланыштуу кеби өстүрүлөт. Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында колдонулуучу бардык эле тексттердин коммуникативдик, таанып-билүүчүлүк өзгөчөлүктөрүнө басым жасалуу менен пайдаланылышы абзел.

Кептик тексттер менен иштөөдө ага коюлуучу төмөндөгүдөй методикалык талаптар жана аны тандоо критерийлери эске алынат.

***Текстке коюлуучу талаптар:***

- Мазмундун кызыктуулугу, билим берүүчүлүк, тарбиялоочулук ролу.
- Тексттин логикалык-композициялык түзүлүшүнүн тыкандыгы.
- Адабий тилдик нормативдердин сакталышы.
- Тил каражаттарынын көркөмдүүлүгү, ийкемдүүлүгү, ылайыктуулугу.
- Чөйрөгө татыктуулугу, жаңылыкты камтыгандыгы.
- Анын проблемасынын конкреттүүлүгү.

***Текстти тандоо критерийлери***

- Үйрөтүлүп жаткан темага тиешелүүлүгү.
- Тексттин коммуникативдик баалуулугу, мазмундуулугу.
- Таанып билүүчүлүктү, руханий байлыкты өстүрүү жана тарбиялык таасири.
- Таяныч тил каражаттарынын актуалдуулугу жана анын жыш колдонулушу.
- Тексттин типтеринин этаптык мүнөздө үйрөтүлүшү жана жазуунун түрлөрү менен машыгууларынын калыптанышы.
- Өлкө таануу, этномаданий, этнопсихологиялык принциптерин эске алуу.

***Тексттердин мүнөздүү белгилерин аныктоо***

1. Коммуникативдик параметрлерин аныктоо.
2. Түзүп турган бирдиктерин далилдөө.
3. Тексттин негизги семантикалык структуралык функцияларын тактоо.
4. Тилдик бирдиктердин функцияланышында сапаттык өзгөчөлүктөрүн аныктоо. (фразеологизмдер, накыл сөздөр, цитата пайдалануу, макалдар ж.б.)
5. Фраза аралык, абзац аралык, микротема аралык катыштарын байкоо ж.б.

Мындан башка, тексттердеги чындыктын чагылдырылышы жана эстетикалык, этикалык, тарбиялык, этномаданий деңгээлинин чектери чечмеленүүгө тийиш.

Окуу программасы боюнча тексттердеги сунуш кылынган түшүнүктөр, тилдик каражаттар аркылуу белгилүү мазмун түшүндүрүлүп, окуучунун таанып-билүүчүлүгүн өстүрүп, кызыгуусун арттырууга мүмкүнчүлүк берет. Тексттин лексикалык, грамматикалык фактыларын аткарган милдеттери аныкталып, алардын семантикалык каражаттары доминанттык абалда болуусу зарыл.

Тематикалык тексттин көлөмү, мазмуну окуучуларга жеткиликтүү болуп, пайдаланууга ыйкемдүү жана өз көз карашына дал келгендей болуп, андан ары логикалык ой жүгүртүүсүнүн өсүп-өнүгүшүнө түрткү бергендей болушу керек. Андагы кыймыл аракеттер, процесстер да так элестелип, түшүнүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, шыгын жаратууга багыт берүүсү абзел.

Тексттер менен иштөөдө дидактикалык тапшырмалардын мүдөөчүлүк (кызыктыруучу, түрткү берүүчү) компоненттери менен таанып-билүү шыктарын ойготуу жана окуучунун өз мүмкүнчүлүгүнө, күчүнө ишендирүүгө жетишүү, кырдаалдык шартын жаратуу жагдайлары эске алынат. Ошондой эле, тексттер аркылуу коммуникативдик жана өлкө таануу принциптерине таянуу менен окуучунун жалпы маалыматтуулугун жана маданияттуулугун калыптандырууга басым жасалат. Ошентип окуучулар ортоңку класстарда текстти өздөштүрүүнүн негизинде анын типтерин, тил каражаттарын жана стилин аныктоо менен структуралык түзүлүшүн, тексттин предметин жана табиятын өздөштүрүүгө машыгышат.

## *Тексттер менен иштөөнүн айрым ыкмалары*

1. Тексттерде – окуучуларды ойлонто турган маселерди сунуштоо, документ материалдарын пайдалануу, ачылыштардын, ойлоп-табуучулардын авторлорун, тарыхый инсандарды, алардын жекече мүнөздөрүн, сапаттарын тааныштыруу ж.б. болушу керек. Мындай тексттер аркылуу окуучунун инсандык (дөөлөттүк) дымак алуусуна таасир этилип, тарбиялоого өрнөк берет.

2. Башка предметтердин материалдарына тиешелүү болгон тексттерди пайдалануу менен окуучулардын билимдерин интеграциялоо. Кеп ишмердүүлүгүнүн процесстерин өркүндөтүүнүн оптималдуу ыкмалары.

3. Тексттер аркылуу кептик, проблемалык, теориялык маселелерди сунуштоо, салыштыруу, катар коюу мүнөзүндөгү тапшырмаларды берүү, аларды кошумча дидактикалык тапшырма менен жабдуу, (сүрөт тартуу, макет жасоо, шарттуу белгилерди пайдалануу) ж.б.

4. Логикалык коммуникативдик тексттер аркылуу билгичтиктерин арттырууда ой жүгүртүүнүн өсүп-өнүгүүсү, маданий процесстерге карата мамилеси жана дүйнөнү таанып-билүү жолдору, ыкмалары прогрессивдүү мотивдери кошо камтылууга тийиш ж.б.

5. Тилдин ар кандай бөлүмүн окуткандан кийин кептик тексттердин фонетикасы, тексттин лексикасы, тексттин морфологиясы, же синтаксиси боюнча билимдерин жалпылоо менен теориялык сабаттуулуктары байланыштырылууга тийиш.

Окуучуларды текст түзүүгө үйрөтүү жана андан ары калыптандыруу жумуштары белгилүү бир методикалык, психологиялык закон-ченемдүүлүктө жүргүзүлөт. Адегенде окуучуларды даяр тексттердин үстүндө иштөө менен үлгүлөрүн, моделдерин тааныштырып, окшоштуруп иштөөгө үйрөтүү зарыл. Демек, коммуникативдик мисалдардын, көнүгүүлөрдүн шартын жана мазмунун негиздүү талдап, алардын окуучуга түшүнүктүү болушуна жетишүү керек. Тексттин үстүндө иштөө системалуу жүргүзүлүп турса, жазуунун түрлөрүн аткаруу да жеңилдейт. Мындай системалуулук болбосо, анда жазуунун түрлөрүнө машыктыруу убакытты көбүрөөк алат, же даярын көчүрөт. Натыйжада жазуу ишине кош көңүлдүүлүк пайда болот.

Текстти түзүүнүн имитациялык процессинде окуучуларды кызыктырып, көркөм чыгармалардан үзүндү, же жомоктордун структуралык түзүлүшү менен салыштырып, тил каражаттары боюнча түшүнүктөрүн жаратып, текст таануу маданиятын, билгичтиктерин, машыгууларын калыптандыруу зарыл.

***Текстке суроо берүүнүн айрым ыкмалары.*** Мугалим тексттен мурда төмөндөгүдөй суроо коет. Текст окулуп андагы кызыктуу, суроо туудурган, көңүлдөрүн бурган, таң калтырган цитаталарды карточканын бир бетине жазууну сунуштайт. Анын 2-бетине ошол цитатага тиешелүү өздөрүнүн түшүндүрмөлөрүн жазууну эскертет.

Андан соң бир окуучу цитатаны окуйт, бирок түшүндүрмө бербейт. Түшүндүрмөнү башка окуучудан сурайт. Аягында цитатаны берген окуучу өзүнүн түшүндүрмөсүн окуйт. Бул процесс дискуссияга айланат. Мындан башка, дагы бир текстти берүү менен андагы структуралар бири бири менен тыгыз байланышта экендигин далилдөө керек. Андагы сүйлөмдөр чынжыр жана паралелль түрдө байланыштырылып, тексттин түзүлүшүнө багытталат. Тексттин тил каражаттарынын стили такталып типтик өзгөчөлүгү окуучулар тарабынан аныкталууга тийиш.

***Текст***

*Күткөн жаз мезгили да келет. Карлар эрийт, дарыялар толот. Бактар гүлдөйт, жер көгөрөт. Канаттуулар түндүктөн учуп келишет. Жаныбарлар кышкы уйкусунан ойгонот. Жаратылыш абдан кооз болот.*

Мында ар түрдүү кыймыл-аракеттер жүрүп жатат, болгондо да паралелль түрдө, бирок бардыгын бириктирип турган чынжыр түрдө бул төрт мезгилдин бири – жаз. Ошондой эле, тексттеги татаал структуралар байланышат. Тексттин көлөмү, мазмуну окуучуларга жеткиликтүү болушу керек.

Бул учурда окуучулардын коммуникативдик билгичтик-терди, көндүмдөрдү өздөштүрүү процессинде аткарылуучу тексттердин мазмундук-структуралык байланыштары эске алынат. Ошондой эле, тексттердин түрлөрүн, типтерин ажыратууга методикалык көрсөтмө берилет.

| *Дидактикалык милдети* | *Тексттердин түрлөрү* |
|---|---|
| 1. Таяныч билимдер жана практикалык фактыларды актуалдаштыруу | Даярдоо тексттери. |
| 2. Закон-ченемдерин өздөштүрүү (эрежелер, түшүнүктөр) | Үйрөтүүчү тексттер (таанып-билүүчүлүк) |
| 3. Коммуникативдик билимдердин алгачкы колдонулушу. | Өздөштүрүү тексттери |
| 4. Стандарттык шарттарда көндүмдөргө ээ болуу. | Машыктыруучу тексттери (үлгү, инструкция, тапшырма аткаруу) |
| 5. Стандарттык эмес шарттарда (кептик билгичтиктерди өздөштүрүү) билим жана көндүмдөрдү өз алдынча колдонуу. | Чыгармачылык тексттери |
| 6. Билгичтик жана көндүмдөрдү көзөмөлдөө, коррекциялоо жана баалоо. | Текшерүү тексттери. |

Текст менен иштөөдө окуучуларды машыктырууу жана методикалык негизде көндүмдөрүн арттыруу жумуштарын төмөнкү таблицада көрсөтүлгөндөй этаптык мүнөздө калыптандырууга болот.

## Тексттин типтери

Методикалык эмгектерде тексттердин функционалдык маанилеринин айырмачылыктарына карай типтерге ажыратуу менен алардын мазмунун, логикасын жана стилдик өзгөчө-лүктөрүн белгилешкен. Мында тексттердин структуралык-семантикалык ар түрдүүлүгү белгиленип, ойдун, мазмундун берилиш формаларын аныктоо менен, өсүп-өнүгүү багыттары, байланыштары үйрөтүлөт. Өзгөчө, лингвистикалык-дидактикалык негиздерде кеп ишмер-дүүлүгүн калыптандыруу закон-ченемдери, багыттары өздөштүрүлөт. «…типтештирилген, жалпыланган тигил, же бул ойдун маанисин реализациялоо үчүн алардын тилдеги калыптанышын» [64.11] билдирип, маалымдоо түрүнө карай чагылдырылат. Текстке тиешелүү болгон өзгөчө бирдиктердин бардыгы анын типтеринде колдонулушу менен айырмачылыктары аныкталат.

Рецептикалык жана продуктивдүү кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнү окутууда окуучулар адегенде тексттин типология-лык структурасын аныктап, андан кийин ага тиешелүү, жакын фактыларды, тизмектештирет. Демек, «башкы нерсе болуп, тексттин структурасын тааный билүүнү үйрөнүү жана типтүү фрагменттеринде, конкреттүү сүйлөмдөрүндө айтылгандар-дын милдеттерин түшүнүү». [38.33] Натыйжада окуучулар өзүлөрүнүн

айтып, же жазгандарынын структурасына логикалык туура прогноз берүү менен кайсы бир деңгээлде кеп маданияты боюнча билгичтиктерин арттырышат.

***Тексттин тиби кепти айтуунун, жүзөгө чыгаруунун жалпы, типтештирүү мааниси б. а. текстте такай же бир мезгилде байкалуучу көрүнүштөр жөнүндө (сүрөттөө), бир катар бири-бирин алмаштырып туруучу аракеттер, окуялар жөнүндө (баяндоо), же натыйжаларды жана фактыларды далилдөө жөнүндө (ой жүгүртүү) сөз болуп жаткандыгы боюнча аныкталат.***

Азыркы мезгилде көпчүлүк «Кыргыз тили» окуу китептеринде жана окуу программаларында «тексттин типтери » эмес, «кептин түрлөрү» деп берилип жүрөт. Айрым адабияттарда «тексттин типтери» [24.24] деп колдонулса, кийинки көпчүлүк орус тилиндеги методикалык эмгектерде [47,52,50] «тексттин типтери» деп аталган. Ал эми, атайын тексттин типтерине арналган эмгектерде «тексттин функционалдык-маанилик түрлөрү» [64.80] деп аталып жүрөт. Көпчүлүк окумуштуулардын эмгектериндеги аталыштарга таянуу менен «тексттин типтери» деп атоо бир топ ыңгайлуу жана талапка жооп берчүдөй. Анткени «тексттин типтери» деп атоо жана бир гана жазуу ишинде эмес, оозеки кепте да колдонула тургандыгы белгилүү. Демек, тексттердин типтери кептин оозеки формасында да айтылат.

Байланыштуу кепти өстүрүү иш-аракеттеринде анын өзгөчөлүктөрүн далилдөө менен тексттер аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жумуштары тыгыз байланыштуулукта жүргүзүлөт. Тексттер идеясы, мазмуну, жанры, стили боюнча төмөндөгүдөй типтерге ажыратылып, бири-биринен айырмачылыкты түзөт.

1. **Баяндоо.**
2. **Сүрөттөө.**
3. **Ой жүгүртүү.**

1. ***Баяндоо*** тексттери белгилүү окуя, же болуп өткөн иш-аракеттер боюнча мазмун берилип, композициялык формада жазылат. Анын сюжети образдуулукта, экспрессивдүүлүктө берилип, тексттин негизин фактылык материал түзөт. Анда каармандар да катышып, көркөм стилде аткарылат. Окуялар биринин артынан бири ырааттуу берилип, байланыштуу жана логикалуу баяндалып, композициялык түзүлүшү сакталат.

Кыймыл-аракет процесстериндеги абалдар, окуялар жөнүндөгү маалыматтар берилет, алардын өнүгүшүнө байланыштуу түрдүү образдуу метафоралык, лексикалык каражаттар, ар түрдүү кырдаалды туюндурган коммуникативдик сүйлөмдөр колдонулат. Баяндоонун өзүндө эле сүрөттөөнүн элементтери катышат. Бирок динамикалуулугу менен сүрөттөө тибине каршы келет. Этиш сөздөрдүн семантикалык топторуна, өзгөчө формаларынын поэтикалуу катышышына чоң мүмкүнчүлүк берилет. Убакыт менен байланыштырылган адегенде, ***ошол убакта, кийин, ошондо*** **сөздөрү же** ***болбосо, качан гана, ошол учурда, ошондон кийин эле*** байламталар активдүү пайдаланылат. Мындан башка фразеологизмдер, накыл сөздөр, макалдар, учкул сөздөр кеңири орун алат. Адабий көркөм жанрында түзүлүп, баяндама, дилбаяндын тексттери үчүн абдан ылайыктуу болот. Тексттин мазмуну натыйжада «Эмне болуп өттү?» - деген суроого жооп бериши мүмкүн.

2. ***Сүрөттөө*** тибиндеги текстте мазмун, же окуялар болбойт. Мында буюмдар, заттар, же көрүнүштөр сырткы абалы же кыймыл-аракети, процесстер боюнча көркөм табитте кабыл алынып, сүрөттөлүп текст түзүлөт. Алардын ички мүнөздүү белгилери ачылып бирдей деңгээлдеги сын-сыпаттары кеңири түрдө саналып, ага болгон автордун мамилеси көрсөтүлөт. Салыштыруу, окшоштуруу менен жазылып, окуучулардын байкагычтыгын, эстетикалык түшүнүктөрүн өстүрүүгө, көркөм дүйнөсүн калыптандырууга көмөк көрсөтөт. Предметтин сыртын образдуу берүүгө далалат жасалып, көркөм стилдин байлыгы колдонулат.

Предметтин же көрүнүштүн бир нече белгилерин санап өтүү, чактык жана түрдүк маанилердин катышы, кыймылсыз абал (нерсени, портретти) пейзажды сүрөттөө, интерьер, мүнөздөмө орун алат. Предметтин таандык болгон классы аныкталып, мүнөздөмөдө автордун мамилеси камтылат. Адабият сабагынын материалдары тыгыз байланыштырылат. Жан-жаныбарлардын сырткы көрүнүшү, кыймылы боюнча өзгөчөлүктөрү белгиленет. Ал эми жаратылыш көрүнүштөрүнүн табигый артыкчылыгы жана сулуулук, кооздук, белгилери салыштырылып бааланат. Карама-каршылык жактары сүрөттөлөт. Синтаксистик паралеллизм кеңири колдонулуп, бир учурдагы таасир этүүчү этиштин формалары аркылуу көрсөтүлөт.

Сүрөттөө текстинин төмөнкүдөй темаларын үйрөтүү, машыктыруу процесстеринде колдонууга болот.

1. Менин балалыгымдын көчөсү.
2. Жаратылыштын сүйүктүү бурчу.

3. Терезеден көрүнүш.
4. Алыскы тоолордун элестери.
5. Чоң атамдын кыймыл-аракети.
6. Айгүл, жоогазын, кызгылдак, байчечекей гүлдөрүнүн кооздуктары.
7. Шаарымдын панаграммасы ж.б. (*кыштак, айыл, биздин көчөлөр*)

Мындай тексттер – «*Бул кандай предмет?*» - деген суроого жооп бериши керек.

3. ***Ой жүгүртүү*** тибиндеги текстте белгилүү предмет боюнча өздөштүрүлгөн закон-ченемдин негизинде жазуу иши аткарылат. Мында үйрөтүлгөн эреже-аныктамаларга таянуу менен өз алдынча ой жүгүртүп, изденүү аракетинде болуп, текст түзүү иши жүргүзүлүп, илимий стилде аткарылат. Ой жүгүртүү текстине үйрөтүү үчүн адегенде маселени туура коюу жөндөмдүүлүгүн өстүрүүдөн баштоо зарыл. Демек маселени коюу, проблеманы түшүнүү, чечилбегендерди мурда белгилүү болгон өздөштүрүүнүн ыкмалары, жолдору менен чечүү талапка ылайык. Бул учурда окуучуну ар дайым эстеп калууга гана машыктырбастан, өз алдынча ойлонуу, маселени чечүү жөндөмдүүлүгүнө машыктыруу негизги милдетти түзөт. Аз да болсо, илимий иликтөө багыт берүү менен үйрөтүлөт.

Көлөмдүү ой жүгүртүү тибиндеги тексттерде бир нече темалар, проблемалардын тегерегинде далилдөөлөр жүргүзүлүп, кеңири планды камтышы мүмкүн. «Мугалим ой жүгүртүүнүн үч бөлүгү тең катышкан илимий стилдеги тексттин үлгүсүндө кептин ой жүгүртүү түрүн билдире алат». [62.12]

Окутуу процесстеринде бир эле предметтин бир нече илимий тармактар боюнча иликтеген тексттер менен тааныштырып, андагы далилидөөлөрдү түшүндрүү өз алдынча издене, ой жүгүртө билишине түрткү берүү зарыл. Илимдеги жаңы ачылыштарды, аргументтерди жана техникалык жетишкендиктерди фактылап маалымат жасоо менен кызыктыруу керек.

Тексттин бул тибинде төмөнкү структуралык үч бөлүк аткарылат. 1) тезис; 2)далилдер (аргумент); 3) жыйынтык же тыянак. Тексттин бул тибинде киринди сөздөр, модал сөздөр ***(биринчиден, экинчиден, жана башка ушул сыяктуу, жалпысынан, себеби, ошондуктан, ошол үчүн, анткени менен, ошол себептүү)*** жыш колдонулат. Ошондой эле, ой жүгүртүү текстинин жогорку көрсөтүлгөн үч этабы аткарылбай эле, жалпы теориялык негиздер, далилдөөлөр чыгарылышы да мүмкүн. Мисалы, ***Быйыл***

***республиканын айрым жерлеринде жаан-чачын сейрек болуп, кургакчылыктын узакка созулгандыгына байланыштуу, тоют чөп аз камдалып, эт кымбат болду.***

Айрым кубулуштардын закон-ченемдүү сырлары ачылып, илимий стилде бул типтеги текстин аткаруу иш-аракетинде предмет аралык байланышты түзүүгө чоң мүмкүнчүлүк түзүлөт. Анткени ошол предметтин закон-ченемдерин, аныктамаларын, терминдерин өздөштүрүү менен өз алдынча текст түзүүгө багыт берилет. Алсак, ой жүгүртүү тексттери: *«Күздөгү аба ырайы», «Боз үйдүн аянты эмне үчүн айлана формасында болот?», «Кыш мезгили», «Биздин айылдын жер кыртышы», «Айыл өкмөтүнүн жетишкендиктери», «Электр кубаты», «Боз үйдүн архитектурасы», «Элдик математиканын элементтери» ж.б.* бул тексттерди иштеп чыгуу үчүн физика, математика, география сабактарынын тиешелүү теориялык материалдары, эреже-аныктамалары жеткилең өздөштүрүлүп, пайдаланылат.

### *Баяндоо тексти*

*Досаалы кеч күздүн бир күнүндө тоо аралап баратып, күтпөгөн жерден жалпак таштын үстүндө жаткан илбирсти көрөт. Ары азоо, ары жырткыч илбирстей жаныбардын каарына да, күчүнө да жалгыз туруштук бере албасын жакшы билген мергенчи боюн дарактын далдаасына тартып, түтөмө мылтыгын жырткычтын көкүрөгүнө мелжейт.*

*Окту тарта бергенде, мылтык тепсе керек, мелжегени илбирстин көкүрөгүнө эмес, так маңдайына тиет. Илбирс денеси ок жегенине карабай акыркы күчү менен аска тоолорду жаңырта күркүрөп, куйругун ташка ачуулана чаап-чаап алыптыр. Ок жеген илбирс каардана тайгандар менен кармашып жатып бир топтон кийин жыгылыптыр.*

*Илбирс атуу чанда гана мергенчинин тагдырына туш келерин билген тоолуктар ошондон баштап Досаалынын өнөрүнө тамшана таңданышкан.*

*(Култаева Ү.)*

### *Сүрөттөө тексти*

*Кыштын кыска күнүндө тоонун күңгөй беттери аз убакка көгүлтүр тартып, нариstенин таноосундай үлпүл мемирей түштү эле, көп узабай күн ырайы кайра бузулду, капилеттен өзгөрдү. Мөңгүдөн ызгаар уруп, абаздай жылган эрте күүгүм, кокту-колотту мелт-калт толтура жойлоп келатты. Өзү менен кошо ал түндө түшөр көзгө көрүнбөгөн боз мунарык аязын ала келатты.*

*(Ч. Айтматов)*

*Ой жүгүртүү тексти*

*«Математика» сөзү байыркы гректин сөзү болуп, ал илим, билим, деген маанини билдирет. Байыркы мезгилде бардык илимдер математика илиминин тегерегине чогулуп, бир гана математика илимин түзүшкөн. Механика, оптика, астрономия, инженердик, экономика, аскер иштери, медицина, тил, адабият, тарых, философия, химия, ж.б. илимдери да байыркы мезгилде математика илиминин составдык бир бөлүктөрүн түзүшкөн.*

*Математика – бул илимдердин эң алгачкысы. Себеби, жер жүзүндө кишилер пайда болгондон баштап эле алардын жашоосунда, эмгектенүүсүндө эсептөөгө, ченөөгө, өлчөөгө, тартууга, божомолдоого, салыштырууга туура келген. Саноонун натыжасында бүтүн оң сандары пайда боло баштаган. Ченөөнүн, тартуунун, өлчөөнүн натыйжасында бөлчөк сандары келип чыккан.*

*Аралыктарды, бурчтарды, аянттарды ченөө, курулуш иштеринин натыйжасында геометриялык фигуралар, чоңдуктар пайда болгон. Соода-сатык жумуштарын жүргүзүүдө теңдемелер, барабардыктар, чоң кичине катыштары пайда болгон.*

*(Математика. Энциклопедиялык сөздүк)*

## Тексттин стили

Тексттин мазмунуна жана анын максатына карай ар кандай тил каражаттары пайдаланылып, белгилүү бир багытта колдонулат. «Стиль – кептин кырдаалына жараша тил каражаттардын ыгы менен колдонулушу». [6. 33]

Тексттердин стилдик өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү менен, алардын коммуникативдик-функционалдык кызматын, лексикалык-грамматикалык нормативдерин өздөштүрүүгө көнүл бөлүнүп, окуучулардын интеллектуалдык билимдери, көндүмдөрү калыптанат.

1. Байланыштуу кепти өстүрүүдө тексттин стилдик каражаттарын жана анын колдонулушун окутуу менен кептин теориялык жана методикалык негизде окуучулардын кебинин рационалдуу туура калыптанышына багыт берилет.

2. Стилдик бирдиктер кептик чыгармачылыкта тилдик каражаттардын композициясында, комбинациясында жана трансформациясында белгилүү принциптердин негизинде тандалышы зарыл. Мындай экстралингвистикалык факторлор

менен байланыштырылган стилдик каражаттардын өзгөчөлүктөрүнүн да, функциясынын да ар тараптуу экендигин көрсөтөт. Демек кыргыз адабий тилинин рамкасындагы ар кандай каражаттарды коомдук тармакта, шарттарда, чөйрөдө колдонуу формаларынын жана тилдик мамиленин стилдик деңгээлин талап кылат. (№3 таблица)

3. Тексттин стилдик каражаттарын жана анын бөлүнүштөрүн окутууга арналган бир топ методикалык эмгектер жарык көргөн. [7.21]

Алар стилистиканын белгилүү тармактары боюнча гана иштелгендиктен, анын бардык бөлүмдөрүн камтыган илимий-методикалык изилдөөнүн актуалдуулугун белгилөө керек.

Тексттин стилдик бөлүнүштөрү жана кептик өзгөчөлүктөрү боюнча материалдар мектеп программасында, окуу китептеринде жеткиликтүү деңгээлде берилген. Айрым окуу китептеринде алардын өздөштүрүлүшүнө карата методикалык комментарийлер да сунушталган.

**Сүйлөшүү стили** белгилүү тема боюнча пикир алышууну, сүйлөшүүнү чагылдырат. Ал сүйлөшүү кырдаалына, кептин предметине, коюлган суроолорго жараша даярдыксыз эле ишке ашат. Суроо, жооп процесси менен жыйынтыкталат.

**Көркөм стилде** пайдаланылган тил каражаттары жана алардын алардын өзгөчөлүктөрү, образдуулук, эмоционалдуу-лук, обьективдүүлүк мүнөзүндө болот. Мында элестүү, көркөм сөз каражаттары колдонулуп, сөздөрдүн семантикалык процесстери, көп маанилүү, өтмө маанилүү сөздөр, учкул сөздөр, накыл сөздөр, фразеологизмдер жана макал-лакаптар кеңири колдонулат. Троптун түрлөрү пайдаланылып, көркөм адабий чыгарманын жанрлары анын түрүн түзөт. Бул стилдин жардамы менен реалдуу турмуш көркөмдөлүп кабыл алынат да, тарбиялоого багыт берилет. Интерпретациялык талдоо иштери байланыштырылып жүргүзүлөт.

Тексттин илимий стилинде изилдөө, изденүү жана байкоо жүргүзүү иштеринин натыйжасында алынган фактылар, табылгалар жазылып, далилдөө, аныктоо аркылуу жүргүзүлөт. Мындай стилде терминдер, түшүнүктөр, формулалар жана номенклатуралар тил каражаты катары колдонулат. Бул стиль менен окуу китептери, окуу куралдары, доклад, реферат, курстук иш, дипломдук иш, монографиялык мүнөздөгү эмгектер жазылып даярдалат.

Тексттин стилдик каражаттарын тактоо менен теманын кимдер үчүн арналгандыгын, анын максаттарын аныктай алууга көмөк берип, логикалык жактан кабыл алуусу да шартталат.

Окуу программасында бул стилдик каражаттардын түрлөрү класс жогорулаган сайын арбын берилгендигине карабастан, окуу китептеринде сейрек сунушталганын эске алуу менен, адис мугалимден педагогикалык, кептик ишкердүүлүктү жана чыгармачылыкты талап кылат.

Мектеп курсунда стилистикалык материалдар көп жылдардан бери окутулса да, теориялык, методикалык проблемалары арбын болуп келген.

Стилистиканын теориялык аспектилерин кыргыз тил илиминин бардык бөлүмдөрү (фонетика, лексика, морфология, синтаксис) боюнча атайын илимий-изилдөө иштерин жүргүзгөн ф. и. д. профессор Т.А.Ашырбаевдин эмгектери чоң ийгиликти жаратып, закон-ченемдерин чечти. Ал эми методикалык маселелери боюнча иштелген бир топ алгылыктуу иштерди белгилөөгө болот.

# IV Глава. **Кеп ишмердүүлүгү жана анын методикалык, психологиялык негиздери**

Кыргыз тилин окутууда окуучулардын кептик мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү иш-аракеттери жана аны калыптандыруу багыттары өзгөчө маанилүү, дайыма актуалдуу маселелерди түзүп келет.

Кептик ишмердүүлүк – адамзаттык ишмердүүлүктөрдүн бир түрү. Ал предметтик билим берүү максаты, окутуу мотивдери, принциптери менен мүнөздөлөт да, бири-бири менен тыгыз байланышкан этаптык баскычтардан турат. Башка ишмердүүлүктөрдөн айырмаланып, адам баласынын кеңири масштабдагы тилдик каражаттарды билгичтик, чебердик менен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп, маданиятын, жандуу ишмердүүлүгүн, коомдук, саясий жана дүйнө тааным түшүнүктөрүн комплекстүү байланыштырып турат.

Бүгүнкү кыргыз тилинин лексикасында «ишмердүүлүк» термини эмгектенүүгө, таанып-билүүгө, коомдук милдет тапшырмаларды аткаруучулукка, уюштуруучулукка, убакытты үнөмдүү пайдалана билүүгө ж.б. байланыштырылып активдүү колдонууда. Ал «иш-аракет» деген түшүнүккө караганда, жекече жигердүүлүк менен мамиле жасалып, аткаруучулуктун, кайра иштеп чыгуунун, өсүп-өнүгүүнүн жана анын структуралык мүнөздөмөсүн туюндурат. Төмөнкү эмгекте: «Ишмердүүлүк – кыймыл аракеттердин бир топ майда бирдиктеринен туруп, ал ар бир ишмердин милдетине жана максатына ылайыкташтырылат. Ишмердүүлүктүн маанисинде мотивдүүлүк, шарттуулук жана жөндөмдүүлүк камтылат» [39.37] деп белгиленип, лексикалык түшүндүрмөсү такталган.

*Демек, коммуникативдик ишкердүүлүк менен байланыштырып колдонуунун негизинде ойду билдирүү ишмердүүлүктөрү чагылдырылып, окуучулардын бардык параметрлер боюнча даярданган кеп актысынын системасын, комплекстүү продуктусун аныктайт. Кептин коммуникативдик, психологиялык жана физиологиялык, мотивациялык билгичтиктерин башка предметтерден алган билимдеринин туундусу катары жүзөгө ашырылышы менен окуучулардын интеллектуалдык жана руханий деңгээлин көрсөтүшү ыктымал.*

Ал эми педагогикалык коммуникативдик ишмердүүлүк – бул тилдик каражаттар аркылуу мектеп коллективинин (мугалимдер, окуучулар) арасындагы маалыматтардын, пикирлердин, информациялардын алмашылышы. Бул процесстер кептик таасир

этүүнүн ишмердүүлүгү катары төмөндөгүдөй баскычтар менен белгиленет.

- Мотивдештирүү - таасир этүү.
- Баамдоо – сезип-туюу.
- Аткаруучулук мүмкүнчүлүгү.
- Пайдаланган каражаттардын ишке ашуусун текшерүү.

Бул баскычтардын аткарылышы төмөнкүдөй коммуникативдик байланыштарга карай шартталып турат.

Муктаждык → мотив → максат → натыйжасы деген кеп ишмердүүлүгүнүн кошулмасынан турат. Бул схема психологиялык процесс катары кабыл алынып, таасир этүүнүн ар кандай ишмердүүлүк актысы мотив, план менен башталып, анын жыйынтыгы максатка жетүү менен бүтөт. Алардын ортосунда конкреттүү динамикалык системасы сакталып, ал максатка жетүүгө багытталат.

Ошондуктан кеп ишмердүүлүгүнүн калыптанышы тилдин теориялык жана практикалык аспектилерин чыгармачылык менен байланыштырып, түшүнүү, көз караштардын өзгөчөлүгү жана адабий тилдин нормативдери аркылуу ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрүн камтыган деңгээлди билдирет. Ал эми окумуштуу методист А.А. Леонтьев: «***Ишмердүүлүк***» түшүнүгү мотив түшүнүгү менен тыгыз байланышта колдонулат. Ишмердүүлүк мотивсиз болбойт. Ар кандай ишмердүүлүк жекече мазмунунда иш-аракеттер системасын камтыйт» [49.42] деп методикалык жана психологиялык мүнөздөмөнү берген. Демек кеп ишмердүүлүгү бардык ишмердүүлүктөрдөй эле, көздөгөн белгилүү максаттары жана ылайык келген тил каражаттары менен аткарылат. Бул учурда кимдир бирөөнү ишендирүү, ой жүгүртүүсүн, сезимин, көңүлүн буруу жана өзүнүн идеясын, көз карашын коргой алуу маданияты, кызыкчылыгы чыгармачылык менен коштолуп турат.

Кеп ишмердүүлүгүнүн төмөнкүдөй түрлөрү өзүнүн жалпы мазмунун аныктайт.

- ***угуу***
- ***окуу***
- ***сүйлөө***
- ***жазуу***

Кеп ишмердүүлүгүнүн бул түрлөрүнүн аткарылыш процесстери төмөнкүдөй багыттар менен даярдалып калыптандырылат. Угуу жана окуу ишмердүүлүктөрү кептик базаны түзгөндүктөн, ***рецептикалык*** кеп деп аталып, ал эми сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүктөрү кептик

натыйжаны (продукцияны) бергендиктен, ***продуктивдүү кеп*** деп эсептелинет. (№1 таблица)

## Угуу ишмердүүлүгү

*Уга билүү – маданият, сүйлөй билүү – искусство.*

*Д.С. Лихачев*

Кеп ишмердүүлүгүнүн рецептикалык түрүн угуу кеби түзүп, берилип жаткан маалыматтарды маанилик жактан түшүнүү менен кабыл алуунун натыйжасында ишке ашат. Кепти түшүнүүнүн жана жеткиликтүү деңгээлде кабыл алуунун зарыл шарттарын төмөнкүлөр түзөт: ***туура уга билүү, тыңшай билүү, эсте сактоо, кунт коюп угуу менен зарыл маалыматка ээ болуу***. Угуу ишмердүүлүгү кептин калган түрлөрүнүн базасын түзөт. «Угуу – бул чыгармачылык», демек, угуу ишмердүүлүгүн өстүрүү процесстеринде анын ар тараптуулугу, байланыштуулугу эске алынып, оозеки кеп менен жазуу кебинин айтылышынын негизинде аткарылышына көңүл бөлүнөт. Бул боюнча илимий эмгектердеги «Уга билүү - бул жазуу кебинин айтылышындай жана сүйлөө кебинин угулушундай кабыл алуу» [58.266] пикирди келтирүү менен тастыктоого болот. Маалымат алууга, же түшүнө билүүгө аракет жасоонун башаты уга билүү мүмкүнчүлүгүнө көз каранды.

Кеп ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрүндөй эле, уга билүү иши алдыдагы жумуштун мотивдерин, максатын жана милдеттерин аңдап билүү менен башталат. Демек, угаардан мурда эмне максат менен бул ишти аткарып жаткандыгына жана конкреттүү милдеттерине карай өзүнүн коммуникативдик аракетин ориентациялайт. Бул учурда окутуу процесси төмөнкүдөй этаптар менен аткарылышы шартталат.

♦ Мотивациялык этап болуп, мында окуучунун кептик ориентири башталат.

♦ Бул этапта окуучу кабыл алып жатканды анализдейт, ошондуктан бул этап аналитикалык-синтетикалык этапты билдирет.

♦ Бул этапта окуучулар алган маалыматтарын жыйынтыкташат, коррекциялашат.

Угуунун акыркы этабында үйрөтүү иш-аракетиндеги аткаруучулук жана реализациялоо мүмкүнчүлүктөрү байкалат. Угуунун натыйжасында тиешелүү механизмдердин иш-аракети менен

окуучулар камсыз болушу керек. Эң негизгиси угуу процесси акыл-эс механизми аркылуу гана жүзөгө ашырылат.

Угуу ишмердүүлүгү түшүнүү, кабыл алуу, эстеп калуу, сезүү органдарынын жана кептик угуу аппаратынын комплекстүү ишке киришүү механизмдери менен жүзөгө ашырылгандыктан, эне тилинин акустикалык, фонологиялык татаал кубулуштары өздөштүрүлүүгө тийиш. Бул учурда угуу ишмердүүлүгү аркылуу эсте сактоого көңүл бөлүү менен үндү комплекстүү түрдө эстеп калууга жана укканын иштеп чыгууга жөндөмдүүлүктөрү артат. Угуу менен эсте сактоону өстүрүүнүн натыйжасында кыргыз тилинин орфоэпиясынын нормативдерин, көркөм окууну, орфографияны жана интонацияны сабаттуу калыптандырууга натыйжалуу негиз жасалат. Бул маселе өзгөчө фонетикалык-коммуникативдик иш-аркеттердин мазмунун түзгөндүктөн, берилген маалыматты тыңшай билүү маданияты менен байланышта аткарылат. Ошондуктан угуу кеп ишмердүүлүгүнүн педагогикалык жана психологиялык негиздери анын комплекстүү функциясын аныктоо менен бирге угуу мотивациясы жана реакциясы, ой жүгүртүү закон-ченемдүүлүктөрү менен байланышта каралып, фактылык материалдуулукта мүнөздөлөт. Бул боюнча психологдор угуу ишмердүүлүгүндө төмөнкүдөй негизги процесстер боло тургандыгын белгилешет: кептик бирдикти таануу, алардын маанилерин кайра иштеп чыгуу жана алардын негизинде кепти түшүнүү. «*Угуу сезими аркылуу кабыл алынган маалымат боюнча ички кебине сигнал жиберилип, ал жөнүндө ой жүгүртүү процесси башталат*». [73.71] Демек, кепти маанилик жактан түшүнүп уга алуу иши так, түшүнүктүү, жеткиликтүү тил, кептик темп менен айтуучуга жана негизгилерин бөлүп түшүндүрө билүүсүнө көз каранды болуп, көңүл буруу, эсте тутуу жөндөмдүүлүгүнө карай түрдүүчө таасирин тийгизе тургандыгы аныкталган.

Окуучулардын акыл-эсине, жан дүйнөсүнө күчтүү таасир этүүчү интонациялык жана эстетикалык тилдик бай каражаттарга, экспрессивдүү чыгармачылыкка ээ болгон маалыматтар менен байытып, алардын эс тутумун активдештирүүгө, окуучуларды башка бирөөлөрдүн оюн кунт коюп уга билүүгө машыктыруу зарыл.

Мектептеги класстардын акустикалык абалынын ылайыктуу болуп, үндү туура угууга тоскоолдук келтирбегендей болушу талап кылынат. Ошондой эле, айрым окуучулардын угуу жөндөмдүүлүгү күчтүү өнүккөндүгүнө, ал эми айрым-дарында мындай касиеттин төмөн болгондугуна жараша өздөштүрүү болот. Ар бир окуучунун угуу жөндөмдүүлүк-төрүнүн өзгөчөлүктөрүн адис мугалимдин эске алуусу зарыл.

Кыргыз тил сабактарында угуу ишмердүүлүгүн өстүрүү жана аны калыптандыруу жумуштары, ой жүгүртүү ишмердүүлүгү практикалык жактан маанилүү ролду билдирип турса да, көпчүлүк учурда көңүл бөлүнбөйт. Мындан кеп ишмердүүлүгүнүн жалпы эле, базалык мүмкүнчүлүгүн түзгөн маанилүү учурга этибар берилбей калгандык байкалат. Анын үстүнө, муну менен окуучулардын уга билүү маданияты, интеллектуалдыгы да талаптагыдай өстүрүлбөй калышы мүмкүн. Демек, мектеп практикасында окуучулардын уга билүү маданиятын, билгичтигин, сергектигин өстүрүү менен мугалимдин баяндамасын жана башка зарыл маалыматтарды тыңшай билүү, туура угуу касиеттерине тарбиялоо зарылдыгы бир гана тилчи адистин милдетин түзбөстөн, жалпы педагогдордун эң маанилүү милдетине айланышы керек. Ошондо гана окуучулар бирөөнүн оюн уга билүү, башкалардын оюн урматтоо менен толеранттуулукка да тарбияланат.

Көпчүлүк учурда, окуучулар мугалимдин сөзүн жана ата-энелеринин айтканын угуп, аны аткарууга жөндөмдүү экендигин көрсөтүшөт. Мындай чектелген көрүнүш жалпы эле кеп маданиятындагы бир жактуу тарбиялангандыкты далилдейт.

## *Угуу ишмердүүлүгүнүн төмөнкүдөй түрлөрү бар*

➢ ***Толук угуу***. Мында максат коюлуп темасы аныкталат. Эмне жөнүндө сөз боло тургандыгы боюнча алдын ала көңүлдү бурган түшүнүк берилет. Теманын мазмуну кеңири ачылып, анын билим берүүчүлүк жана тарбиялоочулук маселелери белгилүү болот. Тексттин мазмуну боюнча суроолор, тапшырмалар даярдалып, турмуш менен байланыштуулугу, проблемалары такталып, ар тараптуу маалымат жасалат.

➢ ***Деталдык угуу***. Материалдын мазмунунда жаткан эң зарыл учурларын так, деталдап айтып берүү менен жүргүзүлөт. Мында текстти түшүндүрүп ой жүгүртүү, түшүндүрүп көрсөтүү ыкмалары пайдаланылат. Текстти кайра айтып берүү, тапшырмаларды эске салуу менен анын материалдары боюнча дискуссия, диспут өткөрүү максаттары үчүн маалымат берилет.

➢ ***Сын берүү менен угуу***. Өзүнүн көз карашын билдирүү, анын авторунун оюнун мотивине макул, же макул эместигин далилдөө жана аргументациясын, ойду билдирүү формасын баалоо менен угууну билдирет. Мында изденүү менен жооп берүүгө басым жасалат.

***Коллективдүү угуу*** – бул класстагы окуучулардын өз идеяларын бөлүшүү процесстери. Бул учурда бири-биринин пикирин укканга жана сүйлөп жаткандын оюн түшүнүп уга билгенге, сыйлаганга үйрөтүү жумуштары жүргүзүлөт. Башкалардын коллективдүү эс-акылын пайдаланууга жана өз идеяларын билдирүүгө багыт берилип, диалогдук кептин маданияттуу уюштурулушун көздөйт. Окуучулардын жоопторун, сунуштарын, түшүнгөндөрүн кунт коюп угуу, талдоо жана тактоо менен көз караштарын билдирүүнү жыйынтыктоо иши үйрөтүлөт.

Класста бир гана мугалимди гана укканга эмес, ар бир окуучуну калгандары уга билгенге уюштуруп, угуу чөйрөсүн камсыз кылуу зарыл.

Окуучулардын угуу маданиятына көңүл буруп, өстүрө билүүсү мугалимдин уюштуруусуна жана позициясына көз каранды. Мугалим класста уга билүү маданияты боюнча атайын мазмундуу тарбиялык иштерди жүргүзүп, даярдоо ыкмаларын колдонушу зарыл.

Өзгөчө, дискуссиялык, диспуттук сабактарда мугалимдин алдын ала тынчтыктын сакталышын жана ойду толук угуу, сыйлоо менен катыша тургандыктарын эскертип, талап кылуусу керек. Угуу ишмердүүлүгүн өстүрүү үчүн төмөнкүдөй методикалык иш-аракеттерди жүргүзүү сунуш кылынат.

- Окуучулардын көңүлүн бурдура турган фактылар, же ыкмалар аркылуу сабакка уюштуруу;
- Мугалимдин айтып берген маалыматын кайталай билиши;
- Уккандын негизгилерин жазып алууга көнүктүрүү, талаш маселелерди фактылап далилдөө;
- Уккандары боюнча суроолорго так жооп берүү жана аларды чечмелөөгө багыт берүү, тарбиялоо;
- Конспект түзүү жана тезис даярдоо;
- Башкалардын оюна баа берүү адебин сактоо;
- Маалымат боюнча таблица, схема түзүү;
- Тиешелүү рецептикалык кептик базаны камсыз кылуу ж.б.

Ал эми угуу маданиятын арттыруу үчүн төмөндөгүдөй тематикалык тексттерди пайдаланып, класстан тышкаркы иштерди жана тарбиялык иш-аркеттерди жүргүзүү менен жалпы маданиятын өстүрүүгө өбөлгө түзүлөт.

### *Уккан да дартка даба*


«Музыка көңүлдү көкөлөткөн маанай берет, ал эми көңүлдүн бузулушу акыл-сезимдин оорууларына алып келгендиктен, анын

пайдалуу таасирин сөзсүз тийгизмекчи», - деп эсептеген көрүнүктүү орус психиатору С.С. Курсаков. Орус физиологу И.Р. Тарханов: адамдын моокумун кандырган обон тамырдын кагуусун жайлатып, жүрөктүн согуу күчүн тездетип, кан-тамырларды кеңейтүү менен кандын басымы калыбына келтирерин, ал эми кулактын кужурун алган музыка түздөн-түз тескери таасирин тийгизээрин далилдеген.

Музыканын түрлөрүн, клаасикалык күүлөрдү түшүнүп, кайрыктарын андап кабыл алуу менен уга билүүдө гана, көңүлдү көтөрүп, эс алдырып рахат тартуулайт. Мындай абалда ооруунун дарыланышы жана дабалык касиетин бериши мүмкүн. *(«Ден соолук» журналы)*

Уга билүү ишмердүүлүгүнө үйрөтүү менен, биринчиден, жалпы кептик ишмердүүлүгүн өстүрүү калыптандырылса, экинчиден, угуу маданиятына тарбияланып, байланыштуу кепти өстүрүүнүн милдеттери аткрылат.

Угуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн жана алардын теориялык, практикалык байланыштарын төмөнкү кластерден байкоого болот.



## Окуу ишмердүүлүгү

Текстти белгилүү адабий тилдин деңгээлинде окуу техникасын сактай алуунун өзү кептик коммуникативдик ишмердүүлүк боюнча сабаттуулукту билдирип, сүйлөө жана жазуу мүмкүнчүлүгүн калыптандырууга үйрөтөт. Демек, акыл-эс, көрүү, угуу, кабыл алуу органдары аркылуу өздөштүрүлөт. Ошондуктан окуу ыкмасында чыгармачыл, ишкердүүлүк менен мамиле жасалып, ар бир тил каражатынын ролун, стилин түшүнүп, алардын коммуникативдик кызматын, аңдап кабыл алууга жана таанып-билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп, өздөштүрүлүүгө тийиш.

Окуу ишмердүүлүгү боюнча төмөндөгүдөй педагогикалык, психологиялык учкул сөздөрдү **эпиграф** катары пайдаланып тиешелүү окуу процесстерин жана иш чараларды өткөрүүгө болот.

- **Окуу – бул баарыдан мурун чыгармачылыкты бириктирүү.** *(М. Цветаева)*
- **Окуу – түшүнүүчүлөрдүн чыгармачылыгы.** *(М. Бахтин)*
- **Жазуучу китеп окурманын өзүнүн чыгармасынын катышуучусу катары эсептейт.** *(Д. Лихачев)*

Окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуу аткарылышы үчүн тандалган тексттер лингвистикалык-дидактикалык принциптерге дал келгендей болуп, төмөнкүдөй талаптарга жооп бериши зарыл.

1. Окуучулардын турмушу менен байланышта болуп, темасынын актуалдуулугу, конкреттүүлүгү эске алынат.
2. Программалык материалдагы тил каражаттарынын колдонулушу, өлкө таанытуу маселелери.
3. Тексттин көркөмдүгү, тил каражаттарынын түшүнүктүү жана ийкемдүү болушу. Натыйжада, репертуардык ролду аткаргандай жоопкерчиликти, мамилени камсыз кылуу ж.б.

Мындай тексттер окуу ишмердүүлүгүнүн кайсы бир этабында аткарылып, алар төмөндөгүдөй максаттар менен жүргүзүлөт.

1) ***үйрөтүүчү***;

2) ***таанытыруучу***;

3) ***көз жүгүртүү*** менен окуу болуп бөлүнүшү үйрөтүлөт. Тексттерди окуунун түрлөрү илимий-методикалык адабияттарда психологиялык, методикалык негиздерге карай төмөнкүдөй классификациялоо сунуш кылынган.

1) ***аналитикалык окуу***;

2) ***импрессивдүү***;

3) ***экспрессивдүү*** окуу.

Ал эми окуу процессин уюштуруу иштеринде төмөнкүдөй түрлөргө ажыратылат.

- аудиториялык;
- өз алдынча окуу, класстан тышкары окуу;

*Мектептин билим берүү шарттарында* төмөнкүдөй ыкмалар колдонулат.

- лабораториялык, жалпы, шерик менен окуу, тыныгуу менен окуу, комментариялык окуу, интерпретациялык окуу ж.б.

*Окуу ишмердүүлүгүн өстүрүүдө* төмөнкүдөй окуу техникасын калыптандыруу критерийлери сунуш кылынат.

- Тыбыш менен тамганын ассоциациялык тыгыз байланыштыгын өздөштүрүү;
- Жаңы сөздү, сөз айкалыштарын интиуция аркылуу эрежени сактоо менен окуу;
- Тилдин артикуляциясын жана интонациясын өздөштүрүү менен түшүнүп окуу;
- Адабий тилдин оозеки формасын сактоо менен орфоэпиялык нормативдерди өздөштүрүү.

Окуу ишмердүүлүгүнүн бул критерийлеринин сакталышы менен аны аткаруу процесстеринде интенсивдүүлүгүнө жана экстенсивдүүлүгүнө көңүл бөлүнөт. Интенсивдүү ыкмаларында анализ жасалып, окуу техникасы эске алынат да, мазмунун түшүнүү жеңилдетилет. Ал эми экстенсивдүү окууда синтезделип, аягында жазуу иштеринин аткарылышы күтүлөт.

Текстти окуй алуу техникасына көнүктүрүү иш-аракеттери рецептикалык кепти түзөт. Анын үстүнө, текстти окуу менен дайыма эле даяр кептик материалды кабыл алуу үчүн эмес, ***жаңы маалыматты*** өздөштүрүүгө да багытталат.

Окуу ишмердүүлүгүн окутууда аткарылыш механизмдери жана калыптандыруу ыкмалары боюнча психологиялык жана педагогикалык негиздерге таянат. Психологдордун көз караштары боюнча окууга көнүктүрүү иши рецептикалык кептин формасы катары өз ара байланышкан эки процесстен турат:

1) окуу техникасынын темпинен;

2) окулган текстти түшүнүү механизминен. Бул процесстер эриш-аркак аткарылып, адегенде окуу техникасына көнүктүрүп,

андан кийин түшүнүп окуусу талап кылынат. Методикалык адабияттарда белгиленгендей, текстти түшүнүүнүн үч баскычы бар:

- Текст окуп, баарын түшүнүү мүмкүн эмес.
- Текст окуп, анда эмне бар экендигин гана түшүнүү.
- Текст окуп, андагы жаңылыкты да түшүнүү.

Ушул баскычтардын аткарылышын эске алуу менен анын натыйжасын күтүү зарыл. Бир эле текстти бир нече жолу кайталап окутуу менен түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алышы мүмкүн. Тексттерди окуу процессинде төмөнкүдөй тилдик жана коммуникативдик маанилүү зарыл учурлар жүзөгө ашырылат.

- *Көрүү менен кабыл алып окугандыгына байланыштуу окуучунун орфографиялык сабаттуулугу артып, ар бир сөздүн орфограммасын өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт;*
- *Окуучунун ички кебине таасир этип, окуу кеби аркылуу ички кеп менен тышкы кептин байланыштуулугу жаралат;*
- *Кеп ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрүнүн сабаттуу калыптанышына таасирин тийгизет. Үн чыгарып окуу менен эне тилинин артикуляциялык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүп, туура угууга мүмкүнчүлүк алат;*
- *Көркөм окуу техникасынын туура аткарылышы ж.б.*

Психологиялык эмгектерде окуу ишмердүүлүгүнүн кебинин аткарылышында көптөгөн механизмдердин ишке кириши жана алардын бир эле учурда байланыштырылып кабыл алынышы менен шартталгандыгы аныкталган. «Окуу – бул ой жүгүртүүнүн жогорку психикалык функциялары түздөн-түз катышкан татаал процесс». [84.128] Окуу - бул сүйлөмдүн ар бир элементин таразалоону, алардын бири-бирине болгон мамилелерин дал келтирип уюштурууну, көптөгөн күчтөрдүн биргелешип иштөөсүн талап кылган сындап да, жактырып да натыйжасын күткөн татаал процесс.

Айрым учурда оозеки кепти жеңил, же эң сонун түшүнгөнү менен окуу процессинде жөнөкөй текстти түшүнүү бир топ кыйынчылыкты туудурат. Демек, окуу процесси комплекстүү ишмердүүлүктү талап кылат, ал оозеки кепти түшүнүүгө караганда, бир топ интеллектуалдуу, сезимталдуу деңгээлди талап кылып, жайынча кабыл алынат. Окуу процессин үйрөтүүдө ички кептин өнүгүүсү менен тыгыз байланышта боло тургандыгына ылайык, бул учурда ички кептин өнүгүүсүз, б.а. окулган текстти өзүнчө түшүнмөйүнчө, аларга ички интонация бермейинче, бул процесс натыйжасын бере албайт. Ошондуктан бүткүл дити, кудурети жана жоопкерчилиги менен окуй алганда гана, түшүнүү менен дал өзүндөй кабыл алышы мүмкүн.

Окуу ишмердүүлүгү психологиялык факторлор *(анализ, синтез)* менен гана алардын методикалык ыкмалары шартталып түзүлбөстөн, педагогикалык жана лингвистикалык, физиологиялык факторлор да окутуунун теориялык закон-ченеми катары эсептелинет. Буга ылайык туура окуу түшүнүгү төмөнкүдөй нормативдүү процесстерде аткарылат.

- кыргыз адабий тилинин айтым деңгээли;
- үндүүлөрдүн редукциясы жана үнсүздөрдүн белгилүү бир позицияларда жумшаруусу;
- басымдын жана кыргыз тилинин интонациясынын туура коюлушу;
- сөздөрдүн бирге окулушу жана сүйлөмдөрдөгү тыныгуу, логикалык басымдын туура коюлушу ж.б.

Окуучулардын китеп окуу ишмердүүлүгүнө негизделген тексттер менен иштей билүү зарыл. Башкача айтканда, тексттер окуучунун өз алдынча окуп үйрөнүүсүн, таанып-билүү жана окурмандык ишмердүүлүктөрүн калыптандырууга багытталгандыгына көңүл бурулат. Окуу учурунда мурунку окугандардын мазмуну жөнүндө ойлоно билүү зарыл, анткени мурунку кабыл алынган билимдер менен байланыштыруу керек. Ошондой эле, окуу китептериндеги тексттердин белгилерин, иллюстрациялык материалдардын, сүрөттөрдүн мазмунун, ички сырларын ачып берүү ыкмалары колдонулат. Муну менен окуучуларды ойлонууга, сүйлөм түзө алууга жана сунушун киргизүүгө, өз оюн кеңири билдирүүгө багыт берилет. Натыйжада кеп ишмердүүлүгүнүн рецептикалык базасын түзүүгө көмөк көрсөтүшү ыктымал.

Кыргыз тил сабактарында коммуникативдик тексттерди окутуу менен эне тилине таандык болгон ***басымды, акцентти, интонацияны*** сабаттуу өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Окуучулардын окуу техникасын калыптандыруу жумуштары төмөнкү тилдик билгичтиктерге ээ болуусун талап кылат.

1. Кыргыз тилиндеги муундук системаны туура окуй алууга басым жасоо. Мисалы, ун-үн, боз-бөз, от-өт, кор-көр, күрөшүүчүлөр-обончулар, каада-салттар ж.б.
2. Сөз айкаштарын, түрмөктөрдү, татаал сөздөрдү туура окууга машыктыруу. Мисалы, машакаттуу иш, тээ алыстан көрүнгөн тоо кыркалары, борбордук методикалык бирикме, билим берүү академиясы, окуу усулдук кеңеш ж.б.

3. Кыргыз тилинде гана колдонулган тыбыштарды туура айтууга окуу аркылуу үйрөтүү. Мисалы, ө,ү,ң,а,о,у, ө,ү,к,г,ж,л,з. Бул тыбыштык материалдар программалык системалуулукта жана байланыштуулукта аткарылып, окутуунун бардык процессинде эске алынууга тийиш.

Окуу ишмердүүлүгүнө үйрөтүүдө мындай методикалык ыкмаларды пайдаланып, фонетикалык, орфоэпиялык тексттер менен иштөөгө туура келет. Мисалы, текстти окутуп түшүнүктөрүн айттыруу, текстти окутуп суроолорго жооп алуу, суроолордун түрлөрүн пайдалануу менен маанисин чечмелөө сыяктуу ыкмалар сунуш кылынат.

Көпчүлүк учурда кеп ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрүнө (сүйлөө, жазуу) көбүрөөк көңүл бөлүнөт да, окуу кеби анча таназанарга алынбай жаткандыгы окуучулардын кептик базасын жаратууда кедергисин тийгизгендигинен байкалат. Ошондуктан кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууда окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн психологиялык жана педагогикалык, физиологиялык негиздерине таянуу менен эффективдүү натыйжаларын жаратуу зарыл.

## Сүйлөө ишмердүүлүгү

Кеп ишмердүүлүгүнүн продуктивдүү түрүн сүйлөшүү кеби түзөт, ал кептин оозеки формасын жаратат. Сүйлөөнүн жыйынтыгы – бул оозеки кептин айтылышы. Сүйлөө ишмердүүлүгүнүн коммуникативдик кызматы жана анын аткарылыш закон-ченемдери кыргыз адабий тилинин нормативдеринде аткарылып, кыргыз тил предметинин белгилүү милдеттери менен жүзөгө ашырылат. Сүйлөө кебинин логикалык басымы, көрктүүлүгү жана угумдуулугу, айтымы сабаттуу жана нарктуу болуп, обьективдүү ойдун так чагылдырылышы зарыл. Адам баласынын сүйлөө искусствосу анын байланыштарынын өсүп-өнүгүүсүн жана бүткүл иш-аракеттерин шарттап, маалымдаганга кызмат кылып келген.

Сүйлөө ишмердүүлүгү оозеки кептин пикир алышуу, ойду билдирүү жана жалпы маалымат алмашуу ыкмалары менен айтылат. Окуучулардын сүйлөө ишмердүүлүгүнүн табиятын жана теориялык закон-ченемдерин окутуу маселелеринин проблемалары боюнча методикалык, педагогикалык жана психологиялык негиздерин иликтеген бир топ илимий-методикалык адабияттар жарык көргөн. [24,28,31,42]

«Сүйлөө кебинин аткарылыш механизмин төмөнкүлөр түзөт: кырдаал, мотив, зарылдыгы, айтуунун ички планы, сөздөрдүн тандалышы жана алардын жайгаштырылышы». [52.39] Демек, белгилүү тема боюнча окуучунун ойду максаттуу, муктаждык жана оозеки адабий тилдик деңгээлде сүйлөө ишмердүүлүгүн өстүрүү, машыктыруу жумуштары, жалпы маданиятын калыптандыруу иштери кептин ар бир түрүнүн негизги максаттарын түзөт. Ошондой эле, сүйлөө ишмердүүлүгү аткарылыш формалары боюнча диалогдук, монологдук жана полилогдук болуп бөлүнөт.

Кептин өзгөчөлүгүн сүйлөө темпи, дикциясы, үн, үндүн күчү, тембри, интонациялык боек түзүп, айтуунун негизги каражаттары катары эсептелинет. Ал эми сүйлөшүү логикасы, чөйрөсү, карым-катыштык өзгөчөлүгү, сапаты, (интерпретацияланышы) психологиялык кырдаалы ж.б. аткарылыш шарттарын билдирет.

***Бул учурда кептик аппараттын, тыбыштардын артикуляциялык функциясынын жана интонациялык элементтердин модуляциясынын, ой жүгүртүү механизмдеринин жана психологиялык закон-ченемдердин негизинде кептик чыгармачылыктын деңгээлинде сүйлөө ишмердүүлүгү жүзөгө ашырылат.***

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын оозеки кебин өстүрүү жана аларды адабий тилдин негизинде калыптандыруу иш-аракеттери мугалимдин жоопкерчиликтүү милдеттеринен болуп саналат.

***Бул иш-аракет системалуу түрдө, ар бир сабак сайын аткарылуучу туруктуу көрүнүштөрдөн. Анткени окуучунун өз эне тилинде сабаттуу жана адабий тилде сүйлөй алуусу, өз оюн логикалуу билдире алуусу, ага карата тарбиялануусу программалык материалдын негизги компонентин түзүү менен улам этаптык мүнөздө калыптанып отуруп, окутуп билим берип жаткан адис мугалимдин ишинин натыйжасын да көрсөтөт.***

Демек, сүйлөө ишмердүүлүгүн оптималдуу ыкмалар менен машыктыруу иштери окуучунун өздөштүргөнү, кызыгуусу, умтулуусу, максаттуу динамикалуулугу менен шартталып, өз алдынчалыгын көрсөтүү менен практикалык жактан жетишкен ийгилигин далилдей алат. Муну психолог окумуштуу Л.С. Выготский төмөндөгүдөй мүнөздөгөн. «Кызыгуу, умтулуу кептик иш-аракетке чейин пайда болоору антогенетиканын гана эмес, ар бир кептин, же ар бир фразанын жаралышындагы реалдуу кубулуш. Демек, кептин, диалогдун ар бир бурулушунда, кептик ар бир жаңы кырдаалда умтулуу, кызыгуу пайда болуп турат». [17.210] Ал эми методикалык эмгектерде болсо, окутуу ишиндеги мындай шарттардын эске алынышы төмөндөгүдөй белгиленген: «...сүйлөө ыкмаларын

өркүндөтүүчү жана сүйлөөнүн реалдуу формаларына шайкеш келген, коммуникативдик максатты көздөгөн багытта болушу зарыл». [58.85] Натыйжада сүйлөө ишмердүүлүгү мотивдештирилгендиктин, активдүүлүктүн, максатка багытталгандыктын, кырдаалдуулуктун, эвристиканын, автоматташтырылган ой жүгүртүүнүн коммуникативдик функциялары, импровизациянын элементтери менен шартталып айтылышы жүзөгө ашырылат.


Сүйлөө ишмердүүлүгү көпчүлүк учурда ритуалдык, кесиптик педагогикалык мотивация, куттуктоо, пикир айтуу максаттарында болуп, белгилүү формаларда айтылат. Мисалы, мактоо сөзү төмөнкүдөй кырдаалдарда зарылдык менен аткарылышы мүмкүн.




Окуучунун айтайын деген ою так чагылдырылып, тилдин табигый сүйлөө наркын сактоо менен пикир алышууга жана улуттук сүйлөө мотивин, оозеки кептин даяр моделдерин, эмоционалдуулугун өздөштүрүүгө өзгөчө маани берилип, ага көнүктүрүү зарыл. Бул учурда эне тилинин оозеки кептеги сөз байлыгы окуучулардын аң-сезимине күчтүү таасир этүүчү интонацияга, экспрессивдүүлүккө ээ болгон каражат экендиги эске алынат. Тиешелүү тилдик материалдарды, лексикалык бирдиктерди мыкты билсе да, ой жүгүртүү механизми аркылуу кептин даярдалып, сыртка чыгышы жана анын логикалык жактан жабдылышы бир топ кыйынчылыкты туудурат.

Ошондой эле, сүйлөө ишмердүүлүгүнүн кырдаалына, чөйрөсүнө, мотивине, жалпы абалына карай экстралигвистикалык факторлордун негизинде пикир алыша билүүнүн ыкмаларын кеп

өстүрүү иш-аракеттеринде ар түрдүү сүйлөө моделдерин активдештирүү талап кылынат. Сүйлөшүү максаттарынын түрлөрүн ар кандай шарттар менен байланыштырып кароого болот. Төмөнкү таблицаны пайдаланып, анын ар түрдүү багыттардагы мазмундарын тактоо менен, алардын стилдик коммуникативдик ролун белгилөөгө болот.




Мунун өзү окуучунун коомдук көрүнүштөрдү ар түрдүүчө кабыл алуусуна жана кабыл алган билгичтигин кайра дал ошондой чагылдыра алуусу менен тыгыз байланыштуу. Натыйжада, адам баласынын сүйлөгөн сөзүнөн маданиятынын деңгээли, билими, тарбиясы жана инсандык көз карашы, дүйнө таанымы аныктала тургандыгын мугалим түшүндүрүп туруусу абзел. ***Андыктан, сүйлөө ишмердүүлүгүн окуучуга үйрөтүү – бул чыгармачыл ой жүгүртүүнү, эстетикалык таасирди жана логикалык, психологиялык тажрыйбаны, адамгерчиликти, улуттук нарк-насилди, сүйлөө адебин үйрөтүү дегендик.*** Мындай прцесстерде мугалимдин сөзү окуучу үчүн үлгү болуу менен дидактикалык баалуу каражат катары кызмат кылып тургандыгына көңүл бөлүнөт.

Баарлашуу, жагымдуу маанайдагы мамиле баланын психикалык гана эмес, акыл-эсинин жетилүүсүнө да зор таасирин тийгизет. Мектеп окуучуларынын өз ара чын ыкластуу мамилеси, педагогдор, ата-энелер ж.б. менен жандуу, логикалуу, таасирлүү пикир алышуусу коммуникативдик калыптануунун түптөнүүсүн түзөт. Баарлашуу, күндөлүк жазуу, өзү менен өзүнүн сүйлөшүүсү, жакындарына маалымат жасап жана башка техникалык каражаттар аркылуу байланышуусу оозеки кептин базасын толуктап , көрөңгөсүн байытат.

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында окуучулардын сүйлөө ишмердүүлүгүн активдештирүү иш-аракеттеринде ***кептик кырдаалды*** рационалдуу уюштура билүүнүн практикалык мааниси чоң. Окутуу каражаттарынын мазмуну турмуштун түрдүү

жагдайларын өзүнө камтып, сүйлөөгө, пикир алышууга түрткү берген, окуучулардын ойду билдирүү муктаждыгын жаратып, психологиялык түрдүү мотивдерди билдирген кептик кырдаалдар колдонулат. «Окуучулардын эмоциясын, окууга жана таанып-билүүгө кызыгууларын өнүктүрүү максатында сабактын жүрүшүндө төмөнкүлөрдү (мисалы, окуучуларды таң калтыруучу, кубандыруучу, кызыктыруучу кырдаалдарды түзүү, кызыктуу сүрөттөрдү, предметтерди, оюндарды пайдалануу) камсыз кылуу» [12.49] зарыл.

Окутуу процессиндеги кеп кырдаалын жаратып, таанып-билүүчүлүк мүнөзүндөгү каражаттар дидактикалык материалдардын милдетин аткарат. Демек, бул учурда кептик кырдаалдын методикалык жана психологиялык, коммуникативдик кызматтары эң актуалдуу проблема болуп, оозеки кепти өстүрүүнүн негизги резерви катары эсептелиниши керек. Бирок сенсациялык көрүнүштү сунуштоого болбойт. Методикалык жактан пикир алышууну жана сүйлөө муктаждыгын жаратуучу шарттардын колдонулушун кептик кырдаал туюндурат. Бирок бардык шарттар кептик кырдаалды түзө бербеши мүмкүн. Демек, кептик реакцияны пайда кыла турган кырдаал гана кептик кырдаал болушу ыктымал.

Сүйлөө реакциясын пайда кылуу үчүн шарттуу кырдаалдын түзүлүшү зарылдыкты билдирип, адис мугалимдин атайын ишкердүү даярдыгын талап кылат. Ал кырдаал сүйлөөгө психологиялык стимул берип, сүйлөө муктаждыгынын төмөнкүдөй татаал механизмдери 3 блоктон турат.

- *Сүйлөөнү стимулдоо жана мотив берүү;*
- *Борбордук нерв системаларынын тилдик коддорунун өз ара кыймылга келиши;*
- *Анын аткарылышы, же сыртка чыккан кептик акт.*

Ал эми методикалык аспектиден болсо, кептик кырдаалдын туура формулировкаланышы, туура кабыл алынып чагылдырылышы чоң мааниге ээ. Ошондуктан кеп кырдаалын жаратуу үчүн сунуш кылынган дидактикалык каражаттар так жана түшүнүктүү болуп, окуучулардын сүйлөө кебиндеги эмоционалдуулукту жана экспрессивдүүлүктү жаратуу шарттары мугалимдин чеберчилиги менен алардын ой толгоосуна түрткү берип, кептик актты түзүшү керек. Ал каражаттардагы окуялар, фактылар жана символдук белгилер, эпизоддук көрүнүштөр таасирлүү тарбиялык проблемаларын өстүрүү принциптеринде сунушталат.

Көпчүлүк методисттердин оюу боюнча «мындагы көрсөтмөлүүлүккө жандуу мамиле түзүлүп, окуучунун оюна логикалык таасир этип, кептик реакциясын пайда кылат. [29.8-9] Бул

учурда төмөнкүдөй дидактикалык каражаттар пайдаланылат. Кырдаалдык сүрөттөр, кинофильмдерден үзүндүлөр, диафиьлмдер, образдуу символдор, иллюстрация-лык каражаттар демонстрацияланып тааныштырылат. Мындай каражаттардын окуучунун реакциясына таасир этүүсү менен биринчинден, сүйлөө кеп ишмердүүлүгү боюнча мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө алуу жоопкерчилигин арттырат. Экинчинден, кептик кырдаалга машыктыруу жана кептик чыгармачылыкты стимулдаштыруу процесстери активдештирилет. Ошондой эле, окуучулардагы кептик чыгармачылык боюнча өз алдынча изденүү аракеттери орун алып, мугалим башкаруучулук, багыт, коммуникативдик кеңеш берүүчүлүк ролду аткарууга жетишүүсү талап кылынат.

Сүйлөө ишмердүүлүгүнүн процесстеринде адам баласынын үнү - теңдешсиз байлык. Ал сүйлөөчүнүн ар тараптуулугун көрсөтүүчү «портрети». Үндүн угулушу аркылуу пикир алышып жаткандардын мамилесин, эмоционалдык абалын аныктоого болот. Ал эмес, кээде алардын кесибин да аныктоого болот. Көпчүлүк кесиптегилер үчүн (мугалим, лекторлор, экскурсияны жетектегендер, спорт оюндарынын байкоочулары, диспетчерлер ж.б.) үн – эң негизги «жумушчу инструмент» катары пайдаланылат. Мугалимдин сүйлөө ишмердүүлүгүнүн тышкы компоненттеринин бирин анын үнү түзгөндүктөн, анын жагымдуу, коңур үндүү жана үлгү катары кабыл алынышына ылайык болушу зарыл.

Жалпысынан алганда, сүйлөө ишмердүүлүгү – бул коммуникативдик гана проблема эмес, ал этикалык, эстетикалык, адептүүлүк, психологиялык, менталитеттик, улуттук, идеологиялык ж.б. көптөгөн аспектилердин гармониясын камтыган проблема. Демек, сүйлөй алууну окуучуга үйрөтүү – бул адистиктин профилиндеги чыгармачыл ой жүгүртүүнү, адамгерчиликти, кичи пейилдүүлүктү, нарктуу салттарды жана маданиятты үйрөтүү иш-аракетинин жыйынтыгы.

Сүйлөө ишмердүүлүгү – биргелешкен иш-аракеттерди жөнгө салуунун каражаты, ошондой эле, калыптанып жаткан аң-сезимдин тышкы көрүнүшү. Ошондуктан окуучулардын сүйлөө ишмердүүлүгү, же сүйлөө өнөрү – бул өзүлөрүн жаратуучу, калыптандыруучу аң-сезими менен асыл сапаттарын алып жүрүүчү өзгөчө чыгармачылык.

Сүйлөө ишмердүүлүгү угуунун, окуунун жана сүйлөшө билүүнүн негизинде өстүрүлөт. Сүйлөө тажрыйбасын өстүрүүдө табышмактарды табуу, ырларды, элдик уламыштарды, жомокторду, аңгемелерди айтып берүү менен байытылат.

Кептик кырдаалды адистик ишмердүүлүк, методикалык сабаттуулук менен уюштуруп, аны башкара билүүнүн натыйжасында

окуучулардын сүйлөө кебинин түрлөрү боюнча үйрөтүүнүн эффективдүү жана активдүү машыгууларын, кызыгууларын камсыз кылууга болот. Пикир алышуунун моделдери, диалогдук процесстер өздөштүрүлүп, алардын үлгүлөрү үйрөтүлөт.

Сүйлөө кебинин процессинде маалымат берүүнүн кырдаалдык шартына, максаттуу көз карашына жана мамиле-катыштык өзгөчөлүгүнө жараша *жаңсоонун белгилери* ишке ашырылат. Демек сүйлөшүү учурунда адамдын тулку бою, жүзү, мимикасы, кашкабагы, психологиялык абалы жана колдору кошо катышып, ага ылайык сырткы физиологиялык жана коммуникативдик кыймылдар менен коштолуп, кептин жеткиликтүү болушуна көмөк түзөт.

Ымдоо, жаңсоолор кандайдыр бир маалыматты кимдир бирөөгө жеткирүү үчүн аткарылып, атайын багытталгандыкта колдонулуп, анын адресатынын болушу шарт.

***Жаңсоолор*** белгилүү көздөгөн максатта болуп, алар сүйлөшүү учурунда кимдир бирөөнү колдоп-кубаттоо, жактыруу, тарбиялоо, акыл айтуу, эскертүү, коркутуу, басынтуу, шылдыңдоо, кемсинтүү, таасир этүү максатында колдонулуп, ойду так чагылдырууга коммуникативдик кошумча каражат катары көмөк көрсөтүп, жандандырат. Башка кыймылдардан айырмаланып тургандыгы – анын мамиле менен кошо маалыматты билдиргени. Сүйлөө ишмердүүлүгүн өстүрүп, калыптандырууда окуучулардын жаңсоо белгилерин маданияттуу жана орду менен, кебине байланыштырып, коштолуп аткарыла тургандыгы түшүндүрүлүп, үйрөтүлөт.

Ошондуктан оозеки сүйлөшүүдө ишарат, жаңсоо белги-лери тил сыяктуу эле буюмду, адамды, көрүнүштү, кубулушту, көз, кол, сөөмөй, баш, ээк аркылуу көрсөтүү менен сүйлөшүүгө толуктоо, тактоо киргизе тургандыгы мугалимдин көзөмөлүндө болууга тийиш. Булар аркылуу окуучулар үчүн сезим-туюмдар, коркуу, жек көрүү, ачуулануу, жактырбоо сыяктуу ишараттык жагымсыз белгилери түшүнүктүү болууга тийиш.

Кептик улуттук ишараттар, жаңсоолор контексттин фонунда гана түшүнүктүү болуп, ачык даана, так билине тургандыктан, адабият сабагынын материалдары менен тыгыз байланыштырылат. Жаңсоодо, ишараттык белгилерде улуттук каада-салт чагылдырылып, улуттук өзгөчөлүктөрдү камтышы мүмкүн. Сүйлөө процессиндеги механикалык жаңсоолор өзүнүн көрсөтмө белгисине карай ритмикалык, реакция берүүчүлүк, эмоционалдык, шилтеп көрсөткөндүк, сүрөттөгөндүк жана символдук кошумча маанилерди билдирет. Мындай түрлөрү окуучунун кебинде туура пайдаланып, маалыматына ылайык колдонулушу керек. Бул жаңсоолордун ар бири

төмөнкү схемаларда көрсөтүлгөндөй 1-2-3-функцияны аткарып, колдонулушу мүмкүн.




Билдире турган ойду коштоп, жөнгө салуу менен төмөнкүдөй милдеттерди аткарышат. «Окуучуларды уюштурууга байланышкан педагогикалык клишелердин түрлөрүнүн кыймылын алмаштырат; ал эми сүрөттөгөн кыймылдар сөздүн маанисин ачууга жардам берет; жөнгө салуучу кыймылдар – булар контакттын түзүлгөндүгүнүн каражаттары». [47.26-27]

Бул кыймылдардын бардыгы ишараттык мамилени толуктоо, же алмаштырууга байланышкан мугалим менен окуучунун өз ара таасирленүүсүнүн мүмкүнчүлүктөрүн да түрдөнтөт.

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын сүйлөө ишмердүүлүктөрүн өстүрүү жана аны калыптандыруу иш-аракеттери предметтик билим берүүнүн бардык этаптарында эффективдүү жана коммуникативдик ыкмалар менен үйрөтүлүп, оозеки кеп боюнча маданиятын арттыруу адистик зарыл милдеттерден.

## Жазуу ишмердүүлүгү

Жазуу кеби адамдын ой-пикирин сөз аркылуу кагаз бетине түшүрүү жолу менен ишке ашырылат. Ал кеп ишмердүүлүгүнүн продуктивдүү түрүн түзүп, предметтик билимдери, билгичтиктери, машыккандыктары боюнча окуучулардын жазуу формасындагы мүмкүнчүлүктөрүн билдирет. Жазуу кеби кеп ишмердүүлүгүнүн калган түрлөрү менен тыгыз байланышта болуп, алар боюнча канчалык билимдерге ээ болгондугунун натыйжасын көрсөтөт. Демек кептин угуу, окуу, сүйлөө процесстери мыкты өздөштүрүлгөн болсо, андагы алган коммуникативдик билимдери жазууда пайдаланылып, жазуу сабаттуулугун, өз алдынча ойлоно алуусун жана жөндөмдүүлүгүн, шыгын ачып берет.

Мектеп курсунда жазуу иштерин аткаруу техникасынын төмөнкүдөй түрлөрү жүргүзүлүп, ага машыктырылат: көнүгүүлөрдүн түрлөрү, текстттердин типтери жана жат жазуу, алардын стилдик өзгөчөлүктөрү, баяндама (изложение), дилбаян (сочинение), рецензия, доклад, иш кагаздарынын жүргүзүлүшү, лабораториялык иштердин жыйынтыгы, маселени иштөө, талдоо иштерин аткаруу ж.б. Булар окуу программасынын негизинде жүргүзүлүп, класстагы окуучулардын билим деңгээлине карай дифференцияланып турат, ошондой эле, этаптык мүнөздө, системалуулукта үйрөтүлөт. ***Жазуу иштери кыргыз тил сабагынын эң маанилүү бөлүгүн түзүп, мугалимдин да, окуучунун да системалуу түрдө ишкердүүлүктө болуусун шарттап, эки тараптын тең жоопкерчиликтүү мамилелерин талап кылат.***

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн өстүрүү жана аны калыптандыруу иштери бир топ татаал жана жоопкерчиликтүү. Анткени кыргыз орфографиясынын принциптерин так өздөштүрүү менен жазуу ишмердүүлүгү аткарыла турган мазмунду бере алуунун логикалык жактан байланыштуулугун, системалуулугун жана сабаттуу жөндөмдүүлүгүн аныктап берет. Ошондуктан окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн өстүрүп, аны натыйжалуу калыптандыруу үчүн мугалимдин теориялык, методикалык жана психологиялык адистик билимдеринин негизинде чыгармачыл, системалуу жана талыкпаган эмгегинин натыйжасында гана иш жүзүнө ашырылат.

Окуучулурдын жазуу кеп ишмердүүлүктөрүнүн сабаттуу калыптанышында алардын психологиялык абалы, кызыгуусу, кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүнө көбүрөөк көңүл бөлүнүп, ички кебинин моделдүү жана жандуу аткарылышына шарт түзүлүшүн байкоо зарыл. Эгерде окуучу сүйлөмдөрдү, тексттерди жөнөкөй үлгүдө, же

моделдерде жазып машыгып калган болсо деле, ошол теманын мазмунун ойлоно билген жана аны өз алдынча мамиле жасоо менен байланыштыра алган учурда гана жазуу ишмердүүлүгүн жарата алат. Демек сүйлөмдөрдүн түрлөрүн, конструкцияларын жана алардын контексттик мазмунун ойлоо, түшүнүү мүмкүнчүлүгүнүн негизинде чыгармачыл аракет менен бере алууга машыктыруу, даярдоо зарыл. (№4 таблица)

Ошондуктан бул таблицада көрсөтүлгөн структуралык багыттар методикалык позитивдүүлүктө жана жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыра алат.

Эгерде концептуалдык сүйлөмдү кура алуусуна жана туура пайдалана билүүсүнө көңүл бөлүнүп, бул үчүн байланыштуу текст алынып, окуучунун органикалык бүтүмдүктү, образдуулукту колдоно алуусуна машыктырылган болсо, анда орфографиялык, грамматикалык сабаттуулугуна рационалдуу багыт берилет болчу.

Жазуу ишинде ойлоо жөндөмдүүлүгү ачык-айкын болуп, болгон билимин көрсөтүп, билгичтик артыкчылыгын да далилдейт. Жакшы аткарылган жазуу иши кандайдыр бир проблеманы чечүүгө болгон изденүүнү камтып, табиятынан коомдук мүнөзгө ээ болот, себеби жазуу ишин окурманга багыттап, сын-пикирин эске алат.

Психологиялык адабияттарда белгиленгендей, окуучунун таанып-билүүсүнө таасир эткен темада так план боюнча фактылар жана далилдөөлөр менен жазган ишин такыр унутпайт. Анткени жазуу ишмердүүлүгүндө катталган, ишеним менен белгиленген фактылардын жоопкерчилигин көтөрүүсү, моюнга алуусу кошо камтылган. Ошондуктан кептик фактыларды, коммуникативдик фразаларды эсте сактоо жөндөмдүүлүктөрү, даярдоо иштери жүргүзүлөт. Жазуу иши үчүн даярдалган жана чогултулган материалдарды этаптык фазалар менен аткарууда машыктыруу жана тарбиялоо жумуштары өзгөчө мааниге ээ. Ар бир фаза дидактикалык коммуникативдик функциясын так аткарууга ылайык уюштурулуп, жүргүзүлө турган болсо, эффективдүү натыйжасын бериши мүмкүн.

Жазуу ишмердүүлүгү окуучулардын сабаттуулугун, өз алдынча ойлоо мүмкүнчүлүктөрүн, кызыгуусун өстүрүп, чыгармачылыгын жаратат. Мектеп окуучуларын сабаттуу жазууга машыктыруу үчүн, класста жана үйдө аткарылуучу негизги жумуштардын туруктуу жүргүзүлүшүн системага айлантуу абдан маанилүү.

Жазма кептин түрлөрүнүн ар биринин аткарылышы жана калыптанышы окуучулардын психологиялык кабыл алуусу, логикалык ой жүгүртүүлөрү менен орфографиялык-грамматикалык билимдеринин, шыктарынын аналитикалык түрдө тыгыз байланышкандыгы аркылуу жүзөгө ашырылат. Кайсы учурда болсо

да, өтүлгөн материалдын үстүндө бышыктоо, алган билимди бекемдөө, коррекциялоо иш-аракетин жүргүзүп, жаза билүүгө машыктырууда жазуу иштеринен алынган кептик каталарынын үстүндө иштеп, аларды жоюунун ыкмаларын активдештирүү зарыл.

Жазуу кеби боюнча сабаттуулукту, ишмердүүлүктү арттыруунун эң негизги критерийлери – үзгүлтүксүз методикалык талаптарга ылайык кептик каталар менен иштей билүү жана коррекциялоо, өз убагында жыйынтыктоо. Ошондуктан окуучу абдан тынчсыздануу менен күткөн жоопту өз убагында ала албаса, анда жоопкерчилик төмөндөп, кош көңүлдүк жаралат.

Эгерде, жазуу ишмердүүлүгүн калыптандырууда анын этаптык өзгөчөлүктөрүн эске ала турган болсок, төмөнкүдөй баскычтар менен окуу программасынын негизинде билим берилип, окуучуларды жазуу кебине машыктыруу максаттары турмушка ашырылмак.

I. **баскыч.** (V-VII-кл.) Тексттин типтерине машыктырууну, өз алдынча текст, баяндама жазууну, жатка билген тексттерди жаздырууну, иш-кагаздарынын үлгүлөрүн аткарууну иш жүзүнө ашыруу;
II. **баскыч.** (VIII-IX-кл.) Коммуникативдик, тематикалык тексттер менен иштөөгө машыктырууну синтаксистик материалдардын негизинде жүргүзүү;
III. **баскыч** (X-XI-кл.) Жалпылаштыруу, жыйынтыктоо, башка предметтер менен байланышта жазуу ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу.

Бул баскычтар окуучулардын психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен кептик ишмердүүлүктөрүнүн деңгээлин жыйынтыктоочу, жалпылоочу этаптар болуп эсептелгендик-тен, бүткүл жазуу иштери буга чейин үйрөнгөн фонетикалык, орфографиялык, лексикалык жана грамматикалык материал-дарды камтып, канчалык өздөштүргөндүгүн көрсөтөт. Ошондой эле, турмуштук тармактарды чагылдырып турган тематикалык тексттер, коммуникативдик көнүгүүлөр жана иш-кагаздарын жазуу боюнча кеп ишмердүүлүктөрү калыптандырылат. Айрыкча, жогорку класстардагы кыргыз тил сабагында иш-кагаздарынын лексикалык өзгөчөлүктөрүн, стилистикалык айырмачылыктарын, грамматикалык жактан туура жабдылышын теория менен салыштырып өздөштүргөндө гана туруктуу билимдерге ээ болушу мүмкүн.

### *Жазуу ишмердүүлүгүнө машыктыруунун методикалык маселелери*

- *Кептик көнүгүүлөрдү сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү тибиндеги тексттер менен аткара билүү;*
- *Коммуникативдик көнүгүүлөрдү кептик кырдаалдар аркылуу жазуу;*
- *Ар кандай стилдеги тексттерди жазууга машыктыруу;*
- *Баяндама жана дилбаяндын жөнөкөй жана татаал пландарын түзүүнү өздөштүрүү;*
- *Иш кагазадарынын бардык үлгүлөрүн жаза билүү боюнча сабаттуулугун арттыруу.*

Жазуу ишмердүүлүгүнө машыктырууда ар бир сөздүн орфограммасын жана сүйлөмдүн пунктограммасын так өздөштүрүү, аларды орду менен колдоно билүү иштин бардык процессинде маанилүү ролду ээлейт.

***Орфограмма*** – бул сөздөрдүн туура вариантын жаза билүүгө машыктыруу.

***Пунктограмма*** – бул ар кандай вариантта колдонулган тыныш белгилеринин ичинен туурасын колдоно билүү.

Кээде окуучулар ар кайсы булактардан алган, окуган информациялары боюнча үйрөнгөн башка көрүнүштү, орфограмманы колдонуп, чаташтырып (мурунку орфография, жаңы орфография) алышы мүмкүн. Себеби бүгүнкү басма сөздө бир эле сөз ар кандай вариантта колдонулуп, сүйлөмдөгү тыныш белгилер да так эмес белгиленип жүргөндүгүн кездештирүүгө болот.

Жазуу ишмердүүлүгүнө үйрөтүү процесстеринде жана ага калыптанышында даярдоочу, үйрөтүүчү, машыктыруучу, текшерүүчү же жазуу иштеринин түрлөрү менен иштөө ыкмалары адистик коммуникативдик ишкердүүлүктү талап кылат. Алар этаптык мүнөздө үйрөтүлүп, V-VI-VII класстарда машыктыруу иштери калыптанат.

IX-XI класстарда публицистикалык стилде интервью, репортаж, портреттик очерк, макала даярдай билүүгө көнүктүрүлсө, ал эми илимий стилде тезис, доклад, реферат, конспект, даярдоо менен цитатаны жана библографияны пайдалануу ыкмаларына машыктырылат.

### *Баяндама жаздыруу ыкмалары*

Кыргыз тил сабактарында окуучулардын кебин өстүрүү процессинде жазуу ишмердүүлүгүн өстүрүү үчүн баяндама жумуштары көбүрөөк жүргүзүлөт. Жазуу кебинин ишмердүүлүгүнө

калыптандырууда баяндаманын ролу чоң. Методикалык адабияттарда: «Баяндама окуучулардын кебин өстүрүүнүн каражаты, башка бирөөнүн сөзүн (текстин) бурмалабастан жазып берүүгө үйрөтүүчү жана мүмкүндүк түзүүчү каражаттардын негизгилеринен болуп саналат» [71.476] деп маани берилген.

Ал эми кеп өстүрүү сабактарындагы баяндамага окуган китептеринин, көргөн кинолорунун, театрларынын мазмунун бузбай, бурмалабай, өз алдынча чыгармачылык менен жазып берген кептик жумуштары кирет. Көпчүлүк учурда, адегенде текстти окуп берип тааныштырат да, анын тилдик каражаттарына, стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулат. Таяныч сөздөрү аныкталып, анын сүйлөмдөрдөгү берген семантикалык, грамматикалык, стилистикалык кызматтары өздөштүрүлөт. ***Баяндама жазууга үйрөтүүдө мугалимдин кириш сөзүнө, көрсөтмө берүүсүнө, эң негизгиси методикалык ыкмалардын туура тандап алуусуна байланыштуу натыйжаларга ээ болушат.***

Баяндаманын табияты жана аны аткаруу жол-жоболорунун закон-ченемдери жөнүндө жазылган методикалык адабияттарга таянуу менен [19,34,50,52,76,84] практикалык жумуштарды жүргүзүүгө чоң мүмкүнчүлүк бар.

Баяндаманы жаздыруу төмөнкү максаттарды көздөйт.

1. ***Үйрөтүү баяндамасы*** – окуучулардын жазуу ишине машыгуу деңгээлин камсыз кылуу;
2. ***Текшерүү баяндамасы*** – өтүлгөн кептик материалдар боюнча билимдерге, билгичтиктерге ээ болгондугун байкоо.

Бул үйрөтүү жана текшерүү баяндамалары төмөнкүдөй методикалык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат.

1. ***Үйрөтүүчү баяндама*** программалык материалдардын окутулушу менен байланышта жүргүзүлүп, окуучулардын тилдик билимдеринин өздөштүрүлүшү аркылуу жүзөгө ашырылат. Мугалим менен окуучу биргеликте иштөө менен багыт берилет. Ошондой эле, тилдин бөлүмдөрүнүн негизинде, алардын үйрөтүү этаптарынын жыйынтыгында практикаланып, окуучуларга ар кандай булактардан пайдалануу сунуш кылынат. Мугалим тарабынан көзөмөлгө алынып, анын пландары окуучулар менен биргеликте иштелет да, андан кийин жазуу ишине киришүүгө мүмкүнчүлүк берилет. (V-VI кл.)
2. ***Текшерүүчү баяндаманы*** жазууда окуучулардын жекече шыгы, жаза алуу жөндөмдүүлүктөрү, чыгармачыл аракеттери, коррекциялоо түшүнүктөрү, өз алдынчалыгы аныкталып, коммуникативдик билимдери жыйынтыкталат. (VI-IX кл.)

Баяндаманын текстеринин мазмунуна карай төмөнкүдөй методикалык талаптар коюлат.

1. Текстти өзгөртпөй, же негизги текстке жакындатып баяндоо ыкмасы;
2. Байланыштырyусуна жараша текстке өзгөртүүлөрдү киргизе алуу менен жазуу ыкмасы.

Бул баяндаманын аткарылышында окуучулардын текстти жазуу ишмердүүлүктөрү калыптанып, анын техникалык жабдылышына көңүл бөлүнөт. Тексттин тил каражаттарынын так жана туура колдонулушу, фактыны далилдей алуу мүмкүнчүлүктөрү байкоого алынат. Демек көлөмү боюнча кыска жана толук жазылуучу тексттер аткарылат.

Мындан башка, коррекциялоо менен баяндаманын текстерин тааныштыруу, текшерүү ыкмаларына жана тексттин типтерине карай бир нече топторго ажыратылып, жүргүзүлө тургандыгы практикаланат.

Жогоруда белгиленген үйрөтүү жана текшерүү мүнөзүндөгү баяндамалардын тексттери менен окуучуларды тааныштырууда төмөндөгүдөй түрлөрү сунушталат.

1. Мугалим окуп берген текстти угуу ишмердүүлүгү менен жазуу;
2. Окуучулар тарабынан көркөм окулган текст боюнча жазуу;
3. Текстти окуучулардын коллективдүү түрдө үн чыгарбай, купуя окуусу аркылуу жазуу;
4. Текстти мугалим класста окуп берип, бирок баяндаманы үй тапшырмасы катары аткаруу;
5. Бир топ убакыт мурун өтүлгөн текст боюнча эсте сакталып калгандары боюнча жазуу;
6. Башка предметтерден өтүлгөн материадары боюнча (физика, биология, тарых, ж.б.) боюнча жазуу;
7. Текстти бир нече жолу окуп берүү жана 2-3 жолу ар кандай ыкмада оозеки айттыруу, анализдөө менен жаздыруу ж.б.

Бул ыкмалардын туура жүргүзүлүшү үчүн текстти туура тандоо, сабакка карата мугалимдин коммуникативдик ишмердүүлүктө даярдана алуусу, баяндаманын каталары менен иштөө жана кептик баалоо нормативдерин так колдонуп, методикалык, психологиялык закоң-ченемдүүлүктө аткара алышы талап кылынат.

Жалпы алганда, кептик ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча окуучулардын билимдерин өстүрүп, аны калыптандыруу үчүн мугалимдин концентрацияланган коммуникативдик адистик

чыгармачылыгы, предметтик компетентүүлүгү менен уюштурулуп өткөрүлүшү жана алгылыктуу натыйжаларга ээ болушу негизги милдеттерден.

## Кыргыз тил мугалиминин коммуникативдик ишмердүүлүгү

Мектеп курсунда окутулуп жаткан предметтин өзгөчөлү-гүн камтыган мугалимдин коммуникативдик ишмердүүлүгү өз ара байланышкан комплекстүү сапаттарын жана адистик деңгээлин көрсөтө алат. Өзгөчө, кыргыз тил мугалимдеринин коммуникативдик потенциалдары алардын ички жана тышкы рухий дүйнөсүн, интеллектуалдуулугун, терең эрудициясын, маданиятын жана предметтик компетенттүүлүгүн, мыкты прогрессчил тажрыйбасын чагылдырышы мүмкүн. Булар аркылуу билим берүү, маалымат алмаштыруу уюштурулуп, окуучулардын таанып-билүүсү жана практикалык, кептик ишмердүүлүгү **(угуу, окуу, сүйлөө, жазуу)** башкарылып, коммуникативдик билимдери, билгичтиктери, коррекцияланат.

Ошондой эле, окутуу иш-аракеттеринин жүргүзүлүшүн жөнгө салат. Бул процесстерде кыргыз тил мугалиминин лингвистикалык, коммуникативдик жана методикалык компетенциялары, мамиле түзүүнүн педагогикалык стилдери, мотивациясы органикалык байланыштуулукта ишкердүүлүк менен жүзөгө ашырылат. Демек, коммуникативдик потенциалдардын милдеттерин, дидактикалык закон-ченемдерди так аткаруу менен мугалимдин предмет боюнча адистик базасынын деңгээли да аныкталат. Буга байланыштуу бүгүнкү күндө мамлекеттик предметтик билим берүү стандарттарынын жобосунда кыргыз тили предметин окутуу милдеттери күчөтүлгөндүгүн да белгилеп коюуга болот. Стандарттык жободо: «Тил предмети – инсандын тилдик жогорку сабаттуулугун жана адеп-ахлактык асыл сапаттарын, атуулдук жоопкерчилигин жана коомдук активдүүлүгүн калыптандыруунун, коммуникативдик жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн булагы» [43.176] деп белгиленген. Бул жобонун негизинде тикеден-тике кыргыз тил мугалиминин предметти окутуу жоопкерчилиги арттырылып, коммуникативдик маданиятын көтөрүү милдеттерине өзгөчө басым жасалгандыгы байкалат.

Мугалимдин сабактарда пайдалануучу дидактикалык каражаттарынын жана иллюстрациялык материалдарынын жыйындысы ар түрдүү. Алар: тексттер, сөздүктөр, таблицалар

окутуунун жаңы технологиялары, маалымат каражаттары, алгоритмдер, перфокарталар, иллюстрациялык карталар, сүрөттөр ж.б. Бирок сабактын натыйжалуу жана эффективдүү, жандуу болушу үчүн мугалимдин сөзүнүн ролу теңдешсиз артык. Анын сөзү педагогикалык, психологиялык жана логикалык закон-ченемдүүлүктөрдүн талаптарына жооп берүүсү зарыл. Мугалимдин кесиптик расмий сөзү анын коммуникативдик ишмердүүлүгүнүн, кеп маданиятынын эң негизги каражатын түзүп, сабак процессинде активдүү методу жана оперативдүү таянуучу куралы катары кызмат кылып, сабактын эффективдүүлүгүн жаратууга негиз берет. Ошону менен бирге анын сөзүнүн логикалык маданияты – бул мугалимдин ораторлук мүмкүнчүлүгү жана адистик чыгармачылыгы. Мугалимдин кебинин композициялык түзүлүшүнүн дидактикалык жоболорун сактоонун мааниси чоң. Бул логикалык уланмалуулукту жана материалды түшүндүрүү мотивин сактайт.

Мугалимдин сөзү аркылуу жана анын жетекчилиги менен окуучулар керектүү теманын зарыл болгон орчундуу, эң маанилүү жактарын ажыратышат. Албетте, темага байланыштуу билимдердин жөнөкөй гана маалымдалышы, же түшүндүрүлгөн суммасы өзүнөн-өзү ынангандыкты, же кабыл алгандыкты түзө албайт. Ал үчүн материалдын фактылуу болушу зарылдыкты билдирип, бүткүл кептик кудурети, компетенттүүлүгү менен эмоционалдык абалга жетип, кызуу активдүүлүккө (жанталбастыкка) чейин барышы керек. Ошондо гана, сөзү өтүмдүү, түшүнүктүү, жандуу болуп, логикалык максаттуу милдетин аткара алат.

Окутуу ишинде мугалимдин сөзү бардык талаптарга жооп бере турган болсо, анда мугалимдин кадыр-баркы жогору болуп, өзүнүн билим берүү идеалдуулугу камсыз болуп, адис-тик ишмердүүлүгү бааланып, окуучулар менен предметтик байланышы максаттуу аткарылмакчы. Улуу педагог В.А. Сухомлинский мугалимдин сөзүнө өзгөчө баа берип, аны төмөнкүдөй аныктаган. «Мугалимдин сөзү – окуучулардын ички дүйнөсүнө таасир этүүчү алмаштыргыс инструмент. Тарбиялоо искусствосу адам баласынын дилине кайрылууда, эң биринчи сүйлөө искусствосуна таянат».[5]

Демек, ***мугалимдин сөзү окутуу предметине кызыктыруучу жана тарбиялоочу ишмердүүлүктө болуп, мазмундуу, ишенимдүү түрдө жаңыга түрткү берип, үлгүлүү идеал катары ой жүгүртүүсүнө шык берүүчү жоопкерчиликте аткарышы зарыл***. Ар бир теманы түшүндүрүүдө, өтүлгөн темалардын үстүндө иштөөдө

[5] В.А. Сухомлинский. Этюды о коммуникатичемком воспитании. «Народное образование», 1967, №2

жана өздөштүрүлгөн материалдын негизинде байланыштуу кепти өстүрүүдө, кеп маданиятына тарбиялоодо мугалимдин кептик ишмердүүлүгү негизги коммуникативдик метод катары колдонулат. Мугалимдин сөзүн анын аңгемеси, түшүндүрүп айтып берүүсү, баяндамасы жана лекциясы, башкарып уюштуруу иш-аракеттериндеги коммуникативдүүлүгү түзөт. Өзгөчө байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында окуучулардын белгилүү эмоционалдык шыгын жаратып, чыгармачыл изденүүсүн жана өз оюн мазмундуу берүү аракетин жандандырууда теңдешсиз ролго ээ.

Ошондой эле, өтүлүүчү материалды айтып түшүндүрүү-сү, кептик жана риторикалык суроолорду бере билүүнүн оптималдуу ыкмалары, сабак боюнча мыкты даярдыгы, чебер-чилиги жана чыгармачыл аракеттери мугалимдин педагогика-лык коммуникативдик ишмердүүлүгүнүн мазмунун камтыйт. Өзүнүн сөзү менен материалдын мазмунун жеткиликтүү бере алуусу – бул мугалимдин даярдыгынын ишенимдүү белгиси.

Мугалимдин сөзүнүн таасиринин күчтүүлүгү, интеграция-лык мүмкүнчүлүктөрүн окуучулар тарабынан колдоого алынышы белгилүү жетишкендиктерди камсыз кылат. Демек, окуучулардын кыргыз тил предмети боюнча теориялык билгичтиктеринин негизинде анын практикалык зарылдыгын түшүнүү менен билим алууга ээ болушу күчтүү стимулду түзөт. Ошондуктан тилчи мугалимдин сөзү далилдүү, илимий-стилдик жана адабий тилдик жактан нормативдүү, максаты ачык, логикасы күчтүү, сөз байлыгы артык болуп, предметтик кызыгууну жаратууга ылайыкталган болуусу абзел. Лингвистикалык терминдерди так колдонуу менен жалпы эле терминологиялык маданияты, сөздөрдүн семантикалык процесстери боюнча предметтик адис катары жоопкерчиликти көтөрө алгандай болушу зарыл.

Ошондой эле, анын сөзү өтө кылдат, кептик ориентациялык функциясы так болуп, окуучулар үчүн да, мектептеги педагогикалык жамаат үчүн да үлгү катары колдонулушу керек.

Кыргыз тил мугалиминин кеби коммуникативдик, психологиялык ылайыктуулугунун талаптарын камтуу менен окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жана алардын предметти өздөштүрүү даярдыгына көңүл бөлүнүп, кептик кырдаалдык жөндөмдүүлүгүн жөнгө салуу менен тарбиялоочу багытта болот. Окуучу мугалимдин сөзүнөн өз дилине, ой санаасына дал келгендей үндөштүктү табышы окутуу принциптерин түзөт. Бул учурда мугалимдин кептик жаңсоолору, салыштыруу, байланыштыруу жана окшош, же жалпылыкта-рын ачып берүү ыкмалары окуучунун мүдөөсүнө, ой-чабытына шайкеш келип, кыялдануусунун бай

каражатын арттырат. Айрым сабактарга киришүүдө тилчи мугалим «*Жаңы сөздөр*» деген темада беш минуталык маалыматка орун берип, өлкөдөгү жаңыдан кабыл алынып, колдонулуп жаткан сөздөрдүн келген теги, лексикалык мааниси жөнүндө түшүнүк берип, алар боюнча окуучулардын суроолоруна жооп бериши менен адистик милдетин аткарат.

Мындай жаңы сөздөрдүн колдонулушун берүү менен тиешелүү тармактары боюнча мисалдар менен далилдеп, лексикалык байу жолдорун аныктоо аркылуу таанып-билүүсүн өстүрүшү мүмкүн.

Мугалимдин педагогикалык коммуникативдик кептик ишмердүүлүгү аркылуу төмөнкүдөй билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу сунушталат.

- кыргыз адабий тилинин нормативдеринин үлгүлөрүн үйрөтүү, машыктыруу;
- эне тилинин эстетикалык тарбиялык ролун күчөтүү;
- окуучулардын таанып-билүү аракетин стимулдаштыруу;
- окуу материалдарын кызыгуу менен түшүнүүсүн камсыз кылуу;
- ойлоо ишмердүүлүгүн өстүрүү жана активдештирүү, логикалык маданиятын арттыруу;
- кошумча, керектүү маалыматтар менен түшүнүктөрүн толуктап туруу жана өстүрүү;
- ар кандай типтеги текстти, же кептик фразаны интерпретациялоого жетишүү;
- жаңы сөздөрдү, терминдерди колдоно билип, алардын лексикалык түшүндүрмөсү менен өз убагында тааныштыруу ж.б.

Окуучулар өз ыктыяры, каалоосу жана ак ниети менен тыңшай билгенге даяр болуп, мугалимдин сөзүн күтүп калгандай болушу анын талабын түзөт. Ошондой эле, кыргыз тил мугалиминин сөзү адабий тилдин өсүп-өнүккөн деңгээлинин үлгүсүн көрсөтүү менен нукура элдик тилдин наркын сактап, анын бай каражаттарын чеберчилик менен колдоно билүүнүн да үлгүсү болууга тийиш.

Кыргыз элинин макал-лакаптарынын, фразеологизмдери-нин жана учкул сөздөрүнүн, накыл сөздөрүнүн колдонулушу жана алардын бай тажрыйбалары орду менен тааныштырылып, алардын улам жаңылары мугалимдин кеп чеберчилигинен орун алышы зарыл. Кээде бир эле сөздү бир нече жолу ыксыз кайталоо, диалектизмдин элементтерин байкабастан колдонуу менен иш-аракетти жүргүзүүдө коммуникативдик кемчиликтерге жол берилип, окутуу принциптеринин закон-ченеми бузулат.

Демек мугалимдин сөзү ишкердүүлүктө билим берүү, тарбиялоо таасиринде, практикалык жактан чыгармачыл мүнөздө болуп, сүйлөшүү ыкмаларын, коммуникативдик моделдерин өркүндөтүүгө түрткү бериши керек. Анын сөзүндө улуттун асыл сапаттары, артыкчылыктары, образдуулугу, экспрессивдүүлүгү даназаланып, окуучунун руханий маданиятын көтөрүүгө багыт берип, эстетикалык табитине шык жаратуусу күтүлөт жана алар ар кандай ыкмалар менен демонстрацияланууга тийиш.

Академик, залкар жазуучу Ч. Айтматов мугалимдик адистикке жана анын сөзүнүн ролуна төмөндөгүдөй баа берген. «Мугалим – өлкөнүн улуу күчү, анын рухий потенциалын биздин турмушубузда өтө көп нерселер аныктап турат. Билимдердин, маданияттын, патриотизмдин булагы балдардын аң сезимине мугалимдин сөзү жана күн сайын көргөн камкордугунун натыйжасында уялайт».

Мугалимдин сүйлөө ишмердүүлүгү этикалык, эстетикалык, логикалык жана адептүүлүк, педагогикалык нормативдик, предметтик маалыматтуулугу менен айырмала-нып, менталитеттик этномаданий тарбия берүү менен коштолууга тийиш. Чыгармачыл ой жүгүртүүсү, ар бир сөзү кеп наркын сактай билгенге багыт берип туруусу жана бардык убакта адабий тилдин үлгүсүн үйрөтүүсү менен окуучуларды артынан ээрчите алуу кудуретин ишке ашырат.

***Кыргыз тил мугалиминин кеби илимий стилдик каражаттар боюнча да, сүйлөө чечендиги боюнча да кесиптик коммуникативдик мүнөздө болуп, тилдеги жаңылыктар, жетишкен кийинки ийгиликтер менен дайыма толукталып, сабактагы түшүндүрүү устаттыгы өзгөчө касиеттерге ээ болуусу тийиш.***

Ошондой эле, мугалимдин үнү да педагогикалык талапка жооп бергендей болушу, адистикти так аткарууга көмөк берет. Үн оозеки кептин негизги добуштук каражаты катары эсептелинип, интонациянын материалдык негизин түзөт. Мугалимдин үнү маалымат боюнча физикалык, эмоционалдык абалын жана анын интеллектуалдуулугун, маданий деңгээлин аныкташы ыктымал. Класстын акустикалык абалы боюнча теориялык жактан маалыматтуу болушу да зарыл.

Адам баласынын үнү көп түрдүү добуштарга ээ. Ошондуктан адис мугалим добуштун түрлөрүн билип пайдалануусу зарыл. Мисалы, үндүүлөрдү созулма үндүүлөрдөн ажырата айтууга, ар бир сөздүн айтымын туура колдоно алууга көрсөтмө бергендей болушу керек. Муну профессор И.Б. Бекбоев төмөндөгүдөй белгилейт. «Сүйлөп түшүндүрүүдө материалдын өзөктүү, эң негизги

моменттерин ажыратып көрсөтүп жана аларга атайын үндү өзгөртүп, басым жасап айтуу зарыл». [12.111]

Мугалимдин үнү уккулуктуу, таза, жагымдуу болуп, коңур үнү менен окуучулардын көңүлүн буруп, үндүн мелодикасы өзүнө тартып турганы артык. Үнүнүн таасирдүү болуп, туура колдонулушу, расмий тону, кыраатуулугу, дем алуусу анын интонациялык жана дикциялык жөндөмдүүлүктөрүн байкалтып, жалпы адистик талантын ачып берет. Ошондуктан мугалимдин үн аппаратынын текшерилип туруусуна ден соолук маданияты менен байланышта көңүл бурулат. Эгерде, окуучулардын угуу жана тыңшай билүү сезимин таасирленте албаса, анда анын үстүндө иштеп, кам көрүү менен даярдыктан өтүүсү зарыл. Кошумча үндүн болушу, жагымсыз добуш, же кырылдаган үн менен түшүндүрүү бүт класстын кош көңүлдүгүн пайда кылат да, кабыл алуунун психологиялык барьерин жаратат. Кайсы бир деңгээлде өзүнүн кесиптик кадыр-баркын төмөндөтөт.

Мугалимдин кебиндеги мындай сапаттардын болушу биринчи кезекте өз предметин мыкты билип, аны ар тараптан коргоп тургандыгын аныктайт. Демек, тилчи мугалимдин кеби түшүнүктүү, так, кызыктуу жана уккулуктуу, образдуу болуп, мазмундуулугуна, сөздүн кудуретине басым жасалып, керектүү фактыларды тиешелүү түшүнүктөр, кошумча терминдер аркылуу гана жеткирүүгө көңүл бөлүнөт.

Ар кандай кептик ишмердүүлүгүндө анын сөзү көрсөтмөлүү, жандуу, эмоционалдуу жана мотивациялуу болуп, сигналдуу каражаттар, турмуш менен тыгыз байланыштуулугу аркылуу айырмаланат.

Мындай талаптар табигый жөндөмдүүлүктөн гана эмес, тилчи мугалимдин өзү да сүйлөө искусствосун арттыруу үчүн дайыма эмгектенүүсүнө, анын үстүндө иштөөсүнө жана жоопкерчилигине, маданиятына жараша болушу, жалпы эле педагогикалык ишкердүүлүгү, чыгармачыл аракети менен аткарылууга тийиш.

## Кептик каталар жана баалоо критерийлери

Кыргыз тили боюнча байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында окуучулардын кептик ишмердүүлүктөрүнүн эффективдүү деңгээлин камсыз кылуу жана талаптагыдай калыптануусун жакшыртуу үчүн пландуу түрдө белгилүү максаттарга ылайык билим берүүнүн жыйынтыгы чыгарылып турат. Кептик билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өстүрүү иш-аракеттеринде өздөштүргөн материалдар боюнча коммуникативдик нормативдердин аткарылышын этаптык

мүнөздө текшерүү методдору жана рейтингдик мониторингдер аркылуу байкоого алынып, кемчиликтер аныкталат. Натыйжада окуучулардын кептин түрлөрү боюнча кетирген каталары такталып, алардын кетирген кемчиликтеринин жүйөлүү себептери методикалык, психологиялык негиздерде мугалим тарабынан чыгарылууга тийиш. Бул учурда факты катары алынган кептик каталардын үстүндө аны жоюу үчүн мугалим атайын методикалык ыкмалар менен иштөөсү зарыл. Байкалган каталар кайсы бир деңгээлде мугалимдин предметтик билим берүү иш-аракетиндеги кемчилик катары эсептелинет.

Кептик каталарга комплекстүү принциптеринде талданып, алардын жардамы менен окуучулардын кептик ишмердүүлүктөрү, потенциалдары ар тараптан текшерилет.

- Логикалык-кептик каталары.
- Сөздөрдүн ылайыксыз тандалышы, колдонулушу. (лексикалык)
- Сөздөрдүн курамы, орфограммасындагы (морфологиялык, орфографиялык) кемчиликтер.
- Айтымдарындагы (орфоэпиялык) кемчиликтер.
- Тилдик каражаттардын функциясын чыгармачылык, стилдик жактан так түшүнбөгөндүгү.
- Окуучулардын курулай жаттап алуусу;
- Жазуу жумуштарын китептен көчүрүп алуусу;
- Сүйлөмдөгү ойдун түшүнүксүздүгү жана чаржайыттыгы. (синтаксистик, пунктуациялык)
- Тексттин түзүлүшүндөгү кемчиликтер. (композициялык)
- Тилдик сабаттуулугунун туруксуздугу. (адабий тилдик нормалар)

Жалпы алганда, окуучулардын коммуникативдик маданиятындагы, өз алдынчалыгындагы жана чыгармачылыгындагы адабий тилдин нормаларынын сакталышындагы кемчиликтер *кептик катаны* түзөт. Кептик каталар *оозеки* жана *жазуу* формалары боюнча да ич ара бөлүнүп, аткарылыш мехнизмдеринин закон-ченемдүүлүктөрүнө карай мугалимдин ишкердүүлүгү менен мүнөздөлүп, мүнөздөлүп, натыйжасы чыгарылат.

## Баалоо критерийлери

Окуучулардын коммуникативдик ишмердүүлүктөрүн баалоо критерийлери предметтик билим берүү программасынын негизги

компоненттерин түзөт. Баалоо ишмердүүлүгүндө кептик материалдардын өзгөчөлүгү, өздөштүрүү механизмдери, жекече жөндөмдүүлүктөрү эске алынат. Ошондой эле, окуучулардын ой жүгүртүү кыраакылыгы, чыгармачылыгы аракети, билгичтиктери, көндүмдөрү бааланып, төмөнкү баалоо принциптери сакталат. *Мазмундуулук, объективдүүлүк, айкындуулук, адекваттуулук, ачыктык, системалуулук.* Эгер бул принциптерден четтей турган болсо, анда биринчи кезекте мугалимдин педагогикалык репутациясы төмөндөйт. Ар бир окуучунун эмгегин, мүмкүнчүлүктөрүн, өз учурунда жыйынтыктап туура баалоо менен кийинки аткарылуучу иш-аракеттердин иш жүзүнө натыйжалуу ашырылышына маанилүү шарт да, негиз да түзүлмөк.

## а) Оозеки кепти баалоо критерийлери.

Бул кептин түрү көпчүлүк учурда мугалимдин суроо-тапшырмаларына окуучунун жооп берүүсү менен аткарылат. Бул учурда жооптун тууралыгына, убакыттын үнөмдүүлүгүнө, темпине, түшүнүктүүлүгүнө, сөздөрдү тандай билүүсүнө, интонациясына, сөз байлыгына жана далилдүү, ырааттуу, нормативдүү ойду билдире алуусуна көңүл бөлүнөт.

Баалары:

«5» – окуучу суроого толук жооп берип, түшүнүгүн далилдүү берип, теория менен практикалык фактыларды байланыштыра билгендиги жана сөз байлыгынын мыктылыгы, өз алдынчалыгы жана оозеки кептин адабий тилдик нормативин сактагандыгы, сөздөрүнүн образдуулугу жана башкаларга үлгү боло алгандыгы боюнча коюлат.

«4» – суроого дээрлик толук жооп берип, бирок кошумча суроолорго так жооп бере албаса, келтирген фактыларында так эместиктер болуп байланыштарды сактоо боюнча жана өз оюн далилдөөгө аракет кылып, адабий тилдик кемчиликтерди айрым учурда кетирип койсо коюлат. Негизинен сүйлөөгө жалпы түшүнүгү болот.

«3» – суроого толук жооп бере албай, толук эмес түшүнүгүн көрсөтсө, мазмунду, түшүнүктү ишенимдүү далилдей албаган учурларда коюлат. Ошондой эле, оозеки кебиндеги сөз байлыгынын жардылыгы жана оюнун байланыштарынын сакталбагандыгы, айтып берүү жөндөмүнүн төмөндүгү эске алынат.

«2» – суроолорго жооп бере албаса, сөздүн маанисин бузуп айтса жана өз алдынча сүйлөө кебин аткара албаса коюлат.

## б) Жазуу ишмердүүлүгүн баалоо критерийлери.

Окуучулардын жазуу ишмердүүлүгү баяндама жана дилбаян жумуштарын аткара билүү жөндөмдүүлүгүнө, көндүмдөрүнө карай бааланып, төмөнкүдөй деңгээлдери эске алынат.

а) теманы ачып берүү боюнча коммуникативдик билгичтиги, негизги ойду байланыштырып, удаалаштыкта, системалуулукта жаза алгандыгы, ылайык келген композициялык форманы жана тилдик, стилистикалык каражаттарды колдоно алгандыгы бааланат;

б) адабий тилдик нормаларды сактагандыгы б.а. тилдик шыктуулугу;

в) орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугунун деңгээли жана жазуунун техникалык эрежелери эске алынат.

Жазуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн уюштуруунун методикалык закон-ченемине карай 2 түрдүү баа коюлат. Биринчиси окуучунун коммуникативдик жөндөмдүүлүгүнө, сөз байлыгына, стилистикалык шыгына, баяндай алуу жана ойду ача билүү билгичтигине, чыгармачылыгына, ой-туюмун жыйынтыктай алуусуна коюлат.

Ал эми экинчи баа жумуштагы орфографиялык, пунктуациялык сабаттуулукка карай коюлат.

Төмөнкүдөй баалоо нормативдерин колдонуу сунушталат.

«5» – тексттин структуралык түзүлүшү сакталып, анын негизги оюу толук ачылып берилсе жана окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгү, мазмундун байланыштары түшүнүктүү болуп, стилистикалык деңгээли талапка жооп берсе коюлат.

«4» – тексттин мазмунун ачууга болгон байкалып, структуралык түзүлүшүндө кемчилик болсо, чыгармачылык жөндөмү азыраак колдонулуп, айрым учурда көчүрүп алууга жол берсе, ошондой эле, цитаталарды колдонууда техникалык каталарды кетирип, бирок жалпы мазмунду бере алса коюлат.

«3» – теманын мазмунун толук түшүнбөй, чаржайыттуулукка жол берилсе, логикалык байланыштары начар түзүлүп иштелсе, ошондой эле, стилистикалык фактыларга тиешелүү каталар арбын болуп, жалпы деңгээли ортосаар абалдагы ишке коюлат.

«2» – теманын мазмуну ачылбай, тексттеги байланыштар, системалуулук, логикалуулук жактары түшүнүксүз болсо коюлат.

Ал эми жазуу ишмердүүлүктөрүнүн «*экинчи*» баасын коюуда окуучунун орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугуна басым жасалып, жат жазуунун нормалары боюнча баалоо сунушталат.

# V Глава. **Окутуу каражаттары жана алардын дидактикалык милдеттери**

Байланыштуу кепти окутуу иш-аракеттеринде окуучулардын кептик практикалык мүмкүнчүлүктөрү системалуу түрдө өстүрүлүп калыптандырылууга тийиш. Өтүлгөн программалык материалдардын мыйзам ченемдерине таянуу менен кеп ишмердүүлүгү боюнча практикалык жактан машыктыруу жумуштары жүгүзүлөт. Бул учурда дайым эле мугалимдин сөзү, баяндамалары үлгү катары кабыл алынып, же түшүндүрүп берүү ыкмалары натыйжа бере бербейт. Ал үчүн кептик окутуу принциптернин жобосуна ылайык тикеден-тике реалдуу турмуш менен байланышкан дидактикалык материалдарды, окутуу каражаттарын пайдалануунун милдеттерин жүзөгө ашыруу талап кылынат. Мындай учурларда репродуктивдүү каражаттары (сүйлөө, жазуу) оптималдуу пайдаланылып, окуучулардын өзүлөрүнөн кептик продукциялардын жаралышына конструктивдүү багыт берилет.

## Кеп өстүрүү сабактарында көрсөтмөлүүлүктүн ролу

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында өтүлгөн материалды жалпылоо жана жыйынтыктоо менен алардын негизинде окуучулардын кептик ишмердүүлүгүн, кептик маданиятын өстүрүү иш-аракеттери жүргүзүлөт. Бул процесстерде окутуу каражаттарынын түрлөрүн пайдалануу менен окуучулардын көңүл бурuусун активдештирүүгө жана сабактардын билим берүү сапатын көтөрүүгө, жандандырууга көңүл бурулат. Демек көрсөтмө куралдарды колдонуу менен окуучулардын психикалык активдүүлүгүн моблизациялоо милдеттери чечилиши мүмкүн. Көрсөтмө куралдардын ролу жана коммуникативдик функциялары жөнүндөгү методист-окумуштуулардын, психологдордун эмгектеринне таянуу менен, алардын колдонулушун, закон-ченемдүүлүктөрүн тактоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. [15,20,28,29,66,92] Көргөзмөлүү окутуу принциптеринин теориялык мүнөздөмөсү боюнча улуу окумуштуулар төмөнкүдөй көз караштарын билдирген.

## ОКУТУУДАГЫ КӨРСӨТМӨЛҮҮЛҮК ПРИНЦИБИНИН ДИДАКТИКАЛЫК ТРАКТОВКАЛАРЫ

***Я.А. Коменский:*** «Көрсөтмөлүүлүк принциби – педагогиканын алтын эрежеси»

***Л.В. Занков:*** «Көрсөтмөлүүлүк – бул көрүү сезимдерин, кабылдоолорду, образды колдонуу»

***Л.М. Фридман:*** «Көргөзмөлүүлүк – бул түшүнүү жана активдүүлүк»

***Д.Н.Богоявленский:*** «Көрсөтмөлүүлүктүн формуласы – изоморфизм жана жөнөкөйлүк»

***А.В.Славин:*** «Көрсөтмөлүүлүктүн каражаттары окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруунун жаңы функциясын табат»

***К.Д. Ушинский:*** «Көрсөтмөлүүлүк методу акыл-эс процесстерин стимулдаштырат»

Бул окумуштуулар белгилегендей, окуучулардын ой жүгүртүүсүн, көңүл буруусун, байкагычтыгын жана сөз байлыгын өстүрүүдөгү көрсөтмөлүүлүктүн ролу кадимкидей актуалдуу экендигин белгилөө керек.

Өзгөчө окутуунун техникалык каражаттарын, материалдарынын туура тандалышы жана пайдаланылышы менен окуучулардын оозеки кебинин практикалык жактан калыптанышына, адабий тилдин нормативдерин рационалдуу өздөштүрүүсүнө эффективдүү таасир берет. «Мугалим сабакка болгон кызыгуусун жогорулатып, алардын ойлоосун, көрүү, угуу сезимдерин өстүрүүгө жетишкенде гана сабактын сапатын жакшырта алат. Бул үчүн ар кандай көрсөтмөлүүлүктү, техникалык каражаттарды ырааттуу түрдө пайдаланып, методикалык ыкмалардын түрлөрүн өркүндөтүү жагы талап кылынат». [66. 289]

Кыргыз тил сабактарындагы кептик көрсөтмөлүүлүктүн негизги милдети – бул сөздөрдү колдонуунун, сөз жасоонун жана адабий тилдин нормаларынын айтымдарындагы татаалдыктарын өз алдынча өздөштүрүү. «Ошондуктан кептик көрсөтмөлүүлүктүн каражаттары кеп маданиятына тарбиялоону жана конкреттүү сөздү, сөз айкалыштарын, сүйлөмдөрдү ойлоп табууну жеңилдеткенге арналат». [29.10] Билим берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатып, натыйжа

бергендиктен, анын туура уюштурулушунун жана ишкердүүлүк менен башкарылышынын мааниси чоң.

Окутуунун техникалык каражаттарын демонстрациялап пайдаланууда кептин кайсы түрү боюнча машыктыруу жана анын натыйжасы эмнени бере тургандыгы анык болуп, жалпы класска же жекече колдонуунун зарылдыктары такталат. Окутуунун техникалык каражаттарынын жыйындысын төмөнкүлөр түзөт: грампластинка, магнитафон, радио, кинофильм, диафильм, диапозитивдер, фильмоскоп, графпроектер же кодоскоп транспранттар, компьютер, аудиокассета, видеокассета, фонограмма ж.б.

Окутуунун техникалык каражаттары эки группага бөлүнөт.

1. Үн менен кабыл алынуучу техникалык каражаттар (грампластинка, магнитафон, радио, фонограмма ж.б.)
2. Көрүп-угуу техникалык каражаттары.

***Үн менен кабыл алынуучу окутуунун техникалык каражаттарындагы*** жазылган тексттер аудиовизуалдык дидактикалык өзгөчө функцияга ээ. Анткени угулган текст үлгү катары кабыл алынып, окуучулардын оозеки кептик маданиятынын калыптанышынын каражаты катары кызмат кылат. Угулган үлгү кеп адабий тилдин туура айтылышы, басым жана интонациясы боюнча көмөк берип өзгөчө таасирде болот. Ар кандай мүнөздөгү сүйлөө кебинин аңгемелешүү, сүрөттөө, диалог, телефондук сүйлөшүү ж.б. үлгүлөрүнүн тексттери пайдаланылат.

Магнитафондук жазуулар, фонограммалар аркылуу жыйналышта, конференциялардагы оозеки кептин ритуалдык түрлөрү демонстрацияланып, үлгү катары тааныштырылат. Мындай каражаттар төмөнкүдөй этаптар менен колдонулушу мүмкүн.

1. Даярдоо этабы.
2. Угуу этабы.
3. Жыйынтыктоо этабы.

Уккандан кийин күн мурунтан даярдалган концептуалдык суроолорго окуучулар жооп берип, тема боюнча өз алдынча тапшырмаларды аткарышат.

***Көрүп-угуу менен кабыл алынуучу окутуунун техникалык каражаттарын*** диафильм, диапозитив, кинофильм, фильмоскоптор телевизор ж.б. түзөт. Бул каражаттарды орду менен зарылдыгына жараша пайдаланып, байланыштуу кепти өстүрүүнүн методикалык көп милдеттери чечилет. Окутуунун техникалык каражаттарындагы материалдар реалдуу фактыларды чагылдырып, таанып-билүүчүлүгүн

өстүрүү, инсанга багыттап билим берүү максаттары менен өлкө таануу принциптери жүзөгө ашырылат.

Диафильмдер музыканын, же баяндоонун коштолушу менен көрсөтүлгөндүктөн, диктордун комментарийи аркылуу тикеден-тике окуучулардын эмоционалдык таасирленүүсүн күчөтөт. «Баяндоо менен коштолгон диафильмдер баарынан мурда кеп өстүрүү сабактарына гана арналган». [58.93] Анда ар түрдүү сюжеттер пайдаланылып, окуучулардын жазуу жумуштарын аткаруу, коммуникативдик темадагы оозеки кебин өстүрүү жана белгилүү тема боюнча дискуссиялык мүнөздөгү маалыматтар боюнча даярдоо үчүн колдонулат. Ошондуктан бир эле учурда көп маселени чечип бериши мүмкүн. Диафильмдердин жардамы менен тааныштырылган иллюстрациялык фактылар адегенде оозеки кептин каражаттарын: ***интонацияны, кептик этиканы, окуу техникасын, билдирүү логикасын так сактап,*** окуучуну өзүнө тартып тургандай аткарылышы керек. Бул учурда угуу, көрүү менен түшүнүп сүйлөө үчүн окуучулардын көңүл бурuусу концентрацияланып, көрсөтүп-түшүндүрүү методунун принциптери сакталат. Демек, «Көңүл буруу – бул окуучунун окууга болгон аң-сезиминин багыт алышы жана топтолушу». [4.183]

Ал эми диапозитивдик каражаттар белгилүү тема боюнча сериялуу комплектини камтып тургандыктан, анын керек болгон эпизоддорун гана тандап алып, демонстрациялоого болот.

Кыргыз тил сабактарында кинофильмдерди 10-15 минуталык убакыт менен көрсөтүп, программалык материалды толуктоо иш жүзүнө ашырылат. Анын тематикалык коммуникативдик материалдары кадимки жандуу турмушту чагылдырып, кептик кырдаалды жаратууга багытталат. Алсак, сүрөттөр, мультфильмдер, документалдык материалдар ж.б.

Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү сабактарында кинофильмдерди, компьютерлерди методикалык, психологиялык негиздерде колдоно билүүнүн закон-ченемдери практикаланат. Мындай окутуунун-техникалык каражаттарын пайдалануу менен бүгүнкү окутуу технологиясын максаттуу жана мазмундуу өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Окуу процессин автоматташтыруучу компьютердик, лингафондук кабинетти, иллюстрациялык системаны, телекоммуникативдик сеттин каражаттарын пайдалануу менен кептик сабактын сапатын көтөрүп, эффективдүү натыйжасына жетишүүгө болот.

Кийинки мезгилдерде техникалык каражаттарынын жаңы түрлөрү катары аудиокассеталардын, видеокассеталардын методикалык курал катары пайдаланылып, окутуу процессин

интенсивдештирүүдө. Мындай каражаттар эне тили боюнча кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууда окутуу ыкмаларынын бай арсеналын жаратат.

Жогоркудай техникалык окутуу каражаттары менен иштөөдө кыргыз элинин турмушун, өндүрүштүк тармактарын, каада салтын, көркөм чыгармалардан эпизоддук көрүнүштөрдү, искусствосун, атактуу инсандарын өсүп-өнгөн фактыларын тааныштыруу үчүн тексттер, материалдар кылдат тандалып пайдаланылат. Ар бир окутуу каражатынын коммуникативдик максаты жана бере турган натыйжасы боюнча мугалимдин иш-аракети так болуп, логикалык жактан байланыштуу болушу зарыл. Мындай материалдын туура тандалышы жана орду менен көрсөтүлүшү окуучулардын кептик базасын жаратып, сөз байлыгын кеңейтүүсү үчүн кептик кырдаалдын таасирдүүлүгүнө көңүл бурулат. Окуучулардын өз алдынчалыгын жана активдүү аракетин өстүрүүгө стимул берип, интеллектуалдуулукка тарбиялоо менен кептик потенциалдарын калыптандыруу үчүн кыргыз тил мугалиминин методикалык терең түшүнүгү жана колдонулуучу каражаттарды башкара билгендиги талап кылынат.

*Окутуунун техникалык каражаттарын төмөнкүдөй методикалык негиздерде пайдалануу сунушталат.*

1. Мугалимдин кириш сөзү.
2. Темага байланышкан лексикалык бирдиктерди, фразеологизмдерди, учкул сөздөрдү тактоо.
3. Диафильмди, же кинофильмди көрүү.
4. Мугалимдин суроолоруна жооп берүү.
5. Диафильмдин кадры боюнча комментарийлер.
6. Тема коюп, план түзүү.
7. Кайрадан диафильм менен тааныштыруу.
8. Диалог түзүү, өз ара ой бөлүшүү.
9. Өз алдынча, чыгармачыл ой корутунду жасоо.
10. Мугалимдин жыйынтык сөзү.
11. Баяндама, же дилбаян жазуу.

Ушул сыяктуу башка окутуунун техникалык каражаттары боюнча дидактикалык структурадагы план менен иштөөнүн натыйжасында жазуунун түрлөрүн ишмердүүлүк менен аткаруу жана жыйынтыктоого бир топ эффективдүү негиз түзүлөт.

## Кептик таблицаларды жана схемаларды пайдалануу

Окуу китептеринин методикалык аппаратынын сапатын арттыруу максатында дидактикалык материалдарды комментарийи менен бирге берүү иши мугалим үчүн бир топ окутуу ишин жеңилдетет. Андай учурда окуу китебине карата методикалык көрсөтмөлөрдү, дидактикалык тексттерди, кептик таблицаларды жана иллюстрациялык каражаттарды камтыган өзүнчө колдонмо, же окуу куралы түзүлбөстөн эле, тиешелүү окуу материалдары дидактикалык каражаттар менен кошо таблица, схема, коммуникативдик тексттер сунуш кылынат. Алсак, кийинки чыккан орус тили боюнча альтернативдүү түрдө иштелген окуу китептеринин методикалык аппараттарында программалык материалдын тексттери менен эриш-аркак методикалык комментарийлер берилген.[6] Азыркы дидактика бул принциптин пайдаланылышын конкреттүү предметтин, же көрүнүштүн системалуу колдонулушуна басым жасоо менен көңүл бургандыкты гана билдирбестен, анын моделдик функцияларынын эң маанилүү жетишкендиги катары эсептейт.

Кыргыз тилин окутууда окуу материалдарынын өзгөчөлүгүнө жана өздөштүрүү деңгээлине дал келген текст түрүндөгү тапшырмаларды иштөөгө өзгөчө басым жасалат. Тапшырмаларды аткаруу шарттарынын түрлөрүнө караганда, ар кандай схемалардын, диаграммалардын, таблицалардын, графиктердин ж.б. жардамы менен моделдештирүү бир топ натыйжалуу. Көпчүлүк окуу куралдарындагы текст түрүндөгү шарттуу суроолорду, тапшырмаларды дифференциялуу үйрөтүп-окутуу сунуш кылынат.

Кыргыз тили боюнча байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында түшүндүрүү иш-аракеттерине минималдык өлчөмдөгү убакыт жумшалып, ал эми максималдык убакыт коммуникативдик каражаттарды демонстрациялоого, кептик моделдердин үлгүлөрүн тааныштырууга арналууга тийиш. Анткени, коммуникативдик билгичтикке ылайык практикалык кеп ишмердүүлүгүнө үйрөтүү үчүн машыктыруу жумуштарына басым жасоо талап кылынат. «Кептик таблицалар түшүнүп эсте сактоону жеңилдеткендиктен, алардын түзүлүшүндө жана жабдылышында окуучулардын таанып-билүүчүлүгүн, өз алдынчалыгын активдештирүүгө стимул берүүчү ыкмалардын колдонулушун эске алуу зарыл». [29.26]

Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн(окуу, угуу, сүйлөө, жазуу) калыптандырууда кептик моделдерди колдонуп жана ага

---

[6] Никитина Е.И. Русская речь. Развитие речи. 7 класс. Москва, 2000.
Русский язык. Практика. 6 класс. Москва,2000.
Русский язык. Теория, прктика, речь. Москва, 2000.

көндүмдөрүн өстүрүүдө көргөзмөлүү-демонстрация-лык, стратегиялык, коммуникативдик методдорду мугалим чыгармачылык менен пайдаланып, иш жүзүнө ашыруусу жана аны коштоп турган түшүндүрүүсү маанилүү жагдайларды түзөт. *Мугалимдин кеби тикеден-тике таблицанын материалы менен байланышта болуп, окуучунун көңүлүн эң зарыл жакка буруп, ага таасир этүүнүн методикалык мааниси чоң. Бул учурда мугалимдин сөзүндө колдонулган терминдер, лексикалык бирдиктер темага байланыштуу тандалып, алардын күчүнө таянуу менен таблицаны колдонуу ролуна басым жасалат. Окуучулардын таанып-билүүсүн өстүрүүдө алгоритмдик мүмкүнчүлүктөрүн шарттуу түрдө мобилизациялап, реалдуу турмуштун чагылдырылышы.* Сабак процесстеринде окуучулардын логикасы, эвристикалык мүмкүнчүлүгү, алгоритмдик чыгармачылыгы, кайра иштеп чыгуучу ой жүгүртүүсү жөнүндө ой-туюмдарынын (түшүнүктөрүнүн) алкагында гана кеп кылуу мүмкүн. Бул параметрлеринин деңгээлинде түшүндүрмө берилип, кеп ишмердүүлүгүнүн процесстери жана анын натыйжасы окуучунун бардык аспектилер боюнча өсүп-өнүгүүсүнө, же калыптануусуна максаттуу стимул жасалат.

«Модель – бул кандайдыр бир обьектинин, же обьектилер системасынын шарттуу образы» (элестетилиши, схема, сүрөттөлүшү ж.б.) [75.852] Табигый предметтер боюнча элестетүү, бул баарынан мурда үйрөтүлүүчү обьектинин сырткы көрүнүшү боюнча түшүнүккө жол ачып, жалпы турпатын берет. Окуу моделдери болсо, көрүнүштүн же процесстин айрым, же өтө маанилүү жактарын психологиялык аспектиде көз алдыга келтирип, таасир этүүсү зарыл. Демек, кептик фактылар, моделдер материалдык обьект катары кабыл алынат да, тил үйрөнүүчү субьект үчүн жазылып жана айтылып көрсөтүлгөн табигый көрүнүштү өз абалында өздөштүрөт.

Көрсөтмө куралдардын ичинен графикалык түрлөрүн (таблица, схема, диаграмма) сабакта пайдаланууга бир топ ыңгайлуу. Кыргыз тил сабагында кеңири колдонулуп, традициялык окутуу каражаты катары таблицалар, схемалар эсептелинет. Мүнөзү боюнча таблицалар тексттик, цифралык жана иллюстрациялык болуп колдонулат. «Таблицалардын негизги дидактикалык кызматы болуп, окуучулардын конкреттүү тилдик материалды эстеп калышына мүмкүнчүлүк түзүп, аныктаманын жана түшүнүктүн негизинде жаткан закон ченемдүүлүктүн ачылышына, эрежелердин колдоңулущуна ориентир катары эсептелинет». [58.85]

Таблицалардагы материалдар окуучуну кызыктыруу менен теманын маңызын түшүнүүгө жардам берип, так багытты аныктап берет. Таблицалар эрежелерди, аныктамаларды жана түшүнүктөрдү

өздөштүрүү жана таанып-билүү этаптарында, же үйрөтүлгөн материалдарды кайталоо, системалаштыруу, ошондой эле машыктыруу иш-аракеттеринде пайдаланылышы мүмкүн. Өздөштүрүлгөн темалардын жалпылаштырылышы жана алар боюнча түшүнүктөрдүн такталышы да камтылат. Ошол жагдайга карата таблицанын мазмуну теориялык жана практикалык багытынын проблемаларына карай ***тилдик*** жана ***кептик*** болуп бөлүнөт.

***Тилдик таблицалар*** кыргыз тил сабактарында кеңири колдонулуп, тилдин закон ченемдүүлүгү, эрежелери, грамматикалык формалары жана анын бөлүмдөрү боюнча түзүлүп, негизги басым окуучулардын тилдик көз карашын түзүүгө багытталат. Кыргыз тилинин теориялык, практикалык материалдары боюнча окуучулардын машыгууларын калыптандырууга көмөк көрсөтөт.

Алар мазмуну боюнча: лексикалык, орфоэпиялык, морфологиялык, синтаксистик, пунктуациялык болуп бөлүнүп, ал эми формалары боюнча статистикалык, жылдырма болуп экиге бөлүнөт.

Көпчүлүк учурда, ***кептик таблицалар*** коммуникативдик тапшырмалардын мазмунун чечмелөө багыттарында болуп, логикалык ой жүгүртүүнү өстүрүүгө көмөк берет:

- *коммуникативдик суроолорго жооп берүү менен предметтин маанисин түшүнүүгө жол ачат;*
- *тапшырманын жооптору аркылуу грамматикалык конструкцияны аныктоого багытталат;*
- *ойду байланыштырууга жана өз алдынчалыгына түрткү берүү менен чыгармачыл аракетин жаратат ж.б.*

Кептик таблицалар мазмуну боюнча окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүгө, өркүндөтүүгө ылайык болуп, тил каражаттарынын колдонулушу боюнча шарттуу белгилер, стрелкалар, шрифттер ж.б. пайдаланылып, ойлоно билүү ишмердүүлүгүнүн негизинде аткарылышы талап кылынат. Кептик фактыны түзүүдө таблицалар кыйынчылыкты туудурган фонетикалык жана орфографиялык, фонологиялык кубулуштарын жеңилдетүү менен лексикалык корунду байытууга көмөк болуп, сүйлөмдүн ар кандай конструкцияларын түзө алууга түрткү берет. Натыйжада окуучулардын кептик потенциалдарын эффективдүү түрдө арттырышы мүмкүн. Бул учурда кептик таблицалардын тандалышы, даярдалышы жана аны окутууда илимий-методикалык закон ченемдүүлүктүн негизинде пайдаланылып, лингво-дидактикалык принциптерге таянуу зарыл. Демек, тилдик таблицалар теориялык билим берүү сабактарында, ал эми кептик таблицалар болсо байланыштуу кепти өстүрүүдө жана окуучулардын практикалык

кептик билгичтиктерин жана көндүмдөрүн арттыруу максаттары менен колдонулат. Илимий-методикалык адабияттарга таянуу менен кептик таблицалардын төмөндөгүдөй критерийлерин сунуш кылууга болот:

1. Кыргыз тил сабактарында теориялык материалдын таблицаларда минималдык өлчөмдө колдонулушу жана анын туура берген багыты, темага зарылдыгы, материалды мугалимдин сөзүнүн коштоп түшүндүрө билген чыгармачылыгы талап кылынат.

2. Кептин активдүү практикалык тил каражаттарынын вариативдүү түрлөрү так көрсөтүлүп кызыктуу, конкреттүү болуп, адабий тилдин нормасында пайдаланышы керек.

3. Окуу материалынын этаптык мүнөзүн өздөштүрүүдө кыйынчылыкты туудургандыгы, татаалдыгы эске алынып, зарыл учурда гана пайдаланылып, эстетикалык тарбия берүүдө жана окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө карай эсте сактап калуусуна жана ойлоо жөндөмдүүлүгүн активдештирүүгө ылайык тандалат.

4. Таблицалар пикир айтуу, ой корутунду жана далилдөө жөндөмүн өстүргөндөй болушу актуалдуу;

5. Таблицадагы кептик коммуникативдик каражаттары кеп ишмердүүлүгүн жаратууга үлгү, же модель болуу менен өлкө таануу принциптерине ылайык таанып-билүүчүлүгүн арттырууга жана логикалык, абстрактуу ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө стимул берип, материалды салыштырууга, топтоштуруп жалпылоого жана машыктырууга багвт берет.

6. Кептик таблицадагы иллюстрациялык материалдар башка предметтер менен байланыштуулукта түзүлүп, окуучулардын билимдерин интеграциялоонун негизинде ишмердүүлүгүн калыптандырууга салым кошуусу зарыл ж.б.

Кептик таблицалар аркылуу тапшырмалар, риторикалык жана текшерүүчү суроолор, шарттуу мисалдар берилип, окуучунун ойлоп тапкычтыгына, билгичтигине өзгөчө көңүл бурулат. Кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча коммуникативдик материалдар сунушталып, багыт же көрсөтмө берүү ыкмалары камтылууга тийиш. Кептик таблицанын үлгүлөрүн теманы бышыктоо процессинде стратегиялык методдорду колдонуу менен дидактикалык материал даярдалат. Бул методдордун стадиялык фазаларын (*чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү*) тематикалык кептик тексттердин үстүндө иштөө менен колдонуу бир топ оптималдуу.

Төмөндө «Кубик» стратегиялык моделинин суроолорун «Элечек» темасында төмөндөгүдөй кыскача жооптор менен таблицаны толтуруунун үлгүсүн аткаруу сунушталат.

*«Элечек»*

| ***Берилүүчү суроолор*** | ***Жооптун үлгүлөрү*** |
|---|---|
| Сүрөттөө | Ак түстө, тегерек формада, бийиктиги 15-20 см. |
| Салыштыруу | Сырткы көрүнүшү боюнча ич жагына бекиткен жактары тумактын кулакчындарына окшойт. |
| Ассоцияциясы | Кыргыз элинин байбичелеринин каадалуу, кооз жана сыйлуу баш кийими. Бир нече түрү бар. |
| Анализ жасоо | Ак кездемеден жасалып, чалмасы бир нече кат болгондуктан, башты жылуу сактап жүрөт. Ага 10-15 метр ак кездеме, кооздук үчүн түстүү жибектер, шурулар керек. Ден соолукка ыңгайлуу, жеңил. |
| Колдонулушу | Элечекти байбичелер той-аштарда, конокторду кийишет. Түнкүсүн бийик жерге өз калыбы менен чечип коет. Карасы бар аялдар кийбейт. «Башыңдан ак элечегиң түшпөсүн», - деп тилегин айтышат. |
| Жаккан жана жакпаган жактары | Кыргыз элинин улуттук кооз баш кийиминин артыкчылыгын көрсөткөндүгү менен жагат. Карасы бар (күйөөсү каза болгон) аялдардын кие албагандыгы жакпайт. |

Эскертүү: Элечектин тарыхый фактылары жана территориялык өзгөчөлүктөрү, жасалгаланышы боюнча кеңири маалымат берүү ыкмасы мугалимдин көрсөтмөсү менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

Ушул сыяктуу «Концептуалдык таблица», «*Кластер*», «*Эки жактуу күндөлүк*», «*Үч жактуу күндөлүк*» ж.б. таблицаларын түзүү менен кеп өстүрүү иштери бир топ натыйжалуу, мазмундуу аткарылат. Стратегиялык методдорду, сабактын жана моделдерин колдонуу менен тиешелүү суроолого туура жооп берүү аркылуу жыйынтыгында текст түзүүгө мүмкүнчүлүк алат. Керектүү сөздөрдү, атальштарды табуу үчүн аракет кылгандыгы жана өз алдынча изденүүгө, айрым көрүнүштөрдү салыштырууга, предметке баа берүүдө активдүү аракет жасаганга багыт бергендиги менен эффективдүүлүктү жаратат. Натыйжада эне тилин кызыгуу менен үйрөнүүгө аң-сезимдүү жана логикалык жактан ишенимдүү мамилеси калыптанат.


Кептик базалык билимдерди белгилүү система менен жогорулатып өстүрүү фундаменталдуу көрүнүштү билдирет.

*Схемалар тилдин ар түрдүү кептик шарттуу маанилерин камтыган кыскартылган жазуулары менен айырмаланат.* Кептик схема – бул тилдик көрүнүштөрдүн негизги белгилеринин графикалык элестетилиши. Продуктивдүү кептик схемалар окуучулардын изденүүсүн жана ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө, кептик билгичтиктерин калыптандырууга эффективдүү стимул берет. Схемаларда ашыкча материалдар болбой, эң зарыл фактылар гана берилет. Мында символдоштурулган белгилер коюлгандыктан, алардын колдонулушу кабыл алууга жеңил болушу керек. Мисалы, *тамгалар, математикалык, номенклатуралык, символдук белгилер ж.б.*

Кептик теориялык жана практикалык материалдарды байланыштыруу, жалпылаштыруу үчүн схемалардын дидактикалык функциялары бир топ жеңилдетет. Абстракттуу ой жүгүртүү процесстеринде жана материалды жалпылаштырууда тикеден-тике схемалар аркылуу татаал белгилерин ажыратып кабыл алуунун, элестетип эффективдүү түшүнүүнүн методикалык мааниси чоң.

Схемалар грамматикалык струтураларды, конструкцияларды үйрөтүүдө кандай маанилүү болсо, окуучулардын абстракттуу ой жүгүртүүсүн өстүрүү да дал ошондой маанилүү. Теманын негизги жана жардамчы милдеттерин аткаруучу элементтердин байланыштары, удаалаштыгы паралеллдүүлүгү боюнча жалпыланган түшүнүктөр камтылып, аларды чечүүгө көңүл бурулат. Кептик схемаларды пайдаланууда анын байланышкан жактары боюнча кабыл алуу жана элестетүү менен түшүнүүгө, ойлоно билүүгө ылайык колдонулат. Графикалык схемаларда предметтик, логикалык белгилер сакталгандыктан, керектүү теманын структурасын так ачып берет.

Айрыкча, сөздүн семантикалык маанилерин сөз айкалыштарынын грамматикалык байланыштарын жана сүйлөмдүн конструкциялык түзүлүшүн жеткиликтүү өздөштүрүп колдонууда эффективдүү методикалык көмөк берет.




$$ума\frac{ч}{ш} + дай = умачтай$$

$$ты\frac{н}{м} + ба = тынба$$

$$ту\frac{з}{с} + сыз = тузсуз$$

## Дидактикалык материалдардын колдонулушу

Окутуу каражаттарынын, дидактикалык материалдардын репродуктивдүү ролуна жана коммуникативдүүлүгүнө басым жасалып, методикалык жана психологиялык негиздерде уюштурулуп колдонулат. Демек окутуунун сапатын өркүндөтүүчү, окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн, кызыгуусун активдештирүүчү кептик коммуникативдик дидактикалык материалдардын методикалык сабаттуулук менен даярдалышынын жана атайын окутуу принциптерине таянуунун мааниси чоң. Андай материалдар окуучулардын байкагычтыгын күчөтүүгө, зиректигин өстүрүүгө, логикалык ойлонуусуна, эсте сактап калуусуна таасир этүүгө жана сөз байлыгын өстүрүүгө активдүү негиз берет. Аң-сезимдин түпкүрүндөгү бардык таанып-билүү процесстери: – ***туюу, кабылдоо, элестетүү, эске тутуу, ой жүгүртүү*** ативдештирилип, темага байланыштырылганда, тикеден-тике окуучунун көңүл буруу аракети жана реакциясы негизги ролду билдирет.

Кандай болгондо да, окуучунун изденүү, тынчсыздануу, умтулуу аракеттери жаралып, кептик дидактикалык каражаттардын фактыларына ылайык сөз бирдиктерин, сөз айкаштарын таап колдоно билүүсүндө да таймашуу башталып, так жооп берүүгө кызыгуусу күчөтүлөт. Мисалы, ***менин оюм боюнча, менин билишимче, ошондой болсо да, так билбейм, бирок, тилекке каршы, ага каршы болсом да, балким туурадыр, таанышыгым болбосо да, балким ошондойдур, тагыраак айтканда, экинчи жагын да эске алуу керек***

*ж.б.* сыяктуу киринди сөздөрдүн тил бирдиктери катары колдонулушу менен өз оюн ортого салууга үйрөтүлөт.

Кайсы бир предмет, же көрүнүш дароо бардык сезүү органдары менен активдүү кабыл алына турган болсо, анда кайрадан канчалык сезилгендиги тескери байланыш менен аныкталууга тийиш. Кеп өстүрүү иш-аракетинде алардын төмөндөгүдөй түрлөрүн коммуникативдик багытта пайдаланууга болот.

- Табигый обөектилер: өсүмдүктөр, жаныбарлар, жаратылыштык жана өндүрүштүк обьектилер.
- Көлөмүн ылайыкташтыруу менен пайдалануу: моделдер, макеттер, муляждар, гербарий ж.б.
- Көркөм өнөрүнүн каражаттары: сүрөт, картина, фото сүрөттөр, диафильмдер ж.б.
- Буюмдар, ар кандай музыкалык аспаптар, предметтер, куралдар ж.б.
- Символдук каражаттар: карта, схемалар, таблица, ж. б.
- Музыкалык чыгармалар, комуз күүлөрү жана алардын тарыхы ж.б.
- Аудиовизуалдык каражаттар: кинофильмдер, магнитафондук тасмалар, теле берүү маалыматтары, компьютердик техника ж.б.
- Кыргыз тилиндеги сөздүктөрдүн бардык типтери жана түрлөрү ж.б.

Ошондой эле, окуучулардын ойлоп тапкычтыгын, кыраакылыгын, зиректигин талап кылуучу табышмактар, дидактикалык оюндар, кроссворд, ребус, чайнворд, колейдоскоп, сканворд, ж.б. дидактикалык материалдар катары кеп өстүрүүдө сөз байлыгын арттырууга түрткү берет. Керектүү сөздөрдү таба билип, аны орду менен пайдалана билүүгө өзгөчө көңүлдү буруунун жоопкерчиликтери артып, сөздөрдүн семантикалык маанилерин өздөштүрүүгө жана колдоно билүүгө тарбияланат.

Мындай дидактикалык материалдарды методикалык компетенттүүлүк менен тандап алып, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү менен конструктивдүү байланыштырат. ***Бул материалдарда билим жана тарбия берүүчүлүк, калыптандыруучулук мүмкүнчүлүктөрү камтылгандыктан, байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында мугалим менен окуучунун ортосундагы методикалык коммуникативдик тескери байланыштын активдештирилүүсү мүмкүн.*** Себеби ошол дидактикалык каражаттар боюнча ар кандай эффективдүү ыкмалар аркылуу суроо берилип, кайра ошолор аркылуу жооп алынат. Демек, мугалимдин педагогикалык адистик ишмердүүлүгүнүн негизинде уюштурулуп, өз натыйжасын көрсөтүшү

мүмкүн. Мындагы продуктивдүү методдорду колдонууда, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнүн, кабыл алуусунун активдүү мүмкүнчүлүктөрү эске алынып, сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүктөрүнүн аткарылышына, калыпта-нышына табигый база түзүлөт. Дидактикалык каражаттарга таянуу менен тексттин типтери боюнча жазуу иштеринин түрлөрү жаздырылып, кептин түрлөрүнө карата практикалык жумуштар сунуш кылынышы мүмкүн.

Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүдө, жогорку дидактикалык каражаттардын ичинен сүрөттөрдү жана картиналарды көбүрөөк колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

## Сүрөттөр менен иштөө

Сүрөт искусствосу көрүү менен кабыл алынуучу нерселерди гана эмес, окуялардын өөрчүшүн белгилүү фабуланы, кеңири баяндоону камтыйт. Демек динамикалык аракеттерди берип, адамзаттын руханий байлыктарын кеңейтип, башкалар менен болгон мамилесин, эмоциялык абалын, психологиялык мазмунун, көп жактуу дүйнө чындыктарынын жеке, жалпы өзгөчөлүктөрүн ачат. Картиналар, өзгөчө белгилүү сүрөтчүлөрдүн картиналарынын репродукциялары боюнча байланыштуу кепти өстүрүү сабактары менен сүрөт сабактарынын байланыштарына мүмкүнчүлүк түзүшү мүмкүн. Бул учурларда окуучулардын эстетикалык табитин жана кыялдануусун өстүрүү иш-аракеттери жүргүзүлөт.

Андыктан кыргыз тил сабактарында окуучулардын өзү жашап жаткан турмуштун ар тараптан чагылдырылып берген фактылары дүйнө таануунун бир формасы катары коомдук процесстер бааланып, эстетикалык жана идеялык тарбиялоонун кубаттуу куралы болуп эсептелинишине жетишүү зарыл.

Байланыштуу кепти өстүрүүдө дидактикалык материалдар катары сүрөттөр менен иштөөнүн эффективдүү натыйжа бере тургандыгы боюнча методикалык эмгектерде көп эле белгиленген.

Туура тандалган жана методикалык жактан негиздүү колдонулган сүрөттөр (репродукция, иллюстрация) мугалимдин бүтүндөй комплекстүү окутуу маселелерин чече билгендигин көрсөтөт.

*Сабак процессинде төмөнкүлөр эске алынат:*

- Окуучунун ойлоосун жана кебин өстүрүүдөгү сүрөттүн ролу;
- Белгилүү лексиканы актуалдаштырып колдоно алуу;

- Ушул учурда үйрөтүлүп жаткан грамматикалык конструкцияларды, формаларды активдештирүү;
- Живопись чыгармаларынын негизинде жаткан идеяны, мазмунду билдирүү;
- Кептик тексттин колдонулушун жана атайын жабдылышын үйрөнүү.

Сүрөттөр, же картиналар окуучуларга бизди курчап турган реалдуу дүйнөнү чагылдырып, ички кептин башталышын мотивдештирет жана аны активдештирүү менен кептик базаны пайда кылат.

Балдарды адегенде сүрөт дүйнөсү менен тааныштыруу, анын каражаттары аркылуу айлана-чөйрөнүн, жашоо-тиричиликтин, жаратылыштын кооздугун таанытуу менен сүрөткө болгон маданиятын калыптандыруу жана руханий дүйнөсүн байытуу негизги принциптерден.

Сүрөттөрдүн пайдалануунун коммуникативдик маанилүү ролу жөнүндө методист окумуштуу А.В. Текучев төмөндөгүдөй пикирин айткан. «Картиналар сабакты жандандырып, окуучулардын кызыгуусун жаратуу менен аларды активдештирет, оюн билдирүүгө түрткү берет, ошондуктан мугалим үчүн маанилүү каражат». [80.94]

Ар кандай сүрөт пикир айтуу, ойду билдирүү реакциясына таасир этип, тышкы кептин жаралышына стимул түзөт. Бул боюнча окумуштуу методист Л.М. Зельманова: «Сүрөттөр көрүүчү менен автордун диалогун түзөт» - деп мүнөздөмө берген. [30.26] Сүрөттү көрөр замат ал окуучунун ой жүгүртүүсүн, кыялдануусун, кызыгуусун жаратып, өсүп-өнүгүүсүнө багыт берип, ой туюму активдештирилет. Окуучулар сүрөттүн автору тарабынан берилген турмуштук эпизоддорду көз алдына келтирүү менен берейин деген негизги идеясын тапканга өз алдынча аракет жасашат. Демек, адегенде эле, окуучунун сүрөт боюнча өзү менен өзүнүн сүйлөшүүсүнүн, кеңешүүсүнүн, байкоосунун процесси жүрүп, ички кебинин мүмкүнчүлүктөрү мобилизацияланат. Бул учурда жандуу байланыш түзүлүп, ал окуучунун ой бөлүшүү зарылдыгына чакырат. Ал эми мугалимдин сүрөткө байланыштуу коммуникативдик багыты, риторикалык суроолору стратегиялык таяныч каражат катары эсептелинип, текст түзүүдөгү өзөктүк проблемалуу маселе кайсы экендигине көңүл бурулат. Максаттын идентификациялуу болушу үчүн анын критерийлерин сунуштоо зарыл. Конкреттүү максаттар менен так сүрөттөө технологиясы окуучу үчүн окуу процессинде эмне жасай ала тургандыгынын багыттары ачык болууга тийиш.

Ошондуктан мугалимдин сүрөт боюнча берген суроолорунун, тапшырмаларынын жана пайдаланган каражаттарынын окуучунун ички кеби үчүн психологиялык жана методикалык ролу чоң. Ал суроолор, тапшырмалар окуучулардын көңүлүн зарыл жакка буруп, сүрөттүн мазмунун түшүнүүгө көмөк көрсөтүүсү керек. Мугалимдин сүрөттөр, же дидактикалык материалдар боюнча берген суроолору чеберчилик жана ишкердүүлүк менен даярдалып, окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн, шыгын өстүрүүгө тикеден-тике таасир этип, активдештирүүсү зарыл.

Психологиялык адабияттарда белгиленгендей суроо туура коюлуп, ой жүгүртүү механизмдеринин так аткарылышы менен, проблемалык кырдаалдын жаралышына негиз түзүлүп, эффективдүү өсүп-өнүгүүсү шартталат. Бул маселе боюнча орус психологу Э. Ильенков коммуникативдүүлүккө байланышкан мындай оюн айткан. «Ой жүгүртүүгө үйрөтүүнү эң биринчи кезекте суроону туура коюу жөндөмүн өстүрүүдөн баштоо керек». Демек, окуучунун канчалык түшүнгөндүгүн суроо берүүсүнөн байкалып, ошол эле учурда жалпы эле интеллектуалдык калыптануусу жана ойлоно билүү жөндөмдүүлүгү артат.

Ошондуктан бул процесстерде мугалимдердин рациоанлдуу суроолору – окутуунун күчтүү каражаты катары бааланат.

Сүрөттөр боюнча концептуалдык жана фактологиялык суроолорду берүү менен окуучулардагы сүрөт, же картина боюнча ой жүгүртүүлөрүн, ар кандай жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүп, белгилүү моделдердеги жоопторду алууга болот. Жүйөлүү суроолор коммуникативдик мотив берүүчү касиетке ээ болушу керек.

Сүрөттөр менен иштөөдө төмөнкүдөй методикалык маселелер иш жүзүнө ашырылат.

1. *Мугалимдин киришүү сөзү.*
2. *Окуучуларга берилүүчү багыттар. (комплекстүү, деталдык)*
3. *Сүрөттү окуучулардын байкоосу, кабыл алуусу.*
4. *Сүрөттүн мазмунун аныктоо, сүрөтчүлүк идеясын тактоо жана аңгемелешүү.*
5. *Сүрөттүн мазмунун ача турган план түзүү.*
6. *Так план боюнча окуучулардын түшүнүгүн угуу.*
7. *Сөздүк жумуштары, таяныч лексикалык минимум, терминдер, кадыресе сөздөр пайдаланыла тургандыгы аныкталат.*
8. *Жыйынтыгында такталган тексттин тиби жана стили боюнча жазуу ишин аткаруу.*

Бул методикалык көрсөтмө класстык этапка жана сүрөттүн түрүнө карай өзгөрүлүп, же мазмунуна, программалык материалдын өзгөчөлүгү боюнча айырмаланып берилиши мүмкүн.

Ал эми колдонгон лексикалык бирдиктер жана сөз айкаштары, грамматикалык каражаттар болсо, кептик моделдерди жана мотивдерди эске салат. Суроону кое билүүнүн чоң мааниси бар экендиги боюнча төмөндөгүдөй жалпы айтылган философиялык накыл сөздөрдү келтирүүгө болот. Алсак, немец философу И.Кант: «Мазмундуу суроо кое билүүнүн өзү – акыл-эстүүлүктүн жана жаңыга умтулууга түрткү берүүнүн маанилүү зарыл белгиси » деп баалаган. Ал эми немец жазуучусу Генрих Манн: «Адамдын акылдуулугу берген жообунан эмес, берген суроосунан билинет» – деген. Демек, окуучунун түшүнүү мүмкүнчүлүгү жана сезип туюу жөндөмдүүлүгү менен байланыштырылып анын кептик шыктуулугу да мүнөздөлөт.

Мугалимдин сүрөттөрдү, картиналарды тандай билүүсү жана ага байланыштуу коммуникативдик суроолорду так, туура бере билүүсү анын чыгармачыл аракетине, педагогикалык ишкердүүлүгүнө көз каранды болуп, андан компотенттүүлүктү талап кылат. Адис мугалимдин суроосу окуучулардын оюн керектүү деталдарды түшүнүүгө багыт берген эффективдүү каражаттардан.

Сүрөттөрдү, картиналарды пайдалануунун кеп өстүрүү иштеринде төмөндөгүдөй лингвистикалык-дидиктикалык принциптери бар:

1. Сүрөткө тиешелүү түшүнүктөр, сөздөр, терминдер, номенклатуралар жана формулалар окуучулар үчүн тааныш болуусу зарыл;
2. Окуучулардын кептик кырдаалын пайда кылып, көңүлүн бура турган таасирлүү болушу талапка ылайык;
3. Жазуу иштеринин стили, тексттин типтери аныкталууга тийиш;
4. Сүрөттүн, же картинанын темасы, мазмуну, идеясы актуалдуу болуп, анын сюжети сабактын темасы, максаты менен дал келүүсү зарыл;
5. Сүрөттүн тарбиялык таасири, ролу эске алынат.
6. Сүрөт жана адабият сабактары менен предмет аралык байланыштуулукту түзүү ыкмалары, ж.б.

***Сүрөттөрдүн, картиналардын төмөндөгүдөй түрлөрүн пайдаланууга болот:***

1. Пейзаждык сүрөттөр;
2. Сюжеттик сүрөттөр;
3. Кырдаалдык сүрөттөр;
4. Предметтик сүрөттөр;
5. Портреттик сүрөттөр;
6. Орнаменттик сүрөттөр, (оюмдар) ж.б.

Булардын ар бири өзгөчөлүгүнө жараша кептик милдеттерди камтып, продуктивдүү кептин түрүн түзөт. Коммуникативдик мазмунда аткарылат да, тексттин типтерине карата даярдоо жана ага машыктыруу процесстеринде максаттуу колдонулат.

1. ***Пейзаждык сүрөттөр.***

Мында жаратылыш көрүнүштөрү, табияттын кооз жерлери, же мезгилдик тышкы өзгөрүүлөр жөнүндө мазмун камтылып, окуучунун көркөм табити менен кабыл алышына багыт берилет.

Пейзаж – бул сүрөт өнөрүндө жаратылыш көрүнүшүн чагылдырган жанры. Пейзаж белгилүү бир жаратылыш, табият көрүнүштөрүнөн, ошондой эле, сүрөтчүнүн кыялдануусунан алынат. Бул учурларда, сүрөттөө тибиндеги текст түзүлүп, жазуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү аткарылат. Окуучунун кабыл алуусуна ылайык жаратылыштык көрүнүштүн сын-сыпатын, абалын салыштыруу, байланыштыруу, же окшоштуруу ыкмалары колдонулат. Окуучулардын эстетикалык түшүнүгү артып, жаратылыш боекторуна көңүл бөлүнүп, байкай билүүгө, адегенде, оозеки түрүндө, андан кийин жазуу түрүндө текст даярдалат. Пейзаж жанрында эмгектенген сүрөтчүлөр С. Чуйковдун, Г. Айтиевдин, С. Акылбековдун, Б. Жалиловдун жана башкалардын чыгармаларын пайдалануу менен оозеки, жазуу кебин өстүрүүгө ылайык эффективдүү ыкма катары эсептелинип, машыктыруу иш-аракеттери жүргүзүлөт.Мындай сүрөттөргө карата төмөнкүдөй ***суроолордун үлгүлөрү*** берилиши мүмкүн.

1. Бул сүрөттүн автору ким?
2. Сүрөтчүнүн дагы кандай эмгектерин билесиңер?
3. Сүрөттүн кайсы белгилери боюнча кайсы мезгил же, кайсы жер экендигин аныктоого болот?
4. Кайсы боектордун колдонулушу жакты?
5. Кандай аталыштарды, сөз айкаштарын колдонууга болот?
6. Сүрөттөө тибинин стилинин өзгөчөлүгү?

2. *Сюжеттик сүрөттөр.*

Мында эпизоддук окуялар орун алып, болуп өткөн иш-аракеттер, окуялар анын мазмунун түзөт. Сүрөттөгү кыймыл аракеттер, каармандар белгилүү бир композицияда болуп, анын негизинде баяндоо тибиндеги тексттер түзүлүшү мүмкүн. Көркөм чыгармалардан эпизоддук көрүнүштү билдирген окуучулардын турмушуна жакын мазмундун сүрөтү тандалат. Көркөм стилдин каражаттары пайдаланылып, окуяда диалогдук кептин түрү да колдонулушу мүмкүн. Мындай сүрөттөр чыгармачылык, эркин, өздүк, угуу, өзүн-өзү текшерүү диктанттарын жазууда анын репродукциялык кызматынан пайдаланууга чоң мүмкүнчүлүк түзүлөт. Концептуалдык суроолорго көңүл бөлүнүп, анын кептик ыкмалары, колдонулат.

***Суроолордун үлгүлөрү:***

1. Темасы туура коюлганбы?
2. Бул сүрөт кимдин чыгармасына тиешелүү?
3. Сүрөтчүнүн ийгиликтери.
4. Кайсы окуянын эпизоду?
5. Сүрөттөрдө кайсы каармандар, же кесиптегилер берилген?
6. Кайсы фактылар алдынкы планда берилген?
7. Кайсы стилдеги тил каражаттарынын колдонулушу зарылдыкты түзөт?
8. Сүрөттөгү окуянын процессине байланышкан накыл сөздөр жана макалдарды колдоно билүү.

3. ***Кырдаалдык сүрөттөр.*** Мында сүрөттөрдү пайдалануу менен окуучулардын сүйлөөгө, же ойду билдирүүгө муктаждыкты жараткан шарттардын болушу күтүлөт. Сүрөттөгү окуяга, же кыймыл-аракеттин процессине байланыштуу окуучулардын психологиялык өзгөчөлүгүнө жараша ички тынчсыздануунун натыйжасында кептик актты билдирген жасалма, же табигый кырдаалдын болушу шарттуу көрүнүш. Мында суроо-жооп, же дискуссиялык, диспуттук мазмунга ылайык тема камтылат. Окуучулардын ой жүгүртүүсүнө, кызыгуусуна багытталган турмуштук кырдаалдар боюнча тарбиялоо, тажрыйбалык сабак боло турган маселелери факты катары сунушталышы мүмкүн. Кептик кырдаалга байланыштырылган сүрөттөрдүн варианттарында ар кандай чечимди тандай билүүгө, альтернативдүү көз караштарды коргой алууга багытталган көрүнүштөрдүн болушу мүмкүн. Кырдаалдык сүрөттөрдө оозеки кептин диалогдук, полилогдук түрлөрү уюштурулуп, туура түшүнүүгө багыт берүү менен мындай сүрөттөр аркылуу

эффективдүү жана мазмундук натыйжага жетишүүгө болот. Стратегиялык методдорду колдонуу менен сөздүк, көрүү, үйрөтүүчү диктанттарды жаздыруу сунушталат.

***Суроолордун үлгүлөрү:***

1. Сүрөткө кандай ат коюлушу мүмкүн?
2. Окуя кайсы жерде жүрүп жатат?
3. Ушул кырдаалдын жаралышынын себептери.
4. Ушундай учурда сен кандай жардамга келет элең?
5. Эмне үчүн ушундай чечимге келдиң?
6. Ушундай окуя сенде болду беле?
7. Жыйынтыктоочу ойдун сериялары сунушталат.
8. Кырдаалга карата фразеологизмдерди, учкул сөздөрдү, накыл сөздөрдү, макалдарды пайдалануу зарыл.

4. ***Предметтик сүрөттөр***. Мында буюмдар, куралдар, нерселер предметтер боюнча окуучулардын түшүнүгүн, сөз байлыгын арттыруу үчүн тааныштыруу максатында сүрөттөр пайдаланылат. Анда предметтердин номинативдик функциясы жана сөздөрдүн лексикалык түшүндүрмө маанилери жөнүндө маалымат берилип, алардын колдонулушу үйрөтүлөт. Терминдер пайдаланылып, илимий стилдеги ой жүгүртүү тексти жазылышы мүмкүн.

Мындай сүрөттөр окуучулар үчүн кызыктуу жана таанып–билүүсүнө таасир эте тургандай болушу зарыл. Буюмдун, куралдардын, нерселердин аталышын көрүү менен өздөштүрүүдө экстра-лингвистикалык принциптин негизинде билим берилет да, сүрөттөгү лексикалык бирдиктин кадыресе сөз, же терминдик илимий түшүндүрмөнү билдире тургандыгы эске алынат. Буга комуз, саат, көөкөр, калпак, шырдак, сокбилек, ичик, радио ж.б. темадагы материалдар кеңири пайдаланылат.

Эгер терминдик функцияда болсо, кайсы илимдин тармагына тиешелүү экендигине көңүл бурулат. Бул учурда сүрөттөгү фактыларга карата неологизм, кадыресе сөз, термин же кесиптик лексика боюнча кайсы лексикалык катмарга тиешелүү экендигин колдонулушуна карай тандоо, тактоо зарыл. Аны менен ар бир предмет же буюм, курал турмуштук тармактын бир багытынын тил каражаты боюнча иллюстрациялык материал сыяктуу кызмат кылып, кептик сөз байлыгы арттырылат. Стратегиялык методдордон дидактикалык кубик, кластер, синквейн абдан ыңгайлуу колдонулат. Предметтик сүрөттөр окуучуларды эч убакта кош көңүлдүүлүккө алып барбагандай болуп, кайдыгер калтырбашы үчүн таанып-билүүсүнө зарыл болгон сүрөттөр тандалат.

***Суроолордун үлгүлөрү:***

1. Бул буюмдардын аталышы.
2. Бул натюрморттун автору ким ?
3. Бул буюмдарды кимдер колдонот же кайсы жакта болот?
4. Буюмдун, предметтин башка түрлөрүн билесиңерби?
5. Предметтин синонимдик аталыштары.
6. Предметке карата учкул сөздөрдү колдоно билүү.
7. Кандай стилдеги тексттерди даярдоого болот?

5. ***Портреттик сүрөттөр.***

Мындай сүрөттөрдү пайдалануудан мурда адам баласынын портреттериндеги ички дүйнөнүн, кылык-жоруктун, психологиялык мүнөздүн сырткы келбетинен байкалышы жана көз карашындагы сапаттык өзгөчөлүктөрдүн белгилениши жөнүндө окуучуларга түшүнүк берилип, башка сүрөттөрдөн өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулат. Мүмкүн болушунча, портретти тарткан сүрөтчүнүн таланты жана көз караштары такталат. Эгерде фотоаппарат менен тартылган сүрөт болсо, анда сөз жалаң портрет жөнүндө болот.

Портреттик сүрөттөр аркылуу адам баласынын психологиясын, ички дүйнөсүн ачып берүү менен текст түзүлгөндүктөн, жогорку класстардын окуучулары менен иштөө сунуш кылынат.Алабият, тарых сабактары менен предмет аралык байланышты түзүү ыкмалары актуалдуу да, эффективдүү да. Сүйлөмдөрдүн баяндоочунун түзүлүшүнө жана стилдик кызматына көңүл бөлүнүп, коммуникативдик милдеттери чечмеленет. Автопортреттик сүрөттөрдүн тартылышы боюнча маалымат берип, фактыларын келтирүү керек.

***Суроолордун үлгүлөрү:***

1. Сүрөт боюнча өң түзүлүшүн сүрөттөө.
2. Көз карашын аныктоо.
3. Психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн белгилери.
4. Жаш курагы боюча кандай белгилери бар.
5. Улуттук айырмачылыктар барбы.
6. Сүрөтчү жөнүндө ой пикир.
7. Башка портреттерге окшоштугу барбы?
8. Кызматын аныктоого болобу?

6. ***Орнаменттик сүрөттөр, оюмдар.***

Бул сүрөттөр, оюмдар – кыргыздын элдик искусствосунда илгертеден эле коолдой турган көркөм каражаты. Кыргыз эли эзелтен оюмдар аркылуу ой-тилектерин, каалоо-сезимдерин билдирип келишкен. Кыргыздын улуттук орнаменттеринде элдик аттар,

далилдөөлөр, мифтик түшүнүктөр колдонулуп, байыркы мезгилге таандык болгон чөйрөнү, жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүн, көчмөндүүлүккө байланышкан турмуш-тиричилик буюмдарын, көрүнүштөрүн чагылдырган. Прикладдык искусстводо, архитектуралык курулуштарда ***оюмдар*** менен коздошкон.

Кыргыз оюмдарындагы *«Умай эне», «Аркар мүйүз», «Кулжанын башы», «Бугунун мүйүзү», «Тумар», «Кереге көз», «Ала мончок», «Ит таман», «Карга тырмак», «Күн», «Жаңырган ай» ж.б.* үлгүлөрдүн маанисин чечмелеп, сырларын түшүндүрүү менен этномаданий принцибине ылайык окуучулардын улуттук көркөм-мурастык түшүнүктөрүн арттырууда маанилүү парз аткарылат. «Бул ажайып оюу-үлгүлөрү мектептин жана кесиптик окуу жайларынынын окуучуларына, бүгүнкү оймочу-уздарга, уста-чеберлерге, сүрөтчүлөргө, архитекторлорго кыргыздын «оюу алиппеси» чоң көмөк көрсөтмөкчү. Ал гана эмес, көптөгөн жылдар бою анчейин этибарга алынбай келген кыргыз оймосунун «*баяндамалуулугунун*» сырын ачып берүүгө биринчи кадам жасамакчы». [58.37] Демек, ар бир оюм-чийүүнүн тереңинде реалдуу турмуштун чагылдырылып, камтылып жаткандыгы аркылуу окуучунун этномаданий таанып-билүүсүн, сөз байлыгын өстүрүүгө салым кошулат. Оймочунун кыялдануусунан, көркөм табитинен, эргүүсүнөн жаралган орнаменттер символикалуу болуп, жөнөкөйлөтүп берилет.

«Мүйүз», «Сыңар мүйүз», «Кош мүйүз» деп аталган мүйүз оюмдар кочкор, кулжа, бугунун мүйүздөрүнүн сөлөкөтүнөн алынган. «Аркар мүйүз» оюму байлык менен дөөлөттү туюндуруп, жаныбарлардын келбетин жарым-жартылай сүрөттөп чагылдыруу менен жаралган сюжетти байкоого болот.

«Умай эне» – үйдүн куту. Кыргыздар адам баласына өмүр тартуулаган, мол түшүм менен сансыз малдын ээси кылган наристелердин сакчысы деп эсептешкен. [8.14] Кыргыз оюусунун үлгүлөрү кээде түстөр аркылуу бири-бирине айкалышып, көркөмдүк берип, улуттук колоритти байытып тургандай. Түстөрү кызыл-көк, кызыл-жашыл, кызыл-кара, кара-ак, кара-сары кылып, айырмалуу ачык өңдөрү оюу ыргагын жана шайкештигин түзөт.

Мисалы, «тумар» оюму үч бурчтук формасында болот. Бул бой тумар, төш тумар сүрөөлөрү жазылып салына турган тумарчанын формасынан алынган оюм. Үч бурчтук үчөөнүн – ата-эне-баланын биримдигин түшүндүрөт. Демек, ал «жаралуу», «улануу», «түбөлүктүүлүк» деген салыштырма түшүндүрмөлүү маанилерди билдирет. Тумар ар кандай оору-сыркоодон, суук көздөн, жаман сөздөн сактайт деген ишеним бар.

Орнаменттин өнүккөн формалары модернизацияланышы үчүн философиялык, геометриялык фигуралардын мотивдери алынат. Анын негизги закону бир калыпта, бирдей нускада кайталанышы болуп саналат. Улуттук орнаменттик сүрөттөр шырдак, кийиздерде, боз үйдө, буюмдарда, кийим-кечектерде, туш кийиздерде, архитектурада колдонулушу иллюстрацияланып түшүндүрүлөт. Андагы оюмдардын чечмеленип далилдениши аркылуу тексттин сүрөттөө, ой жүгүртүү типтери боюнча жазуу иштери жүргүзүлөт. Орнаменттин чиймелеринин, оюктарынын аталышына байланыштуу лексикалык каражаттардын колдонулушу боюнча искусство сөздүгүн, түшүндүрмө сөздүгүн, энциклопедиялык сөздүктөрүн пайдалануу зарыл. Мында окутуу иштери этномаданий жана экстралингвистикалык принциптерге таянып өтүлөт.

***Суроолордун түрлөрү:***

1. Боектору боюнча ой-пикирлер.
2. Сүрөттөгү белгилердин улуттук мааниси.
3. Бул сүрөттүн өзгөчөлүгү кайсылар?
4. Сүрөттөгү символдук белгилердин берилиши.
5. Мындай сүрөттөрдү кайсы жактардан көрдүңөр эле?
6. Тааныш уздар менен байланыштырып текст түзгүлө.
7. Тексттин аягында оюмдардын мааниси кандай чечмелене тургандыгы боюнча түшүнүк берилип, жалпыланууга тийиш.

Мындай улуттук орнаменттер кыргыз элиндеги оюмдар дүйнөсү менен гана тааныштырбастан, ошону менен бирге өз элинин маданиятына сыймыктануу сезимдерин да өнүктүрөт. Ал эми, оюмдардын аталыштарынын салыштырма маанилери төмөнкүдөй белгиленген: суу – жашоонун булагы, булак – башталыш, күн – жарыкчылык, алтын казык – туруктуулук, кочкор мүйүз – байлык, умай эне – үйдүн куту ж.б. Тажрыйбалуу жана таанымал кыргыз тил адабият мугалими Б. Исаковдун Кыргыз тили VII-IX Кл. окуу китебинде (Бишкек, 2002) схемалык белгилерди «кеште» деп атап, кыргыздын улуттук орнаменттери аркылуу туюндурган. Бул каражат окуу китебинин методикалык аппаратынын сапатын жогорулатуу менен окуучулардын логикалык ишмердүүлүгүн өстүрүүгө жана улуттук колорит боюнча таанып-билүүчүлүгүн тереңдетүүгө шык берген. *Алсак, «Тумар», «Умай эне», «Кыял» кештелгри схемалык белги катары колдонулган.*

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында дидактикалык материалдарды пайдалануу менен окуучулардын кебин өстүрүү бир топ алгылыктуу натыйжа берип, көпкө эсте сактай алуусуна жана так элестетүүсүнө түрткү берип, кептик мүмкүнчүлүктөрү арттырылат.

Эстетикалык түшүнүктөрү терендеп, көркөм табити байып, сөз байлыгы өсүү менен коммуникативдик маданиятынын калыптанышына материалдык таасири болот.

## Окуучулардын ойлоп тапкычтыгын өстүрүү каражаттары

Окуучуларды активдүү иш-аракетке тартуучу, ойлонууга жана изденүүгө мажбур кылуучу коммуникативдик тапшырмалардын, мисалдардын жана иллюстрациялык материалдардын мааниси чоң.

Кеп өстүрүү процесстеринде окуучулардын кызыгуусун, өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн өстүрүү жана жалпы интеллектуалдуулугун калыптандыруу үчүн дидактикалык принциптерге ээ болгон материалдарды пайдалануу менен кептин түрлөрүнө машыктырууга жана тарбиялоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Ошондой эле, мектеп мугалимдери мындай дидактикалык каражаттардын практикалык коммуникативдик кызматын туура түшүнүп, аларды чыгармачылык менен практикалай алышса, анда окуучулардын таанып-билүүчүлүктөрү, билгичтиктери натыйжалуу арттырылмак.

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында кыргыз элинин табышмактарын колдонуп, алардын жандырмактары менен иштөөнүн натыйжасында окуучуларды ойлоно билүүгө жана байкагычтыкка үйрөтүү, тарбиялоо иштери жүргүзүлөт. Табышмактарда камтылган айлана-чөйрөдөгү заттарды, буюм-теримдердин, эмгек куралдарынын, жаныбарлардын жана кубулуштардын ж.б. сырларын, айырмачылыктарын ачып, жандырмагын таап берүү менен андагы лексикалык бирдиктердин коммуникативдик кызматын байкоого болот. Табышмактар аркылуу кыргыздын этномаданий турмушун, көз караштарын жана көркөм фантазияларын өздөштүрүшүп, түшүнүктөрү терендейт. Алардын негизинде таанып-билүүчүлүктөрү, сөз байлыктары өсүп, кызыгуулары активдештирилет.

Табышмактардагы элестетүү, сүрөттөө жана метафоралык образдардын функциясындагы түшүнүктөрдө жашырылган идея кептик баалуулугу катары кабыл алынат. Мындагы окуучунун ой жүгүртүүсүнө таасир этүүчү негизги коммуникативдик функция шартталып берилет да, тапкычтыкка мажбурлайт. «Анын максаты – угуучунун көңүлүн ал затка бөлүү, угуучунун аң-сезиминде ошол заттын элесин пайда кылуу жана угуучунун ал заттын касиети, сапаты жөнүндө ой жүгүртүүгө түртүү».[18.3] Натыйжада, табышмактардын колдонулушу, жаралышы окуучунун акыл-эсине таасир этүү менен,

ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө, ички кепти тарбиялоого жана сөз байлыгын өстүрүүгө маанилүү негиз берет.

Этномаданий принцибиндеги лексикалык каражаттар жана аталыштар боюнча атайын сөздүктөргө таянуу менен түшүндүрмөсү такталууга тийиш.

Мисалы:

Жерден чыккан жек элем,
Желпилдеген бек элем.
Кырга чыгып кырылдым,
Кырк тузакка илиндим. (*Чий*)

Канаты бар учпайт,
Куйругу бар конбойт.
Буту жок, сойлойт,
Буттуудай ойнойт. (*Балык*)

От жанында кумган,
Эки көзүн жумган. (*Мышык*)

Таш үстүнө таруу жайдым,
Таң атпай жыйып алдым. (*Жылдыз*)

Ичет, жейт, ийинге кирет. (*Бычак*)
Ак үй, оозу-мурду жок үй. (*Жумуртка*)

Азыркы мезгилде табышмактын бир түрү катары баш катырмалар, табышмактуу сүрөттөр пайда болуп, анын чечилиши ой жүгүртүүнү талап кылып, акыл-эстин өсүшүнө, изденүүсүнө түрткү берет.


Окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн активдештирүүчү сабактарда жана класстан тышкаркы иштерде табышмак-тарды, кроссворддорду, ребустарды, чайнворддорду, сканворддорду, криптограммаларды ж.б. пайдалана билүү менен чыгармачыл ыкмаларды талап кылат.

Окуучуларды тез ойлоп тапкычтыкка, эсте сактап калууга, шамдагайлыкка, кыраакылыкка, ыкчамдуулукка, аң-сезимди өстүрүүгө жана ишмердүүлүккө тарбиялайт. Бул материалдардын этномаданий сөз бирдиктерин, аталыштарды, терминдерди, макалдарды, туруктуу сөз айкаштарын таба билүүгө, башкалардан мурун жооп берүү жоопкерчилиги пайда болот. Бул учурда окуучулардын өзүндөгү бүткүл билгичтиктери жана психологиялык

сезип-туюу мүмкүнчүлүктөрү активдүү ишке киришип, мобилизацияланат. Демек, эгерде сабак туура уюштурулуп, таанып-билүүчүлүккө байланыштырылган болсо, анда окуучулар жооп берүүгө болгон күчтүү аракет жана тез жооп берүү реакциялары күчөп, изденүү, тынчсыздануу абалында болушат. Ошондуктан, мындай каражаттарды пайдаланууда окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрү жана даярдык деңгээлдери эске алынып, тапшырмалары такталууга тийиш.

Окуучунун кызыгуусун, көңүл буруусун активдештирип өстүрүү менен интеллектуалдуулугун тарбиялоо жана кептик ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн «Кыргыз Туусу», Кыргыз Руху» жана «Эркин Тоо» газеталарынан өзгөртүү менен алынган кроссворддордун үлгүлөрү сунушталды.

## 1. Макалдар кроссворду.



***Тигинен:***

1. Саяк жүрсөң … жейсиң.
2. Калк айтса … айтпайт.
3. … бардын ырысы бар.
4. … болсоң кичик бол.
5. … колдун кири.
6. Ичтегини … бил, тилдегини түрдөн бил.
7. … - жүрөктүн күйгөн шамы.
8. … тапкан баламды өрдөк чокуп өлтүрдү.

12. … карай чанасы, атасына карай баласы.

11. … шарапаты, жамандын кесепети.

14. Тил … жарчысы.

17. … айткан сөз ушак, бетке айткан сөз сабак.

18. Түлкү … итке сын жок.

19. … баласын аппагым дейт.

20. … бир тенге, токуму миң тенге.

21. … чыккан ийри жылан.

25. … бала – өбөк, балага ата – жөлөк.

26. … түбү жок, сөздүн чеги жок.

29. … башы - Ишемби.

31. … көп болсо, кой арам өлөт.

32. … баксаң ат болот, курама темир курч болот.

33. Таргыл иттин кабышканы күч , … жоктун табышмагы күч.

34. … баарын жеңет.

35. … жердин топурагы торко.

40. … кушуң түшпөсүн, жаманга ишиң түшпөсүн.

42. Макул, ооба.

44. … ойду кыстаган турмуш жеңет.

46. Сатылганов.

47. Жаз айы.

49. … үйдөн намыстуу уул чыгат.

50. … барсаң баарың бар, доого барсаң бириң бар.

51. Жакшы … - жарым ырыс.

52. Үй тиричилигинде керектүү эмгек шайман, отун чабат.

53. Долина (кырг.)

56. … тонумду бер дебе.

58. … аккан суунун кадыры жок.

59. Колду аарчыйт.

62. … тойгончо жеп, өлгөнчө карганат.

63. … жүнү менен, булбул үнү менен.

64. Өгүздүн өлгөн жерине…

66. Эски салт, эреже.

67. Терен (синоним).

69. Үйдү тазалоочу шайман.

***Туурасынан:***

1. Суюктун сөзү - …, кыңырдын сөзү - кыйшык.

7. … баатыр жоодо жок.

9. … акылын үрөйт, жигит жигерин үрөйт.

10. Керегем сага айтам, келиним сен ук.

13. Жакшы – таап сүйлөйт, жаман - … сүйлөйт.

15. … алганда, ак жайдын күнү жут болот.

16. Чаап сүйлөсөң да, … сүйлө.

18. … кой түштөн кийин маарайт.

20. … көрүп кыз өсөт, эжесин көрүп сиңди өсөт.

22. … урмат, кичүүгө ызат.

23. … жоктун ырымы күч.

24. Баатыр сүрү көзүндө, … сүрү сөзүндө.

25. Жети … атын бил, жети элдин тилин бил.

28. …. саймак эрдиктен, ат жоорутмак тердиктен.

30. … дос антын актайт.

32. … чакса, бөрү менен дос болор.

35. Ач курсактан … кулак.

36. Уйга жүгөн салабы, … адат калабы.

37. … кыз жараты туюк кетет.

38. Аталар сөзү - … көзү.

39. … кирген суук сөз, жүрөккө барып муз болот.

41. … таба, тууганга күлкү.

43. … менен машак терген, оозу менен орок орот.


45. Ырыс алды …

48. … жок чай курусун, кайыры жок бай курусун.

50. … бир сырдуу, миң кырдуу.

52. Комната (кырг.).
54. … күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет.
55. Үйлөнүү той.
56. Сөз, байка.
57. Жарык жерден жанашат, караңгы жерден адашат (таб.).
60. … болсо да жол жакшы.
61. Көп сүйлөгөн адам.
62. … болот жетимдик, кургаганда көздөн жаш.
64. Кыргыз улуттук даамы.
65. Адам (синоним).
66. Үшүү, муздоо (антоним).
68. Оро албаган орок…
70. … сөз укканга, жылуу сөз жукканга.
71. Ушул (түндүк.)

## 2. Таанып-билүү кроссворду



*Туурасынан:* 1. Окумуштуу даражаны алуудагы автордун коргоочу илимий иши.
8. Мухаммед пайгамбардын зайыбы.
9. Жакшылык, жардам, сый.
12. Эгини чабылып алынган талаа.
13. Балыкка кумар адам.
17. Чүкөнүн «төрөсү».
20. Ыр жаратуучу чыгармачыл инсан.
21. Сүбөөнүн ылдый жагындагы бүлкүлдөк эт.
22. Аренда сөзүнүн кыргызчасы.
23. Биринчи казак революционер кызы.
24. Музыкалык добуш.
25. Айран-сүттүн жалпы аты.
26. Чыгыш элдериндеги киши сүйрөп жүрүүчү кош дөңгөлөктүү араба.

30. Шаардын жоргосу, автоунаа.
32. Кургакчылык, эгин чаппай калуу.
33. Шайлоо учурунда добуш берүү үчүн коюлган кызыл жашик.
35. Музоолуу уйду эмне дейт?
36. Бишкектик тургундардын прописккасыз жашагаи өгөй мүчөсү.
39 Михаил Булгаковдун бала кезинде жашаган шаары.
42. От жагылчу жай.
43. Ашыктык, сүйүү.
44. Шайланууга, ишке дайындалууга белгиленген адам.

***Тигинен:***
2. Жип ийрүүчү курал.
3. Падышалык армиянын мезгилиндеги казак аскерлеринин офицердик чини.
4. Өзүй, өлөң ...
5. Молдонун кличкасы
6. Ч.Айтматовдун китеби.
7. Эл, журт, калк.
10. Даана жана сулуу жазуу өнерү.
11. Акын Ж.Мамытовдун жубайы.
14. Суу нугу.
15. Түтүнден пайда болгон көө.
16. Эки кылдуу комуз.
18. Юбилей.
19. Эл аралык келишим.
27. Акылы кем, макоо.
28. Дан түрүндө тегирменге телөнө турган акы.
29. Устукан эт.
31. Спорттук команданын башкаруучусу.
34. Жер аянтын өлчөө.
37. Грузин жергесиндеги дарыя.
38. Эгин «квартирасы».
40. Дарынын туп-туура өлчөгөн саны.
41. Кыргыз аялдарынын илгерки сокмосу.

# VI глава. **Кыргыз тилинин бөлүмдөрүн окутууда окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү**

Кыргыз тилинин окуу программасындагы теориялык материалдарды окутуу менен тилдин фонетикасы, орфографиясы, лексикасы, фразеологиясы, сөз жасоосу, морфологиясы жана синтаксиси, пунктуациясы боюнча окуучулардын лингвистикалык билимдери, билгичтиктери калыптандырылат. Бул бөлүмдөрдүн минималдык закон-ченемдерине, эреже-аныктамаларына, таянуу аркылуу теория менен практикалык фактыларды айкалыштырып предметтик билим берүү иштери милдет, максаттарын түшүндүрөт. Демек ар бир бөлүмдүн материалдарынын негизинде талдоо иштери жүргүзүлүп, практикалык жактан далилдөө, анализдөө проблемалары чечилип, эне тили боюнча сабаттуулук жана маданияттуулук калыптандырылат.

Ошондой эле, ар бир бөлүмдүн материалдарынын негизинде окуучулардын кептик жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү, практикалык жактан машыктыруу жана тилдик, кептик маданиятын арттыруу милдеттери ишке ашырылат. Предметти окутууда бул проблемалар адис мугалимдин тилдик компетенттүүлүгүн жана коммуникативдик ишкердүүлүгүн талап кылат. Демек үйрөтүлүп жаткан эне тилинин теориялык закон-ченемдерин окутуу принциптерине таянуу менен байла-ныш кебин жана кеп маданиятын калыптандыруу жумуштары жүргүзүлөт. Бул иш-аракеттер окуучулардын лингвистикалык көз караштарын өстүрүүгө багыт берүү, логикалык интеллектуалдуулугун өстүрүү менен аткарылышы керек.

Окуу программасындагы теориялык жана практикалык жактан машыктыруучу материалдарды эриш-аркак айкалыштырып, байланыштуу кепти өстүрүүнү окутуу да гана предметтик билим берүүнүн эффективдүү жана натыйжалуу жыйынтыгын берет. Ошондуктан окуучулардын байланыштуу кебин тилдин бөлүмдөрү менен тыгыз байланышта жана эриш-аркак ыкмада уюштуруп билим берүү зарыл.

## Фонетикалык сабактарда байланыштуу кепти өстүрүү

Кыргыз адабий тилинин калыптаныш процесстери менен өнүгүү потенциалдары анын жазуу эрежелери (орфография, пунктуация), айтылыш прициптеринин (орфоэпия) проблемалары мектеп курсунун материалдары менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт. Адабий тилдин оозеки нормаларынын калыптанышы, өсүп-өнүгүү

фактыларынын негиздери мектеп программасынын бардык этаптарында үйрөтүлүц, билим берилет.

Бул маселелер, өзгөчө, тилдин фонетикалык бирдиктерин, фонологиялык кубулуштарын жана анын функционалдык өзгчөлөктөрүн так өздөштүрүү менен коммуникативдик базаны түзүүгө шарт түзөт. Оозеки кептин адабий тилдик нормативдери фонетикалык-коммуникативдик иш-аракеттердин жүргүзүлүшүнүн жана программалык материалдын калыптанышынын мазмунун түзгөндүктөн, (V, X кл.) анын практикалык маанииси да чоң. Анткени, адабий тилдин системасында орфоэпия, лексика, орфография сөздүн составы, сөз түркүмдөрү жана синтаксистин материалдарын терең билүүгө жана анын ички закон-ченемдүлүктөрүн органикалык байланыштуулукта өздөштүрүп, предметтик түшүнүгүн арттырууга мүмкүнчүлүк берет. Муну окумуштуулар төмөндөгүдөй белгилеген: «Фонетика-морфема, сөздүн грамматикалык формалары менен сүйлөмдүн тыбыштык түзүлүшүн, тилдин структурасына байланыштуу тыбышты, муун жана басым менен интонациянын типтерин, речь тизмегинин өз ара байланышын, карым-катышын үйрөтөт. Фонетиканын обьектиси муну менен чектелбестен, кебибиздин мелодикасын, ритмикалык өзгөчөлүгүн, синтагманы жана паузаны изилдеп, алардын жаратылышын тактоону өз ичине камтыйт». [2.12]

Ушундай татаал компоненттердин негизинде кеп өстүрүү иштери фонетикалык-фонологиянын теориялык жана практикалык фактыларын айкалыштыра билим берүү менен жүзөгө ашырат. Ал фактылар рецептикалык (окуу, угуу) кеп катары өздөштүрүлүп, анын натыйжасын (сүйлөө, жазуу) кептин продуктивдүү аткарылышын көрсөткөндүктөн, орфоэпиялык программалык материалдар менен тыгыз байланышта болуп орфографиялык сабаттуулуктун теориялык негиздери да, адабий тилдин нормасында калыптанышы керек. Муну окумуштуу методист А. Осмонкулов төмөндөгүдөй белгилейт:

«Фонетнканы окутууда окуучулардын фонологиялык билимдерин логикалык ой жүгүртүүсү менен байланышта өстүрүп, кептик мүмкүнчүлүктөрүн орфоэпиялык жана орфографиялык сабаттуулукта өздөштүргөн учурда гана, тилдик таанып-билүүчүлүгүн арттырып, жалпы билимдерин жогорулатууга болот». [66.288] Ошондуктан, тыбыштардын теориялык, практикалык табиятын, колдонулушун жана графикалык системасын, алардын орфограммалык варианттарын паралеллдүү өздөштүрүү үчүн окутуу процессин туура уюштуруу менен гана рационалдуу түрдө билим берүүгө багыт берилгендикти билдирет.

Фонетиканын негизинде байланыштуу кепти өстүрүүдө ***тыбыш, тамга, үн тону, күчү, сүйлөө органдары, интонация, басым жана анын түрлөрү, үн тембри, темпи, синтагма, эмоционалдуулук, пауза*** ж.б. анын тил кражаттары катары эсептелинип, алар боюнча фонетикалык жана орфоэпиялык талдоолорду жүргүзүү менен гана далилдөөгө болот. Бул каражаттардын кепте колдонулуш процесстеринде түрдүү кубулуштарга ээ болушуна, алардын айтымдарынын туура аткарылышына талдоо иштери көмөк көрсөтөт. Бул учурда оозеки кептеги улуттук табигый интона-циялык нарктын сакталышына, өзгөчөлүгүнө көңүл бөлүнөт.

Фонетикалык бирдиктердин каражаттар системасынын үстүртөн өздөштүрүлүп, механикалык түрдө гана мамиле жасалбастан, аларды түшүнүү менен өз бетинче мамиле жасап, туура уга билип, орфоэпиялык сабаттуулукта сүйлөө кебинде так пайдалана алганга жетишүүсү зарыл.

Кептеги ар бир сөздү туура угуу менен гана, ал ички кеп аркылуу өздөштүрүлүп, машыгуу этаптарында рецептикалык кеп катары үйрөтүлүп даярдалат. «Тилдин бардык фонологиялык каражаттарын угуу менен кабыл алып, сактап калуу мезгилинде, ушул эле учурда ички кеп аркылуу уккан кепти интонациялоо жана артикуляциялоо менен иштеп чыгуу иши адам баласынын лингвистикалык-психологиялык жөндөмдүүлүгү менен түшүндүрүлөт».[53.10] Мындай учурда ички кептин психологиялык ролуна жана окуучунун жекече жөндөмдүүлүктөрүнө көңүл бөлүнүп, ар бир окуучунун сүйлөмдөрдөгү фразаларды, же синтагмаларды айтым варианттарын салыштырып көрүү керек. Эгер туура колдонулса, башкаларга үлгү катары көрсөтүлөт. Ал эми кептин орфоэпиялык каталары жиберилген болсо, ишенимдүү түшүнүк менен ажыратып, коррекциялоо аркылуу далилдөө зарыл. Натыйжада мугалимдин жалпы фонетикалык кептик комментарийи жасалып диалектилик, говордук акценттерди белгилөө менен четтеттүү сунушталат.

Мектеп курсунда окуучулардын фонетикалык билимдеринин негизинде туура жана так сүйлөө нормалары боюнча оозеки кебин өстүрүү жумуштары мугалимдин атайын жетиштүү теориялык, методикалык жана адистик чыгармачыл мамилесин талап кылат. Фонетикалык бирдиктердин калыптанышына бир гана фонетикалык сабактарда эмес, калган бөлүмдөр боюнча өтүлүүчү сабактарда да системалуу көңүл бөлүнүп, кептин түрлөрү аркылуу адабий тилдин оозеки нормаларынын калыптанышына жоопкерчиликтүү, компотенттүү мамиле жасаганда гана, эффективдүү натыйжасын берет. Бул

процесстерде окуучунун кептик ишмердүүлүгүн актив-дештирүү үчүн төмөндөгүдөй түрдүү чыгармачыл ыкмаларды, окутуу технологиясынын моделдерин колдонуу зарыл.

1. Фонетикалык жана орфоэпиялык тексттерди тандай билүү, практикалык мамилесине көңүл бөлүү;
2. Тексттин фонетикалык жабдылышына кептик комментарий жасай билүү;
3. Орфоэпиялык сабаттуулуктун дидактикалык жана техникалык каражаттардын жардамына таянуу жана сүйлөө үлгүлөрүнө басым жасоо;
4. Сөздөрдүн айтымы боюнча окутуунун жаңы технологияларын пайдалануу;
5. Адабий тилдин оозеки нормаларын калыптандаруу ыкмаларын системалуу колдонуу ж.б.

Мында сунушталган окутуу ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын кебиндеги каталарды четтетүү иш-аракеттери жүргүзүлүп, практикалык машыктыруу жумуштары колго алынат. Бул учурда техникалык каражат катары магнитофон, диктофон сыяктуу техникалык аппараттарга жаздырылган дикторлордун, артисттердин сөздөрүн уктуруу, аларды кайталатып айттыруу менен өзүндөгү кемчиликтерге ишендирүү жана адабий тилдин нормасын өздөштүрүү иш-аркеттерин системага айлантуу.

Фонетикалык сабактарда окуучулардын орфоэпиялык машыгууларын жана адабий тилдин нормаларын оозеки кебинде калыптандырууда кыргыз элинин радиодо, телекөрсөтүүдө жалпы журтка таанымал болгон дикторлордун чыгармачылык таржымалдары, дикциялык таланттары боюнча тааныштыруунун мааниси чоң. Ар бир диктордун дикциялык артыкчылыктарын тааный билүү ар бир сөздүн айтымын туура берип, интонациясын, басымдын колдонулушун сактай билгендигине жана улуттук айтым наркын аткара алгандыгына сабак процесстеринде басым жасалышы керек. Элге жагымдуу, нарктуу үнү, сөзү менен таанылып калган кыргыз дикторлорунун Т. Бакиеванын, Р. Ниязовдун, Р. Рыскелдинованын, Н. Орузбаеванын, Ж. Кайыповдун, Б. Мамытодун, Г. Молдошеванын жана башкалардын окуган тексттерин уктуруу, алардын бардык адабий нормаларды сактоо менен салмактуу да, сыймыктуу да болгон коңур үндөрү, жөндөмдүүлүктөрү окуучуларга үлгү катары таасир этишине ээ болуу кажет.

Угуу кебин жана артикуляциялык негизде айтуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууда тематикалык көнүгүү-лөрдү тандоо үчүн төмөнкүлөр эске алынат.

- *Угуу маданиятын өстүрүүгө багытталгандыгы;*
- *Айтуу маданиятын өстүрүүгө ылайык түзүлгөндүгү.*

Ар бир үйрөтүүчү, же текшерүүчү көнүгүүнүн үстүндө иштөө менен алардын негизинде орфоэпиялык жана орфографиялык машыктыруунун тапшырмалары, шарттары системалуу аткарылып, алына турган конкреттүү кептик натыйжалар такталышы керек. Фонетикалык көнүгүүнүн түрлөрү этаптык мүнөздө болуп, улам татаалдыгы артып, дидактикалык структуралык мазмуну практикалык, фонологиялык актуалдуулуктун шарттарын жана өсүү мүмкүнчүлүгүн көздөшү керек. Демек, орфоэпиялык көнүгүүлөр, тексттер дидактикалык материал катары пайдаланылып, аларга коммуникативдик ишкердүүлүк менен мамиле жасалып, кеп өстүрүүгө багыт берилет. Көпчүлүк учурда, атайын адистик жоопкерчиликтин болбогондугунан, орфоэпиялык сабаттуу-луктун калыптанышына системалуу көңүл бурулуп турбаган-дыктан, окуучулардын оозеки кеби диалектилик мүнөздө болуп, адабий тилдин нормаларына этибар бербей калгандыгы байкалат.

Кыргыз тилинин орфоэпиясын окутуу боюнча А.Осмонкуловдун «Кыргыз тилинин тыбыштык системасын окутуу» деген эмгегин эске албаганда, орфоэпияга тиешелүү материалдарды ар бир класска ылайыктап топтоштуруу жана аны системалуу түрдө терең өздөштүрүүнүн методикасы ушул убакка чейин атайылап изилденип чыга элек. Натыйжада айрым бир практик мугалимдин тажрыйбаларына караганда, көпчүлүгү фонетика, орфография, пунктуацияны окутуу мезгилинде орфоэпиянын материалдарын үзгүлтүксүз үйрөтүү зарылдыгын эске алышпай тургандыгы байкалды.

Кыргыз адабий тилинин орфоэпиясы боюнча мектеп окуучуларына болсо да, сөздүктүн иштелиши кечиктирилгис актуалдуулукту түзөт. Бирок мындай сөздүктүн зарыл экендиги жөнүндө адис окумуштуулар көп жолу белгилешсе да, али жарык көрө элек. Орфоэпиялык сөздүктүн иштелиши бир гана мектеп окуучуларына эмес, кыргыз тилин мамалектеттик тил катары үйрөтүп жаткан билим берүү системаларына, окуу куралы катары зарылдыкты түзүүдө.

## Лексикалык бирдиктердин негизинде окуучулардын кебин калыптандыруу

Лексикалык сабактарда окуучулардын коммуникативдик маданиятын жогорулатуу жана лексикалык шыктарын, билгичтиктерин өстүрүү иш-аракеттери байланыштуу кебинин мазмунун түзүп, сөз байлыгын өстүрүүгө өзгөчө көңүл бурулгандыктан, кеп өстүрүү иш-аракеттери актуалдуу маселелерден болуп саналат. Лексикалык билим берүүдө тиешелүү таяныч сөздөрдү үйрөтүү жана ага талдоо жүргүзүү менен окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн (окуу, угуу, жазуу, сүйлөө) процесстери боюнча сабаттуулугу, маданияттуулугу калыптандырылат.

Байланыштуу кеп боюнча сабаттуулуктун жүзөгө ашырылышы тилдин лексика бөлүмүн окутууда өзгөчө маанилүү орунду ээлейт. Анткени кеп ишмердүүлүгүнүн негизги каражатын түзгөн лексикалык бирдиктердин семантикалык маанилери жана стилдик функционалдык аспектилик колдонулушу, эне тилинин лексикалык составы боюнча билимдеринин натыйжасында адабий тилдик нормада өздөштүрүлүшү менен турмушка ашырылат. Анын үстүнө, кыргыз тилинин башка бөлүмдөрүнө караганда, сөз байлыгын өстүрүү ыкмасы активдүү аткарылып, бул турмуш сөз аркылуу өздөштүрүлө тургандыгы дайыма түшүндүрүү негизги милдетти түзөт. Программалык бул бөлүмдө (V, VI, X, XI кл.) сөз жөнүндө теориялык билим берүү жана анын колдонулушун үйрөтүү аркылуу окуучулардын акыл-эсине, ой жүгүртүүсүнө таасир этүү, таалим-тарбия берүү иш-аракеттери тикеден-тике байланыштуулукта жүргүзүлөт.

***Ошондой эле, лексика бөлүмүн окутуу менен кыргыз элинин турмушунда болгон тарыхый окуялар, социалдык-экономикалык өзгөрүштөр боюнча таанып – билүүчүлүгүн арттырып, элдик фольклорун, эстетикалык байлыгын үйрөтүү менен, окуучунун предметке өзгөчө кызыгуусун пайда кыла турган артыкчылыгы эске алынат.***

***«Эне тилинин сөзү – бул ар кандай аң-сезимдүү өсүп-өнүгүүнүн негизи, ал илимдин казынасы. Андан бардык түшүнүктөр түптөлүп, ал аркылуу өткөрүлүп, өзүнө кайрадан кабыл алат». (К.Д. Ушинский) Демек кептин белгилүү мазмунун жөндөп берүү шыгын өстүрүү аракети окуучулардын лексикалык казынасы канчалык бай экендигине жана тилдин грамматикалык каражаттарын канчалык сабаттуу колдоно ала тургандыгына байланыштуу болуп, натыйжасын берет.***

***Эне тилиндеги ар бир сөздүн күчүн, ордун терең билмейинче, ошол тилдин ээси болуп, аны урмат менен сактап келе жаткан элдин көз карашын, психологиясын, салт-санаасын толук билүү мүмкүн эмес.***

«Адеп башы – тил» деп айтылгандай, өзүндө терең ой, таалимдүү нуска катылып жаткан, ыймандык таасири күчтүү сөз адептик түшүнүктү, аң-сезимди жана туюп-билүүнү калыптандыруунун зор өбөлгөсү. Мында эне тилдин чексиз байлыгы, көркөмдүүлүгү, таасирдүүлүгү терең ачылып, окуучулар элдик адептик акылмандыктын бай тажрыйбасын өздөштүрөт.

Сөздүн лексикалык мааниси – бул анын эң маанилүү маңызы, кептеги сөздүн ордун аныктап тургандыгы окутуунун орчундуу милдеттери. Демек, лексикалык сабактарда сөздөрдүн лексикалык-семантикалык маанилерине ар кандай ыкмалар менен окуучулардын көңүлүн буруу жана алардын семантикалык маанилерин, стилдик функционалдык кызматын ажырата түшүнүп, колдоно билүүгө жетишүү зарыл. Ошондой эле, конкреттүү сөздүн кандай сөз айкаштарын түзө ала тургандыгы боюнча билгичтиктерин арттыруу эске алынат.

«Лексикалык маани – бул адам баласынын ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн продуктысы, ал предметтер, касиеттер, процесстер, кубулуштар жөнүндөгү түшүнүктү аң-сезимге чагылдырып, бекемдейт». [74.33] Андыктан, тилдин бул бөлүмүнүн тилдик каражаттары аркылуу, жалпы эле, кругозорун өстүрүп, турмушту, дүйнө-таанымын арттырган сөз кудуретинин зор кызматы ар тараптан түшүндүрүлүүгө тийиш. Сөз байлыгын өстүрүү ыкмалары аркылуу өзгөчө көңүл бурулуп тагыраак далилденип, тарбиялоо иштери жүргүзүлөт. Сөздөрдү семантикалык жактан иргеп чыгуу менен балдарга ар бир лексикалык бирдиктин өз ара байланышта экендиги боюнча көрсөтмө берилет. Мисалы, жандуу жана жансыз заттардын аталыштары ж.б.

Окуучунун лексикалык маданиятын, интеллектуалдуулугун калыптандырууну билдирген методикалык концепциянын милдеттерин турмушка ашыруу менен окутуу – талапка ылайыктуу иш. «Мектепте лексика тилди туюп-сезүүсүн өстүрүү принцибинде үйрөтүлөт, б.а. лексикалык кубулуштарды интуитивдик эстеп калуу зарыл». Демек эсте сактоо менен лексикалык маанилерди түшүнүүсүн жана сөздөрдүн ар кандай коннотацияларынын колдонуу күчүн баалоо жөндөмдүүлүгүн өстүрөт. [89.51] Ар бир класстык этапта өздөштүрүлгөн лексикалык бирдиктер толук эсте сакталып, кийинки этаптар үчүн лексикалык казынаны түзүп калышы керек.

1. түрдүү стилдеги кептин функциясын аныктоо;

2. лексикалык тексттер менен иштей билүү;
3. жаңыдан келген сөздөрдүн, терминдердин, номенклатурларды семантикасы менен тааныштыруу ыкмалары;
4. накыл сөздөрдү, фразеологизмдерди, макалдарды пайдалана билүүнү активдештирүү ж.б.

Мектеп программасында лексика менен фразеология бөлүмдөрү эриш-аркак үйрөтүлгөндүктөн, алардын негизинде окуучулардын сөз байлыгын эстетикалык табитин өстүрүү жумуштары тыгыз байланышта жүргүзүлөт.

Окуучулардын сөз байлыгын жана кеп маданиятын өстүрүүдө фразеологизмдерди орду менен колдоно билүүнү жана көркөмдүк-эстетикалык артыкчылыктарын таанытып өздөштүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүнөт. Эне тилинин сөздүк составынын байлыгын жана таамай атоо менен көңүлдү бурган образдуулугун үйрөтүү үчүн адабий чыгармалардан үзүндү келтирүү, «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгүн» (Бишкек, 1999) пайдалануу менен сөздөдүн, сүйлөмдөрдүн маанисин күчөткөн интенсификаторлук коммуникативдик кызматын түшүндүрүүгө жана колдонулушун жандуу кепке айлантууга жетишүү зарыл.

Фразеологизмдерди мүмкүн болушунча терен түшүндүрүп, окуучуларды кызыктырууга жана аны колдоно билүүгө өзгөчө басым жасоо менен анын баалуулугун, эмоционалдык экспрессивдүүлүгүн жана образдуулугун үйрөтүү зарыл. Фразеологизмдердин кадимки сөзгө синоним жана эквивалент болуп келерин жана ойду таамай, элестүү билдирүүгө жардам бере тургандыгын салыштыруу ыкмалары менен далилдөө керек.

Кыргыз тилинин фразеологизмдер топтому элдин тарыхый тажрыйбаларын чагылдырып, улуттук дүйнө таанымды, кыраакылыкты, көз караштарын жана менталитетти сактоо менен аны кийинки муундарга жеткирип тааныштырууда ролу чоң. Фразеологизмдер сөзгө жандуулукту, көркөмдүүлүктү берип, курч таамай сүйлөөнүн нукура элдик үлгүлөрүн үйрөтөт. Демек, кыргыз элинин бүтүндөй эстетикалык байлыгын камтып келген лексикалык мындай баалуулукка кайрылбай жана аны колдонбой туруп, кептик жетишкен маданиятты көрсөтүү мүмкүн эмес. Фразеологизмдердин кептик артыкчылыктарын үйрөтүп окутууда алардын стилистикалык жана семантикалык кызматын далилдеп, талдоо менен ачып берүү – адис мугалимдин негизги милдети. Бул учурда фразеологизмдерге окуучунун көңүлүн буруп кызыктыруу, кептик нарктуулугун баалай билүүгө чакыруу менен үйрөтүү зарыл. Фразеологизмдердин колдонулушу – бул кыргыз кебинин улуттук элдик сүйлөй билүү

үлгүсү жана нускасы. Кептеги фразеологиялык айкалыштарды чечмелеп, синонимдик катарларын таанып билүүгө жетишүү менен аның колдонулушун сабактарда, класстан тышкаркы иш-чараларда активдештирүү аркылуу сөз байлыгын өстүрүүгө чоң салым кошулат.

Фразеологизмдерди адам баласынын дене мүчөлөрүнө байланыштырып колдонгондору арбын. Аларды топтоштуруу, кептеги ролун мисал аркылуу талдоо ыкмасы бир топ алгылыктуу. Мисалы, «көзгө» байланышкан фразеологиялык айкалыштар көркөм чыгармаларда өтө ийкемдүү каражат катары бааланат.

***Оң көз менен кароо, көздүн агы менен тең айлануу, көздүн карегинде сактоо, көзү чанагынан чыгуу, көз майын түгөтүү, тик көз менен кароо, көзмө-көз сүйлөшүү, көз көрүнө жасоо, көз салуу, көздөн кайым болуу, көз болжол, көз ачып жумганча, көзү ачык өтүү, көздүн жоосун алуу, көзү тирүү, көздөй киши, көрөр көз адамы, иштин көзүн билүү, көзүнөн чыгуу, көзүн кароо, көзү тоюу, көз кырын салу, көзү албоо, көзүн илбөө, көз учунда болуу, көз болуу, көз тийүү, көзүнөн тануу, көздөн учуу, көз жаруу, көз жетүү, көзгө басар, көзү өтүү, көзүн тазалоо, көзү катуу, көз көрсөтүү*** ж.б.у.с.

Келтирилген мисалдардагы фразеологизмдердин синонимдик маанилерин тактоо менен алардын коммуникативдик кызматтарын салыштырып, эстетикалык касиеттерин, экспрессивдик артыкчылыктарын аныктоо зарыл.

Мында фразеологизмдердин семантикалык туюнтмасын адекваттык кабыл алуу менен көркөм тексттеги оозеки образдуу эмоционалдык – экспрессивдик элементтерин түшүнүү жөндөмдүүлүгү калыптандырылат. Фразеологиялык тексттер жана көнүгүүлөр менен иштөөдө алардын стилдик өзгөчөлүктөрү боюнча талдоо ыкмасын жүргүзүү менен алардын компоненттерининн бай маанилерин жана образдуулуктарын өздөштүрүүгө негиз түзүлөт.

Лексикалык материал аркылуу окуучулардын сөз байлыгын, байланыштуу кебин өстүрүүдө төмөнкүдөй методикалык айрым маселелерине көңүл бурулууга тийиш.

1. ***Талдоону так жүргүзүү ыкмалары.*** Лексика боюнча өтүлгөн материалдар жеткиликтүү өздөштүрүлүп, окуучулар өз алдынча түшүнүккө ээ болгондон кийин гана анын теория менен практикасын айкалыштыра билүү, байланыштыруу жана кептик билимин арттыруу иштери жүргүзүлөт. Талдоонун туура аткарылышы менен окуучулардын лексикалык-семантикалык билгичтиктери өсүп, сөздү тилдин сөздүк системасынын бирдиги катары түшүнүп, функционалдык кызматы боюнча кептик базаны түзүүгө эффективдүү өбөлгө берет. Демек, сөздөрдүн семантикалык байланыштарын

өздөштүрүү менен окуучулар коммуникативдик шыктуулукка ээ болуп, лексикалык интуитивдик мүмкүнчүлүгү өсөт.

Көпчүлүк учурда лексикалык талдоону туура эмес аткарып, грамматикалык материал менен байланыштырат да, сөздөрдүн лексикалык-семантикалык мүнөздөмөсү так ачылбай калат. Ошондой эле, лексикалык талдоону туура жүргүзүү ыкмалары боюнча жеткиликтүү машыктырылбаса да, өз алдынча мамиле жасай албай, чаржайыттыкты, же баш аламандыкты түзүшү мүмкүн. Анда сөз байлыгынын негизинде байланыштуу кебинин сабаттуу калыптанышына кедергисин тийгизет. «Окуучуларга тилдик нормаларды окутуунун негизинде сөздөр жана фразеологизмдер, синтаксистик конструкциялар менен сөз байлыгы жана байланыштуу кеби өсүп, калыптанат б.а. ар кандай стилдеги тексттер, алардын типтери боюнча иштей алууга машыктырылат». [58.28]

2. ***Сөздүктөр менен иштөө.*** Керектүү сөздү таба билүүгө, так түшүндүрмөсүн өздөштүрүп, аны орду менен пайдалана алуу зарыл. Муну профессор К.К. Сартбаев мындайча белгилеген: «Сөздүк менен болгон жумуштарды туура уюштуруу аркылуу окуучунун ойлоо жактарын тарбиялап өстүрүүгө болот. Окуучунун турмушка даярдалышы сөз байлыгынын өсүшү менен тыгыз байланыштуу». [82.229] Демек, сөздүктөрдүн түрлөрүн оптималдуу ыкмаларда пайдалана билүү окуучунун интеллектуалдуу ой-жүгүртүүсүн да калыптандырып, лексикалык казынасын, байланыштуу кебин өстүрөт. Ар бир сөздүк ***коммуникативдик***, ***нормативдик*** жана ***информативдик*** функцияларды камтып тургандыктан, окуучуга ар тараптан жардамга келип, лексикалык бирдиктерди үйрөтүү менен окуу куралы катары кызмат кылат. Кыргыз тилиндеги бардык сөздүктөрдүн типтери тааныштырылып, андан пайдалануунун оптималдуу ыкмалары үйрөтүлөт.

3. ***Таанып-билүүчүлүгүн өстүрүү.*** Мында кептик реалдуу турмуш менен тыгыз байланышкан дидактикалык каражаттардын арбын пайдаланышы сунуш кылынат. Андай каражаттардын составын текст, буклет, сүрөттөр, кроссворд, ребус, буюмдар, курал жабдыктар, музыкалык инструменттер, кийим-кечектер, же алардын макеттери, сүрөттөрү ж.б. түзөт. Алар окуучулардын ар түрдүү, элестүү, образдуу, же экспрессивдүү кабыл алуусуна жана зээндүүлүк менен мамиле жасоосуна көмөк берет. Ошондой эле, газета-журналдарды окуу, радио-телекөрсөтүүлөрдү көрүү, угуу жана сүйлөшүү аркылуу рецептикалык кептик базасын жаратуу менен сөз казынасын байытат. Бирок, бул булактардан алган билимдеринин жана маалыматтарынын

баары эле окуучу үчүн түшүнүктүү боло бербөөсү мүмкүн. Мисалы, түшүнүктөрдү калыптандыруунун ишкердүүлүк концепциясына ылайык сөздөрдү, аталыштарды колдоно билүүнүн мотивдештирүү аспектисин анын олуттуу касиеттери менен тааныштыруудан баштоо зарыл. Мурдагы өздөштүргөн лексикалык бирдиктер менен байланышын аныктоо, тааныш сөздөр менен логикалык операцияларды жүргүзүү аркылуу жаңы сөздөрдү, түшүнүктөрдү кабыл алууга мугалимдин ишкердүү аракет кылуусу абзел.

Мындай учурларда заттар, аталыштар менен сөздөрдүн ортосундагы байланышты көрүү, угуу мүмкүнчүлүктөрү менен кабыл алынгандыктан, реакция берүүнүн негизинде окуучунун логикасына оң таасирин калтыруу үчүн тааныштыруу, демонстрациялоо менен маанисин ачып берүү, чечмелөө мугалимдин негизги милдеттеринен.

Бул жагдайларда төмөнкүдөй методикалык сунуштар ишмердүүлүктө колдонулса, окуучулардын сөз байлыгын арттырууга көмөк берип, коммуникативдик билимдерин өстүрүүгө багыт берет.

- Сөздү заттын өзү менен (алардын өзүн же сүрөтүн, макетин көрсөтүү аркылуу) байланыштыруу.
- Ал сөздөрдүн лексикалык маанисин жана грамматикалык касиеттерин ажырата билүү.
- Көркөм адабий чыгармалардагы кыргыз тилинин лексикалык байлыктары менен иштөө ыкмалары.
- Тажрыйбалуу, белгилүү мугалим Б. Исаковдун «Сабат санжырасы» (1993), «Сөз санаты» (1-2 китеп, 2005) методикалык окуу куралдары менен иштөө.
- Сөздөрдүн стилдик жана коммуникативдик функционалдык өзгөчөлүктөрүн кептин түрлөрү боюнча машыктыруу.
- Окумуштуу С. Рысбаевдин «Сөз жөнүндө дастаны» (Бишкек, 2007) боюнча жогорку класстарда элдик руханий дөөлөттөрдүн казынасы катары предметти тереңдетип окутуу иш-аракеттеринде пайдалануу.
- Сөздөрдүн семантикалык маанилерин, структуралык түзүлүшүн, тармактык кызматтарын аныктоо.
- Т. Сыдыкбековдун, Ч. Айтматовдун, К. Жантөшевдин, Т. Касымбековдун, А. Алдашевдин, С. Өмүрбаевдин ж.б. чыгармаларындагы көп маанилүү сөздөрдүн, синонимдердин жана антонимдердин колдонулушу.
- «Манас» энциклопедиясы (1995) менен иштөө, ж.б.

Бул методикалык ыкмаларды колдонуу процесстеринде адабият сабагы менен тикеден-тике байланыш түзүлүп, программалык

материалдары менен иштөөгө жана предмет аралык байланышты уюштурууга туура келет.

Лексикалык материалдын негизинде байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында кептик дидактикалык материалдарды даярдоодо тилдин башка бөлүмдөрүнө караганда реалдуу турмуш менен тыгыз байланышта болуп, предметти, түшүнүктү атоо аркылуу лексикалык бирдиктер үйрөтүлгөндүктөн, бөлүмдүн өзгөчөлүгүнө ылайык аталыштардын жана түшүнүктөрдүн колдонулушуна өзгөчө көңүл бурулат.

Окуучуларга тааныш эмес сөздөрдүн колдонулушун үйрөтүүдө дидактикалык каражаттарды пайдалана билүүнүн мааниси чоң. Мындай учурда лексикалык бирдиктердин иллюстрацияланып колдонулушун, аталышын, маанисин чечмелөө сыяктуу ыкмалар сунушталат.

Лексикалык таблицалардын, дидактикалык каражаттардын мазмуну окутуунун экстралингвистикалык, этномаданий жана функционалдык принциптерин жетекке алуу менен даярдалып, окуучулардын нукура элдик сөз байлыктарын өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрү калыптанат. Анын үстүнө, кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү үчүн сөздүк корунга ээ болуу, өздөштүрүү эң зарыл болуп, ал лексикалык тилдик казынаны байытат.

Лексикалык кептик таблица үчүн сөз бирдиктерин тандоодо алардын семантикалык баалуулугу, актуалдуулугу, байлык катары кепте колдонулушу, башка предметтик байланышты, сөздөрдүн айкалышуу мүмкүнчүлүктөрү эске алынып, ар тараптуу көңүл бөлүнөт. Айрыкча, кыргыз тилиндеги накыл сөздөрдүн, фразеологизмдердин жана макал-лакаптардын семантикалык берген маанилеринин чечмеленип өздөштүрүлүшүндө графалык таблицалар, тематикалык тексттер менен байланышта колдонулушу сунуш кылынат.

Тематикалык тексттеги лексикалык минимумдар таяныч сөз катары белгиленет да, кыргыз элинин турмушун, жаратылышын, байлыгын чагылдырган иллюстрациялык сүрөттөр, макеттер, таблицалар аркылуу тааныштырылат. Таблицаларда кыргыз жазуучуларынын чыгармалары боюнча тартылган түстүү сүрөттөрдү же сүрөтчүлөрдүн эмгектерин, репродуктивдүү картиналарын тиешелүү методикалык комментарийлерге таянуу менен колдонуу эффективдүү натыйжа берет. Анткени бул материалдар лексикалык бирдиктер менен аталып тааныштырылгандыктан, окуучулардын кызыгуусун туудуруп, кептик кырдаалды жаратуучу лингводидактикалык каражаттын милдетин аткарат. Алсак,

*«Дидактикалык кубик», «Кластер», «Концептуалдык карта», «Венн диаграммасы»* ж.б.

## Морфологиялык сабактарда байланыштуу кепти өстүрүү

Мектеп курсунда грамматикалык сабактардын бардык этаптарында программалык материалдар боюнча окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жана аны калыптандыруу иш-аракеттери негизги орунду ээлейт. Кыргыз тилинин грамматикалык ички закон-ченемдерин практика жүзүндө так колдонуп, ага таянуу менен туура сүйлөй алуу жана сабаттуу жаза билүү жөндөмдүүлүктөрүн адабий тилдин нормативдеринде өстүрүү иш-аракеттери методикалык негизде жүргүзүлүүгө тийиш. Окуучулардын эне тили боюнча мындай коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүнүн натыйжалары алардын жеке маданиятынын, интеллектуал-дуулугунун жана тилдик билгичтигинин көрсөткүчү болуп эсептелинет.

Кыргыз тил сабактарында морфологияны синтаксистин негизинде окутуу бөлүм аралык байланышты түзүүнүн өзү эле, грамматикалык фактыларынын табияты шарттап турат. Анын үстүнө, окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү үчүн да чоң мааниге ээ болуп, алардын морфологиялык формаларды өздөштүрүүсүнүн негизинде сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү түзүү жөндөмдүүлүгү артат. Анын үстүнө тексттин морфологиясы менен иштөөдө окуучунун жалпы тилдик теориялык билими, билгичтик логикасы пайдаланылат.

Жогорудагыдай структурадагы лексикалык-грамматика-лык, стилдик-функционалдык базанын негизинде окуучулар-дын кеп ишмердүүлүгүнүн калыптанышына багыт берилет.

Морфологиялык сабактарда (V, VI, VII, X кл.) сөздөрдүн грамматикалык закон-ченеми жана анын формалары жөнүндөгү лингвистикалык көз карашты жаратуу менен окуучулардын грамматикалык маани, категория, сөз түркүмдөр, грамматикалык форма сыяктуу түшүнүктөрүн ажыратып өздөштүрүү негизги окутуу материалын түзөт. Демек белгилүү сөз формаларынын адабий тилдик статусун морфологиялык нормалар аныктап, кептик аспектиде коммуникативдик сабаттуулукту арттырууга негиз берет.

Кеп өстүрүү ишинде морфологиялык билимдин зарылдыгы жөнүндө профессор К.К. Сартбаев төмөндөгүдөй белгилейт: «Окуучулар морфологиянын материалын туура өздөштүрүү аркылуу сөздөрдүн жалаң морфологиялык касиеттерин гана өздөштүрбөстөн,

сөз түркүмдөрдүн жана сөздөрдүн кепте колдонулушунун функционалдык маанисин үйрөнүүгө жетишет». [82.110]

Демек сөздөрдүн грамматикалык мүнөздөмөлөрүн, морфемалык жана сөз түркүмдүк маанилерин жеткиликтүү өздүштүрүүнүн негизинде гана окуучулардын кептик мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүп, калыптандыруу зарыл. Бул учурда окуучулардын орфографиялык, орфоэпиялык жана лексикалык билимдерине көңүл бөлүнүп, алардын кептик функционалдык-стилистикалык аспектиде колдонулушу боюнча грамматикалык сабаттуулуктарын байланыштырып өстүрүү жумуштары негизги принциптерди түзөт. Анткени, сөздун морфологиялык табиятын, теориялык мүнөздөмөсүн өздөштүрүүдө кептин оозеки жана жазуу түрү, формалары, алардын адабий нормативдери паралеллдүү жүргүзүлүп, коммуникативдик кептик практикалык билгичтиктери логикалык байланыштуулукта өстүрүлөт.

Сөз түркүмдөрүн үйрөнүү иши окуучулардын кептик ишмердүүлүк боюнча логикалык ойлоосун өстүрүү үчүн чоң, мүмкүнчүлүк жаратат. Мында сөздөрдүн грамматикалык белгилерин ажыратууда логикалык операциялар ар кандай сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон түшүнүктөрдүн түрдүү чегин көрсөтүп, кубулуштарды тигил, же бул белгилери боюнча морфологиялык классификациялоону өздөштүрүүгө түрткү берет. Зат атооч сөз түркүмүнүн жөндөмө категориясы башка сөз түркүмдөрү менен ***мезгилдик***, ***мейкиндик*** жана ***себеп*** натыйжалуу байланышта болушат. Ошондуктан жөндөмөлөр кеп өстүрүү ишинде кенири машстабда болуп, логикалык жактан коммуникациялык зор роль аткарышат. Мындай учурда синтаксистик негизде кепти өстүрүү шарттуулукту билдирет. Демек сөздөрдү өз алдынча тургандагысын жөндөмө, же таандык мүчөлөр менен өзгөртүп коюу эмес, пикир алышуудагы анын грамматикалык, стилистикалык ролуна көңүл бөлүнүшү керек. Бул сүйлөм түзүү аркылуу далилденет.

Мисалы, бүгүнкү ***тапшырманы*** ким аткарды?

– Асел ***тапшырманы*** толук аткарган. ***Талаада*** жумуш көп. ***Эмгектен*** ийгилик жаралат.

Дайранын көркү ***кемеде,***

Баланын көркү энеде. (Т.С.)

Сүйлөмдөрдөгү жөндөмөлөргө токтолуп, алардын коммуникативдик функцияларын тактоо жана логикалык стилдик өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу менен грамматикалык байланыштырган ролдору аныкталат. Ошондуктан сөз түркүмүнүн теориялык жана практикалык аспектилери боюнча окуучуларды тилдик, кептик мүнкүнчүлүкөргө, билгичтиктерге ээ кылууда төмөндөгүдөй методикалык проблемалар эске алынат.

- сөздүн морфологиясын өздөштүрүү менен анын орфограммасын тактоо жана колдоно билүү ыкмалары;
- сөздөрдүн морфемалык бөлүкчөлөрүнүн системасына теориялык негизде мамиле жасап, мүчөлөрдүн омонимдик жана синонимдик, антонимдик катарларын колдоно билүү фактылары;
- синтаксистин системалуу курсуна өтүүгө даярдоо этаптары;
- морфологиялык сабактарда байланыштуу кепти өстүрүүгө жана тексттердин морфологиясы менен иштөөгө багыт берилет;
- сөздөрдүн адабий тилдик статусун тактап, сүйлөмдүн, тексттин түзүлүш логикасын далилдөө менен анын грамматикалык каражаттарын коррекциялоо иш аракеттери ж.б.

Мындай теориялык жана практикалык билгичтиктердин жана билимдердин калыптанышынын негизинде байланыштуу кептин өстүрүү иш-аракеттеринде ишмердүүлүгүндө адис мугалимдин коммуникативдик компетенттүүлүгү талап кылынат. Бул үчүн окутуунун төмөндөгүдөй технологияларын сунуш кылууга болот:

- сөздөргө морфологиялык талдоону так жүргүзүү;
- морфологияны синтаксис менен байланышта окутуу ыкмаларын адистик ишмердүүлүктө жүзөгө ашыруу;
- тексттердин морфологиясы менен иштей билүү жана ага байланыштуу ***синквейн, кластер, Венн диаграммасы,***

***Даймонд*** сыяктуу сабактын моделдерин колдонуу;

- дидактикалык материалдарды, сөздүктөрдү, репродукциялык каражаттарды арбын колдонуу;
- окуучулардын жазуу кебинин түрлөрүн өстүрүү ыкмаларын пайдалануу, тексттин типтери менен иштөө (баяндама, дилбаян тексттеринин түрлөрү);
- окуу китебиндеги көнүгүүлөр системасын жана тематикалык тексттерди чыгармачылык менен иштете билүү;
- иш кагаздарынын тексттеринин морфологиялык каражаттарын нормативдик нускада машыктыруу ыкмалары ж.б.

Окуучулардын сөз жасоого жана морфологиялык талдоо иштерин так жүргүзүүсү аркылуу теория менен практиканы айкалыштыра билүү мүмкүнчүлүктөрү артып түшүнүү менен кабыл алууга жана аң-сезимдүү мамиле жасай алганга түрткү берет. Анын негизинде морфологиялык эрежелердин өздөштүрүлгөндүгүн далилдөө менен ишенимдүү билгичтиктерге ээ болот. Мындай тилдик

көз караштын болушу окуучулардын кептик ишмердүүлүгүн сабаттуу өстүрүп, чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн арттырат. Төмөнкүдөй мисалдарды алып көрөлү.

1. Идеянын аркасында гана адам инсан катары калыптанат, чыгармачылыкта өзүн көрсөтөт, ар бир нерсе үчүн күрөшө алат. (В.А. Сухомлинский).
2. Бирин-бирн жыга албайт,
   Багынтам деп өзүнө.
   Турмуш менен адамдай.
   Бири-баатыр. бири-дөө. (А.О.)
3. Жараткан бизге дөйнөдөгү эң бийик ырыскыны - акыл-эсти берген. Анан акыл-эстүү жашоого эрк берген. Адамдын жашоо маңызы өз рухун жетилтип отуруудан башка дүйнөдө мындан бийик максат жок. Адамга баарынан кыйыны-күн сайын адам болуу. (Ч. А.)

Келтирилген сүйлөмдөгү, ыр сабындагы жана тексттеги морфологиялык каражаттар катары эсептелинген жөндөмө, жак, таандык мүчөлөрдүн жана этиштик категориялардын колдонулушун коррекциялай турган болсок, ойдун логикалык жактан түшүнүктүүлүгүнө жана кептик тексттин канчалык туура аткарылышына көңүл бөлүнөт. Демек тилдик материалдык факторлор аркылуу лингвистикалык-стилистикалык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөр, коммуникативдик каражаттар пайдаланылып, сабаттуу кептик акттын формасын тактоого негиз түзүлөт.

Мектеп шартында окуучулар морфологиянын материа-лын өздөштүрүүнүн натыйжасында алардын ой-туюмдарын логикалык жактан туура берүү ишмердүүлүгүндө ар бир сөздүн формасынын түрдүүчө мааниге ээ болгондугун так ажырата алуусу зарыл. Ошондой эле, сөздөрдүн жасалыш жолдорунун закон-ченемдүүлүктөрү жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалгануусу менен өзгөргөн лексикалык жаңы маанилерин, сөз түркүмдөрү боюнча өзгөрүүлөрүн практикада далилдей билүүсү керек.

Морфологиялык сөз жасоонун жолдорун окутуунун теориялык жана практикалык мааниси чоң. Анткени, окуучунун ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүдө жана алардын таанып-билүү ишкердүүлүгүн, өз алдынчалыгын, изденүү милдетин чечүүгө машыктырууга багыт берет.

Муну «Сөз жасоо – окуучулардын сөздүк корунун байытып, туура жазуу ыкмаларынын өнүгүшүн, сөздүн маанисин түшүнүү менен аларды оозеки жана жазуу жүзүндө туура жана орду менен колдоно билүүлөрүн жөнгө салат». [93.7]

Сөздөрдүн формасы менен лексикалык маанилерин ажыратып, мамиле жасоосу аркылуу гана кептик мүмкүнчүлүктөрүнүн сабаттуу калыптанышына жол ачылат. Муну сөздөрдүн курамы эмнеден тура тургандыгын жана морфемалык бөлүктөрүн ажыратуу принциптерин өздөштүрүү менен ой туюндуларын, билгичтиктерин жаратуунун натыйжасында түшүндүрүүгө болот.

«…Ар бир грамматикалык форма сүйлөмдөгү синтаксистик функцияны аткаруу үчүн колдонулат. Ал эми грамматикалык формаларды үйрөтүү менен кеп өстүрүү аспектисинде болсо, ошол эле сөз курамынын грамматикалык маанилерине карай негизги көңүл сүйлөмдүн коммуникативдик мазмунуна бурулат». [57.142]

Мындай шарттар окуучулардын логикалык ойлоосунун өсүшүнө көмөк түзөт. Коммуникативдик максаттардагы кептин түрлөрүн аткарууда этиштин грамматикалык категориялары-сыз ойду туюнтуу мүмкүн эмес. Ал эми, ***этиштин каражаттары болсо, ойду жыйынтыктоо жана натыйжасын билдирүү үчүн кызмат кылып, пикир алышуунун кыймылдаткыч күчү, бай каражаты катары колдонулат. Этиштин морфологиялык табиятын өздөштүрүү менен бир гана ойду аяктоо, же жыйынтыктоо мүмкүнчүлүктөрү гана жүзөгө ашырылбастан, интонациялык жана эмоцияналдык өзгөчөлүктөрү андан ары ой пикирди улантуу, же токтотуу логикасы да камтылат***.

Коммуникативдик тексттердеги этиш сөздөрдүн практикалык, стилистикалык функциялары боюнча төмөндөгүдөй жактарын эске алуу керек.

1. Негизги жана көмөкчү этиштерден стилдик кызматтары, андагы татаал учурлар;
2. Чак категориясындагы окшош фактылардын орун алышы.
3. Татаал этиштердин оозеки жана жазуу кебиндеги айырмачылыктары, татаалдыктары.
4. Этиш сөздөрдүн орфограммалык варианттарын так колдонуу ж.б.

Үйрөтүүчү жана текшерүүчү кептик жазуу иштерин, тексттерди жана көнүгүүлөрдү аткарууда алардын этиштик тил каражаттарына адабий тилдин деңгээлинде мамиле жасалып, ар бир сөздүн орфографиялык сабаттуулукта колдонулушуна көңүл бөлүнөт. Анын үлгүлөрү үйрөтүлүп даярдалууга тийиш. Этиш сөздүрдүн диалектилик варианттарына, же өз алдынча анын формаларын өзгөртүп колдонууга жол берилбейт. Анын чактарынын, же жактарынын окшош фактыларына карай алмашылып колдонулушу кептик логиканы жана наркты бузуп коюшу мүмкүн.

Эне тилиндеги этиш сөздөрдүн маанисинин байлыгын окутууга өзгөчө көңүл буруу менен анын синтаксистик каражаттарынын көп кырдуулугу, конструкциясы менен шартталып тура тургандыгы боюнча окуучулардын билгичтиктерин өстүрүү зарыл. Мисалы, ***түзүлөт*** деген этиш сөздүн колдонулушу боюнча төмөнкү фактыларжы келтирсе болот.

1. Эмнеден түзүлөт?
2. Эмне менен түзүлөт?
3. Эмненин натыйжасында түзүлөт?

Сүйлөмдүн жалпы мүнөзүнө карай этиштик мүчөлөрдүн алмашылып айтылып колдонулушу стилдик жактан канчалык денгээлде ылайык келерин, же келбесин текст аркылуу ажыратып алса болот. Мисалы, «эмгек менен эл көгөрөт» деген макалдагы этиштин «эл көгөрөр», «эл көгөргөн», «эл көгөрүптүр», «эл көгөргөн экен» делип алмаштырылышы мүмкүн. Чактарды уюштуруучу мүчөлөрдүн колдонулушундагы ушуга окшогон өзгөчөлүктөрдү окуучу сүйлөө кебинде болсун, жазуу иштеринде болсун туура пайдаланып, ага машыктырылып үйрөтүлүшү зарыл.

Этиш сөздөр кыймыл аракетти, процести, же аткаруу мүнөзүн белгилөө менен, лексикалык-семантикалык бай артыкчылыктарын жана стилистикалык официалдуулугун көрсөтөт.

1. ***Алсак, жалпы окуу максаттарын белгилөө үчүн этиш сөздөр:*** талдоого алуу, айтып берүү, көрсөтүп берүү, чечмелөө, пайдалануу, баа берүү, түшүнүү, кайра түзүү, ой жүгүртүү, колдонуу ж.б.

2. ***Чыгармачыл типтеги максаттарды белгилөө үчүн этиш сөздөр:*** тең салмактоо, түзүп, өзгөртүү, модификациялоо, интеграциялоо, кайра топтоштуруу, маселени коюу, карай топтоштуруу, милдеттенме алуу, кайра уюштуруу, синтездөө, системалаштыруу, жөнөкөйлөштүрүү, ж.б.

3. ***Жазуу жана оозеки түрүндө белгилөө үчүн этиш сөздөр:*** бөлүп алуу, сөз түрүндө далилдөө, жазып алуу, белгилөө, жыйынтык чыгаруу, баса белгилөө, жатка айтуу, окуп берүү, айтып берүү, ж.б.

4. ***Кызматкерлердин өз ара байланышуу чөйрөсүн белгилөө үчүн этиш сөздөр:*** ойду билдирүү, кечирим суроо, жооп берүү, ыраазылык билдирүү, мактоо айтуу (жактыруу), жардам берүү, чакыруу, кызматташуу, катышуу, кабарлоо, ж.б.

Бул этиштик айкалыштардын лексикалык-семантикалык маанисине карай тексттерде колдонулушун чечмелеп, тактоо менен көрсөтмө берилип окутулат.

Морфологиялык сабактарда окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн арттырууда окуу китептериндеги көнүгүүлөр системасынын туура

жайгаштырылышынын дидактикалык мааниси чоң. Окуу китебиндеги методикалык аппараттын берилишине ылайык конкреттүү бир тема өздөштүрүлгөндөн кийин көнүгүүлөр системасы үйрөтүүчү, машыктыруучу жана өркүндөтүүчү, же кеп өстүрүү багытында болушу закон-ченемдүү. Демек, ушул көнүгүү жумуштарынын шарттары мугалим тарабынан так уюштурулуп, алардын дидактикалык структурасын туура практикалоо менен орфографиялык сабаттуулугу өсүп, кептик эффективдүү натыйжаны жаратууга болот. Морфологиялык тексттер, схема, таблицалар пайдаланылып, орфографиялык принциптердин сакталышына көңүл бөлүнөт.

## Синтаксистик сабактардагы кеп өстүрүүнүн грамматикалык негиздери

Мектеп курсунда синтаксистик материалдардын негизинде (V, VIII, IX, X кл.) окуучулардын сүйлөмдүн закон-ченемдери, ойдун негизин билдирүүдөгү түрдүү кырдаалдык конструкциялары жана алардын практикалык маанилери боюнча билгичтиктери, машыгуулары, коммуникативдик билимдери калыптанат. Адабий тилдин синтаксистик норма-ларын өздөштүрүү процессинде сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартиби, сүйлөм контекстинде сөз каражаттарынын туура колдонулушу, айтылуучу ойго карай сөз тизмегиндеги тигил, же бул сөзгө логикалык басымды туура кое билүү ж.б. жумуштар ишке ашат. Сүйлөм ичиндеги туруктуу сөз айкашын түзгөн категориялардын синтаксистик закон-ченемдери үйрөтүлүп, алардын зарылдыктарына, кептик баалуулуктарына басым жасалат.

Бул сабактарда сүйлөм менен ой жүгүртүүнүн өз ара байланышы жана алардын айырмалары сыяктуу маселелерден тартып, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик кызматы сөз байлыктарынан айырмасы жана сүйлөмдүн интонациялык, модалдуулук белгилери (өзгөчөлүктөрү) боюнча зарыл болгон билгичтиктеринин негизинде практикалык колдонулушу үйрөтүлөт.

Мында сүйлөмдүн теориялык жана практикалык табиятын, колдонулушун, психологиялык аспектилерин өздөштүрүү принциптери аркылуу окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, коомдук көрүнүштөрдү, чыныгы турмуш чөйрөсүн так чагылдырып берүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү иш аракеттери негизги орунду ээлейт. Муну профессор К.К. Сартбаев төмөндөгүдөй белгилейт, «Синтаксисти үйрөнүүнүн илимий-практикалык мааниси чоң.

Синтаксистик сабакты туура уюштуруу менен окуучулардын оозеки жана жазуу кебин мазмундуу, көркөмдүү калыптануусуна шарт түзүлөт». [82.153] Демек, синтаксистик сабактарда окуучулардын лингвистика-лык көз караштарын арттыруу менен кептик мүмкүнчүлүк-төрүн, ал эми психологиялык жактан ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө теориялык негиз берилет.

Кыргыз тилинин башка бөлүмдөрүнө караганда, синтаксистик материалды окутууда байланыштуу кепти өстүрүү үчүн органикалык конструктивдүү мүмүкүнчүлүк түзүлөт. Себеби байланыштуу кептин бирдигин түзгөн ***сөз айкаштарын, сүйлөмдүн моделдеринин жаралышын, же алардын ички конструкцияларынын түзүлүшүн синтаксистин теориялык закон-ченемдерине таянуу менен*** анын тууралыгы жана тилдик коммуникативдик функциялары далилденип мүнөздөлөт. Ошондуктан сүйлөм кептик акт катары эсептелинип, ой-туюмду кабарлап, ситуативдүү билдирүүнүн каражатын түзүү менен тилдин ички закон-ченеминин негизинде грамматикалык жактан жабдылган кеп бирдигин билдирет. Муну методикалык эмгектерде мындай белгилешет: «Синтаксис ойлоонун жана коммуника-циянын процесстери менен тикеден-тике байланыштуулукта турат. Ошондуктан эне тилинин синтаксистик системасын түшүнүү жана анын грамматикалык каражаттарынын байлыктарын өздөштүрүү жумуштары кепти өстүрүү жана калыптандыруу үчүн чечүүчү мааниге ээ». [57.160]

Натыйжада сүйлөм кеп бирдигин түзүү менен грамматикалык касиеттерине жараша сөздөрдү өзүнө бириктирип жана аларды логикалык ырааттуулукка келтирип, өз ара пикир алышуу механизмдерин тутумдаштырып тургандыгы менен коммуникативдик каражат катары колдонулушун шарттап турат. Ошондуктан сүйлөм ойдун формуласы катары синтаксистик формада реалдуу фактылар менен чагылдырылып, кептик актыны түзөт. Окумуштуулар белгилегендей: «Сүйлөм – бул бир гана синтаксистик форма жана мелодикалык формула эле эмес, ошону менен бирге чындыкка карата болгон эң башкы ой жүгүртүүнүн, мамиле түзүүнүн ыгы болуп саналат». [23. 8-9]

Мектеп программасында синтаксистин системалуу курсун (VIII-IX кл.) окутууда сөз айкаштарынын грамматикалык маанилери жана алардын түрлөрү, практикалык кызматы жөнүндө билимдерге ээ болуу менен билим алышат. Сөз айкаштарынын сүйлөм түзүүдө негизги каражат катары колдонула тургандыгын окутууда алардын грамматикалык байланыштарынын морфологиялык негизде уюштурула тургандыгына көңүл бөлүнөт. Демек, сөз айкаштарынын лексикалык-семантикалык маанилерин, табиятын үйрөтүүдө анын

сүйлөм түзүүгө даярдык катары өздөштүрүлүп жаткандыгы эске алынып, окуучулардын коммуникативдик мамилесин, түшүнүктөрүн арттыруу зарыл. Сөз айкашы менен сүйлөмдүн айырмачылыктары фактылык материалдар менен далилдениш керек.

Сөз айкаштарынын түрлөрүнүн кепте колдонулушун өздөштүрүү менен анын жаңы толукталуу, баюу булактары синтасистик каражаттардын байлыгын көрсөтө тургандыгын социалдык шарттар менен байланышта эске алынат. Мисалы: ***контракттык келишим, стратегиялык методдор, окутуу технологиясы, мамлекеттик ишмер, саясий багыт, окуу борбору, демократиялык өлкө, ишкердүүлүктү көрсөтүү типтүү мектеп, пилоттук мектеп, маданият үйү, айыл өкмөтү, башкаруу механизми, илимий чөйрө, жумушчу план ж.б.***

Анын үстүнө тил предметинин башкы милдетин адам баласынын өз ара пикир алышуусу түзгөндүктөн, анын негизги функциясы коммуникативдүүлүк, башкача айтканда, маалымат жасоо, пикир алышуу, контакт түзүү, кеп ишмердүүлүктөрү аркылуу аткарылат. «Бул коммуникативдик функцияны кеп ишмердүүлүгүндө грамматикалык жактан уюшулган сүйлөмдөр менен гана иш жүзүнө ашырууга болот. Демек, ар кандай сүйлөм коммуникативдүүлүктү билдирүү касиетине ээ болот». [57.169] Ойду так жана кыска формада билдирүүдө окуучулар айлана-чөйрөнүн, жашап турган көрүнүштөрүнүн бири-бири менен байланышын жана маанилерин таанып-билип, анын модалдуулугун ачып колдонушат. Ой жүгүртүү сүйлөм формасында гана ишке ашат да, анын тексттеги абалы ар кандай болот. Башкача айтканда, анын маанилик касиети көңүл буруучу мүнөздөгү ролду ойнойт. Ошентип, сүйлөм – кептин бүткөн бир бөлүгү, ойду, пикирди аныктоочу эң кичине бирдик. Албетте, бул байланыштардын, мамилелердин чагылдырылышында синтаксистик бирдиктер негизги ролду ойнойт. Бул учурда сүйлөмдөрдүн уланмалуу жана жарыша байланышта болушу, эриш-аркак түзүлүшү конструкциялары талдоонун түрлөрү аркылуу жеткиликтүү өздөштүрүлүүгө тийиш.

Түшүнүү чектери, таанып-билүүсү тексттеги синтаксистик бирдиктердин жана компоненттердин семантикасын аныктайт. Бул мамилелердин ар кандай касиеттерин үйрөнүү менен окуучулар кептин синтаксистик түзүлүшүнө маани берип, табиятын түшүнүүсү ыктымал. Ошентип сүйлөмдөр коммуникативдик функцияны аткаруу менен адам баласынын акыл-оюн бир бүтүнгө бириктирип, грамматикалык кептик каражатты жаратып, байланыш курал катарында сүйлөөчүнүн ойду билдирүү максатын чагылдырат. Ошондуктан «Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышы – бул баарыдан

мурда ойлонуунун байланыштары» (Л. Щерба) экендиги түшүндүрүлөт. Окуучулардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү өстүрүлүп, аны менен тыгыз байланышта синтаксистик билим берилет.

Синтаксистин негизинде байланыштуу кепти өстүрүү процесстеринде сүйлөмдүн коммуникативдик милдетин, табиятын шарттап турган маанилүү элементин ***интонация*** түзөт. Ал кепте сүйлөмдү коррективдеп, ошол интонация аркылуу гана сүйлөм толук даражада грамматикалык жана практикалык жактан так логикалык маанисин бере алат. Интонация тилдин добуштук материясы, ал грамматикалык каражат катары эсептелинип, адамдын эмоциялык абалын билдирген семантикалык касиетин кеп интонациясынын жардамы менен гана өз ара пикир алышууну жөнгө салат. Интонациялык сабаттуулуктун натыйжасында окуучулардын кептик маданияты артып, пунктуациялык билимдеринин туура өздөштүрүлүшүнө да багыт берет. Алсак, *Сен чын айтасыңбы? Сен чын айтасыңбы?!* Биринчи сүйлөм суроо интонациясы менен айтылса, экинчи сүйлөм сурап да, таң калгандыкты билдирди.

Синтаксистик сабактарда кеп интонациясынын туура айтылышы адамдын айта турган ой-пикирин, буйругун, кайгысын, кубанычын, өкүнүүсүн билдирүүгө кошумча каражат экендиги үйрөтүлөт. Интонация муун, басым, тыным, үн ыргагы. темп, тембр, үн күчү жана башка акустикалык бирдиктерди өз ичине камтыйт. Демек практикалык жактан ойдун так билдирилиши учун каражат катары эсептелине тургандыгы боюнча окуучунун билгичтиги зарыл. Бул маанилүү каражат мектеп программасында атайын саттар менен өтө эле минималдык өлчөмдө берилгендиктен, көпчүлүк учурда, кептеги колдонулушуна этибар берилбей калгандыгын байкоого болот. Айрым учурда риторикалык маанидеги суроолуу сүйлөмдөр кездешип, сүйлөөчүгө белгисиз болгон нерсени сурап-билүү максатында эмес, белгилүү нерсени, фактыны дагы баса көрсөтүп, тактап коюу үчүн колдонулат. Суроого берилүүчү жооп ошол сүйлөмдүн ички маанисинде камтылган болот. Демек риторикалык суроолуу сүйлөмдөр жай суроолуу сүйлөмдөр сыяктуу эле, кабарлоо, маанисин берет да, бирок ал маани суроолуу формада колдонулат.

Риторикалык суроолуу сүйлөмдөрдүн максаты айтылуучу ойго, угуучунун көңүлүн буруп, угуучудан ал ойду ырастаган, кубаттаган жооп талап кылып, ойду эмоциялуу, таасирлүү берүү менен жооп да берилет. Мисалы: Ар кимде бар миң кыял, ал кыялды ким тыяр?

Синтаксистин жогоркудай байланыштуу кепти өстүрүүгө байланышкан негизги маселелерин эске алуу менен анын төмөнкүдөй методикалык жана психологиялык аспектилерин белгилөөгө болот:

1. Мектеп курсунда кыргыз тил предметинин бардык бөлүмдөрү менен иштөөдө кептик ишмердүүлүктү камсыз кылуу үчүн аларды үйрөтүү процессин синтаксистик негизде уюштуруу зарыл. Бул ыкма өз учурунда синтаксис боюнча кеп өстүрүү максатындагы иш-аракеттерде программанын бөлүгү менен гана чектелип калуу мүмкүн эмес экендигин талап кылат.

2. Окуучулардын ойлоо мүмкүнчүлүктөрүнө багыт берилип түшүнүктөрүн, көз караштарын, ойду билдирүү мотивдерин сүйлөм аркылуу туюнтууга тарбиялоо жана системалуу калыптандыруу синтаксистик үчүн дидактикалык материалдарды (схемаларды, таблицаларды, иллюстрациялык каражаттарды, тексттерди, буклеттерди ж.б.) пайдалана билүү окутуунун сапатын жогорулатууга түрткү берет.

3. Синтаксис тилдин ар кандай каражаттарын өзүнүн сферасы менен байланыштырып ар тараптуу билим деңгээлин ачып көрсөтөт. Бул синтаксистин методикасы үчүн да, байланыштуу кепти өстүрүүнүн методикасы үчүн да актуалдуу. Ошондуктан тилдик каражаттардын логикалык аралык байланыштарында жана алардын кептин синтаксисинде (сүйлөшүү жана жазуу түрүндө) байкалышына дайыма көңүл буруу идеясы сакталат. Бул үчүн жөнөкөй сүйлөмдөрдүн схемалык түзүлүштөрүн, айрыкча, макалдардын структуралык конструкциялары жана алардагы татаал сүйлөмдөрдүн ритмдик, рифмалык, аллитерациялык каражаттардын колдонулушу үйрөтүлөт. Сүйлөмдүн синтаксиси тилдин бардык нормативдик бирдиктеринин системасы менен түзүлгөндүктөн, кеп ишкердүүлүгүндө алардын өз ара таасир этүүсүнүн негизинде анын түрлөрү ишке ашырылат.

4. Талдоо жумуштары так өздөштүрүлүп, сүйлөмдүн теориясы менен практикасы айкалыштырылып, далилденүүгө тийиш. Тилдин синтаксистик каражаттары менен иштөөдө ар кандай типтеги тексттерди, коммуникативдик билдирүүлөрдү өз алдынча түзө алууга машыктыруу зарыл. Мындай учурда «тексттин абзацтарындагы концептуалдык тематикалык сүйлөмдөрдү» [50.91] туура колдоно билүү, ажырата билүү менен кептин стилдик каражаттарынын тандалышы кеп шартынын натыйжасына жеткирет. Функционалдык стилдин түрлөрүн практикалоодо ар кандай адабий жанрдын тексттеринин пайдаланылышы зарыл көрүнүштү түзөт.

5. Башка бирөөлөрдүн сөзүн цитата катары колдонуу моделдерин өздөштүрүү менен сүйлөмдүн пунктуациялык жабдылышын коммуникативдик тексттер аркылуу машыктырууга багытталган иштер жүргүзүлөт.

Кепти синтаксистик негиздерге таянып, аны калыптандырууда татаал сүйлөмдүн табиятын терең үйрөнүү зарыл. Бул учурда ойду билдирүүнүн синтасистик татаал формуласы грамматикалык каражаттардын жардамы менен туюнтулуп, бир составдуу, эки составдуу сүйлөмдөрдү синтаксистик синоним катары колдоно билүү зарыл.

Татаал багыныңкы сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдөргө айландырып, ойдун логикасынын сакталышына, абзацтын концептуалдык маанисине коррекция жасалат. Ошондой эле, байламталуу жана байламтасыз татаал сүйлөмдөрдү да синоним катары пайдалана алуу мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу менен андагы сүйлөм варианттарын түзүү билгичтиктерине көңүл бөлүнөт.

Синтаксистик сабактарда окуучулардын кептик мындай жөндөмдүүлүктөрдү өстүрүү жана калыптандыруу үчүн ойду, түшүнүктү жеке эне тил предметинин каражаты менен билдирүү иши жетишсиз. Ал тилден тышкары мүнөздөгү байланыштуу кепти өстүрүү программасы менен аныкталган коммуникативдик билгичтиктердин иштелип чыгышы менен байланыштуу болот. Буга ылайык предмет аралык байланышты рационалдуу уюштуруп, башка предметтердин тил каражаттары аркылуу түзүлгөн көнүгүүлөр, тексттер системасы менен иштей билүү абзел. Муну менен башка предметтердин терминдик системасын, сөз айкаштарын жана алардын семантикалык түшүндүрмөлөрүн так билүү аркылуу сүйлөмдөрдү, тематикалык тексттерди түзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Андагы ***туюндуруулардын, парафразалардын, перифразалардын, кириндि сөздөрдүн, синтагмалык каражаттардын, синтаксистик параллелизмдердин орду*** менен ишкердүүлүктө колдонулушуна басым жасалат.

Кептик аспектиде тилдин синтаксистик каражаттары менен иштөөнүн мазмунун, ордун жана методикалык ыкмаларын аныктоо үчүн синтаксистик материалдын гана өзгөчөлүгүн эске албастан, окуучулардын ар кандай этаптагы эне тили боюнча синтаксистик түзүлүштү өздөштүрүү мүнөзүн билүү жумуштары жана психологиялык өзгөчөлүктөрү эске алынат.

Синтаксистин негизинде байланыштуу кепти өстүрүү иш-аракетинде төмөнкү параметрлерин максаттуу түрдө пайдалануу зарыл:

- синтаксистик конструкциялардын түзүлүшүнүн тууралыгы;
- сүйлөм түзүү моделдеринин жана белгилүү мазмунду билдирүүнүн синтаксистик каражаттарынын байлыгы, мотивдери;

- ➢ тилдин синтаксистик каражаттарын кепте колдонуу тактыгы менен анын коммуникативдик шартталгандыгы;
- ➢ синтаксистик тексттерди коррекциялоо билгичтиктери жана ар түрдүү типтеги тексттин синтаксисинин мазмундук жана логикалык багытынын бүтүндүгү;
- ➢ иш кагаздарынын тексттеринин синтаксистик өзгөчөлүктөрү жана алардын нормативдик нускада аткарылышы. Ошондой эле, синтаксистик каражаттардын так пайдаланылышы;
- ➢ сүйлөшүү, же диалогдук тексттердин синтаксисинин үлгүлөрү, ж.б;
- ➢ бир эле ойду билдирген сүйлөмдүн бир нече варианттарын пайдалануу ж.б.;
- ➢ синтаксис боюнча кептик таблицаларды, схемаларды жана графикалык фактыларды элестетип көрсөтүү менен пайдалануу;
- ➢ тексттин типтерин иштөө менен (сүрөттөө баяндоо, ой жүгүртүү) алардын стилдик каражаттарын туура колдоно билүү, ар бириндеги сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө, байланыштарына кептик ишмердүүлүк менен мамиле жасай алуу.

Синтаксистин мындай грамматикалык жана методикалык актуалдуу маселелерин окутуу технологиясынын принциптери катары жетекке алуу менен окуучулардын байланыштуу кебин максаттуу жана системалуу өстүрүүгө көңүл бөлүнөт. Ойду билдирүүнүн синтаксистик формулаларын теориялык жана практикалык негизде өздөштүрүү менен кептик базанын калыптанышына, жалпы сабаттуулуктун өсүп-өнүгүшүнө туура багыт жасалат.

Синтаксистик сабактарда окуучулардын кептик билгичтиктерин, машыгууларын арттыруу үчүн ар кандай кептик таблицаларды жана схемаларды пайдалануу сунуш кылынат. «Схемалар сүйлөмдөрдүн конкреттүү мазмунан башка жакка көңүлүн буруу менен синтаксистик моделдерди көрсөтмөлөрдү элестеткенге жардам берет. Бул болсо, окуучулардын абстрактуу ой жүгүртүүсүнүн өсүшүнө көмөк берет». [90. 263]

Мектеп курсунда колдонулуучу синтаксистик схемалар.

1. Сүйлөмдөрдүн конструкциялык структурасы;
2. Сүйлөмдөрдөгү сөз айкаштарынын теориялык негиздери;
3. Синтаксистик морфология менен байланыштарын аныктоо ыкмалары ж.б.

Схемаларды колдонуу – синтаксисти жана пунктуацияны түшүнүп өздөштүрүүгө жардам берген маанилүү методикалык ыкма,

бул сүйлөмдөрдүн ар кандай структурасы боюнча окуучулардын жекече кебинде колдоно билүү шыгын калыптандырат.

## Класстан тышкаркы иштерде байланыштуу кепти өстүрүү

Кыргыз тил предмети боюнча окуучулардын алган билимдерин андан ары тереңдетүү, билгичтиктерин арттыруу жана алардын тилдик чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү сыяктуу маанилүү маселелер класстан тышкаркы иштердин милдеттерин түзөт.

Класстан тышкаркы иштерди уюштуруп өркүндөтүү иш-аракеттери негизинен кыргыз тилин окутуу методикасынын принциптерине таянып, анын методдору колдонулат. Ошондой болсо да, жеке өзүнө тиешелүү болгон принциптери бар. Эң негизгиси – бул ***ыктыярдуулук, тең укуктуулук*** принциптери.

Демек класстан тышкаркы иштерге катышуу үчүн мыкты же орто, начар окугандыгына карабастан туруп, окуучунун өз каалоосу менен тартылат. Начар же орто окуган окуучунун өзгөрүлүп, кызыгуусу жаралып,жакшы окуп калышына таасири тийип калышы ыктымал.

Класстан тышкаркы иштерде программалык материалдарды тереңдетип үйрөтүү менен гана чектелбестен, тил илиминин түрдүү тармактарынан алынган жаңылыктарды, фактыларды тааныштырып, алардын практикалык маанилерин, тарыхый маалыматтарын өздөштүрүүгө басым жасалат. Мындай жумуштарды аткарууда төмөнкүдөй максаттар жүзөгө ашырылат:

- программалык коммуникативдик материалдарды тереңдетүү;
- окуучуларды предмет боюнча программага кирбеген айрым зарыл болгон теориялык, практикалык материалдар менен тааныштыруу;
- окуучулардын тилдик ойлоосун, тил боюнча пикир алыша билүүсүн өстүрүү;
- окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү жана кептик потенциалдарын калыптандыруу;
- жазуу ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү;
- өз алдынча кошумча адабияттардан, сөздүктөрдөн изденип пайдалана билүү маданиятына тарбиялоо;
- сөздүн эстетикалык таасирин, функционалдык кызматын жана кудуретин өз алдынча өздөштүрүүсүнө багыт берүү;

- сөз бирдиги аркылуу аң-сезимин, таанып-билүүчүлүгүн өстүрүү жана ага тарбиялоо.
- кептик кыраакылыктан, кепкордуктун, сөзгө чечендиктин үлгүлөрүнө үйрөтүү ж.б.

Бул максаттар класстан тышкаркы иштерди үзгүлтүксүз өз деңгээлинде өткөрүү аркылуу мугалим менен окуучунун байланышын күчөтүп, мугалимдин абройун, кадыр-баркын көтөрөт. Мунун бардыгы предметтик окутуу-тарбиялоо ишинин сапатын жакшыртууга алып келет. Ар бир класстан тышкаркы иштерди эффективдүү жана методикалык негизде жүргүзүү менен окуучуларды кыргыз тил предмети боюнча олимпиадалык жана конкурстук таймаштарга катыштырууга компетенттүү багыт берилет.

Кыргыз тил боюнча коммуникативдик багыттагы класстан тышкаркы өткөрүлүүчү төмөндөкүдөй иштер анын мазмунун түзөт:

1. Кыргыз тили боюнча ийримдер.
2. Экскурсиялар
3. Сөз байлыктарын чогултуу.
4. Жолугушуу кечелери
5. Кайым айтышуу, тематикалык диалог, риторикалык иш-чаралар.
6. Эне тил жумалыгы
7. Олимпиадалар, конкурстар, викториналар.

Кыргыз тили сабактарында байланыштуу кепти өстүрүү боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруп өткөрүү үчүн абдан чоң мүмкүнчүлүк бар. Анткени окуучулардын дүйнө таанымын, руханий байлыгын жана көз карашын, эстетикалык табитин өстүрүп тарбиялоо иш-аракеттери тикеден-тике ушул бөлүм менен тыгыз байланыштырылып, коммуникативдик маданиятты таанытуучу бир топ ыңгайлуу жактарды камтыйт.

Байланыштуу кепти өстүрүү боюнча ийримдерди өткөрүү үчүн төмөнкүдөй темалар сунуш кылынат.

1. *«Манас» эпосунун тили – бабалардын тили.*
2. *Фразеологизмдер ааламына саякат.*
3. *Термин таануу.*
4. *Сөздүктөр – бул бүткүл аалам.*
5. *Ономастикалык аттардын сырлары.*
6. *Жазуу ишмердүүлүгү.*
7. *Синонимдик катарлар – лексикалык байлык.*
8. *Көркөм адабий чыгармалардын лексикалык каражаттары.*
9. *Макалдар – акылдуу сөздөр*
10. *Накыл сөздөр галереясы.*
11. *Даанышмандар диалогу.*

12. *Кеп наркын сактайлы.*
13. *Ч. Айтматов – улуу көркөм сөз чебери.*
14. *Лексикалык кроссворддор, сканворддор, чайнворддор.*
15. *Кыргыз элинин чечендери жана кыраакылары.*
16. *Сөз искусствосу.*
17. *Сөздөр санжырасы ж.б.*

***Экскурсия*** – кыргыз тили боюнча класстан тышкаркы иштин бир түрү катары уюштурулуп, байланыштуу кепти өстүрүүнүн өндүрүштүк маанилүү формасын түзөт.

Кеп ишмердүүлүгүнүн бир түрүн аткаруу максатында окуучулар кептик саякатка таанышуу, байкоо үчүн музейлерге, көргөзмөлөргө, тарыхый жерлерге, кооз жаратылышка, библиотекаларга, типография, радиоузелге, завод-фабрикаларга жана өндүрүштүк ишканаларга ж.б. барышат. Экскурсиянын жыйынтыгында тиешелүү лексикалык таяныч сөздөрдүн маанилерин тактоо менен баяндама, дилбаяндын тексттерин даярдашат. Тексттердин тиби, стили аныкталат. Мындай кептик экскурсияны атайын пландын негизинде уюштуруу менен окуучулардын таанып-билүүчүлүгү, тармактар боюнча сөз байлыгы өсөт.

Окуучулардын коммуникативтик фактыларды өз алдынча иштей билүүгө жетишүүсү менен билгичтиктин, чыгармачылыктын, ишмердүүлүктүн жана өркүндөөнүн натыйжаларын билдире алат. Кеп өстүрүү иштериндеги өз алдынча ой жүгүртө алуусу жана ар кандай тапшырманы эркин иштей алуусу – бул анын негизги максаты.

Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында окуучулардын өз алдынча иштөөсү үчүн машыктыруу иштерин уюштуруу, ага көзөмөл жүргүзүү негизги милдеттерден. Өз алдынча үзгүлтүксүз билим алуусу үчүн окуучуларда лингвисткалык жана коммуникативдик билимдердин ишенимдүү абалда болгондугу зарыл. Демек, окутуу практикасында мугалимдин адистик маданияты менен коммуникативдик билимди тереңдетүү жолдорун тереңирээк изденип, окуучулардын көндүмдөрүнө жана билгичтиктерине карай матриалды ыңгайлаштырып берүү иш-аракеттери иш жүзүнө ашырылат. Төмөнкүдөй даанышмандардын артыкчылыктары, улуу касиеттери жана жашоо нускалары боюнча атайын тапшырмалар менен иш чараларды өткөрүүгө болот.

Ж.Баласагындын адептик ойлору, Калыгулдун этикасы, Арстанбектин этикасы, Токтогулдун этикасы, Жеңижоктун этикасы, Курманжандын кайраттуулугу, Каралаевдин окуусу, Тоголок Молдонун этикасы, Конфуцийдин этикалык окуусу, Сократтын окуусу, Канттын окуусу, Л.Н. Толстойдун, Ф.М. Достоевскийдин

этикасы ж.б. Ошондой эле, төмөндөгүдөй эпиграфтар менен конкурс, викторина өткөрүп, окуучулардын коммуникативдик билимдерин терендетүүгө жана предметке кызыктырууга болот. *«Улуу сөз өргөсү», «Улуу сөздү урматоо», «Сөз дастаны», «Чыңгыз Айтматовдун керээздери» ж.б.*

## Кыргыз тил сабактарында жана класстан тышкаркы иштерде пайдалануучу тексттер

*XX кылымдын Гомери*

Гиннестин рекорддор китебинде дүйнөдөгү эң узун поэма кыргыз элинин «Манас» эпосу эсептелинет деп жазылган. А бирок «Манасты» айткан манасчылар Гиннестин рекорддор китебине кирбей калышкан. Эгер калыс караган болсо, манасчылардын жоон тобу китепке киришмек да элибиздин өзгөчөлүгү дүйнө жүзүнө дүңк этип жайылып кетмек экен.

«Манас» эпосу дүйнөдөгү эң сонун көркөм чыгарма экендигинде талаш жок. Дүйнө коомчулугу эпостун улуулугун таанып жаткандан кийин демек аны айтуучулар ошого тете эмгек кылгандыгында шек жок.

Ошондой адамдардын бири XX кылымдын Гомери аталган манасчы замандашыбыз, кыргыз эл артисти Саякбай Каралаев.

Саякбай атабыз 12 жашынан атасы менен бай-манаптарга жалчы жүргөн. Граждандык согуш учурунда ак гвардиячыларга, басмачыларга каршы күрөшкөн. 1884-жылы Ысык-Көлдүн Ак-Өлөң кыштагында дүйнөгө келип, 1971-жылы борборубуз Бишкекте каза болгон.

Ал өз заманында Чоюке, Акылбек деген белгилүү манасчылардан таалим алган. Ал тубаса таланты менен «Манас» эпосун өлбөс кылып жаратып койду. Андан 1932-1947-жылдар ичинде «Манас» үчилтигинин толук варианты жазылып алынган. Саякбайдын вариантынын жалпы көлөмү 500553 сап ыр. Бул дүйнө элдерине кеңири белгилүү Гомердин «Иллиадасы» менен «Одиссеясынан» 20 эсе, «Шах-Намеден» 5 эсе, «Махабхараттан» 2,5 эсе чоң дегендик. Саякбайдын варианты «Манастын» салттуу окуяларын толук камтыган, бай мазмуну, элдик терең идеясы, эң жогорку көркөмдүктө жазылганы менен өзгөчөлөнүп турат. «Манастын» белгилүү окуяларын үйрөнүп алып, жөн гана кайталап айтуу менен чектелбей, анын мазмунун кеңейтип, көркөмүн арттырган улуу манасчы. Ал дүйнө жүзүнө ириде атактуу манасчы

катары белгилүү. Анын бул өнөрүн, талантын, чеберчилигин «Манас эпосун изилдегендердин көбү жогору баалап» XX кылымдын гомери деп аташкан.

Жазуучу Ч. Айтматов: «Эгер менден өз элимдин улуу адамдарынан кимди билесиң? деп сураса мен биринчи Саякбай Каралаевди айтаар элем», - деп жазган.

*(Ж. Осмонкулов «Эркин тоо» газетасы)*

Акылмандык-бул мээрим менен бириккен акыл. Мээри жок акыл-куулук. Куулук бара-бара куурай берет да, эртеби, кечпи, алдамчынын өзүнүн шорун кайнатпай койбойт. Ошондуктан куулук жашырынып жүрүүгө аргасыз. Акылмандык болсо ачык, даана, шар, ишеничтүү жүрөт. Ал башкаларды да, баарыдан мурда, акылмандын өзүн да алдабайт. Акылмандык акылманга жакшы атак, бекем да, ишеничтүү да бакыт алып келет. Кийин карыганда кадыры айрыкча билине турган таза абийирге, тынч ыймангa ээ кылат.

*(Д.С. Лихачев)*

Тил адамдардын тажрыйбаларын, билимдерин сактоонун жана укумдан-тукумга жеткирүүнүн куралы болуп эсептелет. Абстракттуу ойлоонун жашай алышы тил аркылуу гана ишке ашат. Тил жыйынтыктоочу ойлоонун кызматын көрсөтүүчү зарыл шарт болуп эсептелинет. Тил менен ойлоо өз ара байланыштуу, ал экөө бирдей эмес. Ойлоодон айырмаланган тилдин өзүнө таандык закондору бар. Ошондуктан сөз менен түшүнүк, сүйлөм менен ой жүгүртүү, бир жагынан өз ара байланыштуу болсо, экинчи жагынан бири-биринен айырмалуу.

*(К.К. Сартбаев)*

Сүйлөө өнөрү лингвистикалык гана проблема эмес. Ал этикалык, эстетикалык, философиялык, логика менен психологиялык, стилдик, педагогикалык-информативдик, тарыхый этностук, этномаданияттык, улуттук, менталитеттик, идеологи-ялык ж.б. көптөгөн маселелердин гармониясын кучагына кам-тыган проблема. Ошентип сүйлөшүүнү студентке, окуучуга үйрөтүү дегенибиз аларга чыгармачыл ой жүгүртүүнү, адамгерчиликти, ийкемдүүлүктү, жөнөкөйлүктү, асыл, накыл салттарды жана маданиятты үйрөтүү болуп саналат. Кыргыз элинде сөз өнөрү, айрыкча көркөм сөз өнөрү өзгөчө орунду ээлеген. Илгери адамдар бир эле таамай айтылган сөзгө жыгылып, жеңгендерге ат мингизип, тон кийгизе турган. Азыр сөзгө жыгылган, аны жогору баалап, сөз

наркын туу кармаган адамдарды жолуктуруу алда канча кыйын. Азыркы жаштар сөзгө жыгылып эле кайра тура калып, ит жыгылыш боло берет.

Демек, сүйлөшүүнү үйрөтүү дегенибиз тилди чыгармачылык менен пайдаланып, ой жүгүртүүнү, сүйлөө маданиятын үйрөтүү болгондуктан, алардын жүрүм-турумунун бир составдык бөлүгү катары «Сүйлөө маданияты – эл маданияты» болуп эсептелет.

*(Кутбилим, Ж. Дүйшеев)*

Турналар көк мухитке киринип, кээде жабыла, кээде жалгыздап үн салып, канаттарынын учтарын гана эрине каккылап, каалгып сүзүп баратты. Бүгүнкү тунук, таза абада сурнай сымал кооз созулган моюндары, учтуу ничке тумшуктары, бири бооруна бекем кыскан, бири бошураак каткан кара шыйрак буттары даана көрүнөт.

*(Чыңгыз Айтматов)*

Акактап күйүккөн шамал талаадан жулунуп келип, саманды уйгу-туйгу салыштырып, кырмандын четинде кыжырыла түшкөн боз үйгө бир тийип, жол менен сабалап коюндады. Жашыл-ала көгүлтүр чагылгандар ийме-чийме сынып, жардын артына сууга түшүп жатты. Андан-мындан тийип, саманды чаба черткилеп, жаандын алгачкы тамчылары дыбырай баштады.

*(Ч. Айтматов)*

Тайлактардын тыбыт чокусунан кыска кулактарынын учу мулуят. Бу-буласа тиштери көрүнөт. Ийри моюн, кош өркөчү тик. Көбүнүн түсү түтүн сымал бозомтук. Булуттан үзүлүп калгансыган актары жүрөт. Алар суу түбүндөгү май таштай алыстан эле чаңкаят.

*(К. Осмоналиев)*

Акактап күйүккөн шамал талаадан жулунуп келип, саманды уйгу-туйгу салыштырып, кырмандын четинде кыжырыла түшкөн боз үйгө бир тийип, жол менен сабалап коюндады. Чагылгандар булуттардын арасына көгүлтүр жалын ойнотуп, карагай сангандай кургак чатырап күн күркүрөдү.

*(Ч. Айтматов)*

«Тил – оюбуздун сандыгы. Тил – баскан жолубуздун күзгүсү. Тил аркылуу кыргыз элинин өмүрү, тарыхы менен таанышышат. Тил

– каада-салтыбыздын ачкычы, байыркы турмушту түшүндүрөт. Тил маданияттын күчтүү көтөргүчү».

*(Профессор К. Карасаев)*

«Математика, асман телолору, ай, күн, жылдыз – ошолордун туруктуулугун, кыймылын аныктап берет. Аны асман механикасы деп коет. Математика ушул жерде аябай күчтүү колдонулат. Экинчиси, экономикада колдонулат. Кандай жол менен өссө экономика оңолот, кандай жол менен иштесек пайда көрөбүз, ушунун баары – математика. Атомдук физика, ракетанын учушу – бүт математика».

*(Академик, м.и.д. Иманалиев Мырзабек)*

Тил улуттук маданияттын эң негизги бөлүгү жана аны өркүндөтүүчү башкы каражат болуп саналат. Маданиятта доорлордун бардык көрүнүшү камтылгандыктан, тарыхтын да таржымалы. Кайсы гана элдин тили болбосун ал ошол элдин акыл-сезиминен, туйгусунан жаралган кайталангыс нерсе. Андан айрылуу орду толгус жоготууларга алып келет.

Ошондуктан, бул улуттук жетишкендиктен, маданий өзгөчөлүктөн айрылуу менен башкаларга кошулууга каршыбыз.

*(Чыңгыз Айтматов)*

Адамзаттын эң зор бактылуу, түбөлүк табылгаларынын бири – тил. Бардык жетишкендиктер тилге жана жазууга байланыштуу. Адам баласынын тарыхында ар бир доордун мурастарын сактап, аларды муундан-муунга өткөрүп келаткан теңдеши жок күч тил болуп саналат.

Тил эң эле ыйык! Ал элпектикти, сулуулукту, тактыкты, уккулуктуулукту талап кылат. Ага кайдыгерлик кылып кароого болбойт.

Тил – адамзаттын эң сонун, эчтеме менен алмаштырбай турган байлыгы. Биз ушул байлыкты сактап, аны андан ары улантуубуз керек.

*(Аалы Токомбаев)*

…Адамдын адамдык асыл касиетин бөпөлөп, көрктөп, анын ой сезимин ойготуп, аны улам өрдөтүп байытып, жаңы сапатты алдына тартуулаган эң таасирдүү куралы – анын өз тили. Өз тилине кам көрүп, аны байытып, улам өнүктүрүп турган адам жагымдуу ширин сөздү таруудай чубуртуп өз люн, уккан-билгендерин угумдуу,

жагымдуу айткан адам, мейли, дел сырт кейпи көзгө толумдуу болбосо да акылга акыл ширеп, дилди жибиткен кеп-сөздү аны төрдө олтурган акылман билги адам катары көтөрөт.

*(Түгөлбай Сыдыкбеков)*

Пролетариаттын улуу жазуучусу бала чагынан балык уулаганды жана сайрачуу куштарды кармаганды жакшы көргөндүгү белгилүү. Замандаштары Максим Петковдун кандай сууда канча жана эмне деген балыктар болоорун жазбай айтып бергендигин таң калуу менен эскеришет.

*(М. Горький)*

Ал эми өзүбүздүн классик Аалыке бала чагында укмуштуудай куйма кулактыгы менен айырмаланчу. Кичинекей Аалы өзүнүн эжесинен уккан жомокторду, манасчылардан уккан эпостун саптарын эртеси өзү теңдүү балдарга төкпөй-чачпай айтып берчүү экен. Ошондуктанбы, айтор, А.Токомбаев өзүнүн ырларын жатка айтуу боюнча эч бир акынды алдына чыгарбагандыгын айтып жүрүшөт.

*(А. Токомбаев)*

Кара сөздү жамгырдай жаадырып жазган Касымалы ага бала чагында чүкө атуу жагынан эч кимге уттурбаганын айткандар бар. Ал киши эр жетип Алай жергесинде агартуучулук кызматта жүргөндө деле ордо оюнуна кайдыгер карабастан, айрым учурда ордонун лидери болгонун көргөндөр болгон.

*(К. Жантөшев)*

Элибиздин алгачкы профессионал живописчиси Гапар Айтиевдин бала чагындагы ышкысы чоорчу болгондугун эч ким биле бербесе керек. Чоордун үнүн тынбай уккан болочок улуу сүрөтчү өзү да чоподон чоор жасап алуу үчүн ар кандай фигураларды чаптай берип, кийин бул кызыгуусу сүрөткө ооп кеткенин кээде эскерчү дешет.

*(Г. Айтиев)*

## Айрым терминдердин түшүндүрмөсү

***Айтым*** – сүйлөм формасындагы коммуникациясынын минималдык бирдиги.

***Аннотация*** – макаланын, чыгарманын, эмгектин мазмунуна берилген кыскача мүнөздөмө, баа.

***Арыз*** – мекемеге, уюмга же кызмат адамына кандайдыр бир өтүнүч менен жазуу жүзүндө кайрылуу.

***Баяндоо*** – болуп өткөн, же болуп жаткан окуя, кубулуш жөнүндө маалымат берип, ал тууралуу баян (аңгеме) түрүндө билдирилген кептин тиби.

***Баяндама*** – окуучуларды текст түзүүгө үйрөтүүдөгү эң негизги жазуу жумуштарынын бири. Уккан текстти, көргөн кино, спектакль, сүрөт ж.б. боюнча текстти өз алдынча кайра түзүү, иштеп чыгуу.

***Билгичтик*** – теориялык жана практикалык тапшырмаларды өздөштүрүлгөн билимдердин негизинде так, түшүнүү менен аткаруу жөндөмдүүлүгү.

***Венн диаграммасы*** – эки төгөрөк формалардын кесилиши менен түзүлгөн схема аркылуу салыштырылып жаткан эки кубулуштун, фактылардын жалпылыктары жана айырмачылыктары түшүндүрүлөт. Кесилишкен бош орунга жалпылоочу факты жазылат.

***Дефиниция*** – аныктаманын мазмуну, ажыратуучу белгиси.

***Диалог*** – эки же андан көп адамдардын пикир алышуусу, сүйлөшүүсү. Тышкы кептин бир түрү. Жазууда тиешелүү тыныш белгилери аркылуу берилет.

***Дидактикалык «кубик»*** - предметти же кубулушту таанып-билүүнүн төмөнкүдөй алты жактуу суроолоруна жооп берүү менен текст түзүүчү стратегия.

1. Предметти сүрөттөө. (формасы, түсү)
2. Салыштыруу. (эмнеге окошош же айырмаланат?)
3. Ассоциациясы. (эмне менен байланышат, эмнени эске салат?)
4. Колдонулушу. (кантип пайдаланылат, каякта колдонулат?)
5. Жактан же жакпаган жактары.

***Дидактикалык материалдар*** – тилдик коммуникативдик мүнөздөгү билим берүүчүлүк жана тарбиялоочулук маселелерин камтыган, мугалим менен окуучунун ортосундагы байланышты камсыз кылган каражаттардын жыйындысы. (сөздүктөр, буклеттер, сүрөттөр, тексттер, перфокарталар ж.б.)

***Дискурс*** – бул тематикалык жактан уюштурулуп жөнгө салынган карым-катыш, анын процессинде мaанилештирүү, мааниге ээ кылуу жүргүзүлөт. Маалыматтар жана түшүнүктөр аныкталып, натыйжада билимдин ыраат-тартиби белгиленет.

***Жазма кеп*** – кептин жазуу жүзүндө аткарылган түрүн билдирип, белгилүү тема боюнча мазмундуу, системалуу жана байланыштуу ойдун адабий жазма тилдин нормативинде болушун түшүндүрөт.

***Илимий стиль*** – илимий макала, эмгек ж.б. жазууда тил каражаттарын колдонуунун ыгы. Бул стилге: жалпылагандык, логикалуулук, обьективдүүлүк, тактык, системалуулук, ырааттуулук ж.б. мүнөздүү.

***Иллюстрация*** – 1) көрсөтмө мисалдардын жардамында түшүндүрүү; 2) текстти коштогон жана толуктаган сүрөт (чийме, гравюра, репродукция, карта, схема ж.б.); 3) адабий жана иллюстрациялык чагылдырууларды көркөм сүрөт менен баяндаган искусствонун бир тармагы.

***Имплициттүү*** - түшүнүктүү, ичинде сакталган (сыртка айтылбаган).

***Инновациялык окутуу*** – билим берүү процессинде жаңылыкты камтыган окутуу ишмердүүлүгүн арттырып, прогрессивдүү мүмкүнчүлүктөрдүн пайдаланышын билдирет.

***Интерактивдүү окутуу*** – бул мугалим менен окуучунун жана окуучу менен окуучунун мамилелерин активдештирип, максаттуу пикир алышуунун процесси. Окутуу иши коллективдүү түрдөгү (мугалим-класстагы окуучулары), группалык (окуучу-окуучулар), жекече түрдө (окуучу-репититор; окуучу-мугалим; ж.б.) формаларда болуп, бардык учурда тең окуучу сөзсүз окутуу процессинин обьектиси гана эмес, субьектиси да болуп роль аткарат, башкача айтканда окуучу окутуу процессинде окутуучулук милдетти да аткарат. Мугалимге окутуунун стратегиясы так аткаруу милдети жүктөлөт. Сабактын дидактикалык струтурасын «чакыруу», «түшүнүү», «ой жүгүртүү» фазалары түзөт.

***Интенсификатор*** – сөздүн, сүйлөмдүн маанисин күчөткүч.

***Ички кеп*** – өз алдынча ойлонуу, өзү менен өзү үн чыгарбай сүйлөшүү. Ички кеп сырткы кептин жаралышынын негизи, булагы жана ой жүгүртүүнүн негизги каражаты болуп эсептелет.

***Иштиктүү кат*** – өндүрүштүк мамилелерди, кызматка байланыштуу иштерди чечүү үчүн жазуу формасындагы кеп.

***Кеп*** – иш-аракетти тилдик каражаттар аркылуу ойду билдирүүнүн, мамиле түзүүнүн чыгармачылык акты жана адамзат ишмердүүлүгү.

***Кептик кырдаал*** – сүйлөшүп, пикир алышуунун, мамиле түзүүнүн системасын жана кептик ой жүгүртүүнүн иш-аракеттерин практикага ашыруучу учуру, кептик милдетти ишке ашыруучу каражат.

***Кептин түрлөрү*** – кептин жүрүшүнө, ишке ашышына катышкан адамдардын санына карата бөлүштүрүү. Аларга: монолог, диалог жана полилог кирет.

***Кептик ишмердүүлүк*** – адам баласынын кеңири масштабдагы тилдик каражаттарды, билгичтик, чебердик менен пайдалануу жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, маданиятын интенсивдүү ишмердүүлүгүн, коомдук, саясий жана дүйнө таанып түшүнүктөрүн комплекстүү байланыштырган потенциалдары.

***Кеп өстүрүү*** – тил предметин окутууда башкы максатты түзөт. Тилдин теориялык жана практикалык материалдарынын негизинде окуучулардын байланыштуу кеби боюнча сабаттуулугун өстүрүп, кептик мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу иштеринин мазмунун түзөт.

***Кластер*** – белгилүү бир тема боюнча түшүнүктөр, сөздөр, сөз айкаштары анализделбей жазылып, ойлорду топтоо жана теманын байланыштарын аныктоо менен тегерекчелерге алынып жазылган педагогикалык стратегия.

***Кыргыз тил сабагындагы предмет аралык байланыш*** – мектеп курсундагы башка предметтердин материалын кыргыз тил предметинин материалдары менен закон-ченем боюнча белгилүү максатта байланыштыруу жумуштарын түшүндүрөт. Байланыштыруучу предметтин темалары өтүлүп, окуучулар тарабынан өздөштүрүлгөндүгү эске алынат.

Мектеп программасында окутулуп жаткан бардык предметтердин органикалык байланышта үйрөтүлө тургандыгы боюнча окуучулардын логикалык түшүнүктөрү артат.

***Коннотация*** – сөздүн (же туюнтманын) кошумча мааниси анын негизги маанисин коштоп жүргөн семантикалык же стилистикалык мааниси.

***Концептуалдык суроо*** – негизги маалыматты табууга багытталып, эң өзөктүү маанилерди, жана көз караштарды, идеяларды аныктоочу ойлонуучу талап кылган суроо.

***Коммуникация*** – ой-пикирди тил каражаттары аркылуу билдирүү. Ой, информация алмашуу, карым-катнаш жасоо.

***Көркөм стиль*** – көркөм чыгармаларды, тексттерди жазууда колдонулган стиль. Мында оозеки стилден тартып китеп силинин бардык түрлөрү чыгарманын темасына, жанрына, түрүнө жараша пайдаланылат.

***Көндүмү*** – түшүнүп билүүнүн автоматташтырылган компоненти. Көп жолку кайталоо ыктары аркылуу аң-сезимдүү өздөштүрүлүп, катасыз ээ болгон билимдердин колдонулушун жана жогорку деңгээлде калыптангындыгын түшүндүрөт. Окуу процессинде өзгөчө, жалпы жана предмет аралык маанидеги жазуу, оозеки кебин татаал маселелерди чечүүнү ж.б. көндүмдөрү менен иштеп чыгуу зарыл.

***Кулактандыруу*** – белгилүү бир иш-аркеттин боло тургандыгын алдын ала кабарлап жана ага адамдардын катышуусун камсыз кылуу максатында жарыяланган кабар, билдирүү.

***Куррикулум*** – окуу планынын тиешелүү деңгели үчүн туура келген окуу дисциплиналарынын тизмегин жана көлөмүн алардын уюштурулушун регламентөөчү негизги документ.

***Лексикалык минимум*** – тематикалык пикир алышуу үчүн зарыл болгон лексикалык бирдиктер өлчөмү. Ал учурда төмөндөгүдөй критерийлер эске алынат. Сөздүн семантикалык баалуулугу, актуалдуулугу, айкалышуу мүмкүнчүлүгү, тандоо.

***Логика*** – ой жүгүртүүнүн туура жана ыңгайлуу ыктары жөнүндө илим.

***Логикалык анализ, логикалык талдоо*** – формалдык логиканын каражаттары менен ой жүгүртүүнүн логикалык формаларын (түзүлүшүн) тактоо. Логикалык анализдин өнүккөн түрү – формалдуу системаларды түзүү. Анын ролу өзгөчөматематикалык логика, кибернетика, математикалык лингвистика, семиотиканын өнүгүшү, информациялык логикалык маанилердин түзүлүшүнө байланыштуу жогорулайт.

***Логикалык басым*** – сүйлөм тутумундагы башка сөздөрдөн айырмаланып, белгилүү бир ойду билдирүүчү сөзгө өзгөчө күчтүүрөк түшүрүлүп айтылуучу басым.

***Логикалык ката*** – туура ой жүгүртүүнүн закон-ченемдеринин жана нормаларынын бузулушу.

***Маданият*** – адам коомунун иштеп чыккан жана сактап келген материалдык, рухий дөөлөттөрү.

***Менталитет*** – аң-сезимдин социалдык маданий, тилдик, геогрфиялык, тарыхый, этникалык факторлорго байланышкан терең структурасы, дүйнөгө көз караштын улуттук аспектиси.

***Модулдук окутуу*** – өз алдынча окуу программасы менен үйрөнүүчүнүн жеке ишмердигин өнүктүрүү. Анын максатка жетүү мехнизми-окутуунун индивидуалдуу темпи жана проблемалуу мамилелердин жүзөгө ашырылышы.

***Монолог*** – бир, жеке адамдын өзүнө-өзү же башка бирөөгө кайрылган кеп-сөзү.

***Мотив*** – адамдардын жүрүм-турум аракеттерине, теориялык жана практикалык ишкердүүлүкүтөрүнө түрткү берген себептердин системасы. Табигый жана социалдык чындыкка карата болгон мамилени, максатка умтулуу иш-аркеттерин аныктоочу психикалык шарттар.

***Мүнөздөмө*** – кимдир бирөөнүн (же бир нерсенин) мүнөзү, өзгөчөлүгү, эмгектик жана коомдук ишмердүүлүгү жөнүндөгү маалыматты, жыйынтыкты камтыган официалдуу документ.

***Мугалимдин коммуникативдик ишмердүүлүгү*** – пикир алышуунун ишмердүүлүгү, анын жардамы менен мугалим билим берип, маалымат алмашууну уюштурат. Окуучунун таанып-билүүчүлүк, практикалык ишмердүүлүгүн башкарып, алардын өз ара мамилелерин коррекциялайт.

***Негиздөө*** – айтуучу, же жазуучу жана анын окурмандары үчүн жалпы болгон жана бардык аргументтерге негиз берип турган кандайдыр бир түшүнүк, ой түйүнү, ой башаты болуп саналат.

***Окуу таблицалары*** – конкреттүү материалга тиешелүү болуп, аныктаманын жана түшүнүктүн негизинде жаткан закон-ченемдүүлүктүн ачылышына, эрежелердин колдонулушуна ориентир болгон окутуу каражаттары.

***Окуу текстерин адаптациялоо*** – текстти окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап сунуштоо.

***Ой кортундусу*** – бир нече ой пикирлердин негизинде айрым логикалык жактан байланышкан закон-ченемдерге таянуу менен жаңы түшүнүктүн келип чыгышы.

***Ойлонуу билгичтиги*** – маалыматты өздөштүрүү, талдоо, системалаштыруу, топтоо, кайрадан иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү.

***Оозеки кеп*** – сүйлөө, айтуу жана пикир алышуу менен оозеки түрндө аткарылып, орфоэпиялык закон-ченемдин негизинде үйрөтүлүп, машыктыруу жүргүзүлөт. Оозкеи кептин төмөнкүдөй түрлөрү бар:

1. Диалог;
2. Монолог;
3. Полилог.

***Официалдуу иш кагаздары*** – административдик-башкаруу иштерине, укуктук, экономикалык, социалдык мамилелерин тейлеген документтер (ишкагаздары). Буларга: кат, иштиктүү кат, справка, тил кат, ишеним кат ж.б. кирет.

***Официалдуу-иштиктүү стиль*** – кызматка, административдик-башкаруу иштерине, социалдык, укуктук, экономикалык мамилелерге тиешелүү жеке адамдардан тартып мамлекеттик документтердин (лат. далил, күбөлүк) даярдалышында колдонулшан стиль. Буга: тактык, кыскалык, бир маанилүүлүк мүнөздүү. Аларга: закон, устав, указ, буйрук, мүнөздөмө, нота ж.б. кирет.

***Паралингвистика*** – тил илиминин вербалдуу эмес (тилдик эмес) каражаттарды изилдөөчү бөлүмү. Тилдик билдирүүдө жана башка бирөөгө ойду жеткирүүдө тилдик каражаттар менен биригип, маанилик информацияны жеткирүү жолдорун изилдейт.

***Педагогикалык мониторинг*** – билим берүү процессинде күтүлүп жаткан натыйжалардын канчалык аткарылып жаткандыгын аныктоо үчүн туруктуу байкоо жүргүзүүнүн текшерүү формасы.

***Педагогикалык окуу*** – педагогдордун, педагогикалык илимдин жана эл агартуу ишмерлеринин, коомдук өкүлдөрдүн педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларды жыйынтыктоо жана жайылтуу максатында өткөрүлүүчү кеңешмеси. Педагогикалык окуу адегенде райондордо, шаарларда андан областтарда, республикада өткөрүлүп, материалдары жарыяланат.

***Педагогикалык технология*** – билим берүү процессинин уюштуруучулук методикалык стратегиясы, ошондой эле окутуу же тарбиялоо методдорунун, каражаттарынын формаларынын психологиялык-педагогикалык негиздеринин жыйындысы.

***Пилоттук мектеп*** – окуу тарбия ишинде жаңы табылгаларды пайдалануудан мурда колдонуу натыйжаларын баалап, тескери байланыш түзүү менен бирдиктүү чечим чыгаруу үчүн тандалган мектеп.

***Психолингвистика*** – тилдик системага ылайык сүйлөөнү уюштуруу, жасоо жана кабыл алуу процесстерин үйрөтүүчү багыт. Сүйлөө ишмердүүлүгүнүн моделдерин адамдын сүйлөө жөндөмдүүлүгүнүн психофизиологиялык мүмкүнчүлүктөрүнө карата изилдейт.

***Публицистикалык стиль*** – коомдук-экономикалык, саясий-идеологиялык, маданий, укуктук ж.б. коомдук мамилелер чөйрөсүн тейлеген стиль. Коомдук массалык маалымдоо каражаттарынын: мезгилдүү басма сөз, радио, кино, теле-берүүлөрдүн коомдук-массалык жайларда сөз сүйлөөнүн ж.б стили.

***Рейтинг методу*** – бир иш-аракеттин же жеке адамжын ишмердигин аныктоочу баасын берүү. Кийинки жылдары текшерүү методу жана баалоо методу катары окуу-тарбиялоо ишинде колдонулуп жатат. Рейтинг системасы, окутуунун жаңы технологиясы катары эсептелинип, жеке адамдын билим денгээлинин толук ачылышы үчүн жана өз алдынча чыгармачылыгынын негизинде терең, туруктуу билимдерге, машыгууларга ээ болу үчүн шарт түзөт.

***Рефлекция*** – адамдын иш-аракетин, ички дүйнөсүн түшүнүүгө багытталган теориялык ишмердүүлүгүнүн бир түрү.

Педагогикалык рефлекциянын мазмуну мугалим аткарган иш-аракеттер менен шартталат жана практиканы, методикалык ыкмаларды аңдоо, түшүнүү болуп эсептелет.

***Сабак концепциясы*** – белгилүү бир теманы түшүнүүгө, аңгемелеп баяндоого, анын түзүлүшүнүн жана өнүгүүсүнүн жетектөөчү идеясын тактап аныктоонун системалык баяндамасы.

***Сабак паспорту*** – окуу процессинин негизги үч компонентин: окуу материалынын мазмунун, окутуунун көрсөтмө каражаттарын, мугалим менен окуучулардын иштөө методдрун жана ыкмаларын эсепке алууга негизделген.

***Символ*** – баштапкы мазмуну менен байланышкан сырткы формасы катары колдонулган белги.

***Стиль*** – пикир алышуунун максатына, шартына, өзгөчөлүгүнө жана жагдайына жана тил каражаттарын колдонуунун ыгы. Максатка, шартка ылайыкталган кептин түрү.

***Сынчыл ой жүгүртүү*** – идеяларды, түшүнүктөрдү ресурстарды, комбинациялоо, (айкалыштыруу), интеграциялоо (жалпылоо) менен мүнөздөмө берүүнүн негизинде кабыл алуу жана жыйынтыктоо.

***Сүйлөө маданияты*** – адабий тилдин оозеки жана жазуу нормаларын сактай билгендик.

***Сүйлөшүү стили*** – күндөлүк турмуш-тиричиликте ээн-эркин пикир алышуу, карым-катнаш жасоодо колдонулган стиль.

***Сүрөттөө*** – предметтин, кубулуштун, окуянын негизги белгилерин бөлүп (санап) көрсөтүү арыклуу ишке ашкан кептин тиби. Кептин бул тибин негизинен кандай? деген суроого жооп берет.

***Текст*** – жазууда же басмада берилген кептик чыгарма (бирдик). Маанилик жана грамматикалык жактан байланышкан, стилистикалык бир тутумда турган жана бир бүтүндүктү түзгөн бөлүктөрү бар кептин жазууда берилген түрү.

***Тескери байланыш*** – көздөгөн максаты аткаруу мүмкүнчүлүгүн, колдонуу системасын аныктоо жана кемчиликтерин жоюу үчүн аткарылган жумуштар.

***Тестирлөө*** – программаланган текшерүү формасы, туура жоопту тандап алып, конструктивдүү жооп берүү. Тест үч бөлүктөн турат:

1. Тест-суроо;
2. Тест-жооптор;
3. Тест ачкычы.

Тестирлөөдө окуучунун билими, логикасы, психологиясы жана убакытты үнөмдөө мүмкүнчүлүктөрү эске алынат.

***Тышкы кеп*** – ойду, түшүнүктү, кабарды билдирүү, айтуу. Бул эки формада (оозеки) ишке ашып, пикир алышуунун шартына жана максатына ылайык тил каражаттары колдонулат.

***Узус*** – сөздү, сөз айкашын, фразеологизмдерди, түрмөктөрдү айтуу үлгүлөрү.

***Эквивалентсиз лексикалык бирдиктер*** – бир тилге гана мүнөздүү болгон, ошол элдин маданиятына гана туура келген көрүнүштөрдүн аталышы, наамы.

***Эквивалентсиз синтаксистик бирдиктер*** – ушул тилде гана колдонулуучу, улуттук маданияттын түшүнүгү катылган синтаксистик түрмөктөр.

***Эки бөлүктүү күндөлүк*** – текст менен иштөөнүн интерактивдүү ыкмасы. Эки графадан турат да, биринчисинде цитата, фраза жазылып, экинчисинде жооп катары биринчи графадагы тапшырмага комментарийлер ой жүгүртүүлөр, талкуулар, ассоциациялар жазылат.

***Эне тили*** – чоңдорду же айлана-чөйрөнү туурап бала кезинен үйрөнүлгөн тил.

***Эссе*** – конкреттүү себеп, же суроо жекече таасирлерди жана ойлорду билдирген чакан көлөмдөгү жазуу ишинин түрү.

***Фондук билимдер*** – сүйлөөчү менен угуучунун аң-сезиминде реалдуу чындыктын бирдей чагылышы, өз ара баарлашуудагы эки жакка мурун белгилүү маалыматтар.

***Чакыруу кагазы*** – белгилүү бир тарыхый, маданий ж.б. иш-чараларга зарыл болгон адамдарды катыштыруу, чакыруу максатында жазылган билет.

# Корутунду

Окуу куралында кыргыз тил сабактарынын бардык этаптарында жана ар бир сабактарында окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн, коммуникативдик маданиятын көтөрүүнүн, жалпы эле, таанып-билүүчүлүгүн калыптандыруунун закон-ченемдери жөнүндө сөз болду. Байланыштуу кепти окутуунун принциптери, методдору, кеп жана анын түрлөрү, кеп ишмердүүлүгү анын процесстеринин, текст жана анын типтеринин теориялык, методикалык негиздери берилди.

Кыргыз тилинин ар бир бөлүмү боюнча программалык материалдын негизинде билим берүү менен окуучулардын кебин өстүрүү негизги милдеттерден.

Албетте, адис мугалимдин лингвистикалык компетенттүүлүгү жана коммуникативдик билимдери, тажрыйбасы терең болуп, байланыштуу кепти өстүрүү иш-аркети системалуу жана жоопкерчиликтүү мамилеси да зарыл.

Кептин бардык түрлөрү мугалимдин адистик терең ишкердүүлүгү менен үйрөтүлүп, окуучунун ой жүгүртүүсүн, руханий маданиятын, интеллектуалдуулугун жана жалпы сабаттуулугун өстүрүү зарыл. Бул үчүн мектептеги бардык предметтик сабактарда окуучулардын кептик маданиятын, чыгармачылыгын өстүрүүгө көңүл буруусу талап кылынып, ар тараптан колдоого алынышы керек. Ошондо гана окуучулар алган предметтик билимдерин билгичтик, аң-сезимдүүлүк жана маданияттуулугу менен практика жүзүндө пайдалана алышы үчүн коюлган предметтердин да салымы болуп, коммуникативдик ишмердүүлүгүн өстүрүүгө конструктивдүү методикалык негиздер түзүлөт.

Окуучулардын тилдик көз караштарын калыптандыруу, аң-сезимдүү жана таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, чыгармачыл изденүүсүн жандандыруу багыттарында конкреттүү максаттарда иш-аракеттер жүргүзүлөт. Ошондой эле, окуучулардын кыргыз тил предметине болгон кызыгуусун өстүрүү менен эмоционалдык жана интеллектуалдык билгичтиктерин стимулдаштыруу жана жекече жөндөмдүүлүктөрүн, таланттарын тарбиялоо иш-аракеттери башкы талаптарды түзөт.

Эне тилинин теориялык эрежелери аркылуу реалдуу турмуштагы фактылардын, кубулуштардын жана процесстердин байланыштарын далилдөөгө, ойлоно билүү ишмердүүлүгү менен өз алдынча мамиле жасай алууга көнүктүрүлүп, окуучунун өсүп-өнүгүшүнө багытталат.

## Байланыштуу кепти өстүрүү боюнча өз алдынча иштөө үчүн суроолор

1. Байланыштуу кепти өстүрүүнүн практикалык мааниси.
2. Кеп өстүрүү системасы жана концепциясы.
3. Байланыштуу кепти окуу программасына киргизилиши боюнча маалыматтар.
4. Кыргыз тил боюнча байланыштуу кепти өстүрүүгө арналган эмгектер.
5. Кыргыз тили мугалиминин кептик потенциалы жөнүндө түшүнүк берүү.
6. Педагогикалык кеп ишмердүүлүгү кандай талаптарга жооп берет.
7. Оозеки кептин түрлөрү жана алардын калыптанышы.
8. Кептик кырдаал жана аны оозеки кепте уюштуруу ыкмалары.
9. Байланыштуу кептин адептүүлүккө тарбиялоо маселелери.
10. Байланыштуу кептин логикасына жана мазмунуна коюлган талаптар.
11. Репродуктивдүү кептин аткарылышын кандайча түшүнүүгө болот.
12. Рецептикалык кептин калыптануу процесстеринин этаптык мүнөздөмөсү.
13. Тематикалык тексттер боюнча изложение жаздыруунун ыкмалары.
14. Кептин элдик үлгүлөрүн үйрөтүү маселелри.
15. Коммункативдик тексттер жөнүндө жалпы түшүнүк.
16. Кеп ишмердүүлүгү, анын фазалары жана процесстери.
17. Жазуу процессинин татаалдыгы жана психологиялык, методикалык негиздери.
18. Текстти типтерге ажыратуу критерийлери.
19. Ой жүгүртүү текстинин түзүлүшү жана анын стилдик түзүлүшү.
20. Сүрөттөө тексти жана анын өзгөчөлүктөрү.
21. Баяндоо тексти жана анын композициялык түзүлүшү.
22. Тексттин стили жана анын түрлөрү, коммуникативдик функционалдык кызматы.
23. Көркөм стиль жана анын тил каражаттары.
24. Илимий стиль жана тил каражаттары.
25. Иш кагаздарынын лексикалык тил каражаттары.
26. Официалдуу иш кагаздарынын мектеп тажрыйбасында аткарылышы.
27. Коммуникативдик тексттердин түрлөрү жана практикалык фактылары.

28. Дидактикалык материалдардын кеп өстүрүүдөгү ролу.
29. Кептик таблицалардын, схемалардын колдонулушу жана өзгөчөлүктөрү.
30. Кеп өстүрүүдө сүрөттөр, картиналар менен иштөөнүн методикалык жана психологиялык негиздери.
31. Публицитикалык стиль жана анын тил каражаттары.
32. Лексикалык материалдын негизинде байланыштуу кепти өстүрүү.
33. Сөз байлыгын өстүрүүдө фразеологизмдердин ролу.
34. Байланыштуу кепти окутуунун лингвистикалык, психологиялык жана методикалык негиздери.
35. Байланыштуу кепти өстүрүү максаттары жана милдеттери.
36. Морфологиялык материалдардын негизинде байланыштуу кепти өстүрүүнүн лингвистикалык-дидактикалык маселелери.
37. Синтаксистик материалдардын негизинде байланыштуу кепти өстүрүүнүн коммуниктативдик закон-ченемдери.
38. Орфограмма жана пунктограмма жөнүндө түшүнүк.
39. Тексттин дидактикалык материал катары колдонулушу.
40. Класстан тышкаркы иштерде кеп өстүрүүчү иш-аракеттери жана уюштуруу ыкмалары.
41. Текст жана анын негизги каражаттары.
42. Угуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселелери.
43. Окутуунун жаңы технологияларын пайдалануу.
44. Кептик таблицаларды кандай ыкмалар менен даярдоого болот.
45. Окуу ишмердүүлүүгү – бул чыгармачылык.
46. Байланыштуу кепти окутуу методдору жана ыкмалары.
47. Предмет аралык байланышты түзүү.
48. Фонетикалык сабактарда байланыштуу кепти өстүрүү.
49. Окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн мааниси.
50. ОТКын колдонуу методикалык ыкмалары.
51. Окуучулардын ойлоп тапкычтарын өстүрүү каражаттары.
52. Жазуу кеп ишмердүүлүгүнүн фазалары жана анын уюштурулушу.
53. Ойду билдирүүнүн системалуулугу жана байланыштуулугу.
54. Сүйлөө ишмердүүлүгүнүн методикалык негиздери.
55. Окутуунун коммуникативдик принциптери.
56. Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүнүн негизги талаптары.
57. Кептик каталар жана аларды жоюу ыкмалары, баалоо критерийлери.
58. Аңгеме методунун коммуникативдик прогрессивдүүлүгү.
59. Проблемалуу окутуунун психологиялык негиздери.

60. Баяндама тексттери жана аны жаздыруу ыкмалары.
61. Лексикалык минимум эмнени түшүндүрөт?
62. Окуучулардын активдүү сөздүгү кайсы убакта жаралат?
63. «Угуу» жана «аудирование» терминдери бири-бирине адекваттуубу?
64. «Сүйлөө» жана «оозеки кеп» терминдери бири-бирине адекваттуубу?
65. Альтернативдүү суроолор качан жана кантип түзүлөт?
66. Текстке карата толук жана кыска жооптор кандайча даярдалат?
67. Угуу жана эсте сакталгандар монологдук кепте качан колдонулат?
68. Логикалык ой жүгүртүүнүн өсүп-өнүгүшүн кантип мүнөздөөгө болот?
69. Диалогдук кептин негизги мүнөздөмөлөрү кайсылар?
70. Диалогдук кептеги психологиялык кыйынчылыктарды эмнелер түзөт?
71. Монологдук кеп кандай негизги мүнөздөмөлөргө ээ?
72. Диалогдук кеп менен монологдук кептин өз ара таасирлери кайсылар?
73. Коммуникативдик көнүгүүлөрдүн методикалык негиздери кайсылар?
74. Тексттин жыйынтыктоочу абзацы же бөлүгү кандайча аякталууга тийиш?
75. Жазуу иштеринин баалоо критерийлери кайсылар?
76. Жазуу менен жазуу ишмердүүлүгүнүн айырмачылыктары эмнеде турат?
77. Окутуу процессинде жазуу кеби кандай функцияларды аткарат?
78. Текст менен иштөөдө кырдаалдык монологдор кантип түзүлөт?
79. Сүрөттөр менен иштөөдө мугалимдин киришүү сөзүнүн өзгөчөлүгү эмнеде?
80. Суроо берүүнүн закон-ченемдүү негиздери кайсылар?
81. Сөздүктөр менен иштөөдө кандай ыкмалар колдонулат?
82. Кеп өстүрүү иш-аракеттеринде кандай тарбиялык иштер жүргүзүлөт?
83. Ой жүгүртүүнү активдештирүү деп эмнени түшүнүүгө болот?
84. Жөндөмө мүчөлөрдүн кандай коммуникативдик мааниси бар?
85. Иллюстрациялык материалдарды колдонуунун кандай дидактикалык мааниси бар?
86. Тил менен кептин байланыштары жана айырмачылыктары.
87. Коммуникативдик методдор кандай дидактикалык принциптерге таянат?
88. Текшерүүнүн түрлөрү жана ага коюлуучу талаптар.

89. Сөз байлыгын өстүрүүдө фразеологизмдердин ролу.
90. Кеп өстүрүү иштеринде экстралингвистикалык жана лексиклык-семантикалык принциптерди колдонуу.

# Адабияттар


1. Абдесов Н. Кыргыз тилин туюнтма белгилѐр, таяныч таблицалар аркылуу окутуу (V-XI Кл.). Бишкек, 2001.
2. Акматов Т., Муканбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, лексика Фрунзе, 1978.
3. Акматалиев А. Баба адеби, эне салты. Бишкек, 1999.
4. Апышев Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. Ош, 2002.
5. Ахматов Т.К., Ашырбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргзүү. Бишкек, 2001.
6. Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. Ош, 2000.
7. Ашырбаев Т. Айбашева К. Иш кагаздарын окутуу. Б., 2002.
8. Акматов Д.А., Бердибаева С. ж.б. Көркөм өнөр булагы. Бишкек, 2002.
9. Бадмаев Б.Ц., Малышев А.А. Психология обучения речевому мастерству. М.,1999.
10. Баранов М.Т. Методика лексики и фразеологии на уроках русского языка. М., 1988.
11. Байланыштуу кепти өстүрүү программасы. (Түз.: Осмонкулов А., Тагаева З.) Ош, 2001.
12. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык негиздери. Бишкек, 2003.
13. Бекбоев И.Б., Тимофеев А.И. Сабактын оптималдуу вариантын даярдап өткөрүүнүн методикасы. Фрунзе, 1988.
14. Вайндров-Сысоева М.Е., Крившенко Л. П. Педагогика. М., 2004.
15. Введенская Л.А., Павлова Л.Г., Культура и искусства речи. Ростов на Дону, 1995.
16. Величко Л.Н. Работа над текстом на уроках русского языка. М.,1983.
17. Выготский Л.С. Мышление и речь. М., 1984.
18. Гапаров С. Табышмактардагы сүйлөмдөрдүн синтаксистик түзүлүшү. Ош, 1999.
19. Гальперин И.Р. Текст – как обьект лингвистического исследования. М., 1981.
20. Грамматические основы правильной русской речи. М., 1991.
21. Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, 1999.
22. Давлетов С. Официалдуу иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу. Фрнузе,1990.
23. Ефимов А.И. Стилистика художественной речи. М.,1957.
24. Жаманкулова Г., Мусаева И. В. V-VI класстарда кыргыз тилин окутуунун айрым маселелери. Фрунзе, 1990.
25. Жаманкулова Г. Байланыштуу кепти V-VI класста окутуу методикасы. Бишкек, 2002.
26. Жинкин Н.И. Механизмы речи. М.,1958.
27. Жусупакматов Л., Айтманбетов А. Окуучулардын өз алдынча ойлоно билүүлөрүн өстүрүүнүн жолдору. Ош, 1998.
28. Зарецкая Е.Н. Риторика. Теория и практика речевой коммуникации. М., 1999.

29. Закиров А. Психология боюнча практикум. Ош, 2005.
30. Зельманова Л.М. Наглядность в преподавании русского языка. М., 1984.
31. Зельманова Л.М., Колоколцев Э.Н. Развитие речи. 5-7-кл. М., 2000.
32. Зимняя И.А. Психология обучения иностранным языкам в школе. М., 1991.
33. Ибрагимов С. Лингвокультурология – тилдик маданият таануу. Бишкек, 2004.
34. Изаренков Д.И. Обучение диалогической речи. М.,1986.
35. Исаков Б. Сабат санжырасы. Бишкек, 1993.
36. Исаков Б. Санат сөз. I-II бөлүм, Бишкек, 2005.
37. Карасаев К.К. Накыл сөздөр. Бишкек,1999.
38. Капинос В.И., Сергеева Н.Н., Соловейчик М.С. Развитие речи: Теория и практика. М.,1991.
39. Коджаспирова Г.М., Коджаспиров А.Ю. Педагогический словарь. М., 2000.
40. Краткий психологический словарь. М., 1983.
41. Крутецкий В.А. Психология. М., 1980.
42. Култаева Ү. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуу методикасы. Бишкек, 2001.
43. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. Бишкек, 2006.
43 а. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамы. (жаңы ред.) Бишкек, 2004.
44. Кыргыз тилинин программасы (V-XI кл.). Бишкек, 1987, 1992, 1994, 2000, 2004, 2006.
45. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Фрунзе, 1969.
46. Кыргыз тилинин фразеологизмдер сөздүгү. Фрунзе, 1980, Бишкек, 1999.
47. Ладыженская Т.Л. Живое слово. М.,1986.
48. Леонтьев А.А. Язык, речь, речевая деятельность. М.,1969.
49. Леонтьев А.А. Основы теории речевой деятельности. М., 1974.
50. Лосева Л.М. Как строится текст. М., 1980.
51. Люстрова З.Н. Скворцов Л.И. Мир родной речи. М.,1972.
52. Львов М.Р. Словарь-справочник по методике русского языка. М.,1988.
53. Львов М.В. Обучение нормам произношения и ударения в средней школе (5-9-кл.). М.,1989.
54. Львов М.В. Лингвистические основы преподавания языков. М.,1983.
55. «Манас» энциклопедиясы. I-II том. Бишкек, 1995.
56. Маразыков Т.С. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы. Б., 2005.
57. Методика развития речи на уроках русского языка. М., 1991
58. Методика преподавания русского языка. М.,1990.
58. Минбаев К., Закиров А. Психология. Ош, 2006.
59. Монолдоров Ш.К. Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери. Бишкек, 1993.
60. Мусаев С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери. Бишкек, 1993.

61. Мусаев С.Ж. Текст, парадигма, структура. Бишкек, 2000.
62. Мусаева В.И. Баяндама үчүн тексттер жыйнагы жана анын методикасы (V-XI). Б., 1996.
63. Низовская И. «Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын сөздүгү. Фонд «Сорос-Кыргызстан» Бишкек, 2003.
64. Ничаева О.А. Функционально-смысловые типы речи (описание, повествование, рассуждение). Улан-Удэ, 1974.
65. Орузбаева Б.О. Лингвистикалык терминдердин сөздүгү. Фрунзе, 1972.
66. Осмонкулов А. Кыргыз тилинин тыбыштык системасын окутуу методикасы. Фрунзе, 1986.
67. Осмонкулов А. Мектептерде кыргыз тилин окутуу методикасынын илим катары өнүгүшү. Бишкек, 1993.
68. Осмонкулов А. Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутуунун тарыхы. Бишкек, 2006.
69. Өмүралиев Б. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуу методикасы. Фрунзе, 1991.
70. Развитие речи на уроках морфологии. М., 1979.
71. Развивайте дар слова. М., 1990.
72. Речь, речь, речь. М., 1983.
73. Рубинштейн С.А. О мышлении и путях его исследования. М., 1958.
74. Русский язык и культура речи. М., 2003.
75. Педагогические речеведения. М., 1998.
76. Практикум по развитию речи. I-II ч. М., 1984.
77. Рысбаев С., Акматова А. Кеп маданиятын өзбек мектептеринде окутуу. Ош, 2002.
78. Рысбаев С. Сөз жөнүндө дастан. Бишкек, 2007.
79. Тажиева Г., Курманбекова А. Кыргыз макал, лакап жана учкул сөздөр түрмөгү. Бишкек, 2004.
80. Текучев А.В. Методика преподвавния русского языка в средней школе. М., 1980.
81. Тил жана кеп жөнүндө сөз. Түзгөн: Ж. Чыманов., Бишкек, 2005.
82. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Фрунзе, 1978.
83. Сартбаев К.К. Тил илиминин маселелери. Фрунзе, 1987.
84. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын хрестоматиясы. Бишкек, 2004.
85. Учебный словарь. (Русский язык. Культура речи. Стилистика. Риторика) М., 2003.
86. Үсөналиев С. Морфологияны жана орфографияны окутуу. Фрунзе, 1986.
87. Үсөналиев С., Өмүралиев Б. Азыркы кыргыз тилинин таблицалары (фонетика, морфология, синтаксис). Бишкек, 2003.
88. Үсөналиев С., Сыдыкова А. Мектептерде изложение жаздыруунун методикасы. Б., 1997.
89. Федоренко Л.П. Закономерности усвоения родной речи. М.,1982.
90. Формановская Н.И. Русский речевой этикет: лингвистический и методологический этикет. М., 1982.

91. Чыманов Ж. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери. Бишкек, 1997.
92. Шакирова Л.З., Саяхова Л.Г. Практикум по методике преподавания русского языка в национальной школе. Санкт-Петербург, 1992.
93. Шанский Н.М. Очерки по русскому языку словообразаванию. М., МГУ, 1968.
94. Эшиев А. Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн айрым жолдору. (VI-VII Кл.) Бишкек, 1995.
95. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. Фрунзе, 1985.


### Макалалар

1. Жинкина Н.И. Психологические основы развития мышления и речи. (Русский язык в школе, 1985, №1).
2. Кайбылдаев А. Байланыштуу речти өстүрүүдө изложениенин ролу. Китепте: IX-VIII Кл-да кыргыз тилин окутуунун айрым маселелери. Фрунзе, 1986, (5-41-б.)
3. Львов М.Р. Методы развития речи. «Русский язык в школе» 1984, №4.
4. Тагаева З. Морфологиялык сабактарда байланыштуу кепти өстүрүү. Доклад, усулдук конференция, ОшМУ, 2004, 160-163-б.
5. Мусаева В. И. Грамматикалык темаларды окутуу процессинде окуучулардын байланыштуу кебин калыптандыруу. «Эл агартуу» журналы. 1998, №5-6, 52-б.
6. Орлова М.М. Сочинения на музыкальные темы. (Русский язык в национальной школе, 1990, №3)
7. Рысбаев С. Эне тилин окутууда окуучуларга рухий тарбия берүүнүн проблемары тууралуу. «Эл агартуу» журналы. 1998, №7-8, 34-48-б.
8. Тагаева З. Окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруунун методикалык маселелери. Доклад. Мамлекеттик тил окут. Изилдениши. Ош, 2001. 71-75-б.
9. Скворцов В.И. «Язык культура и нравственность». Журнал Русский язык в школе. 1994, №2
10. Тагаева З. Кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселелери. Доклад. «Мамлекеттик тил. Окутулушу жана изилдениши», - аттуу илимий практикалык конференциянын жыйнагы. Ош, 2001, 42-46-б.
11. Тагаева З. Синтаксистик сабактарда байланыштуу кепти өстүрүү. Доклад. ОшМУнун жарчысы. Гум. илим. жана психолог.-педагогикалык. илим. Сериясы. ОшМУ, 2004, 9-11-б.
12. Тагаева З. Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында колдонулуучу дидактикалык материалдар. Доклад. ОшМУнун жарчысы, №7-2006, 44-47-б.
13. Тагаева З. Фонеткалык материалдардын негизинде байланыштуу кепти өстүрүү. Илимий методикалык конферециянын материалдары, Ош, 2002, 45-47-б.
14. Эшиев А. М. Грамматиканын материалдарын өздөштүрүүдө байланыштуу кептин маселеси. «Эл агартуу», 1998, №1,2. 15-21-б.

15. Шкатова Л. А. Речевые формулы спора. «Русская речь», 1990, №4.
16. Хан-Пара-Эр. В треугольнике: логика-язык-речь. «Русская речь», 1999, №5.
17. Тагаева З. Байланыштуу кепти өстүрүү сабактарында угуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу. ОшМУнун жарчысы, №3, 2007, 5-8-б.
18. Тагаева З. Сүйлөө ишмердүүлүгүнүн методикалык жана психологиялык негиздери. Доклад. «Актуальные проблемы истории, культуры и науки Ферганской долины» аттуу регионалдык илимий-практикалык конферецициянын жыйнагы. Ош, 2007, 34-37-б.

## Таблицалар

### ТАБЛИЦА № 1



## ТАБЛИЦА № 2


Оозеки кептин аткарылышы
Кеп функциясы
Контакт жасоо, информация берүү, алуу
Кептик чөйрө
Ким менен?
Бир киши менен
Көп киши менен
Каерде?
Иш убагында (официалдуу түрдө)
Үйдө, көчөдө (официалдуу эмес)
Кандай максат менен?
Кабар берүү
Таасир этүү
Мамиле жасоо

## ТАБЛИЦА № 3


Кептин стили
Китептик
Сүйлөшүү
Жөнөкөй сүйлөшүү кеби
Адабий сүйлөшүү кеби
Илимий стиль
Илимий макала, лекция, тезис, аннотация, сын пикир, конспект, реферат, курстук иш, дипломдук иш, олкуу китеби, окуу куралы, диссертация
Көркөм стиль
Аңгеме, повесть, ыр, комедия, трагедия, интермедия
Публицистикалык стиль
Макала, баш макала, кабар, фелеьетон, очерк, билдирүү, интервью, рубрика
Иш-кагаздарынын стили
Өздүк иш кагаздары
Расмий иш кагаздары
Дипломатиялык иш кагаздары


# ТАБЛИЦА № 4


ЖАЗУУ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН СТРУКТУРАЛЫК АТКАРЫЛЫШЫ
Кеп ишмердүүлүгүнүн фазалары
Жазуу ишмердүүлүктөрүн уюштуруу жана анын аткарылышы
I фаза
Багыттал-гандыгы
Мамиле түзүү шарттары милдеттери
Дилбаяндын же баяндаманын темасын, мазмунун жана анын көлөмүн аныктоо мүмкүнчүлүктөрү
Билдирүү мазмуну
Дилбаян же баяндама аркылуу негизги ойду билдире алуучу жөндөмдүүлүктөрү.
II фаза
Пландаштыруу Программаны түзүү
Дилбаян үчүн материал чогултуу мүмкүнчүлүгү. Чогултулган материалды системалаштыруу, теске келтирүү билгичтиктери б.а. алардын логикалык жактан жайгаштырылышына карай керектүүсүн тандоо жана тактоо билгичтиктери.
III фаза
Пландын иш жүзүнө ашырылышы
Дилбаяндын же баяндаманын ар түрдүү типтерин түзүү жөндөмдүүлүктөр (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү). Өз оюн адабий тилдин нормаларынын чегинде так жана мүмкүн болушунча ачык билдирүү жөндөмдүүлүктөрү.
IV фаза
Текшерүү
Жазылгандарды өркүндөтүү билгичтиктери жана машыгуулары.


## ТАБЛИЦА № 5

## <u>БӨЗ ҮЙ – КӨЧМӨН РУХТУН ФОРМУЛАСЫ</u>

**1-сүрөт**




**2-сүрөт**



## Мазмуну

**Киришүү ........................................................................ 3**

**I Глава. Байланыштуу кепти өстүрүүнүн жалпы маселелери ........................................................................ 5**

1. Байланыштуу кепти окутуунун изилдениши ........................................ 8
2. Байланыштуу кептин окуу программасында берилиши жана анын мазмуну, обьектиси ........................................ 14

**II Глава. Байланыштуу кепти окутуу закон-ченемдери ......... 24**

1. Байланыштуу кепти окутуу принциптери ........................................ 24
2. Байланыштуу кепти окутууда методдорду тандоо принциптери ........................................ 29
3. Байланыштуу кепти өстүрүүнүн психологиялык негиздери ........................................ 34
4. Предмет аралык байланышты түзүү ........................................ 37
5. Окутуунун жаңы технологияларын пайдалануу ........................................ 43

**III Глава. Байланыштуу кепти өстүрүүнүн теориялык компоненттери ........................................ 52**

1. Тил жана кеп, алардын логикалык байланыштары ........................................ 52
2. Кептин түрлөрү ........................................ 58
3. Текст жана анын каражаттары ........................................ 63
4. Тексттин типтери ........................................ 74
5. Тексттин стили ........................................ 79

**IV Глава. Кеп ишмердүүлүгү жана анын методикалык, психологиялык негиздери ........................................ 82**

1. Угуу ишмердүүлүгү ........................................ 84
2. Окуу ишмердүүлүгү ........................................ 89
3. Сүйлөө ишмердүүлүгү ........................................ 93
4. Жазуу ишмердүүлүгү ........................................ 101
5. Кыргыз тил мугалиминин коммуникативдик ишмердүүлүгү ........................................ 107
6. Кептик каталар жана баалоо критерийлери ........................................ 112

**V Глава. Окутуу каражаттары жана алардын дидактикалык милдеттери ........................................ 116**

1. Кеп өстүрүү сабактарында көрсөтмөлүүлүктүн ролу ........... 116
2. Кептик таблицаларды жана схемаларды пайдалануу............ 121
3. Дидактикалык материалдардын колдонулушу ...................... 127
4. Сүрөттөр менен иштөө ............................................................ 129
5. Окуучулардын ойлоп тапкычтыгын өстүрүү каражаттары .. 139

**VI глава. Кыргыз тилинин бөлүмдөрүн окутууда окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүү ........... 145**

1. Фонетикалык сабактарда байланыштуу кепти өстүрүү ........ 145
2. Лексикалык бирдиктердин негизинде окуучулардын кебин калыптандыруу ........................................................... 150
3. Морфологиялык сабактарда байланыштуу кепти өстүрүү ... 157
4. Синтаксистик сабактардагы кеп өстүрүүнүн грамматикалык негиздери ................................................... 163

**Класстан тышкаркы иштерде байланыштуу кепти өстүрүү ............................................................................. 170**

**Кыргыз тил сабактарында жана класстан тышкаркы иштерде пайдалануучу тексттер ...................................... 173**

**Айрым терминдердин түшүндүрмөсү ............................. 178**

**Корутунду ........................................................................... 186**

**Адабияттар .......................................................................... 191**

**Таблицалар .......................................................................... 196**

953438